**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын**
**“2023-жылы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин абалы жөнүндө”**
**БАЯНДАМАСЫ**

МАЗМУНУ

Кириш сөз ……………………………………………………………………………..……4

**I БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫ ИНСТИТУТУНУН 2023-ЖЫЛ ИЧИНДЕ ЖАСАГАН ИШТЕРИ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**

1.1. Келип түшкөн арыздардын саны жана мүнөзү…………………………..............6
1.2. Көңүл буруу актылары ....…………………………………………………...............18
1.3. “115 Шыр байланыш” кызматына келген кайрылуулар ...………………………...20
1.4. Акыйкатчы Институтунун эл аралык кызматташтыгы ...……………..........27
1.5. Калк менен байланышуу, коомдук уюмдар жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү ………………………………………………………………......…...31
1.6. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ишмердүүлүк ……..……………….....49

**II БӨЛҮМ. СОТ ТУТУМУНА ДАТТАНУУЛАР**

2.1. Сот отурумдарына жүргүзүлгөн мониторингдердин жыйынтыгы ...……....….64
2.2. Жарандык жана административдик сот иштерин кароодо жарандардын укуктарын камсыз кылуу……………………………….....................................…..70
2.3. “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын өркүндөтүү зарылчылыгы ..………………….....................................74

**III БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК, СОЦИАЛДЫК УКУКТАР**

3.1. Пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» жөлөкпулга болгон укугу ..........................................................................................................................82
3.2. Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө “Үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөкпулдун жеткиликтүүлүгү .........……………………………………...............................85
3.3. Майыптыгы бар адамдарга жогорку билимдин жеткиликтүүлүгү………..........88
3.4. Улгайган жана майыптыгы бар адамдар үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык мекемелердеги мониторингдин жыйынтыктары ...…...........................92
3.5. Гемодиализ алган бейтаптардын саламаттыгын сактоого болгон укугу боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары………………………….............................….....…95

**IV БӨЛҮМ. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ**

4.1. Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү ...…….................................……100

4.2. Энелер тарабынан ташталган ымыркайлардын укуктары жана төрөт үйлөрүн-

дөгү укук бузуулар тууралуу…………………………...…………………………...….108
4.3. Мектеп жашындагы балдардын коопсуздугу тууралуу ……….......................…111
4.4. Коомдук транспортто аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун жайылышы тууралуу……………………………………………...........………….....................115
4.5. KG Интернет мейкиндигинде аялдарга жана кыздарга карата онлайн-зомбулук жана кастык тили ………………………………………………………….....................117

## V БӨЛҮМ. ЭРКИНДИКТИ ЧЕКТӨӨ ЖАНА АЖЫРАТУУ ЖАЙЛАРЫНДА АДАМ УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

5.1. Укук коргоо органдарына карата келген кайрылууларды кароо .......………..123
5.2. Эркиндикти чектөө жана ажыратуу жайларындагы кармоо шарттары .........129

## VI БӨЛҮМ. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

6.1. Чет өлкөлөрдөгү Кыргыз Республикасынын жарандарынын укуктарынын сакталышы…..................................................................................................137
6.2.Этностук кыргыздардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы…………………….......................................................................139
6.3. Башпаанек издеген жарандардын укуктарынын сакталышы ..................…..143
6.4. Аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталышы……………...................145
6.5. Тынч чогулуштар жана сөз эркиндигинин абалы…......................................……148

## VII БӨЛҮМ. ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

7.1. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын кармоо/дарылануу шарттары………………………………………………………………………...…..........152
7.2. Бейтаптардын өздүгүн тастыктоочу документин алууга укугунун сакталышы .. ……............................................................................................................153
7.3. Бейтаптарды күбөлөндүрүү көйгөйү ................……….......…………………..154

Тиркеме № 1. 2023-жылы жарандын жана адамдын укуктарын бузган, КР Акыйкатчысынын сунуштамаларын аткарбаган мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеги……………...…...............158
Тиркеме № 2. КР Акыйкатчы Институтунун 2023-жылга карата бюджеттик каражаттардын пайдаланышы жөнүндө отчету………………………………...….......166

# Кыскартуулардын тизмеси:

| | |
|---|---|
| ААК - | Ачык акционердик коом |
| АВЖ - | Аудио жана видео жазма каражаттары |
| АТФ - | Азия-Тынч Океан форуму |
| АУКК - | Адам укуктары боюнча координациялык кеңеш |
| БУУ - | Бириккен Улуттар Уюму |
| БУУӨП - | Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы |
| БХОЖ - | Бишкек хореографиялык окуу жайы |
| ГДБ- | Гемодиализ борборлору |
| ДМЧА- | Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар |
| ДПМ - | Дарылоочу психиатриялык мекемелер |
| ЕОА - | Евразия Омбудсмендеринин Альянсы |
| ЕККУ - | Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму |
| ЖСУЭП - | Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакт |
| ЖОЖ - | Жогорку окуу жай |
| ЖРТ - | Жалпы республикалык тестирлөө |
| ЖАК- | Жазык-аткаруу кодекси |
| ЖӨБ - | Жергиликтүү өзалдынча башкаруу |
| ЖМК - | Жалпыга маалымдоо каражаттары |
| КЖААКД - | Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаменти |
| КЖКБ - | Качкындар боюнча Жогорку Комиссарынын Башкармалыгы |
| КК БШ - | Куралдуу Күчтөрүнүн Башкы штабы |
| КР- | Кыргыз Республикасы |
| КР ББИМ- | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| КР ИИМ - | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги |
| КР ЖАК - | Кыргыз Республикасынын Жаза аткаруу кызматы |
| КР ЖК - | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| КР ССМ - | Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги |
| КР СӨМ - | Кыргыз Репсубликасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги |
| КР УКМК - | Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети |
| КР ЭСКММ - | Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция минстрлиги |
| КЭУ - | Коммерциялык эмес уюмдар |
| КТБ - | Калкты тейлөө борбору |
| КМШ - | Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештиги |
| КР КЖПК- | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси |
| КР КЖК- | Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси |
| МСЭК- | Медициналык-социалдык эксперттик комиссия |
| МЭКЖ- | Маалыматтарды электрондук каттоо журналы |
| ПСБ- | Психиатриялык саламаттык борбору |
| РПНБ - | Республикалык психиатриялык жана наркология борбору |
| РПО - | Республикалык психиатриялык оорукана |
| ССМ- | Социалдык стационардык мекеме |
| ТИЗО - | Тергөө изолятору |
| ТК - | Түзөтүү колониясы |

# Урматтуу Төрага!
# Урматтуу депутаттар!

2023-жылдын 17-майында мага ишеним көрсөтүп, КР Акыйкатчы кызмат ордуна шайлап, адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндө көзөмөл жүргүзүүнү тапшырдыңыздар. Учурда, КР Акыйкатчысынын "2023-жылдагы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин абалы жөнүндө" Баяндамасы "КРнын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Мыйзамынын 11-беренесинин негизинде, Жогорку Кеңештин кароосуна сунушталууда.

Акыйкатчы Институтунун командасы ар кандай чакырыктарга карабастан, «адамдын укугу жана эркиндиги - коомдун эң жогорку баалуулугу» принцибин карманып, коюлган милдеттерди аткаруу үчүн бардык күч-аракетин жумшоодо.

Ийгиликтердин жана иштин жакшы жыйынтыктары менен бирге, алдыда аткарыла турган көптөгөн максаттарыбыз бар.

Максаттарыбыздын ырааттуулугун камсыздап, 2028-жылга чейинки Акыйкатчы Институтун жана адам укуктарын өнүктүрүү стратегиясын кабыл алганга жетише алдык.

2023-жылдын май айында Акыйкатчы Аппаратында 30% бош кызмат орундарынын болушу ишибиздин натыйжалуулугуна өз кедергисин тийгизип жатты.

Мындай абалды оңдоого багытталган ирээттүү кадрдык саясатты жүргүзүп, бир нечэ ачык, мыйзамдуу конкурстарды өткөрүп, азыркы учурда Аппараттын штатын адискөй кызматкерлер менен толук кандуу толуктадык.

Ошондой эле, колдонуудагы мыйзамдарга карама-каршы же ылайык келбеген жоболорду аныктоо үчүн, Акыйкатчы Институтунун ишин жөнгө салуучу 20дан ашык локалдуу актыларга талдоо жүргүзүлдү.

Ошону менен бирге жарандардын кайрылууларына жана алардын кызыкчылыктарын коргоого өзгөчө көңүл бурулду. Даттанууларды кароо боюнча калыптанган системасы реформаланды, көп кездешкен, системдүү укук бузууларды аныктоого багытталган механизмдерди өркүндөтүү боюнча өзгөртүүлөр киргизилди.

Кыргызстандагы адам укуктарынын абалы менен жеринен таанышуу үчүн өлкөбүздүн ар бир регионуна чыгып, 2 миңден ашуун жаран менен жолугуп, жабык жайлардын жана социалдык мекемелердин абалы менен таанышып, региондордун жашоочуларынын негизги көйгөйлөрүн билүүгө аракет кылдык.

Жолугушууларда элдин наразычылыгы угулуп, көпчүлүгү жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнүн жардамы менен жеринде чечилди. Алсак, жарандар өздөрүнүн суроолоруна жооп алышты, айрым кайрылууларды кароонун натыйжасында бузулган укуктар калыбына келтирилди, айрым арыздар менин жеке көзөмөлүмдө турат.

Адам укуктарынын бузуусун алдын алуу жаатына өзгөчө көңүл бурулду, анткени укук бузууну болтурбоо, бузулган укукту калыбына келтирүүгө караганда алда жеңил.

Жыл ичинде Институттун кызматкерлери тарабынан 179 мониторинг, инспекция жана текшерүүлөр жүргүзүлүп, алардын жыйынтыгы боюнча тиешелүү сунуштар, Көңүл буруу актылары киргизилген.

Жогорку Кеңеш менен өз ара аракеттенүүнүн жемиштүү натыйжасында Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан бир катар мыйзам долбоорлору, анын ичинде «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын долбоору демилгеленген. Ушуга

байланыштуу Акыйкатчы Институту Жогорку Кеңештин депутаттарына адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жакшыртууга кошкон салымы үчүн терең ыраазычылыгын билдирет.

Адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү өнөктөштүктү жандандыруу максатында Институттун эл аралык кызматташтыгы улантылды, анын алкагында 30дан ашык эл аралык уюмдардын, дипломатиялык мекемелердин өкүлдөрү, башка өлкөлөрдүн Омбудсмендери менен жолугушуулар өткөрүлдү. Адам укуктарынын түрдүү багыттарына байланыштуу сунуштарды, резолюцияларды кабыл алуу менен 31 тегерек стол, семинар, тренингдер өткөрүлдү.

2023-жылы Адам укуктары жөнүндө Жалпы Декларациясынын кабыл алынгандыгынын 75-жылдыгына карата, Акыйкатчынын демилгеси менен КР Министрлер Кабинети тарабынан буйрук чыгып (№538), баардык мамлекеттик органдар адам укуктары жаатында Акыйкатчы сунуштаган иштерди алып барышты. Бул аракеттерден улам, адам укуктарынын баалуулуктары коомчулукка жайылып, калктын маалымдуулугу жогорулады.

Алып барылган иштер тууралуу, адам укуктарына байланыштуу көйгөйлөр, аларды чечүү боюнча сунуштар, 7 бөлүмдөн турган Баяндамада кененирээк чагылдырылды.

Акыйкатчынын атына келип түшкөн кайрылуулардын, алардын мүнөзү, негизинен кайсы тармак боюнча көйгөйлөр айтылгандыгы тууралуу маалымат I бөлүмдө чагылдырылды. Мындан сырткары, ушул эле бөлүмдө, Акыйкатчынын Көңүл буруу актылары, эл аралык кызматташтыктагы ишмердүүлүгү, өткөргөн иш-чаралары жана КР мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча берген сунуштары тууралуу маалымат берилди.

Адам укуктарынын бузулушу боюнча Акыйкатчыга келип түшкөн арыздардын дээрлик көпчүлүгү сот органдары менен укук коргоо органдарына карата болгон. Бул тармактардагы айрым системдүү кемчиликтер жана аларды жоюу боюнча Акыйкатчынын сунуштары II жана V бөлүмдөрдө чагылдырылып, Сиздер тараптан колдоо табат деген ишеничтебиз.


Кайрылуулардын маңызы боюнча социалдык, экономикалык укуктар менен аялдардын жана балдардын укуктары жаатында көйгөйлөр абдан көп катталууда. Мисалы, үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук, эмгекке болгон укуктар, майыптуулугу бар адамдардын укуктары, коомчулуктун аярлуу катмарындагы жарандардын укуктары Баяндаманын III жана IV бөлүмдөрүндө көрсөтүлдү.

Чет өлкөлөрдө жүргөн мигранттарыбыз, Кыргызстанга кайтып келген этностук кыргыздар жана башка жарандык, саясий укуктар боюнча маалымат, VI бөлүмдө Сиздердин назарыңыздарга сунушталууда.

Баяндаманын VII бөлүмүндө, психиатриалык мекемелерде жайгашкан жарандардын укуктарынын сакталышы жана кемчиликтери көрсөтүлүп, аларга мамлекет тарабынан көрсөтүлүүчү жардамдардын сапатын жакшыртуу боюнча сунуштар берилди.

Урматтуу депутаттар, сунушталган Баяндаманын жыйынтыгы менен, тийиштүү токтом кабыл алып, мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдарына адам укуктарынын сакталышы боюнча тапшырма берүүңүздөрдү өтүнөм.

**Урматтоо менен,** **Дж. А. Джаманбаева**




# I БӨЛҮМ.
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АКЫЙКАТЧЫ ИНСТИТУТУНУН 2023-ЖЫЛ ИЧИНДЕ ЖАСАГАН ИШТЕРИ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## 1.1. Келип түшкөн арыздардын саны жана мүнөзү


“КР Акыйкатчысы жөнүндөгү” КР Мыйзамына ылайык, Акыйкатчы КР мыйзамдары, КР катышуучу болгон эл аралык келишимдер жана макулдашуулар менен аныкталган адам укугу менен эркиндиктеринин бузулушуна байланышкан мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, жооптуу жактардын, мамлекеттик кызматкерлердин чечимдерине же аракеттерине (аракетсиздигине) карата КР жарандарынын, КР аймагында жүргөн чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын же алардын өкүлдөрүнүн кайрылуулары менен арыздарын карайт.

Кайрылууларды кароо Акыйкатчынын республикадагы адам укуктарынын сакталышы боюнча кырдаалды иликтөөсүнө жардам берет, ал эми, анын жыйынтыгы менен адам укуктарынын коргоо системасын жакшыртуу тууралуу сунуштарды иштеп чыгуу үчүн негиз болот.


Төмөндөгү диаграммада көрсөтүлгөндөй, жалпы 2023-жылы КР Акыйкатчысына 11276 адам кайрылган, алардын ичинен: **3773** (33,5**%)** - адам оозеки кайрылып, тиешелүү кеп-кеңештерди алышкан, жазуу түрүндө - **2620 (23, 2%),** алардын ичинен жамааттык кайрылууларга **685** жаран кол коюшкан, мындан сырткары Акыйкатчынын "115 Шыр байланыш" номери аркылуу кайрылгандардын саны 4614 (40, 9%), ал эми, Акыйкатчы тарабынан демилгеленип каралган

учурлардын саны 269 (2,4%) түздү.

**КР Акыйкатчы Аппаратына 2023-ж. келип түшкөн кайрылуулардын жана арыздардын саны 11276**




**Жазуу түрүндөгү 2620 кайрылууларды кароонун жыйынтыгы**





Баарыбызга маалым болгондой, жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) аркылуу коомчулукка ар түрдүү укук бузуулар боюнча маалыматтар байма-бай чыгылдырылып турат. Акыйкатчы Аппараты тарабынан ЖМКларга чыккан маалыматтарга дайыма мониторинг жүргүзүлүп, Акыйкатчынын макамына тийиштүү иштер көзөмөлгө алынып, изилденип, эгер укук бузуулар аныкталган болсо, бузулган укуктарды калыбына келтирүү иштерин жүргүзөт. 2023-жылдын жыйынтыгы менен 269 иш Акыйкатчынын демилгеси менен каралып чыгып, анын ичинен 76 иш (28,2%) боюнча адамдардын укуктары калыбына келтирилген, ал эми 150 (55,8) иш тийиштүү көзөмөлгө алынып, мамлекеттик органдардын кароосуна жөнөтүлүп, алардын өз макамына ылайык иштер алып барылышына талаптар коюлган, мындан сырткары 43 иш 2024-жылга өтүп, учурда алардын үстүнөн иштер улануууда.

**Акыйкатчы тарабынан 2023-ж. демилгеленген иштердин жыйынтыгы**

| Демилгеленген иштин жыйынтыгы | Саны | % менен |
|---|---|---|
| Калыбына келтирилген укуктар | 76 | 28,2 |
| Тастыкталбаган укук бузуулар | 150 | 55,8 |
| Кароодо | 43 | 16 |
| Баардыгы | 269 | 100 |

Жогоруда белгиленген жазуу түрүндө түшкөн **2620** арыздын ичинен **1587 (60,6%)** арыз Борбордук Аппараттын кароосуна келип түшкөн, калган арыздар аймактык өкүлчүлүктөр тарабынан каралган. **2620** жазуу түрүндөгү арыздар боюнча арыз ээлерине тийиштүү жооптор берилген.




Кайрылуулардын жалпы саны (115 Шыр байланышка келген кайрылууларды эске албаганда) 2022-жылга (**8273 арыз)** салыштырганда 2023-жылы 14% азайып, **7078** түзгөн, ошондой эле, жарандардын жазуу түрүндөгү кайрылууларынын саны **2620** түзгөн, тактап айтканда 29% азайган (2022-жылы жазуу түрүндөгү кайрылуулар **3690** түзгөн).

Кайрылуулардын азайышынын себеби, Акыйкатчы Аппаратынын ишин реформалоо, структурасын оптималдаштыруу жана калкка адам укуктары тууралуу түшүндүрүү иштерин жакшыртуу менен байланыштуу жана мындан сырткары, жер жерлерде Акыйкатчы жана анын Аппаратынын кызматкерлери тарабынан жарандарды кабыл алууда тийиштүү мамлекеттик, муниципалдык органдардын кызматкерлери менен кошо кабыл алуу практикасы киргендигине байланыштуу, кайрылуудагы көйгөйлөр ордунан тийиштүү мекемелер аркылуу чечилген учурлар 2023 -жылы көп болду.

Мындан сырткары, азыркы учурда Акыйкатчы Аппаратына келип түшкөн кайрылууларды алгач жарандар менен сүйлөшүп, аларга укуктук жардам

көрсөтүүдөн башталат, мындай иш-аракеттерди алып баруу үчүн Акыйкатчынын буйругу менен пилоттук атайын  жумушчу топ түзүлгөн.  Кайрылган жарандарды кабыл алууда тажрыйбалуу адистер жарандарга кеп-кеңеш берип, көйгөйдүн чечүү жолдорун так түшүндүрүп, айрым учурларда тиешелүү мамлекеттик органдарга кайрылууга көмөктөшүшөт. Аны менен катар, Акыйкатчынын эл менен активдүү байланышта болгондугу, өлкөнүн региондорунда, калктуу пункттарында Көчмө кабыл алууларды өткөрүүдө активдүү иш алып баргандыгы, ошондой эле, шаарлардын жана райондордун администрацияларынын жетекчилери тарабынан арыз ээлеринин өтүнүчүн чечүү боюнча Акыйкатчынын көрсөтмөсү өз натыйжалуулугун көрсөттү.


Акыйкатчы Аппаратына 2023-жылдагы жазуу түрүндөгү 2620 арыздын ичинен 923 арыз соттук отурумга байкоо (мониторинг) жүргүзүп берүү өтүнүчү келип түшкөн, алардын баардыгы канааттандырылып, Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери тарабынан 923 сот отурумуна байкоо жүргүзүлдү (сот отурумдарына болгон байкоонун жыйынтыктары төмөндө II бөлүмдө кененирээк көрсөтүлдү.).

Ошондой эле, 720 жазуу түрүндө түшкөн арыз боюнча жарандарга тийиштүү укуктук кеңештер жазуу түрүндө берилип, тийиштүү мамлекеттик органдардын кароосуна жөнөтүлгөн.


Ал эми, калган 977 жазуу түрүндөгү арыз Акыйкатчы Аппаратынын адам укуктарынын бузулушун тактоо максатында өндүрүшкө алынып, каралып чыкты. Анын ичинен 482 арызда укук бузуулар аныкталып, 264 арыз боюнча укуктар калыбына келтирилген жана 218 укук бузуулар боюнча иштер уланууда.

Башкача айтканда 54,8% укук бузуулар жокко чыгарылды, ал эми калган 45,2% укук бузуулар боюнча айта кетсек, бул укук бузуулардын көбү, жарандардын соттордо көп жылдар бою соттошуп, колунда Жогорку Соттун чечимдери бар, мөөнөттөрү өтүп кеткен, мыйзамдарга тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылган, тийиштүү мамлекеттик же муниципалдык кызматкерлер кызмат ордуларында учурда иштебей калган, мыйзамдуу жоопкерчиликке тартуу мумкүн болбой калган  арыз-кайрылуулар. Мындан сырткары, 380 арызда көрсөтүлгөн укук бузуулар ырасталган эмес, ага карабастан кайрылган жарандарга укуктук кеп-кеңештер жазуу түрүндө берилип, компетенттүү органдарга жөнөтүлгөн. Калган 115 арыз 2024-жылга өтүп, Акыйкатчынын көзөмөлүндө турат.

**2023-жылдагы Адам укуктарын бузуу белгилери боюнча Акыйкатчы Аппаратынын өндүрүшүндөгү иштер**



**2023 - жылы өндүрүшкө алынган кайрылуулардын каралышы**





КР Акыйкатчысына негизинен калктын социалдык жактан корголбогон катмары – жумушсуздар, пенсионерлер, майыптар, туруктуу жашаган жери жок адамдар, абактардан кайрылышат. Талдоо көрсөтүп тургандай, кайрылуулардын тематикалык түзүмү жалпысынан жылдагыдай эле туруктуу бойдон калып, олуттуу өзгөрүүлөр байкалган эмес.



## Кайрылган жарандардын социалдык курамы

| | Баардыгы | % менен |
|---|---|---|
| Пенсионерлер | 525 | 20 |
| Жумушсуздар | 491 | 18,7 |
| Камалгандар, шектүү, айыпталуучулар, соттолуучулар | 355 | 13,5 |
| Адвокаттар | 228 | 8,7 |
| Бюджеттик уюмдардын кызматкерлери | 199 | 7,7 |
| Майыптар | 64 | 2,5 |
| Саясий партиялардын жана БөУ мүчөлөрү | 28 | 1 |
| Студенттер | 12 | 0,6 |
| Ишкерлер | 9 | 0,3 |
| Фермерлер | 9 | 0,3 |
| Жогорку Кеңештин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары | 7 | 0,3 |
| Башкалар | 693 | 26,4 |
| Баардыгы | 2620 | 100 |

**Чет өлкөдөн келип түшкөн кайрылуулар**




Акыйкатчыга кайрылгандардын:
1228, (46,9%) - айыл жергесинин жашоочуларынан,
1382, (52,9%) – шаар тургундарынан келген
10 ( 0,2%) - жашаган жерлерин көрсөтүшкөн эмес.
Ошондой эле, кайрылуулар мамлекеттик жана расмий тилдерде келип түшөт

Мамлекеттик тилинде - 1193, (45,5 %)
Расмий тилинде – 1427, (54,5 %)

Сот жана укук коргоо органдарына эң көп наарзычылыктар болууда. Акыйкатчынын өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылуулардын саны 2022-жылга салыштырганда (2022-жылы - 1131, 2023-жылы - 923) азыраак катталганы менен жалпы арыздардын санынан 5%га көбөйгөнү байкалууда (2022-жылы - 30,7%, 2023-жылы - 35,2%). Арыз берүүчүлөр билдиргендей, Акыйкатчынын өкүлүн сот отурумуна жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылунун негизги себеби жарандардын сот системасына ишенбөөчүлүгү болуп саналат. Алар, сот инстанцияла-

рында өздөрүнүн укуктарынын бузулгандыгын көрсөтүшөт жана Акыйкатчынын өкүлдөрүн сот отурумуна байкоочу катары катышып берүү өтүнүчтөрүн билдирүү менен Акыйкатчынын өкүлү катышкан көпчүлүк учурларда сот отурумдарында укук бузулуу болбойт экендигин билдиришет.

| № | Жеке жана юридикалык жактардын кайрылууларында көтөрүлгөн маселелердин тизмеси | Кайрылуу-лардын саны | Пайыз менен |
|---|---|---|---|
| 1 | Акыйкатчынын өкүлүн соттук отурумга жөнөтүү | 923 | 35,20% |
| 2 | Милиция кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине | 100 | 3,80% |
| 3 | Сот органдарынын аракетине жана аракетсиздигине | 64 | 2,40% |
| 4 | Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине | 41 | 1,60% |
| 5 | Жер тилкелерге, турак-үйлөрдү бөлүштүрүү | 105 | 4,00% |
| 6 | Сот чечимдерине макул болбогон учурлар | 67 | 2,60% |
| 7 | Прокуратура органдарынын кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине | 95 | 3,70% |
| 8 | Социалдык камсыздоо маселелери | 124 | 4,70% |
| 9 | Саламаттыкты сактоо тармагындагы кызматкерлердин аракетине жана аракетсиздигине | 32 | 1,20% |
| 10 | Эмгек укуктарынын бузулушу | 65 | 2,50% |
| 11 | Билим берүү тармагындагы маселелер | 33 | 1,30% |
| 12 | Кыйноолорду колдонгондугу боюнча даттануулар | 6 | 0,20% |
| 13 | Сот органдарынын карамагына кирген маселелер | 51 | 1,90% |
| 14 | КР Президентинин, КР Өкмөтүнүн, КР Жогорку Кеңешинин Аппаратынын иштерине байланышкан маселелер | 2 | 0,10% |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 15 | Кызмат адамдарынын кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануусу жөнүндө | 9 | 0,30% |
| 16 | Чет өлкөдө жүргөн КР жарандарынын укуктарынын бузулушу | 14 | 0,50% |
| 17 | Үй-бүлөдөгү зомбулук тууралуу | 11 | 0,40% |
| 18 | Экстрадициялоо жөнүндө өтүнүчтөр | 2 | 0,10% |
| 19 | Балдардын укуктарынын бузулушу | 48 | 1,83% |
| 20 | КР УКМК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 33 | 1,30% |
| 21 | Ички иштер органдарынын карамагына кирген маселелер | 29 | 1,10% |
| 22 | Сот чечимдеринин аткарылбагандыгы тууралуу | 28 | 1,10% |
| 23 | Саламаттык сактоо органдарынын карамагына кирген маселелер | 27 | 1,00% |
| 24 | Аялдардын укуктарынын бузулуулары жөнүндө | 23 | 0,90% |
| 25 | Паспорт берүү маселелери | 153 | 5,80% |
| 26 | Прокуратура органдарынын карамагына кирген маселелер | 122 | 4,70% |
| 27 | ЖАМК кызматкерлеринин аракетине жана аракетсиздигине даттануулар | 31 | 1,20% |
| 28 | Дин маселелери боюнча | - | |
| 29 | Аскер кызматкерлеринин укуктарынын бузулуулары жөнүндө | 23 | 0,90% |
| 30 | Үй-бүлөлүк укуктар (алименттер жана башка) | 23 | 0,90% |
| 31 | Шайлоолор жана БШК иштери боюнча маселелер | 6 | 0,20% |
| 32 | Башпаанек берүү жөнүндө | 4 | 0,10% |
| 33 | Башка маселелер | 320 | 12,20% |
| | **Баардыгы** | **2620** | **100 %** |

| № | Кайрылуулардын тематикасы | Келген кайрылуулар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2021-ж | жалпы санга карата % менен | 2022-ж | 2023-ж | жалпы санга карата % менен |
| 1 | Сот органдарына тиешелүү маселелер: соттордун жана сот органдарынын кызматкерлеринин аракетине/ аракетсиздигине | 358 | *18,60%* | 109 | 64 | *5,90%* |
| | сот чечимдерине макул эмес | 75 | *3,90%* | 69 | 67 | *6,20%* |
| | сот чечимдеринин аткарылбагандыгына | 29 | *1,50%* | 41 | 28 | *2,60%* |
| | сотко катышуу жөнүндө өтүнүчтөр | 1460 | *76,00%* | 1311 | 923 | *85,30%* |
| | **Баардыгы** | **1922** | 100% | **1530** | **1082** | *100%* |
| 2 | Укук коргоо органдарына карата даттануулар: милиция кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине | 410 | *60,60%* | 314 | 100 | *37,70%* |
| | кыйноолорду колдонгондугу | 16 | *2,40%* | 22 | 6 | *1,50%* |
| | прокуратура кызматкерлеринин аракетине/ аракетсиздигине | 119 | *17,60%* | 109 | 95 | *36,60%* |
| | КР УКМК кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине | 112 | *16,60%* | 22 | 33 | *12,50%* |
| | ЖАМК кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине | 19 | *2,80%* | 19 | 31 | *11,70%* |
| | **Баардыгы** | **676** | *100%* | **486** | **265** | *100 %* |

Акыркы үч жылдын ичинде Акыйкатчыга келип түшкөн кайрылууларды талдоодо укук коргоо жана сот органдарынын аракеттерине же аракетсиздигине болгон арыздардын туруктуу төмөндөшүн көрүү менен, аларга карата мурдагыдай эле, арыздардын эң көп санын көрүүгө болот.

Алсак, 2021-жылы келип түшкөн 4301 жазуу түрүндөгү кайрылуунун ичинен сот органдарына байланышкан маселелер боюнча кайрылуулар – 1922 (44,7%), 2022-жылы – 3690 кайрылуулун ичинен 1530 (41,5%), ал эми 2023-жылы – 2620 кайрылуудан 1082 (41,3%) түзүп, жыл сайын жалпы арыздардын санынан 40-45% ортосунда калуууда.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракеттерине/аракетсиздигине карата 2021-жылы - 676, 2022-жылы – 486, 2023-жылы – 265 кайрылуулар болгон.

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракетине/аракетсиздигине карата: Ош шаары жана Ош облусунан – 34, Бишкек шарынан - 19, Исык-Көл облусунан - 16, Талас облусунан – 11, Баткен облусунан – 3 арыз катталган.

Ошондой эле, абакта жаткан жарандардан ЖАКтын кызматкерлерине карата тушкөн 182 кайрылуу болгон.

Арыз ээлери укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин аракетине/ аракетсиздигине тиешелүү маселелерди көтөрүү менен укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин КР КЖПКнын 19-беренесин бузгандыгын көрсөтүшөт, Кодекске ылайык тергөөчү иштин жагдайын ар тараптан, толук жана объективдүү изилдөө үчүн Кодексте каралган бардык чараларды көрүүгө, шектүүнү, айыпкерди ашкерлөөчү, ошондой эле жактоочу иштин туура чечилиши үчүн алардын жоопкерчилигин

жеңилдетүүчү же оордотуучу керектүү жана жетиштүү жагдайларды табууга милдеттүү.

Айрым кайрылууларда жарандар адам укуктарынын кайсы тармакта бузулгандыгын билишпейт, 2023-жылы мындай 320 (12,2%) арыз "Башкалар" тобуна киргизилди.

Кайрылуулардын мүнөзү боюнча бийлик органдарына карата арыздар төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү:

- 51,4% – сот жана укук коргоо органдарына;
- 10,6% – социалдык камсыздоо органдарына;
- 1,5% – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына;
- 1,2% – саламаттыкты сактоо мекемелерине;
- 1,2% – билим берүү тармагына байланыштуу кайрылуулар.

Орчундуу маселелердин бири катары – үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук, аялдардын жана жашы жете элек балдардын укуктарынын бузулушу болуп саналат. Статистикага карасак, **1540** (58,8%) арыз аялдардан түшкөн .

Аялдардын укуктарынын бузулушу боюнча **23,** үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук боюнча **11**, жашы жете элек балдардын укуктарынын бузулушу боюнча **48** жана майыптыгы бар аялдардан **34** арыз түшкөн.

Оозеки, жазуу жүзүндөгү, жамааттык жана жеке кайрылууларда, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында көтөрүлгөн адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо тууралуу маселелерди чечүү үчүн, Акыйкатчы мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, чет өлкөлүк укук коргоо уюмдары жана мамлекеттик баардык уюмдар менен тыгыз иш алып барат. Мисалга алсак, 2023-жылы Акыйкатчынын Борбордук Аппараты тарабынан кайрылууларда көрсөтүлгөн маселелер боюнча тиешелүү уюмдарга жана мекемелерге **3248** кат жөнөтүлгөн.

| п.н. № | Мекемелердин аталышы | Баардыгы |
|---|---|---|
| **1.** | Арыз ээсине жооп | 1515 |
| **2.** | КР ЖК Комитеттери жана КР ЖК Аппараты | 167 |
| **3.** | КР Президентинин Аппараты | 68 |
| **4.** | КР Министрлер Кабинети | 16 |
| **5.** | КР Коргоо министрлиги, КР Чек ара кызматы, КР Улуттук Гвардиясы, Мамлекеттик Коопсуздук кызматы | 18 |
| **6.** | КР Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, КР Айыл чарба министрлиги | 3 |
| **7.** | КР Ички иштер министрлиги | 91 |
| **8.** | КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги | 84 |
| **9.** | КР Финансы министрлиги, Борбордук казына | 54 |
| **10** | КР Юстиция министрлиги | 52 |
| **11.** | КР Экономика жана коммерция министрлиги | 9 |
| **12.** | КР Билим жана илим министрлиги | 67 |

| | | |
|---|---|---|
| 13 | КР Саламаттык сактоо министрлиги | 71 |
| 14. | КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги | 42 |
| 15. | КР Маданият, спорт жана жаштар саясаты министрлиги | 31 |
| 16. | КР Тышкы иштер министрлиги, КР чет мамлекеттердеги элчиликтери жана өкүлчүлүктөрү | 80 |
| 17. | КР Мүлктү башкаруу фонду | 8 |
| 18. | КР Башкы прокуратурасы | 153 |
| 19. | КР Жогорку соту жана башка сот органдары | 34 |
| 20. | КР Сот департаменти | 19 |
| 21. | КР Судьялар кеңеши | 14 |
| 22. | КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети | 17 |
| 23. | КР Эсептөө палатасы | 2 |
| 24. | КР Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги | 41 |
| 25. | КР Адвокатурасы | 20 |
| 26. | КР Социалдык фонду | 10 |
| 37. | «Кадастр» мамлекеттик мекемеси | 19 |
| 28. | КТРК жана ММК, «Кабар» маалымат агенттиги | 3 |
| 29. | Коомдук фонддор, союздар, ассоциациялар, коомдор, советтер | 41 |
| 30 | Мамлекеттик эмес концерндер, дирекциялар, АК, ЖИ, МИ, фирмалар, кооперативдер, ЖЧК | 22 |
| 31 | КР Архитектура жана курулуш мамлекеттик агенттиги | 11 |
| 32. | КР Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы | 105 |
| 33. | Юридикалык жактан жардам кызматы | 24 |
| 34. | КМШ жана чет мамлекеттердин Акыйкатчылары | 33 |
| 35. | КМШ өлкөлөрүнүн жана алыскы чет мамлекеттердин мамлекеттик органдары | 3 |
| 36. | Бишкек шаарынын мамлекеттик башкаруу органдары, Кенештери, чарбалык уюмдары | 18 |
| 37. | Чүй облусунун мамлекеттик башкаруу органдары, Кеңештери, чарбалык уюмдары | 27 |
| 38. | Ош облусунун мамлекеттик башкаруу органдары | 13 |
| 39. | Жалал-Абад облусунун мамлекеттик башкаруу органдары | 8 |
| 40. | Ысык-Көл облусунун мамлекеттик башкаруу органдары | 9 |
| 41. | Нарын облусунун мамлекеттик башкаруу органдары | 8 |
| 42. | Баткен облусунун мамлекеттик башкаруу органдары | 12 |

| | | |
|---|---|---|
| **43.** | Талас облусунун мамлекеттик башкаруу органдары | 8 |
| **44.** | КР Эл аралык уюмдар | 14 |
| **45.** | Акыйкатчынын Аппаратына келгендиги боюнча билдирүү | 8 |
| **46.** | Башка уюмдар | 53 |
| **47.** | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменин) Чүй облусу боюнча өкүлчүлүгү | 12 |
| **48.** | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменин) Талас облусу боюнча өкүлчүлүгү | 18 |
| **49.** | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменин) Нарын боюнча өкүлчүлүгү | 17 |
| **50.** | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменин) Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүгү | 19 |
| **51.** | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменин) Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүгү | 18 |
| **52.** | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменин) Ош облусу боюнча өкүлчүлүгү | 20 |
| **53.** | КР Акыйкатчысынын (Омбудсменин) Баткен облусу боюнча өкүлчүлүгү | 24 |
| | **Баары** | **3248** |

## 1.2. Көңүл буруу актылары

Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулгандыгы тууралуу аныкталган факты боюнча, ошондой эле аларды жоюу максатында Акыйкатчы тарабынан мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына Акыйкатчынын Көңүл буруу актысы жөнөтүлөт.

2023-жылы 40 Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн, алардын ичинен:

- КР Башкы прокуратурасына жана прокуратура органдарына - 9;
- КР Жогорку Сотуна – 2;
- КР Судьялар Кеңешине – 2;
- КР Судьялар Кеңешинин Тартип комиссиясына -2;
- КР Жогорку Сотунун алдындагы Сот департаментине - 2;
- КР Министрлер Кабинетине – 2;
- КР Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине – 1;
- КР Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын алдындагы “Кадастр” мамлекеттик мекемесине -2;
- Бишкек шаардык мэриясына -1;
- Ош шаарынын мэриясына - 1;
- Мамлекеттик райондук администрацияларына - 2;
- КР адвокатурасына - 1;
- КР адвокатурасына караштуу Адвокаттар кенешине - 2;

- КР Улуттук банкына -1;
- ААК Кыргыз почтасына - 1;
- РСК банкына - 1;
- КР Айыл чарба министрлигине - 1;
- КР Юстиция министрлигине караштуу Жаза аткаруу кызматына - 1;
- КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине -2;
- КР Билим берүү жана илим министрлигине жана министрликтин аймактык бөлүмдөрүнө – 2;
- КР Социалдык фондунун органдарына - 1;
- Үй-бүлөлүк медицина борборуна - 1;

Көңүл буруу актыларын кароонун жыйынтыгы менен 19 акт (47,5%) өз убагында канааттандырылды, 3 көңүл буруу акт (7,5%) учурда кароодо, калган 18 акт (45%) боюнча Акыйкатчы Аппараты тарабынан иштер уланууда, айрымдары боюнча адам укуктарынын бузулушуна алып келген кызматкерлерди жоопкерчиликке тартуу мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу кароодон баш тарткандар бар, айрым актыларды аткаруу үчүн укуктук ченемдик актыларга тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы чыгып, актыны аткаруу мүмкүн эмес деген жооптор келди, кээ бирлерин аткаруу органдардын ишмердүүлүгү токтоп тургандыгына байланыштуу аткарылган жок, айрымдары негизсиз аткарылган жок.

**Мисал:** КР Министрлер Кабинетинин 2022-ж. 24-июнундагы № 335 «КР Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп табуу жөнүндө» токтомунун негизинде 1995-жылдын 6-ноябрындагы № 466-токтому жараксыз деп табылып, ушуга байланыштуу 8 айдан бери КР Президентинин наамына арыз менен кайрылган соттолгондордун өтүнүчтөрүн кароо боюнча КР Байкоочу комиссиялары нын иши токтоп калган. КР Конституциясынын 58-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган соттолгондордун конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушун четтетүүнү, калыбына келтирүүнү; КР «Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө» мыйзамынын 26-беренесинде каралган байкоочу комиссияларынын ишмердүүлүгүн жолго салган тиешелүү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууну сунуштап, Акыйкатчы Көңүл буруу актысын КР Министрлер Кабинетине жолдогон. Натыйжада, КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-апрелинде №205 токтому кабыл алынып, байкоочу комиссиялар жөнүндө жобо бекитилген.

**Мисал:** КР Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери Баткен облусуна караштуу Сүлүктү шаарындагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын социалдык стационардык мекемесиндеги жашоочулардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүү убагында, бир топ кемчиликтерди аныктаган. Жыйынтыгы менен КР ЭСКМ министрлигине Көңүл буруу актысы жолдонгон. Сунуштамада көрсөтүлгөн маселелер жана ССМдин ишмердүүлүгүн толук кандуу иш алып барбагандыгы үчүн Сүлүктүдөгү жалпы типтеги ССМдин директору жана башкы бухгалтери ээлеген кызмат орундарынан бошотулган.

**Мисал:** КР Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери Ош облусуна караштуу Кара-Суу районунун Мөнөк айылында жайгашкан Д.Султанов атындагы жатак мектебинде балдардын укуктарынын сакталышы боюнча мониторинг жүргүзүү убагында бир топ кемчиликтер жана укук буузулар аныкталган. Жыйынтыгы менен Кара-Суу райондук прокуратурасына, орун алган укук бузууларды четтетүү жана Д.Султанов атындагы жатак-мектебинин тиешелүү кызматкерлерине тартиптик чараларды көрүү боюнча сунуштама жолдонгон. Натыйжада, мектептин

директоруна “сөгүш”, ал эми мектептин чарбакери кампадагы кемчиликтерге жол бергендиги үчүн кызмат ордунан бошотулган.

**Мисал:** Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарынан К. к. Н. аттуу жашоочусунун арызынын алкагында анын жолдошу К.у.К. КР Юстиция министрлигинин №43-мекемесинде жазасын өтөп жүрүп, кургак учук илдетине чалдыккандыгы, өпкөсүнүн бир бөлүгүн алдырып даарыгерлердин көзөмөлүндө жүргөндүгү аныкталган.

Бирок, №43-мекеменин администрациясы тарабынан укуктук-ченемдик актыларды бузуу менен ал Жалал-Абад облусуна курулушта иштөө үчүн которулуп жиберилген.

Акыйкатчы Институтунун Көңүл буруу актысынын негизинде №43-мекемесинин 2 жооптуу аскер кызматкерлерине “эскертүү”, 1 жогорку офицердик курамдагы жетекчиге “каттуу эскертүү” берилген. Мекеме администрациясына жугуштуу оорулардын алдын алуу максатында тиешелүү медициналык мекемелер менен келишимдерди түзүү милдеттендирилген.

**Мисал:** КР Акыйкатчысына Ош облусуна караштуу Кара-Суу районунун тургуну Д. Г. арыз менен кайрылган. Арызда күйөөсү менен ажырашып 4 баласы менен жалгыз калгандыгын, сот тарабынан мурдагы күйөөсү алимент төлөөгө милдеттендирилгендигин, бирок сот аткаруучу тарабынан эч кандай аракет көрүлбөгөндүгүн көрсөткөн. Арызды кароонун жыйынтыгында, сот актаруучу тарабынан укук бузууларга жол берилгендиги аныкталып, КРнын Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментинин Ош областы боюнча башкармалыгына сот аткаруучусуна карата тиешелүү тартиптик чара көрүүнү жана арыз ээсине карызды өндүрүү боюнча иш чараларды уюштуруу сунушталып, Көңүл буруу актысы жолдонгон. Натыйжада, Ош шаардык сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн кызматкерине «сөгүш» жарыяланып, арыз ээсинин иши көзөмөлгө алынган.

**Мисал:** КР Акыйкатчысына Ысык-Көл облусуна караштуу Тоң районунун тургуну Ш. Р. арыз менен кайрылган. Арызда Тоң районунун социалдык фонд тарабынан пенсиялык төлөмдөрдү мыйзамсыз токтотуп салганын билдирип, көмөк көрсөтүүнү суранган. Арызды кароонун жыйынтыгы менен, социалдык фонддун кызматкерлери тарабынан кетирилген укук бузуулар аныкталып, Тоң райондук социалдык фондуна арыз ээсинин пенсиясын кайра эсептеп төлөө сунуштамасы жолдонгон. Натыйжада, социалдык фонддун 3 кызматкерине тартиптик чара колдонулуп, арыз ээсине 394540 сом төлөндү.

Акыйкатчынын кийлигишүүсүнүн натыйжасында, жарандардын укуктарын бузууга жол берген кызмат адамдары жоопкерчиликке тартылышты (№1 тиркеме).

## 1.3. “115 Шыр байланыш” кызматына келген кайрылуулар

Жарандарды укуктук жактан колдоо көрсөтүү жана кайрылуулар боюнча алгач туура багыт көрсөтүп, ал жагдайлар боюнча ыкчам иштерди өткөрүү максатында, Акыйкатчы Аппаратына келип түшкөн арыз-кайрылууларды кароонун тартибине өзгөртүү киргизилип, атайын Акыйкатчынын 2023-жылдын 10-августундагы № 83 сандуу буйругу менен пилоттук форматтагы жумушчу топ түзүлгөн.

Жумушчу топту түзүүнүн негизги максаты:

1. Акыйкатчы Аппаратына келип түшкөн арыз-кайрылууларды кароонун

сапатын жакшыртуу жана карoo мөөнөттөрүн кыскартуу;

2. Акыйкатчы Аппаратынын бөлүмдөрүндөгү, аймактык өкүлчүлүктөрүндөгү кызматкерлердин жүгүн азайтуу жана системдүү укук буузуларды аныктап, алардын үстүнөн олуттуу иш алып баруу боюнча жаңы форматта иштөөгө шарт түзүү;

3. Жарандарды кабыл алуу тартибин ирээтке келтирүү, ыкчам юридикалык жардам көрсөтүү аркылуу адам укуктарынын сакталышына өбөлгө түзүү;

Жумушчу топтун негизги милдеттери:

- Акыйкатчы Аппаратына мамлекеттик почта кызматы аркылуу жана Акыйкатчы Аппаратынын электрондук почтасына келип түшкөн кайрылууларды окуп чыгуу, алгач укук бузууларды аныктоо жана баштапкы укуктук баа берүү;
- жарандарды кабыл алып, оозеки укуктук кеңештерди берүү;
- жарандардын жазуу түрүндөгү арыздарын кабыл алуу;
- адамдын укугу жана эркиндиги бузулган учурлар аныкталса, маңызы боюнча кароого тийиштүү бөлүмдөргө берүү, ал эми башка мамлекеттик органдарга тийиштүү арыздарды ыкчам тийиштүүлүгү боюнча жолдоо.

Пилоттук жумушчу топтун 15-августунан тартып, 28-декабрга чейинки арыздарды карoo боюнча алгачкы жыйынтыктарынын жана натыйжалуулугун эске алып, Акыйкатчы Аппаратында 2024-жылдан тартып, Аппараттын түзүмүнө арыз, кайрылууларды алгачкы карoo жана талдоо боюнча тийиштүү структуралык өзгөрүүлөр киргизилээрин билдиребиз.

Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери тарабынан 2023-жылы жалпы 3773 адамды кабыл алып, ыкчам квалификациялуу укуктук жардам көрсөтүлгөн, оозеки кайрылуулардын басымдуу бөлүгү турак жайга болгон, жер алуу, жарандык паспорт алуу, ден соолук маселелерине жана жарандардын саламаттыкты сактоого, үй-бүлөлүк, соттук териштирүүлөр учурунда болгон укуктарга, милициянын, прокуратуранын, УКМКнын аракеттери же аракетсиздиги ж.б. укуктарга байланыштуу болгонун белгилейбиз. Учурда белгиленген тармактардагы көйгөйлөрдү талдап, Акыйкатчы тарабынан кабыл алынган адам укуктарын жакшыртууга багытталган өнүгүү стратегиясына тийиштүү иш-аракеттер мерчемделүүдө.

| **Кайрылуулардын мазмуну** | оозеки кайрылуулар | |
|---|---|---|
| | Саны | % |
| Жарандык укук тармагында | 2700 | 71,6 |
| Турак жай укугу | 269 | 7,1 |
| Жер укугу | 306 | 8,1 |
| Жарандардын ден соолукка жана саламаттыкты сактоого болгон укуктары | 110 | 2,9 |
| Керектөөчүлөрдүн укуктары | 31 | 0,8 |
| Балдардын укуктары | 111 | 2,9 |

| | | |
|---|---|---|
| Чет элдик жарандардын укуктары | 12 | 0,3 |
| Жеке менчикке болгон укуктар | 92 | 2,4 |
| Аскер кызматчыларынын укуктары | 28 | 0,7 |
| Жарандык укуктар, паспорт алуу укугу | 230 | 6,1 |
| Билим алууга болгон укуктар | 124 | 3,3 |
| Үй-бүлөлүк укуктар | 235 | 6,2 |
| Социалдык укуктар | 260 | 6,9 |
| Соттук териштирүүлөр | 438 | 11,6 |
| Эмгек укуктары | 186 | 4,9 |
| Чарбалык талаш-тартыштар боюнча | 36 | 0,9 |
| Башкалар | 232 | 6,2 |
| Кылмыш жана жазага байланыштуу укуктар | **1073** | 28,4 |
| Милициянын, прокуратуранын, УКМКнын аракеттери же аракетсиздиги ж.б. | 224 | 5,9 |
| Мыйзамсыз камоо | 8 | 0,2 |
| Баш коргоо чарасын өзгөртүү | 25 | 0,7 |
| Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу | 35 | 0,9 |
| Саясий укуктар | 78 | 2 |
| Тергөө иштерине байланыштуу | 96 | 2,5 |
| Соттук териштирүүлөр | 214 | 5,7 |
| Кыйноо жана катаал мамиле | 50 | 1,3 |
| Башкалар | 343 | 9 |
| **Баардыгы** | **3773** | **100** |

**«115 Шыр байланыш» кызматынын 2023-жылдагы негизги ишмердүүлүгү адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыздоо жаатындагы абалды жакшыртууга, өз укуктарын коргоого муктаж жарандарды натыйжалуу колдоого багытталган.**

Шыр байланыш телефону КР Акыйкатчысынын жарандар менен өз ара аракеттенүүсүнүн, келип түшкөн маалыматтарды, билдирүүлөрдү, даттанууларды иштеп чыгып, аларга ыкчам квалификациялуу маалыматтык консультацияларды берүү, балдардын, жарандардын, жабык мекемелердеги адамдардын, анын ичинде кыйноолорду, катаал мамилени жана зомбулукту болтурбоо үчүн мыйзамдуу укуктарына жана таламдарына тиешелүү маселелерди ыкчам чечүү формаларынын бири болуп саналат.

Шыр байланыш телефонуна чалуу аркылуу адам укуктарынын бардык маселелери боюнча күн сайын жүргүзүлүп жаткан консультациялар жана түшүндүрүү иштери туруктуу негизде жүргүзүлөт.

Кайрылуулардын статистикасы көрсөтүп жаткандай, юридикалык кеңештерге муктаж жарандардын саны арбын болгондуктан, калктын укуктук сабаттуулугун, аларды коргоонун формаларын жана ыкмаларын жогорулатуу Акыйкатчынын негизги ишинин бири болуп саналат.

“115 Шыр байланыш” кызматы аркылуу 2023-жылдын аралыгында **4614 чалуулар болгон**, алардын ичинен **1756 чалууга** юридикалык кеңеш берилген, калган 2847 чалуулар ар түрдүү суроолор, башка мамлекеттик органдардын маселелери боюнча жана кайсыл жерге кайрылаарын билбей чалып алгандар болгон. Алардын басымдуу бөлүгү КР мыйзамдарды жана укуктарды, компетенттүү органдарына кайрылуунун тартибин түшүндүрүүлөрдөн турду.

Ошол эле учурда, 2023-жылы респонденттердин эң олуттуу укуктары менен эркиндиктеринин рейтинги мурдагы жылдарга салыштырмалуу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Алсак, биринчи орундарды мурдагыдай эле жарандык-укуктук мамилелер, социалдык-экономикалык укуктар, үй-бүлөлүк укуктар ээледи. Бул тенденция жыл сайын кайталанып келет жана бул чөйрөдө жарандардын укуктары менен эркиндиктеринин кепилдиктерин өнүктүрүү жана бекемдөө боюнча иш-чараларды өзгөртүү зарылдыгын көрсөтүп турат.

Шыр байланыш кызматына келип түшкөн 2023-жылдагы телефон чалуулардын мүнөзү жөнүндө маалымат:

| | Жарандар тарабынан берилген суроолордун мүнөзү | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Жарандык-укуктук мамилелер анын ичинде кредиттер, ипотека, алдамчылык, иш кагаздарын жүргүзүү, КР чегинен тышкары жүрүү, айып пулдар, жарандар менен болгон талаш-тартыштар жана чыр-чатактар боюнча консультациялар жана сунуштар. | 428 |
| 2 | Үй-бүлөө укуктары боюнча (алимент, ажырашуу, камкорчулук, асырап алуу ж.б.), аялдардын жана балдардын укуктарын коргоо | 215 |
| 3 | Жер, мүлк маселелери жана ага байланыштуу талаш-тартыштар | 156 |
| 4 | Саламаттык сактоо жана билим берүү кызматкерлеринин аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар (анын ичинде коррупциялык фактылар) | 69 |
| 5 | Жарандардын нотариалдык кызматка кайрылуусу, мураскерлик укугу | 58 |
| 6 | Психикалык жактан жабыркаган адамдардын кайрылуулары | 50 |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Эмгек укуктарын коргоо жана эмгек мыйзамдарын бузуу (эмгек талаштары), анын ичинде ишке орноштуруу жана балдарды мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине жайгаштыруу укуктарын коргоо | 42 |
| 8 | Мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык кеңеш тууралуу, адвокаттардын сотко катышуусуна байланыштуу кайрылуулар | 41 |
| 9 | Аскердик кызмат тууралуу жана укук коргоо органдарынын аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар | 36 |
| 10 | Социалдык камсыздоо жаатындагы жарандардын укуктарын (пенсия, жөлөкпул, эмгек акы, компенсация, турак жай маселелери) сактоо жана коргоо жөнүндө | 35 |
| 11 | Судьяларга, соттун чечимдерине даттануулар | 25 |
| 12 | Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка органдардын аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар (анын ичинде коррупциялык фактылар) | 25 |
| 13 | Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук, үй-бүлөө мүчөлөрүн кордоо жана чыр-чатактар | 24 |
| 14 | Акыйкатчынын өкүлүнүн сотко катышуусу | 12 |
| 15 | Чет өлкөдөгү КР жарандарынын (мигранттардын) жана өлкөбүздөгү чет өлкөлүк жарандардын укуктарын коргоо | 7 |
| 16 | Жабык мекемелердеги адамдардын укуктарынын бузулушу (ырайымсыз мамиле), анын ичинде медициналык жардамдын жетишсиздиги (жоктугу) | 4 |
| 17 | Сот чечимдерин аткаруу боюнча органдардын аракеттерине/аракетсиздигине даттануулар | 3 |
| 18 | Акыйкатчынын өкүлчүлүктөрүнө сунушталган кайрылуулар | 3 |
| 19 | Башка укук бузуулар боюнча | 523 |
| | **Баардыгы** | **1756** |

Кайрылуулардын мүнөзү боюнча жалпыланган маалымат.
**Жазык процессиндеги адам укуктары**

Өткөн жылдардагыдай эле келип түшкөн кайрылуулар алдын ала тергөөнүн объективдүүлүгүнө жана толуктугуна, шектүүлөрдүн, айыпталуучулардын, соттолуучулардын жана жабырлануучулардын укуктарына, сотко чейинки жана тергөө стадиясында жазык процессинин катышуучуларынын укуктарын коргоого байланышкан. Ошол эле учурда, кайрылуулардын бир үлүшү тергөө органдары тарабынан негизсиз камакка алуу, тергөөнүн создуктурулушу, жарандардын арыздарын, анын ичинде каршы доо арыздарын кабыл алуудан негизсиз баш тартуу, иштерди бир жактуу караоого да байланышкан.

**Мажбурлап кармоо жайларындагы адам укуктары**

Мажбурлап кармоо жайларындагы адам укуктарынын бузулушу боюнча даттануулар бир топ азайды. Абактагылар жана соттолгондор жаза-аткаруу тутумунун кызматкерлеринин иш-аракеттерине, жазаны өтөөдөн бошотууга, түзөтүү мекемесинин түрүн өзгөртүүгө, медициналык тейлөөгө байланыштуу суроолорго аз кайрыла баштагандыгын байкоого болот.

**Социалдык камсыздоого укук**

Бул сегментте балдарга жөлөкпулдарды жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөкпулдарды алуу жана тариздөө боюнча суроо-талаптардын өсүшү байкалган. Кээ бир жарандар мыйзамды билбегендиктен (укуктук сабаттуулуктун жоктугунан) жана компетенттүү органдар тарабынан документтердин тизмеси менен жетиштүү кабардар болбогондуктан, көп убакыттан бери жөлөкпул алуу үчүн кайрыла албай жатышкандыктарын айтышкан. Жарандар каттоодо турган жеринен башка дарек боюнча жашагандыгына, жубайлардын биринин чет өлкөдө иштегендигине байланыштуу, жөлөкпулдарды алууда белгилүү кыйынчылыктарга дуушар болушат жана кандай документтер талап кылынаарын, ошондой эле, ушул чөйрөдөгү мыйзамдардын негизги талаптарын билишпейт.

**Турак-жай укуктары**

Бул теманын негизги маселелери турак-жай укуктук мамилелерге, турак-жай укуктарынын объекттерине, турак-жайга менчик укугунун пайда болушунун негиздерине, жарандык-укуктук келишимдерди түзүү, сатып алуу/сатуу, белекке берүү сыяктуу маселелерге тиешелүү.

Турак-жай укугуна карата кайрылуулар мыйзамды бузуу менен же жарандардын кызыкчылыктарына зыян келтирүү менен турак жайдын мурастык үлүштөрүнө менчик укугун, менчик укугун өткөрүп берүү боюнча бүтүмдөрдү жасоо аракеттерине даттануулардан турат. Кайрылуулар, жарандардын жеңилдетилген категорияларына турак-жайларды берүү маселелерине да тиешелүү.

Аскер шаарчаларынын жашоочуларынан аскер бөлүктөрүнүн командирлеринин жана коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын жетекчилиги тарабынан жашоочуларды жана алардын үй-бүлөө мүчөлөрүн ээлеген турак жайлардан чыгарууга байланышкан кайрылуулар да түшкөн.

**Экономикалык укуктар**

Экономикалык укуктарды коргоо тармагында жарандар милдеттенмелердин мыйзамдуулугуна, келишимдерди жана бүтүмдөрдү аткарууга байланышкан маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүүнү сурап кайрылышкан. Ошол эле учурда керектөө кредиттерди өз убагында төлөнбөгөндүктөн жана кредиттерди алуу укугунан улам талаш-тартыштар боюнча суроо-талаптар, жеке ишмердүүлүк менен байланышкан маселелер боюнча (менчик фирмаларын ачуу, каттоо жана кайра каттоо) кайрылуулар көбөйдү. Мындан сырткары, экономикалык маселелер (жеке менчикти коргоо, келтирилген зыяндын ордун толтуруу ж.б.) боюнча жарандардан даттануулар болгон.

**Эмгек укуктары**

Эмгек мамилелери жаатындагы укуктардын бузулушу боюнча арыздардын саны бир аз кыскарган. Каралып жаткан тармак боюнча дээрлик баардык темаларда, эмгекти коргоо, эмгек акысын төлөбөй коюу, эмгек мамилелерин каттоо, иштен бошотуу, ишке орноштуруу боюнча арыздардын санынын кыскарышы байкалган.

Жарандардан, менчигинин түрүнө карабастан мекемелер, жумуш берүүчүлөр тарабынан эмгек акыларын төлөбөгөндүгү жана келишимдик милдеттенмелерин бузгандыгы боюнча кайрылуулар болгон.

**Үй-бүлөө, ата-эне жана балдардын укуктары**

Шыр байланыш телефонуна кайрылуулардын статистикасына караганда, үй-бүлөө укуктарын коргоо маселелери боюнча кайрылуулардын көбөйгөндүгүн көрсөтүп турат. Акыркы мезгилде ажырашуу процессине жана алименттик милдеттенмелерге байланыштуу арыздардын көбөйгөндүгү, кайрылууларды талдоодо үй-бүлөө көйгөйлөрүнүн көбөйгөндүгү байкалат. Бул маселеде үй-бүлөлүк ажырашуулардын абалы, никенин баалуулуктары, никеге туруу үй-бүлөлүк биримдиктин туруктуулугунун факторлору катары белгилесек болот. Ажырашуу боюнча  Шыр байланыш телефонуна болгон чалуулардын саны үй-бүлө институтунда кризистин күчөп бараткандыгын көрсөтүп турат. Ажырашуу процессинин негизги себептердин бири болуп, ата-энелик милдеттерди талаптагыдай аткарбагандыгы, үй-бүлөлүк чыр-чатактар, балдардын көзүнчө үй-бүлөдөгү зомбулук, материалдык жетишсиздик, ата-энесинин бири башка мамлекетке акча табуу максатында иштегени кетип, көптөн бери жок болуусу саналат.

Ата-энелердин биринин (көбүнчө атасы) алимент төлөөдөн качкандыгы тууралуу даттануулар көбөйдү. Жарандардын Шыр байланыш телефонуна ата-энелик укуктан жана аталыкты аныктоодон өз ыктыяры менен баш тартуунун жол-жобосу боюнча кеңеш алуу үчүн кайрылуулар көбөйүүдө, негизинен, алименттик карыздар, ата-энелик милдеттерден баш тартуу ж.б.

**Ден соолукту коргоо жана медициналык жардам алуу укугу**

Бул маселе боюнча медицина кызматкерлеринин иш-аракеттерине байланыштуу суроо-талаптардын тенденциясы уланды. Өзгөчө, жарандарды кабыл алуудан жана ооруканага жаткыруудан баш тартууга, сапатсыз дарылануунун медициналык мекемелерине каттоосуна байланыштуу кайрылуулар жана даттануулар тиешелүү болгон. Кайрылуулар ошондой эле стационардык дарылануу учурунда дары-дармек сатып алууга тиешелүү болгон.

**Жарандык сот өндүрүшүндөгү адам укуктары**

2023-жылы жарандык сот өндүрүшүндө адам укуктарынын корголушуна байланыштуу арыздардын саны дээрлик бирдей деңгээлде болгон. Шыр байланыш телефонуна арыз ээлери да, өндүрүп алуучулар да, аткаруу өндүрүшүндөгү карызкорлор да кайрылышкан. Алар көтөргөн маселелер сот аткаруучулардын аракеттерине – аткаруу чараларын колдонууга, белгиленген чектөөлөрдү алып салууга тиешелүү болгон.

Арыздарды талдоодо сот чечимдеринин аткарылбай жатышынын себеби жалаң эле алардын баш тартуусунда эмес, чечимди аткаруу үчүн карызкор, ошондой эле мажбурлап аткартуу чараларынын чечимдери жетишсиз экендигин көрсөтүп турат. Сот чечимдерин аткарбоо боюнча даттануулар негизинен алимент төлөө боюнча карызды өндүрүүгө тиешелүү болгон.

**Жерге менчик укугу**

Бул темадагы кайрылуулар жер берүүгө жана басып алууга, жер тилкелерин

каттоого байланыштуу келип чыккан жеке укуктук талаш-тартыштарды чечүүдө юридикалык жардам көрсөтүү маселелерине тиешелүү болгон. Жарандар, жерге тиешелүү иш алып барган органдар тарабынан алардын укуктарынын бузулушуна, кадастрдык адистердин ишмердүүлүгүнө карата даттануулар менен кайрылышкан. Көпчүлүк кайрылуулар жерге укук берүүчү документтерди (кызыл китепти) каттоого, жергиликтүү бийлик органдарына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга жеке турак-жай куруу үчүн жер тилкелерин алуу укугуна тиешелүү болгон.

Кайрылууларда көрүнүп тургандай, тиешелүү аймактагы ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жер тилкелерин максаттуу багыты боюнча каттоонун жана курулушка алуунун тартиби жана укуктары тууралуу маалымат жетишсиз.

**Билим алуу укугу**

Жарандардын билим алуу укугун коргоо маселелери боюнча Шыр байланыш телефонуна келип түшкөн кайрылуулар көбүнчө мектеп жана мектепке чейинки билим берүү органдарынын кызматкерлеринин аракетсиздигине тиешелүү. Мугалимдердин мектеп окуучуларын кемсинткен мамилеси жана алардын арасындагы чыр-чатактарга көңүл бурбай жаткандыгы боюнча даттануулар да келип түшкөн.

Билим берүү мекемелеринде мыйзамсыз акча чогултууга байланыштуу жарандардын арыз-даттануу маселеси да кооптуу бойдон калууда. Жыл сайын окуу мезгилинин башталышы менен мугалимдерден класстык, мектеп фонддоруна ж.б. белгилүү бир суммаларды салууну талап кылды деген даттануулар дагы болгон. Жарандар мектептеги билим берүү уюмдары тарабынан акча чогултууга тыюу салган жоболор аткарылбай жаткандыгына тынчсызданышууда.


**Сот адилеттүүлүгүнө жетүү**

Соттук териштирүүлөр мыйзамдуулукту жана тартипти чыңдоого, кылмышты алдын алууга, мыйзамды жана сотту урматтоону өнүктүрүүгө жардам бериши керек. Бул тематикада жарандардын Шыр байланыш телефонуна болгон кайрылуулары сот адилеттигине жетүү укугу жана сот чечимдеринин адилеттүүлүгү эң маанилүү экенин көрсөтүп турат. Арыз менен кайрылган жарандар соттордун чыгарган чечимдерин көпчүлүк учурларда адилетсиз деп эсептешет.

Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу да жарандардын маалымдуулугунун деңгээлин жогорулатуу болуп эсептелет. Ошол себептен, Шыр байланыш кызматынын адистери тарабынан бул жааттагы мыйзамдар боюнча жарандарга кеңири түшүндүрмөлөр берилип, юридикалык жардамды координациялоо борборлорунун даректерин жана телефондорун дагы берип турушат. Мындай көрүнүш жарандардын Акыйкатчы Институтуна болгон ишенимин көрсөтүп турат.

## 1.4. Акыйкатчы Институтунун эл аралык кызматташтыгы

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына Акыйкатчынын парламенттик контроль жүргүзүүсүнүн максаттарынын бири бул адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жаатындагы эл аралык кызматташтыкты жакшыртуу жана андан ары өнүктүрүү болуп эсептелет.




КР Акыйкатчысы Дж. А. Джаманбаева 2023-жылы Кыргызстандагы адам укуктар жаатындагы маселелер боюнча эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, башка мамлекеттердин парламенттеринин өкүлдөрү жана мамлекеттердин Омбудсмендери, элчилери менен ар түрдүү аянтчаларда эки тараптуу жолугушууларды өткөрдү, жалпысынан 32 жолугушуу онлайн жана оффлайн форматында өткөрүлдү.

КР Акыйкатчы Институту адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча Евразия мейкиндигинин Омбудсмендеринин Ассоциациясынын алкагында Армения, Иран, Казакстан, Монголия, Россия Федерациясы, Сербия, Тажикстандын өлкөлөрүнүн укук коргоо институттары менен биргеликте эл аралык конференцияларга, жолугушууларга катышып келет. Альянстын мүчөлөрү ага мүчө-мамлекеттеринин жарандарын биргелешип кабыл алуу, анын ичинде видео-конференция байланышты колдонуу аркылуу кабыл алууларды жүргүзүүнү кеңейтүү, ошондой эле Омбудсмендердин Евразиялык ассоциациясынын жарандардын кайрылуулары менен иштөө жөнүндө маалыматты эске алуу системасын түзүү менен, ишти жандантуу боюнча иш алып барышууда.

Мисалы, жогоруда аталган Альянс (ЕОА) менен кызматташуу алкагында КР Акыйкатчысы РФ Адам укуктары боюнча ыйгарум укуктуу өкүлү Т.Н. Москалькованын чакыруусу менен Москва шаарында болуп өткөн VII эл аралык илимий практикалык конференцияга жана ЕОАнын VIII отурумуна катышты.

Ошону менен бирге, Акыйкатчы 2023-жылдын 21-25 августтарында

РФ Москва шаарында Кыргыз диаспорасынын активист лидерлери, эмгек мигранттары менен жолугушуу жана көп функционалдуу Сахарово (ЦВСИГ) мекемесинде кармалып турган кыргыз жарандарынын көйгөйлөрү менен жеринен барып таанышты. Бул иш сапардын жыйынтыгында эки өлкөнүн Акыйкатчылары 2023-2024-жылдарга Россиянын адам укуктары боюнча Ыйгарым укуктуу өкүлү менен КР Акыйкатчысынын ортосундагы биргелешип аракеттенүү жөнүндөгү протоколго кол коюшуп, КМШнын адам укуктары боюнча комиссиясында биргелешип иштөөнү макулдашууга жетишти.

Бул, Кыргызстан менен Россиянын укук коргоо институттарынын ортосундагы кызматташтыкты күчтөндүрүүгө чоң түрткү берет жана жакынкы келечекте Кыргызстандын аймагында жүргөн Россиянын жарандарынын, Россиянын аймагында жүргөн Кыргызстандын жарандарынын укуктарынын бузулушу боюнча биргелешкен талдоо жүргүзүп, мигранттардын укуктарын коргоо боюнча маселелердин механизмдерин иштеп чыгууга чоң өбөлгө түзөт.

Акыйкатчы Институту Омбудсмендердин Азия-Тынч Океан форумунун (АТФ) толук кандуу мүчөсү. Бул форумдун максаты – катышуучу-өлкөлөрдүн улуттук укук коргоо институттарынын өнүгүшүнө жана чыңдалышына эл аралык кызматташтыкты координациялоо, окутуу, тажрыйба жана ресурстарды жайылтуу аркылуу көмөк көрсөтүү болуп саналат.

Адам укуктарынын корголушу боюнча кызматташтыктын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында 2023-жылдын 8-августунда Акыйкатчы менен АТФнун мыйзамдар жана саясат маселелери боюнча директору Кирэн Фитцпатрик менен видео конференция форматында байланышып, Кыргызстандагы адам укуктарын илгерилетүүнү талкуулашты жана эл аралык кызматташтыкты координациялоо жолу менен улуттук укук коргоо институтун өнүктүрүү боюнча пикир алмашышты. Ошондой эле, эки тарап адам укуктарын коргоо боюнча кызматташтыкты күчтөндүрүүгө кызыкдар экенин билдиришти. Акыйкатчы Институту АТФна мүчө катары өзүнүн ишмердигин активдештирүүгө болгон күч-аракетин жумшап жатканын белгилеп өттү.

Бүгүнкү күндө КР Акыйкатчы Институту эл аралык деңгээлде «В» статусунда аккредиттелген, бул Париж принциптерине толук ылайык келбөөчүлүктү билдирет. «В» статусундагы мекемелер эл аралык жана аймактык ишмердүүлүктөрдө жана улуттук мекемелердин отурумдарына байкоочу катары катыша алышат, бирок добуш бере алышпайт жана Бюронун же анын комитеттик курамына кире алышпайт. Аларга улуттук укук коргоо мекемелеринин идентификациялык карточкасы берилбейт, күн тартибинде каралган пункттар боюнча чыгып сүйлөй алышпайт жана Адам укуктары боюнча кеңешке документтерин бере алышпайт.

Учурда «А» статусуна жетишүү максатында КР Акыйкатчы Институту Жогорку Кеңеш менен биргеликте «КР Акыйкатчысы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын Париж принциптерине толук ылайык келүүчү жаңы редакциясын илгерилетүү боюнча иштерди жүргүзүп жатышат. Аталган форумдун өкүлдөрү менен биргеликте бул тармакта тыгыз кызматташуу болуп жатат.

2023-жылдын 26-июлунда КР Акыйкатчысы жана Европа Биримдигинин өкүлчүлүгүнүн элчиси Мэрилин Йозефсон жолугушуп, Кыргызстандагы адам укуктары менен эркиндиктерин камсыздоо жагдайы тууралуу талкуулашып, Кыргызстанда адам укуктарынын фундаменталдык баалуулуктарын, демократияны, укуктун үстөмдүгү менен жарандык коомду илгерилетүүгө байланыштуу пикир алышты.

Мэрилин Йозефсон өз кезегинде “Европа Биримдиги Кыргызстандагы

Акыйкатчынын кеңсесинин ишин жогору бааларын жана анын көз карандысыздыгы менен ролун бекемдөөгө, ошондой эле, Париж принциптерине ылайык келген Кыргызстан Акыйкатчысын «А» макамына жеткире турган реформаларды колдоорун билдирди. Тараптар Кыргызстанда адам укуктары менен эркиндиктеринин жогорку стандарттары менен демократиялык баалуулуктарды чыңдоо боюнча кызматташтыкты мындан ары дагы күчтөндүрүүгө макулдашты. Мындан сырткары, Акыйкатчы Европарламенттин өкүлдөрү менен жана Борбордук Азия өлкөлөрү боюнча өкүл Терри Хаккала менен жолугушуу өткөрүп, ар тараптуу кызматташуу боюнча макулдашышты.

Мындан сырткары, Акыйкатчы менен Томаш Здеховскийдин баштоосунда келген Европарламенттин депуттары кезигип, эки тарап кызматташуусун мындан ары илгерилетээри боюнча келишишти.

2023-жылдын 5-сентябрында КР Акыйкатчысы менен Түркия Республикасынын башкы Омбудсмени “КР Акыйкатчы Институту жана Түркия Республикасынын Омбудсмен институтунун ортосундагы кызматташтык жөнүндө өз ара түшүнүшүү” Меморандумуна кол коюшту. Аталган меморандумда КР жана Түркия Республикасынын ортосунда жарандардын укуктарын коргоо жаатындагы достук мамилелерин жана алардын кызматташтыгын чыңдоого, ошону менен эки өлкөнүн тең мыйзамдарына жана ченемдик укуктук актыларына ылайык, тең укуктуулук жана өз ара пайдалуулук принциптерине таянуу менен эки өлкөдө тең адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоого салым кошууну макулдашышты.

Мындай кызматташтык келечекте анын алга карай илгерилешине жана өнүгүшүнө чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

2023-жылдын 29-ноябрында КМШ өлкөлөрүнүн (Россия, Армения, Беларусь, Казахстан, Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстан) адам укуктары боюнча Комиссиясынын I отуруму өткөрүлдү. Комиссиянын I отурумунун жыйынтыгы боюнча 2024-2025-жылдарга Адам укуктарынын корголушу боюнча Комиссиянын Иш мерчемдери түзүлдү жана мындан ары чогулуштарды өткөрүү, чечимдерди кабыл алуу, даярдоо жана кароо, ошондой эле, адам укуктары боюнча комиссиянын ишин, башкы аспектилерин аныктоо үчүн тийиштүү Эрежелер кабыл алынды.

Жогоруда көрсөтүлгөн Комиссиянын Иш мерчемине КР Акыйкатчысы мүчө мамлекеттерде адам укуктарынын сакталышы боюнча алардын Индексин иштеп чыгуу тууралуу жумушчу топ түзүүнү жана биргелешкен иш планын жакшыртуу боюнча иш алып баруу жана жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укуктардын сакталышына изилдөө жүргүзүү сунуштарын киргизди. Ошондой эле, башка мүчө өлкөлөрү дагы адам укуктары жаатында өздөрүнүн сунуштарын беришти. Мындай диалог адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо жаатындагы инновацияларды жергиликтүү деңгээлде изилдөөгө жана сыноого эң сонун мүмкүнчүлүк берет.

КР Акыйкатчысы Улуу Британия Королдугунун КР элчиси Ник Боулер менен кезигип, Англия мамлекетиндеги Кыргызстандын жарандарынын укуктарынын камсыздалышы боюнча иш алып баруу жаатында кызматташууну макулдашты.

Мындан сытркары, КР Акыйкатчы Институту Түрк мамлекеттеринин Омбудсмендеринин Ассоциациясы менен активдүү кызматташып жатат жана учурда Ислам Кызматташтык Уюмунун Омбудсмендеринин Ассоциациясына кирүүгө арыз берди.

КР Акыйкатчы Институту мындан ары да адам укуктарын коргоо жаатында эл аралык кызматташууну күчтөндүрүп, башка өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбалары менен алмашып, жарандардын укуктарынын сакталышы боюнча жакшы

мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү максаттайт.

## 1.5. Калк менен байланышуу, коомдук уюмдар жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү

**Акыйкатчынын калк менен алып барган иш-аракеттери боюнча кыскача маалымат.**

2023-жылы Акыйкатчы тарабынан жеке маселелер менен келген жарандарды кабыл алууга өзгөчө көңүл бурулган. КР Акыйкатчысы Дж. Джаманбаева ар жуманын шаршемби күнү мамлекеттик органдар жана алардын кызмат адамдары тарабынан адамдардын жана жарандардын укуктарынын бузулушу тууралуу жана ар кандай маселелер боюнча жарандарды жеке кабыл алат. Зарыл болгон учурларда, Акыйкатчы күн сайын жеке кабыл алууну жүргүзөт, мисалы, 2023-жылдын 7 ай ичинде Акыйкатчынын жеке кабыл алуусунда жалпысынан 95 жаран болду.

Мындан тышкары, Акыйкатчы КР баардык облустук аймактардын жашоочулары менен жер-жерлерде "Укук кербени" аттуу иш-чаранын алкагында жолугушууларды өткөрдү, аймактагы адам укуктарына байланыштуу орчундуу маселелер менен таанышып келди. Жолугушууларга жалпысынан 2 миңден ашуун адам катышты, жергиликтүү тургундар алардын укуктары бузулгандыгы тууралуу, социалдык - экономикалык укуктар жана милиция, прокуратура, сот системасынын кызматкерлери тарабынан укуктары бузулуп жаткандыгына арызданышты.




Аны менен катар, жер-жерлерде жабык мекемелерге барып, аларда кармалып турган адамдардын укуктары менен таанышып, бир нече мыйзам бузууларды аныктап, аларды жоюу жаатында иштерди жүргүздү.

Көчмө кабылдаманын ар бир кайрылуучусу өз суроолоруна Акыйкатчы менен жолугушуу учурунда эч жакка барбастан жана айрым көйгөйлөрдү жеринде чечүү менен түздөн-түз жооп ала алышкан. Анткени, ар жыйынга тийиштүү мамлекеттик органдардын облустук деңгээлдеги жетекчилери катышты. Иштөөнүн мындай формасынын натыйжалуулугунун көрсөткүчү - жеке кабыл алууда болгон жарандардын 90% суроолоруна токтоосуз түрдө, өз жеринде жооп ала алгандыгы болуп саналат.

**Акыйкатчы Институтунун адам укуктары жаатында өткөргөн иш-чаралары боюнча кыскача маалымат**

Ошону менен катар, Акыйкатчынын тапшырмасы менен адам укуктарынын

бузулушуна жол бербөө жана мыйзамдардагы системалык бузууларды, шайкеш келбөө учурларын аныктоо максатында, Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери тарабынан жалпысынан 2023-жыл ичинде 179 мониторинг, инспектирлөөлөр жүргүзүлгөн.

Жабык мекемелерде, 172 инспектирлөө жана текшерүүлөр жүргүзүлдү, анын ичинен:

- Психиатриялык мекемелерде - 9;
- Карылар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн социалдык стационардык мекемелерде - 6;
- Аялдардын жашы жете элек балдарын түзөтүү колонияларында - 6;
- Балдардын жатак мекемелеринде – 11,
- Ички иштер министрлигинин убактылуу кармоочу жайларында – 25;
- ТИЗОлордо - 80;
- УКМКнын ТИЗОсунда – 11;
- Түзөтүү колонияларында - 24;

Жарандардын айрым категорияларынын укуктарынын сакталышына - 7 мониторинг жүргүзүлдү, анын ичинен:

- мектептердеги рэкетчилик жана зордук-зомбулук маселелери боюнча КР баардык аймактарында мектептердеги 7-11-класстын окуучуларынын арасында укуктарынын сакталышына мониторинг. Сурамжылоону жалпысынан 2155 окуучу толтурган;
- мектептерде ички жана тышкы мигранттардын балдары боюнча мектеп окуучуларынын арасында окуучулардын укуктарынын сакталышы тууралуу мониторинг. Сурамжылоого 502 окуучу катышты;
- коргоо министрлигинин мекемелеринде (республиканын аскер комиссариаттарында жана жыйын пункттарында) чакырылуучулардын жана аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталышы боюнча мониторинг. Сурамжылологo 410 аскерге чакырылыгандар катышты;
- аймактарда этностук кыргыздардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына мониторинг. Сурамжылоого 215 этностук кыргыздар катышты;
- аймактарда башпаанек издеген адамдардын укуктарынын сакталышы боюнча мониторинг;
- кепилденген мамлекеттик юридикалык жардамдын сапатына жана жеткиликтүүлүгүнө мониторинг;
- гемодиализ менен ооругандардын укуктарынын сакталышын көзөмөлдөө боюнча мониторинг.

Аталган мониторингдердин, инспектирлөөлөрдүн жыйынтыктары менен тийиштүү талдоолор жүргүзүлүп, жыйынтыгында компетенттүү мамлекеттик органдар менен иш-чаранын алкагында аныкталган көйгөйлөрдү чечүү жолдору иштелип чыгып, тийиштүү сунуштар берилген, айрымдарынын жыйынтыктары ушул баяндаманын бөлүмдөрүндө чагылдырылгандыгын көрө аласыздар.

Аны менен катар, адам укуктарына байланыштуу орчундуу маселелер боюнча Акыйкатчы Институту коомчулуктун өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, эл аралык уюмдардын катышуусу менен алардын өз ара байланышын жана Акыйкатчы Институтунун коом менен тыгыз кызматташуусун камсыздоо максатында, 2023-жылы мамлекеттик органдардын, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда адам укуктарын коргоо жаатындагы ар кандай багыттар тууралуу 70ке жакын иш-чара өткөрдү, анын ичинен:

- 2023-жылдын 6-8-декабрында Бишкек шаарынын "Бишкек-Парк", "ГУМ - Чынар", "АЮ Гранд" соода борорлорунда Акыйкатчынын маалымат бурчу уюштурулуп, жарандарга адам укуктары боюнча кеп-кеңештер берилди;
- Адам укуктары жөнүндө Жалпы Декларациясын кабыл алынгандыгынын 75-жылдыгына карата жогорку окуу жайларда жана орто мектептерде адам укуктары жөнүндө - 33 лекция окулду;
- Сунуштарды, резолюцияларды кабыл алуу менен 31 тегерек стол, семинар, тренингдер өттү, мисалы:
  - «Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн катышуучулары тарабынан адам укуктарын сактоо жана ден соолугун коргоо» темасында республиканын жеке гемодиализ борборлору тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын мониторингинин жыйынтыктары тууралуу;
  - «Майыптыгы бар адамдар үчүн жогорку билимдин жеткиликтүүлүгү» темасында;
  - «КР Акыйкатчысы жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын долбоору боюнча коомдук угуу;
  - “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” КР Мыйзам долбоору боюнча техникалык консультациялар;
  - Интернат тибиндеги балдар мекемелериндеги балдардын укуктарын камсыз кылуу жөнүндө;
  - «Кастык тили «(онлайн зомбулук) боюнча;
  - «Үй-бүлөдө зордук-зомбулук көрсөткөн адамдар менен иштөөдөгү коррекциялык программаларды өркүндөтүү» тууралуу;
  - Көчүп келген этностук кыргыздардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыгы тууралуу;
  - “Адам укуктары боюнча улуттук диалог” Форуму;
  - КР адам укуктарын коргоо күнүнө карата “Адам укуктарынын сакталышы боюнча Индекси”, ж.б.

### Акыйкатчы Институтунун жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу адам укуктары жаатындагы ишмердүүлүгү боюнча кыскача маалымат


2023-жылы КРнын Акыйкатчы Институтунун басма сөз кызматы тарабынан пресс-релиз, маек, комментарий түрүндө даярдаган КРнын Акыйкатчысы жана жалпы Акыйкатчы Институтунун ишмердигин чагылдырган 2000 ашуун материал Кыргызстандагы жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланды.

Акыйкатчы Институтунун басма сөз кызматынын пресс-релиз, маек, комментарий түрүндө даярдаган расмий маалыматтары 189 болсо, КРнын Акыйкатчысы Дж. Джаманбаева өзү түздөн-түз катышкан 34 видео сюжет, 8 түз эфир, 10 ашуун макала, маектер жарыяланып, анда Акыйкатчы адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы тууралуу коомчулукка кеңири маалымат берди.


Акыйкатчы өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде тиешелүү органдарды жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоого чакырган 1600дөн ашык расмий пресс-релиздер ЖМКларга жарыяланды. КР Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери жалпы 52 түз эфир, видео сюжеттерге, макалаларга комментарий берип, телеберүүлөргө катышып, Институттун ишмердиги, адам укуктарын коргоодо жасалып жаткан иштери тууралуу маалымат беришти.

ЖМКлардын жана КРнын Акыйкатчысынын социалдык тармактарына

Институттун басма сөз кызматы берген расмий маалыматтардын негизинде даярдалган мамлекеттик жана расмий тилдеги 3500дөн ашык материалдар бөлүшүлүп, таркатылды.




.




ЖМКлар Институттун басма сөз кызматы тарабынан даярдалган маалыматтарды бир убакта жана кеңири чагылдырышканынын, журналисттердин биримдиктүү иш алып баруусунун натыйжасында адам укуктары өз учурунда коргоого салым кошууда.


Алардан бир нече мисал келтирелик:

- Ыдык көрсөтүлгөн 9 жаштагы кыздын апасы А. Т. кысымга кабылганын айтып, Акыйкатчыдан көмөк сураган. Аял сотто өзүнүн кызынын укугун коргоого аракет кылып, бирок ага катуу кысым көрсөтүлгөн.

Аргасы кеткен А. Т., Акыйкатчы Дж. Джаманбаеванын жеке кабыл алуусуна келген. Жолугушууда ага ар тараптан кысым көрсөтүп жатышканын, анын негизинде сот процесси создуктурулуп, жети сот процессинин ичинен бешөө өтпөй калганын айткан. Себеби анын секелек кызына ыдык көрсөттү делген айыпталуучуну сотко алып келишкен эмес.

Акыйкатчы Дж. Джаманбаева мамлекеттик органдарды сотто кыздын укуктарын коргоону камсыз кылууга чакырган.

ЖМКга бул пресс-релиздин бир убакытта, текши жарыяланышынын, социалдык тармактардын, онлайн ресурстарда бул материалдын кызуу талкууланышынын, журналисттердин биримдиктүү иш-аракетинин натыйжасында аталган кейс оң чечилди, зордук көрсөткөн кылмышкер 7 жылга эркинен ажыратылды. Ошондой эле 132 миң 166 сом жана 50 миң сом моралдык зыяндын ордун толтурууну милдеттендирди.



ly_o_domogatelstve_k_9_letney_zatiagivaetsia_ee_mama_prosit_pomoshi_y_ombydsmena.html

Суд по делу о домогательстве к 9-летней затягивается. Ее мама просит помощи у омбудсмена

Происшествия 3403 11 августа 2023 15:16 Ксения Тимофеева

Все самое интересное в Telegram

Омбудсмен КР Джамиля Джаманбаева обращается к госорганам, ГСИН и правозащитникам с призывом помочь матери 9-летней девочки, пострадавшей от домогательств, отстоять права дочери. Об этом сообщает секретариат акыйкатчы.

По словам А. Т., мамы 9-летней девочки, которая подверглась домогательству со стороны соседа, она пытается на суде отстоять права своей дочери, но на нее оказывается сильное

- Акыйкатчы Институтуна небере кызынын зордукталганы тууралуу ишти тергөөчүлөр создуктуктуруп жатканын арызданып, Аламүдүн районунун жашоочусу Б. М. кайрылган. Арыз берүүчү билдиргендей, 2021-жылы августта А. аттуу жигит TikTok социалдык тармагына видео тартабыз деп небересин алдап, Башкы прокуратуранын мурдагы имаратына ээрчитип барган жана бир нече ирээт зордуктаган, анын натыйжасында кыз кош бойлуу болуп, 2022-жылы эркек балалуу болгон.

Кыздын чоң атасы 23-ноябрда Биринчи май райондук ички иштер башкармалыгына арыз берип, анын негизинде КРнын Кылмыш кодексинин 161-беренеси менен кылмыш иши козголгон.

Бирок, Биринчи май райондук ички иштер башкармалыгынын тергөөчүсү А. Э. 2022-жылы эле баланын атасы ким экенин аныктай турган ДНК экспертизасы жүргүзүлгөнгө чейин дегенди негиз кылып, ишти кароону токтоткон. Ошол эле маалда ДНК тест бала бир жашка толгондо аткарылышы керек деп дайындаган.


Жабырлануучу тараптын чечимге наразылыгына карабай, кылмыш иши кайра козголгон эмес.

Баланы кыздын чоң энеси багып алган. Зомбулуктан кийин жабыралануучу мектепке бара албай калган.

Кыздын чоң атасы маалымдагандай, бир жыл күткөндөн кийин, тергөөчү талап кылгандай аталыкты аныктай турган ДНК тест Россия Федерециясында жүргүзүлгөн, анын натыйжасында баланын атасы А. экени белгилүү болгон. Буга карабай тергөөчү А. Э. эч негизсиз эле 600 долларга бааланган ДНК тестти Казакстандан өткөрүүнү талап кылган.

Анын негизинде 13 жаштагы кызды зордуктоого шектүү жаран кармалган эмес. Буга байланыштуу Акыйкатчы Институту Биринчи май райондук прокуратурасына кайрылып, Биринчи май райондук ички иштер башкармалыгынын тергөөчүсүнүн аракетине баа берүүнү, ошондой эле анын кошумча ДНК тест жүргүзүү талабынын мыйзамдуулугун текшерүүнү талап кылган.

Бул пресс-релиз ЖМКларда, социалдык тармактарда кызуу талкуу жараткан. Анын негизинде шектүү камакка алынып,соттолгон.





- Акыйкатчы Институту сот органдарын аудио жана видеожаздыруу системаларынын тынымсыз иштөөсүн камсыз кылууга жана бузулган учурларды ыкчам оңдоо зарылдыгына көңүл бурууга чакырганы тууралуу маалымат ЖМКларда, онлайн ресурстарда, социалдык тармактарда кызуу талкуу жараткан.

Институттун сот органдары менен иштөө боюнча бөлүмүнүн кызматкерлери сот процесстерине туруктуу негизде мониторинг жүргүзүп, сот жыйындарын мониторинг кылуу учурунда, процессти аудио же болбосо видеофиксация (АВФ) менен камсыздоодо маселелер бар экени аныктаган жана алардын бузулгандыктан улам сот процесстери аргасыздан башка учурга жылып калып жатканын далилдеген.

“Мындай жагдай процесстин катышуучуларын нааразы кылат. КРнын Кылмыш-процессуалдык-кодексинин 283-беренесине ылайык, анча оор эмес кылмыш, азыраак оор, оор жана өзгөчө оор кылмыштар боюнча соттук териштирүүнүн мөөнөттөрү так регламенттелген.

Мисалы, 2023-жылы 11-августта Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда боло турган процесс АВФ системасы иштебей калгандыктан өткөн эмес. Техникалык бузулуу өз маалында оңдолгон эмес. Бул сотко катышып жаткандарды наарazы кылган.

Бул маалымат ЖМКларга жана сайттарга жарыялангандан кийин журналисттер иликтөө кылышкан.




- Акыйкатчы Дж. Джаманбаеванын Кыргызстандын аймактарын кыдырып, эл менен жолугушкан учурда тергөө абактарынын абалы тууралуу бир катар пресс-релиздер коомдук кызуу талкууну жаратты. Мисалы, Ош шаарына жана Ош областына болгон иш сапарынын маалында № 5 тергөө абагына барган.

Акыйкатчы № 5 тергөө абагынын жетекчилиги менен биргеликте камераларга кирип жана кармалып жаткандар менен алардын укуктары тууралуу сүйлөшкөн. Баардык камералар ным жыттанат, аталган абактын имараты абдан эле эскилиги жетип калган. Камераларды карап чыгышкандан кийин Акыйкатчы жана абактын жетекчилиги бул көйгөйдү талкуулаган.

“Белгилүү болгондой, № 5 тергөө абагынын имараты эски, ал 1890-жылдарда курулган, бул жерде Алымбек датканын уулу Камчыбек камалган”,-деп айтышкан Акыйкатчыга мекеменин кызматкерлери.


Дж. Джаманбаева Министрлер Кабинетин №5 тергөө абагын шаардын чет жагына көчүрүү маселесин чечүүнү ылдамдатууга чакырган.


“Абакта кармалгандардын кармоо шарттары тиешелүү талаптарга жооп бербейт. Бул адам укуктарын бузуу болуп саналат. Мен №5тергөө абагынын шаардын четине салына турган жаңы имаратынын курулушу боюнча ишти тездетүүнү сунуштайм”- Акыйкатчы.

Расмий органдардын берген маалыматына таянсак, бул жабык мекеме

шаардын четине көчүрүшү зарыл болгон объектилердин тизмесине кирген. Азыркы учурда жаңы тергөө изолятору курула турган жерди тандоо маселеси каралып жатканы айтылган.

Басма сөз кызматынын бул маалыматынан кийин Кыргызстандагы алдыңкы ЖМКлар, радиолор (Мисалы: 1.Кыргызстандагы тергөө абактарынын абалы, Марал радиосу https://www.youtube.com/watch?v=IfDB8imvmRw 2. «Дээрлик баары бир кылым мурда салынган». Кыргызстандагы абактардын абалы, Азаттык радиосу https://www.azattyk.org/a/deerlik-baary-bir-kylym-murda-salyngan-kyrgyzstandagy-abaktardyn-abaly-/32732098.html) бир катар макалаларды, видео роликтерди, түз эфирлерди жарыялашып, абактардын абалы талкууланып, бул жаатта адам укуктарын коргоого көңүл бурушту.



- КРнын Акыйкатчысы Дж.Джаманбаева Министрлер Кабинетинин башчысын, Жогорку сотту, Башкы прокурорду мурдагы күйөөсү мыкаачылык менен кулак-мурдун кескилеген аялдын укуктарын сактоону камсыз кылууга жоопкер болгон кызмат адамдарына чара колдонууга чакырган.

Үрөй учурган кылмыш Сокулук районунун Селекция айылында болгон.

“Аял бир нече ирээт укук коргоо органдарына кайрылып жана мурдагы жолдошу зордуктаганы жөнүндө маалымдаган, ал көмөк, коргоо сураган, бирок ошого карабай өтө оор кылмышка айыпталуучуну үч жылдык мөөнөткө пробация колдонуу менен эркиндикке чыгарып жиберишкен. Сот органдарынын, укук коргоо органдарынын жетекчилиги төбө чачты тик тургузган оор кылмышка жол берген кызмат адамдарына карата катаал чараларды токтоосуз кабыл алууга милдеттүү. Аталган органдардын өздөрүнүн аракетсиздиги, кайдыгерлиги менен үрөй учурган кылмышка жол берген ар бир кызматкери жаза алышы керек”,-деп белгилеген анда Акыйкатчы.

24-сентябрда Дж. Джаманбаева ооруканага барып, жабырлануучунун абалы менен таанышып, Акыйкатчы палатада жабырлануучунун бир тууганы менен сүйлөшкөн. “Акыйкатчы Институту жабырлануучуга жана анын балдарына зарыл болгон жардамды көрсөтөт”,- деп билдирген Акыйкатчы.

ЖМКнын жана журналисттердин аталган окуяга көңүл буруусунан улам, бул окуя коомдо чоң резонансты пайда кылды. Өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин деңгээлинде аялдарга карата зомбулукту токтотуу чаралары талкууланды.




- Акыйкатчынын дарегине 84 баланын ата-энелери жана «Ай Кью» ОТКнын директорунун кызыкчылыгын коргоп жаткан жактоочу М. Б. Кубаев жамааттык арыз менен кайрылышкан.


Алар аталган мектептин бүтүрүүчүлөрү аттестаттар өз маалында берилбегени үчүн ЖРТдин жыйынтыктары боюнча өздөрү алгач башында тапшырган жогорку окуу жайларга өтө албай жатканын айтып, даттанышкан.

Билим берүү министрлиги «Ай Кью» ОТКнын лицензиясы жок экенин билдирүү менен 84 бүтүрүүчүгө аттестат берген эмес. Алар орто билим албаган болуп эсептелип жана документ түрүндө билим алышканын тастыктай албай калышкан, буга байланыштуу алар ЖОЖго тапшыруу укугунан ажырашкан. Ошого карабай, бүтүүчүлөр ЖТРдин жыйынтыгы боюнча ЖОЖго документтерин тапшырышкан. Бирок аттестаттын жоктугунан улам, аларды кабыл алышкан эмес.

Бүтүрүүчүлөрдүн ата-энелери Акыйкатчы Институтуна алардын укуктарын коргоо өтүнүчү менен кайрылышкан. Акыйкатчы Институту тез аранын ичинде ББИМне балдардын укуктарын коргоо жана маселени чечүүнү камсыз кылуу талабы менен кайрылган.


“Ай Кью” окутуу-тарбиялоочу комплексинин бүтүрүүчүлөрүнүн кызыкчылыктарын коргош үчүн Акыйкатчы Институту  КРнын ББИМне КРнын ЖОЖна кабыл алуунун мөөнөтүн узартуу жөнүндө кошумча кайрылуу жөнөткөн.

ББИМ кошумча, бешинчи тур жарыялап, бүтүрүүчүлөрдүн укуктары корголгон.




**2023-жылы КРнын Акыйкатчы Институту расмий сайтынын жаңы версиясын  - ombudsman.kg ишке киргизди.**

Расмий сайттын дизайны өзгөртүлдү - ал кабыл алууга жеңил, заманбап жана колдонуучу үчүн баардык ыңгайлуулуктары менен жасалгаланды. Сайтта маалыматтар ирээттүү жана окурмандар үчүн түшүнүктүү болгондой жасалды. Сайттагы маалыматтар үч тилде: кыргыз, англис жана орус тилдеринде жайгаштырылган, ошондой эле, көрүүсү начар адамдар үчүн версия да бар.




Сайт мобилдик түзүмдөргө ыңгайлаштырылган, бул болсо аны колдонуучулар үчүн көбүрөөк ыңгайлуу кылды.

## Карапайым калктын Кыргызстандагы адам укуктарынын сакталышы боюнча билдирген пикири боюнча кыскача маалымат.

Кыргызстанда адам укуктарын сактоо жаатында 2020-2021-жылдары биринчи изилдөө жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтык индикаторлору Акыйкатчы Институтунун өзүнүн ишинде да, ошондой эле Кыргызстандагы бейөкмөт жана эл аралык уюмдар тарабынан дагы кеңири пайдаланылган. 2023-жылдын жыйынтыктары боюнча Акыйкатчы Институту ушундай изилдөөнү кайталап өткөрүүнү демилгелеген. Изилдөөлөрдүн натыйжалары Акыйкатчы Институту тарабынан калктын ишенимин жогорулатуу үчүн калкты өзүнүн иши жөнүндө кабарландыруу жана жарандык коом менен өз ара байланышты жакшыртуу боюнча өзүнүн стратегиясын өркүндөтүү үчүн пайдаланылат.

Жыйынтык - отчет Акыйкатчынын иши, кайрылуу ыкмалары, Акыйкатчы Институтуна карата ишеним деңгээли жөнүндө КР жарандарынын кабардарлуулугунун деңгээлин аныктоонун инструменти болуп саналат, ошондой эле, 2021-жыл менен салыштырмалуу жарандардын укуктарын сактоодо жетишилген өсүштү баалоого мүмкүнчүлүк берет.

Анкетирлөө 2023-жылдын ноябрынан тартып декабрына чейинки мезгилде мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлгөн. Анкетирлөө жөнүндө маалыматтар Акыйкатчынын сайтында жана ЖМК жарыяланган.

2023-жылы изилдөөгө 2 875 киши (2 075 аял жана 797 эркек) катышкан. Аялдардын үлүшү 72%ды, ал эми эркектердики – 28%ды түзгөн. Респонденттердин дээрлик жарымы (48%) 34-55 жаш курактагы топтун өкүлдөрү, ар бир төртүнчү респондент (24%) 25-33 жаш курактагылар, ар бир онунчу респондент (10%) – 18-24 жаш курактагылар болушкан. Анкетирлөөнүн эң жаш катышуучуларынын (14-17 жаштар) үлүшү 2%ды түзгөн, жана ар бир алтынчы катышуучу (16%) 55 жаштан улуулар болгон.

Изилдөөнүн катышуучуларынын арасында Бишкек ш. жашоочуларынын үлүшү (21%) бир кыйла жогору болгон, Чүй облусу (15%), Ысык-Көл (14%), Ош (12%), Баткен (12%), Жалал-Абад (12%) облустарынын жашоочуларынын үлүшү иш жүзүндө бирдей болгон. Ош шаарында респонденттердин 3%, Нарын облусунда – 9%, жана Талас облусунда – 3% жашайт.

**Изилдөөнүн тыянактары**

Кыргызстанда адам укуктарынын сакталышынын динамикасын салыштырып, эки жылдын ичинде адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иштерде бир катар оң өзгөрүүлөр болгону жөнүндө тыянактарга келүүгө мүмкүнчүлүк берет. Атап айтканда, респонденттердин олуттуу бөлүгү КР адам укуктары сакталат деп эсептешет, мында билим алууга, саламаттыкты сактоого жеткиликтүүлүккө тийиштүү конституциялык укуктардын сакталышында, үй-бүлөө курууга жана никедеги тең укуктуулукта, эркин жүрүү, жашап туруу жана жашоочу жерин тандоо эркиндигинде оң жылыштар бар экени байкалат. 2021 жана 2023-жылдар үчүн "КР адам укуктарынын сакталышынын Индексин" изилдөөлөрдүн натыйжаларын салыштыруу төмөнкүдөй тыянактарды жасоого мүмкүнчүлүк берет:

### Конституциялык укуктар

Изилдөөнүн катышуучуларынын көпчүлүгү (70%), Кыргызстанда адам укуктары сакталат деп эсептешет, айтсак, 2021-жыл менен салыштырмалуу буга ишенген респонденттердин үлүшү (2021-жылкы 58%дан 2023-жылы 70%га чейин) кыйла көбөйгөн. Адам укуктары сакталбайт деп эсептеген респонденттердин

үлүшү 13% төмөндөгөн, жана 30% түзгөн, бирок бул көрсөткүч дагы абдан жогору экенин белгилеп кетүү зарыл.

Укуктардын бузулушуна кабылган респонденттердин үлүшү төмөндөгөн (2021-жылдагы 40% 2023-жылы 33% чейин), бирок сурамжылангандардын 33% укук бузулуусуна кабылышканын билдирген.

Өлкөдө адамдын конституциялык укуктарынын сакталышынын оң баалоонун үлүшү 2021 -жылга салыштырмалуу кыйла өскөн, болжол менен жакшыруу жагына 25-30% ишеним жогорулаган, бирок укук бузуулардын бар экендигин ырастаган жарандардын саны дагы арбын экенин эстен чыгарбоо керек жана канааттандыраарлык, сакталбайт деген көрсөткүчтөрдүн үстүнөн комплекстүү иш-аракеттер уланышы керектигин билдиребиз.

| Конституцияда көрсөтүлгөн адам укуктары | конституциялык укуктар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2021 | | | | 2023 | | | |
| | Жак-шы | канаат-к | Сактал-байт | Бил-бейм | Жак-шы | канаат-к | Сактал-байт | Бил-бейм |
| Мыйзам жана сот алдында тең укуктуулук | 23,1 | 34,2 | 33,8 | 8,9 | 33,6 | 42,9 | 14,9 | 8,60% |
| Жашоо укугу, эркиндик, жеке кол тийбестик | 24,4 | 43,1 | 24,1 | 8,4 | 41,6 | 41,6 | 10,1 | 6,70% |
| Кыйноолорго же башка адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазага дуушар болбоого укук | 22 | 35,8 | 29,1 | 13,1 | 32,1 | 43,2 | 13,4 | 11,30% |
| эркин жүрүү, жашаган жерин жана жашаган жерин тандоо укугу | 42,7 | 38,7 | 12,7 | 5,9 | 62 | 29,8 | 4,3 | 3,90% |
| Жеке жашоого, ар-намысты жана кадыр-баркты коргоо укугу | 31,7 | 42,2 | 19,3 | 6,8 | 47,4 | 38 | 9,7 | 4,90% |
| Турак-жайга жана мүлккө кол тийбестик укугу | 36,4 | 40,2 | 16,7 | 6,7 | 52,7 | 34,6 | 7,2 | 5,40% |
| Ой жана пикир эркиндигине укук | 36,7 | 38,3 | 18,9 | 6,1 | 49,7 | 33,8 | 11,8 | 4,70% |
| Абийир жана дин эркиндигине укук | 40,8 | 35,8 | 16,7 | 6,7 | 58 | 31,7 | 6 | 4,40% |
| Маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана жайылтуу укугу | 34,7 | 39,6 | 18,4 | 7,3 | 50,9 | 34,4 | 8,6 | 6,20% |
| Тынч чогулуштарды өткөрүү эркиндигине укук | 35,4 | 37,8 | 20,1 | 6,7 | 49,7 | 33,9 | 10,1 | 6,20% |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Үй-бүлө куруу укугу жана никеде тең укуктуулук | 39,2 | 36,6 | 18,3 | 6 | 58,3 | 30,8 | 6,6 | 4,40% |
| Билим алуу укугу | 37,2 | 35,3 | 22,4 | 5,1 | 65,2 | 26,4 | 5,4 | 3,00% |
| Ден соолукту коргоо укугу | 26,3 | 36,7 | 30,8 | 6,2 | 51 | 35,1 | 9,7 | 4,10% |
| Жашоо жана ден соолук үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө болгон укук | 26,2 | 33,2 | 31,1 | 9,5 | 45,5 | 36 | 13,1 | 5,5 % |

### КР Акыйкатчысынын иши жөнүндө калктын кабардарлуулугу

Сурамжылоонун натыйжалары Акыйкатчы Институтунун иштери жөнүндө кабардарлуулуктун төмөнкү деңгээлин көрсөткөн. Акыйкатчы Институтунун иштери жөнүндө билишкен сурамжылоонун катышуучуларынын үлүшү 2021-жылдагы 36% 2023-жылы 38% чейин жетип, бир аз өскөн. Кабардарсыздык бөлүгүндө тенденция сакталып калууда, мында респонденттердин үчтөн экиси Акыйкатчынын иштери жөнүндө билишпейт.

Ошол эле учурда, укуктары бузулганда Акыйкатчыга кайрылууга даяр респонденттердин үлүшү көбөйгөнү байкалууда (49% жана 69% тиешелүүлүгүнө жараша). Сурамжылоонун 2023-жылдагы натыйжалары респонденттердин Акыйкатчыга кайрылууга боло турган укук бузуулар жөнүндө кабардарлуулук деңгээлдери олуттуу өскөнүн көрсөтүүдө. Сурамжылоонун катышуучулары эркиндигинен ажыратылган жерлердеги укук бузуулар жөнүндө (2023-жылы 73%), балдардын, аялдардын жана үй-бүлөө укуктарын бузуулар жөнүндө (2023-жылы 73%), сот процесстеринин жүрүшүндөгү адам укуктарын бузуулар жөнүндө (2023-жылы 71%) бир кыйла кабардар. Анкетирлөөнүн катышуучуларынын жарымынан бир аз көбүрөөгү (58%), эгерде жарандык-саясий укуктар бузулган учурда, Акыйкатчыга кайрылуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги жөнүндө кабардар. Психиатриалык стационарларда турган пациенттердин укуктарын (49%) жана чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын укуктарын (47%) бузуулар жөнүндө кабардарлуулуктун деңгээли дагы эле төмөн бойдон калууда.

2023-жылы Акыйкатчыга кандай кайрылууга болоорун билишпеген респонденттердин үлүшүнүн төмөндөөсүнө карай оң жылыш болгону белгиленген: 2021-жылдагы 31% 2023-жылы 19% чейин. Акыйкатчыга карата жарандардын кайрылууларынын бардык сунуш кылынган ыкмалары боюнча кабардарлуулуктун үлүшү өскөнү байкалган. Алып айтканда, респонденттердин жарымынан көбү алардын жеке кайрылуу (2023-жылы 56%) мүмкүнчүлүгү жөнүндө жана Акыйкатчыга “ыкчам” линия боюнча (2021-жылдагы 35% тартып 2023-жылы 54% чейин) телефон чалууга болоорун билишерин белгилешкен. Болжолдуу түрдө, респонденттердин бирдей саны (2021-жылдагы 31%, 2023-жылы 46% чейин) интернет-кабылдама аркылуу арыз жиберүү же почта боюнча кат жазуу (2021-жылдагы 30%, 2023-жылы 42% чейин) мүмкүнчүлүгүн билишет.

### Акыйкатчы Институтунун ишин калк тарабынан баалоосу

Респонденттердин баалоосу боюнча эки жыл ичинде, 2021-жылдан тартып 2023-жылга дейре Институттун иштерин оң баалаган респонденттердин үлүшү

27% 2023-жылы 29% чейин көбөйгөн. Ишти канааттандырарлык деп баалаган респонденттердин үлүшү 27% - 33% чейин көбөйгөн, ал эми, канааттандыраарлык эмес деп баалагандардын үлүшү үч эсеге – 18% - 6% чейин төмөндөгөн.

**Адам укуктарынын Жалпы Декларациясынын кабыл алынгандыгы -нын 75 жылдыгына карата Акыйкатчы Институту КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 18-сентябрындагы № 538-р буйругун кабыл алууну демилгелеп, КР адам укуктарын илгерилетүүгө багытталган чаралар бекитилген.**

БУУнун Адам укуктарынын Жалпы Декларациясынын кабыл алынгандыгынын 75 жылдыгынын алкагында Акыйкатчы Институтунун сунушу менен төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды.

2023-жылдын 11-ноябрында Акыйкатчы Институту КР АУКК мүчөлөрүнүн, КР ЖК депутаттарынын, эл аралык уюмдардын жана укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда “Адам укуктары боюнча улуттук диалог” форумун уюштурду. Форумда адам укуктарынын маанилүү аспектилери, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын укуктарынын абалы, жабык мекемелердеги адам укуктары жана экологиялык чөйрөдөгү адам укуктарынын сакталышы каралды. Форумдун жыйынтыгында адам укуктарын коргоо боюнча КР тарабынан кошумча милдеттенмелерди кабыл алуу жөнүндө резолюция кабыл алынды жана аталган резолюция КР Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү. Бул форумдан келип чыккан сунуштар ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктарын коргоого артыкчылык берүү, адам укуктарын сыйлоо үчүн жабык мекемелердеги шарттарды жакшыртуу, экологиянын тазалыгын жана бардык жарандардын ресурстарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн экологиялык аспектилерге активдүү көңүл бурууну камтыйт. Аларды ишке ашыруу өлкөдөгү адам укуктарынын абалын мындан ары жакшыртууга көмөктөшөт.

**Женева шаарында болуп өткөн “Адам укуктары 75” саммитинде КР БУУ туруктуу өкүлү КР төмөндөгү ыктыярдуу милдеттенмелерди алганын жарыялады:**

- Билим берүү демилгелери ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды жана этникалык азчылыктардын өкүлдөрүн кошо алганда, сапаттуу билим алууда бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталган;
- “Жеткиликтүү өлкө” демилгеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын айлана-чөйрөгө жеткиликтүүлүгүн жакшыртууга, жакшы жашоо шарттарын камсыз кылууга жана коомдук турмушка толук кандуу катышууга багытталган;
- Аялдардын укуктарын коргоо боюнча чараларды көрүү эл аралык стандарттарга жана сексуалдык зомбулукка байланышкан кылмыштардын түрлөрүнүн аныктамаларына ылайык зомбулуктун алдын алууну камтыйт;
- Коррупцияга каршы аракеттер мамлекеттик кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууга жана коррупциялык аракеттер үчүн, анын ичинде шайлоо процесстеринде жоопкерчиликти күчөтүүгө багытталган;
- Балдардын укуктарын коргоо - балдар өнүккөн жана корголгондугун сезе турган коопсуз чөйрөнү түзүүнү болжолдойт. Бул үй-бүлөөнү колдоону, физикалык жана психологиялык жазага тыюу салууну, сексуалдык кылмыштар үчүн жазаны катаалдаштырууну жана мигранттардын балдарын колдоону камтыйт.

Жыйынтыгында, Кыргызстан тарабынан адам укуктары чөйрөсүндө кабыл алынган милдеттенмелер адилеттүү, тең укуктуу жана инклюзивдүү коомду түзүүгө

даярдыгын көрсөтөт. Сунуштамалар кабыл алынган милдеттенмелерди андан ары мониторингдөө жана натыйжалуу ишке ашыруу, аракеттердин ачыктыгын камсыз кылуу жана бул демилгелерди ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн коомчулук менен кеңири талкуулоо зарылдыгын камтыйт.

**Адам укуктарынын жалпы декларациясынын кабыл алынгандыгынын 75 жылдыгына карата бир катар мамлекеттик органдар Акыйкатчы Институту сунуштаган төмөндөгү иш-чараларды өткөрдү.**

КР Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин адам укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ченемдик-укуктук актыларды билүүсү боюнча 2975 кызматкердин арасында тестирлөө өткөрүлдү. Жыйынтыгында, 16,9% гана адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндө базалык билимге ээ экендиги аныкталган. Бул жыйынтык адам укуктарынын негиздери боюнча окутууну мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн милдеттүү программаларга интеграциялоонун шашылыш зарылдыгын көрсөтүп турат.

ЭСКММ тарабынан социалдык чөйрөдө адам укуктарын коргоонун бир айлыгынын алкагында жумушсуз аялдарды колдоо максатында бир катар иш-чаралар ийгиликтүү уюштурулду. Өкмөттүк эмес уюмдар жана кесиптик лицейлер менен бирдикте айыл жана шаар жерлериндеги 1500дөн ашык аялдарды камтыган окутуучу тренингдер жана консультациялар өткөрүлдү.

Бишкек Гуманитардык университети маалымат компаниясын өткөрдү. Бул иш-чараны өткөрүү, өзгөчө университеттин социалдык кызматкерлери арасында адам укуктарын сактоонун маанилүүлүгүн баса белгиледи.

КР Юстиция министрлигине караштуу юридикалык жардам кызматы тарабынан уюштурулган акысыз юридикалык жардам он күндүн ичинде жарандарга чоң колдоо көрсөтүлдү. Кайрылган 22 миңден ашуун адам кесиптик юридикалык кеңештерди алышты. Иш-чаранын жүрүшүндө жарандарга юридикалык консультациялар берилип, ошондой эле, ЖОЖдо адам укуктары маселелери боюнча лекцияларды өткөрүүнү камтыган кылдат даярдыктар болгон. Мындан тышкары, мектеп окуучулары арасында «өз Укугуңду бил» аттуу флешмоб жана видео сынак уюштурулду.

КР ББИМ жаштар үчүн адам укуктары жаатында маалымдуулукту жогорулатуу максатында бир катар иш-чараларды өткөрдү. Адам укуктары жана эркиндиктери темасын талкуулоо үчүн мектептерде тренингдер, дискуссиялар, тематикалык оюндар жана ачык сабактар уюштурулду. Кыз-келиндерди мажбурлап никеге туруу жана ала качуу маселесине өзгөчө көңүл бурулду. Кесиптик лицейлер тарабынан 80ден ашык видеороликтер даярдалып, 120дан ашык шилтемелер таркатылды, ошондой эле мектептерде «ишеним телефону» жана «ишеним почтасы» киргизилди.

КР ИИМ академиясына караштуу Окуу борбору тарабынан өткөргөн иш-чаралар жүрушүндө 450 окуучуну камтыган укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана Бишкек шаарынын орто билим берүү мектептеринин окуучулары үчүн окутуучу лекциялар уюштурулду.

Мындан тышкары, Аял милиция кызматкерлеринин ассоциациясы тарабынан даярдалган «Менин укуктарым жана милдеттерим» китепчеси басып чыгарылып, укук коргоо органдарынын квалификациясын жогорулатуу курстары

киргизилди, маалыматтык мыйзам жана укуктук стандарттар жөнүндө билимди кеңейтүүгө умтулгандыгын баса белгилейт.

КР Юстиция министрлигине караштуу ЖАК Окуу борбору тарабынан иштелип чыккан адам укуктары чөйрөсүндөгү окуу программалары боюнча ЖАК кызматкерлери үчүн окуу курстары өткөрүлдү. Бул адам укуктары боюнча курсунан 606 кызматкер (офицерлердин жалпы санынын 32,5%), өткөндүгүн белгилей кетүү маанилүү. Бул жыйынтык жазык-аткаруу тутумунун кызматкерлеринин кыйла бөлүгү адам укуктары жаатында зарыл болгон окутуудан өткөндүгүн жана билим алгандыгын көрсөтүп турат.

Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүнүн алдын алуу боюнча КР Улуттук борбору тарабынан 2023-жылдын 6-декабрында тегерек стол уюштурулуп, анда кыйноолордун жана катаал мамиленин башка түрлөрүнүн алдын алууга байланышкан актуалдуу маселелер талкууланды. Тегерек столдун жыйынтыгы менен кыйноолорду жана катаал мамиленин башка түрлөрүн алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча чараларды жакшыртууга багытталган маанилүү рекомендациялар түзүлдү.

Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан БУУӨП долбоору боюнча тренингдер менен бирге өткөрүлгөн окутуу курсу айлана-чөйрөнү коргоо, климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо жаатында кызматкерлердин компетенттүүлүгүн жана маалымдуулугун жогорулатууда олуттуу кадам болду. Бул иш-чаралар Орхус конвенциясынын принциптерин практикалык өздөштүрүүгө жана өнүгүү стратегияларын жаңы климаттык шарттарга адаптациялоого багытталган.

### 2023-2028-жылдарга КР Акыйкатчы Институтун өнүктүрүү стратегиясы

2002-жылы түзүлгөн учурдан тартып, Акыйкатчы Институту калыптанып, өзүнүн тарыхий миссиясын аткара алды. Бирок, реформанын зарылдыгын негиздеген ички жана тышкы мүнөздөгү бир катар көйгөйлөр да көрүнүп турат. Буга байланыштуу, КР Акыйкатчы Институтун 2023-2028-жылдарга Өнүктүрүү Стратегиясы кабыл алынган. Стратегиянын актуалдуулугу өлкөдө жана дүйнөдө болуп өткөн өзгөрүүлөрдү эске алуу менен андан аркы өнүгүүгө жаңы көз караштын калыптандыруу зарылчылыгында турат. Стратегия Акыйкатчы Институтунун келечектеги образын жана негизги милдеттерге жетишүү боюнча ориентирди аныктоочу милдеттүү документ катары каралууга тийиш.

Стратегия КР эл аралык милдеттенмелерин жана БУУнун келишимдик органдарынын адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү сунуштарын аткаруу үчүн кабыл алынган, анын ичинде:

- Адам укуктарын илгерилетүү жана коргоо менен алектенген Улуттук мекемелердин статусуна тиешелүү принциптер «Париж принциптери» (БУУнун Башкы Ассамблеясынын 48/134 резолюциясына тиркеме 20-декабрь, 1993-жыл);
- Улуттук укук коргоо мекемелери менен парламенттердин өз ара аракеттенүүсү жөнүндө Белград принциптери (Белград, Сербия, 22-23-февраль, 2012-жыл);
- Акыйкатчы Институтун коргоонун жана сыйлоонун венециялык принциптери (Венеция комиссиясы тарабынан 118-пленардык сессияда кабыл алынган (Венеция, 15-16-март, 2019-жыл).

Мындан тышкары, Стратегия КР бир катар чечимдерин жана программалык

документтерин ишке ашырууга багытталган:

- КР Президентинин 2021-жылдын 12-октябрында №435 Жарлыгы менен бекитилген 2026-жылга чейин КР Улуттук өнүктүрүү программасы;
- КР Президентинин 2023-жылдын 31-майындагы №146 Жарлыгы менен бекитилген 2023-2026-жылдарга КР Укуктук саясатынын концепциясы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы;
- КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы №655-т тескемеси менен бекитилген 2022-2024-жылдарга адам укуктары боюнча иш-аракеттер планы;
- башка улуттук стратегиялык документтер;

Стратегия, арыздарды кароону жана укук бузууларды иликтөөнү жакшыртуу, ошондой эле аналитикалык жана проактивдүү ыкмаларды өнүктүрүү сыяктуу институционалдык өзгөртүүлөрдү камтыйт. Акыйкатчынын статусун жана Институттун ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүндүк берүүчү мыйзамдык базаны чыңдоо боюнча милдеттер каралган. КР ЖК, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес субъекттер менен өз ара аракеттенүү, ошондой эле эл аралык кызматташуу, ар кандай деңгээлде адам укуктарын коргоого көмөк көрсөтүү боюнча чаралар көрүлгөн.

Бекитилген милдеттер жеке кайрылууларды кароодон тартып, укук коргоо органдары, коомдук уюмдар жана эл аралык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүгө чейин адам укуктарынын бардык аспектилерин камтыйт. Мындай комплекстүү мамиле жарандардын укуктарын натыйжалуу коргоого жана Акыйкатчы Институтунун стратегиясын толук ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Акыйкатчы Институту укук бузууларга тез чара көрүү жана алдын алуу механизмдерин түзүү аркылуу реактивдүү жана проактивдүү ишмердүүлүгүн күчөтүүнү пландаштырууда. Ошондой эле, ар кандай органдар, анын ичинде парламент, аткаруу бийлик органдары, укук коргоо органдары, коомдук уюмдар, эл аралык өнөктөштөр жана билим берүү мекемелери менен өз ара аракеттенүүнү күчөтүүнү белгилей кетүү зарыл.

Стратегияны ишке ашыруу, жарандардын укуктарын коргоо процессинин жеткиликтүүлүгүн жана айкындуулугун камсыз кылууга, даттанууларды жана кайрылууларды натыйжалуу кароого, сот адилеттигин жана мыйзамдардын сакталышын камсыз кылууга умтулуу болуп саналат. Бул, адам укуктары жана мамлекеттин жарандардын алдындагы милдеттери тууралуу маалымдуулукту жогорулатууну камтыйт.

Акыйкатчы бул процессте негизги ролдо, анткени ал арыздарды кабыл алуу менен гана чектелбестен, аларды бийлик менен диалог аркылуу, сот адилеттигин жана адам укуктарын коргоо боюнча сунуштарды берүү аркылуу чечүүгө умтулат.

### Акыйкатчынын Координациялык кеңешке интеграциясы: ачыктык, жарандардын укуктарын коргоодогу милдеттери жана ролу

Адам укуктары чөйрөсүндө эл аралык милдеттенмелерди ишке ашыруу боюнча мамлекеттик органдардын ишин натыйжалуу координациялоо үчүн, КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 155 токтому менен Адам укуктары боюнча Координациялык кеңеш (мындан ары Кеңеш) түзүлгөн. Акыйкатчы Кеңештин туруктуу мүчөсү катары кирген.

КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-ноябрындагы № 655-р буйругу менен 2022-2024-жылдарга карата “Адам укуктарын коргоо боюнча” иш-

чаралар планы бекитилген.

2023-жылы өз мандатын ишке ашыруунун жүрүшүндө КР Акыйкатчы Институту адам укуктары боюнча иш-аракеттер планынын төмөнкү 9 пунктун толук көлөмдө аткаруу менен (43, 95, 100, 103, 104, 109, 110, 113, 114), адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жана сактоого болгон умтулууну ырастаган.

Акыйкатчы Кеңештин жыйындарына активдүү катышып, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун мамлекеттик механизмдерин өркүндөтүү боюнча сунуштарын берген.

2023-жылы 27-июнундагы Кеңештин отурумунда Акыйкатчы КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрында №675 токтому менен бекитилген, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам деп таануу жөнүндө Жобонун 30-пунктун жокко чыгаруу демилгеси менен чыкты. Демилге колдоого алынып, аталган Жобону кайра карап чыгуу тапшырылды. Учурда аны 2024-жылдын сентябрына чейин бүтүрүү пландаштырылып, тактоо иштери жүрүп жатат.

2023-жылдын 4-октябрындагы Кеңештин отурумунда, Акыйкатчы Институту Кыргызстанга көчүп келген этностук кыргыздардын көйгөйлөрү тууралуу маселени көтөргөн. Бул маселе татаал кырдаалга кабылган этностук кыргыздардын абалын жакшыртууга өбөлгө түзүүчү чечимдерди издөөнү дагы эле талап кылууда.

Акыйкатчы Институту Кеңештин аянтчасын адам укуктарынын жакшырышына алгылыктуу салымын кошчу механизм катары баалайт.

### Акыйкатчы Институту тарабынан Адам укуктары боюнча Кеңештин 2024-жылга иш планына сунуштары

Жыл сайын, Кеңештин мүчөлөрүнүн сунуштарынын негизинде иш-чаралар планы түзүлүп, бекитилет. Кеңеш 2023-жылдын 25-декабрындагы отурумунда 2023-жыл үчүн отчетту жана 2024-жылга Иш планын Акыйкатчы Институтунун сунуштарын киргизүү менен бекитти.

Акыйкатчы Институту Кеңештин 2024-жылга иш планынын долбooруна негизги алты сунуш киргизди:

- БУУнун келишимдик органдарынын сунуштамаларынын жана БУУнун Адам укуктары жаатындагы атайын жол-жоболорунун КР тарабынан аткарылышына квартал сайын мониторинг жүргүзүү;
- Акыйкатчы Институтун 2024-жылдын аягына чейин Париж принциптерине ылайык келтирүү;
- Жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укукка жана тоо экосистемаларындагы климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүүгө байланыштуу маселелерди кароо;
- Мамлекеттик органдардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын биргелешип иштеши үчүн санариптик технологияларды колдонуу менен зомбулуктан жабыр тарткан аялдар менен балдардын укуктарын коргоо системасын киргизүү;
- КР туруктуу өнүгүү максаттарына, анын ичинде таза ичүүчү сууга жалпыга жеткиликтүүлүгүнө карата милдеттенмесин ырастоо;
- БУУнун эл аралык стандарттарын эске алуу менен камакка алуулардын жана алдын алуу чараларынын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн камсыз кылуу боюнча соттук тажрыйбада мыйзамдардын колдонулушун карап чыгуу.

Акыйкатчы адам укуктарынын маанилүү маселелери боюнча чечимдерди

талкуулоого жана кабыл алууга активдүү таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, анын ичинде:

БУУнун келишимдик органдарынын сунуштарын жана БУУнун атайын жол-жоболорун мониторингдөө жана аткарууну камсыз кылуу. Бул өзүнө адам укуктары чөйрөсүндө Кыргызстан тарабынан кабыл алынган эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын контролдоону камтыйт.

Албетте, Институттун көз карандысыздыгын колдогон Париж жана Белград принциптерин сактоо, анын мандатынын кеңейишин жана керектүү инфратүзүмдүн, ошондой эле каржылоонун, анын ичинде мыйзамдык базанын түзүлүшү маанилүү аспекти болуп саналат.

Башка негизги аспектилерге айлана-чөйрөнү коргоо, климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү жана экология маселелери, сот адилеттигин жүзөгө ашыруу, мыйзамдын үстөмдүгүн бекитүү кирет. Артыкчылыктуу багыттардын алкагында адам укуктарын сактоо индексин иштеп чыгуу, эл аралык стандарттарга ылайык мыйзамдарга талдоо жүргүзүү пландаштырылууда.

## 1.6. Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин коргоо жаатындагы КР мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ишмердүүлүк

2023-жыл аралыгында Акыйкатчы Институту мыйзамдарды өркүндөтүүгө көмөктөшүү максатына багытталган ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун алкагында, адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин кепилдиктерин сактоо, аларды коргоо механизмдерин өнүктүрүү ж.б. маселелери боюнча КР мыйзамдарына талдоо жүргүздү.

Акыйкатчы Институту төмөнкү мыйзамдарды жакшыртууга багытталган жумушчу топтордо катышып, иш алып барган:

1) КР Президентинин 2023-жылдын 31-майындагы ПЖ № 146 “КР 2023-2026-жылдарга укуктук саясатынын концепциясын бекитүү туралуу” Жарлыгынын 2-пунктун аткаруу максатында КР ЖК Төрагасынын 2023-жылдын 14-августундагы №46-НИ Жарлыгы менен түзүлгөн жумушчу топко катышып төмөнкү документтерди иштеп чыгууга катышкан:

- Мыйзамдардын сапатын камсыз кылуу, ошондой эле мыйзамдардын натыйжалуулугун баалоо жолу менен күтүлгөн максаттарга жетүү үчүн укуктун колдонушуна мониторинг жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо;

- Укуктук (укук колдонуу) мониторинг жүргүзүүдө мыйзам чыгаруу, сот, аткаруу бийлик органдарынын өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө жобо.

2) КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы «КР медициналык-социалдык экспертиза жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча КР Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу комиссия;

3) КР “Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө” ведомстволор аралык жумушчу топко катышуу;

4) «Маалыматка жетүү чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына («Коммерциялык сыр жөнүндө», «Электрондук башкаруу жөнүндө»,«Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» КР мыйзамдарына, КР Административдик-процесстик кодексине жана КР укук

бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамынын долбоорун жеткире иштеп чыгуу маселеси боюнча жумушчу топко катышуу.

Келип түшкөн мыйзам долбоорлорун жана колдонуудагы ченемдик укуктук актыларды талдоонун жыйынтыгында, мыйзам чыгаруу демилгесинин субъектилерине бир катар сунуштар жана сын-пикирлер даярдалып жөнөтүлдү, алардын ичинде:

1) КРнын “Адамдарды сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө” Мыйзам долбоору;

2) «КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамынын долбоорлору;

3) “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КРнын Мыйзамынын долбоорлору;

4) «КРнын ЖКнин контролдук функцияларын жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө КРнын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КРнын Мыйзамынын долбоору;

5) “Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү КР айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору;

6) “КР укук бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамынын долбоору;

7) КР айрым мыйзам актыларына (КРнын укук бузуулар жөнүндө кодексине, «КРнын Балдардын ден соолугуна, дене тарбиялык, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө» КР мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу КР Мыйзамынын долбоору;

8) «Тышкы миграция жөнүндө» КРнын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу КР Мыйзамынын долбоору;

9) “Маалымат алуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына (“Коммерциялык сыр жөнүндө”, “Электрондук башкаруу жөнүндө”, “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” КР Мыйзамдарына, КР Административдик-процесстик кодексине жана КР Укук бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” КР Мыйзамынын долбоору;

10) “Теңдик укугун камсыз кылуу жана басмырлоодон коргоо жөнүндө” КР Мыйзамынын долбоору;

11) “Аксакалдар соттору жөнүндө” КР Мыйзам долбоору;

12) «КР эл аралык келишимдери жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамынын долбоору;

13) КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги КР Президентинин Администрациясынын 2023-жылдын 16-октябрындагы № 26-8637 тапшырмасына ылайык «КР жарандыгы жөнүндө» КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамынын долбоору.

14) КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси;

15) КР Кылмыш-жаза кодекси.

Акыйкатчы Институту тарабынан КР укуктук ченемдик актыларын адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери жаатындагы стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыздоо багытындагы талдоолордун жыйынтыгында иштелип чыккан сунуштар:

1. Соттук ишке катышкан жактардын мамлекеттик алымды төлөөдөн толук жана жарым-жартылай бошотулууга тийиш категорияларын аныктоо боюнча

сунуш.

КР Конституциясынын 104-беренесине ылайык мыйзамда каралган учурларда, ошондой эле соттук териштирүүгө катышкан жактар аны жүргүзүү үчүн жетиштүү каражатынын жок экендигин далилдеген учурда, сот адилеттиги акысыз жүргүзүлөөрү белгиленген, мындан сырткары КР Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 141-беренесинин 1-1-бөлүгүнө ылайык, эгерде ишке катышып жаткан жактар, мамлекеттик алымды төлөө үчүн жетиштүү каражаттары жок экендигин сотко далилдеп беришсе, алар аны төлөөдөн толук бошотулаары боюнча ченем каралган. Мамлекеттик алымды толук төлөөгө дарамети жетпеген жактар аны жарым-жартылай төлөйт.

Толук жана жарым-жартылай бошотулуучу жактардын категориясы КР Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат – деп каралган. Бирок, толук жана жарым-жартылай бошотулуучу жактардын категориялары учурда аныктала элек.

Ушул Мыйзамдын ченемин аткаруу максатында, КР Акыйкатчысы тарабынан КР Юстиция министрлигинин дарегине тиешелүү кат жөнөткөн, анда соттук ишке катышкан жактардын мамлекеттик алымды төлөөдөн толук жана жарым-жартылай бошотулууга тийиш категорияларын аныктоо боюнча төмөнкүлөр сунушталган.

1) Мамлекеттик алымды төлөөдөн толук бошотууга төмөнкү категория сунушталды:

- ишке катышкан жак, эгерде анын үй-бүлөсүнүн ар бир мүчөсүнүн кирешеси ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген жашоо минимумунан төмөн болсо.

2) Мамлекеттик алымды төлөөдөн жарым-жартылай (бирок 50 пайыздан көп эмес) бошотууга төмөнкү категория сунушталды:

- ишке катышкан адам, эгерде анын үй-бүлөсүнүн ар бир мүчөсүнүн же багууда турган адамдын кирешеси (ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан белгиленген) орточо эмгек акыдан төмөн болуп, бирок жашоо минимумунан жогору болсо.

Көрсөтүлгөн маселени чечүү максатында Министрлер Кабинети тарабынан тийиштүү иш – тобу түзүлүп “Сот органдарына кайрылууда мамлекеттик алым төлөөдөн жарым-жартылай жана толук бошотулууга тийиш болгон жактардын категориясын аныктоо тизмеси жөнүндө” КР Министрлер Кабинетинин токтомдун долбоору иштелип чыккан, бирок ага Акыйкатчы Институту талдоо жүргүзгөндө бир катар ката аныкталып төмөндөгү сунуштар берилген.

а) Жарандарды сот органдарына кайрылууда мамлекеттик алымдан жарым-жартылай бошотуу үчүн алардын ишке жарамсыз багуусундагылардын жана бир гана кирешесин эмес, чыгымдарын дагы эске алынбагандыгын баса белгиленди. Себеби, айрым учурларда адамдын ишке жарамсыз багуусундагылар бар болгондугуна байланыштуу алардын кирешеси чыгымдарынан ашпайт.

Алсак, адамдын эмгек акысы отуз беш миң сом болсо (т.а. орточо айлык эмгек акысынан жогору), ошол эле учурда анын багуусунда беш адам бар болсо ар бирөөсүнүн жашоо минимумун эске алсак эсептелген чыгымдары элүү миң сомдун тегерегин түзөт. Бул себептен ал адамдын сот органдарына кайрылууда мамлекеттик алымдарын төлөөгө мүмкүнчүлүгү жетпей калышы ыктымал. Ошого байланыштуу, жарандын ишке жарамсыз багуусундагылардын ар биринин жашоо минимунун өлчөмүндөгү чыгымдары эске алынышы зарыл, деп сунушталды.

б) Сот органдарына кайрылууда мамлекеттик алымдан жарым-жартылай бошотуу үчүн токтомдун долбоору менен бекитиле турган Тизменин 1-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, “он алты жашка чейинки үч жана андан көп балдары бар”

деп көрсөтүлгөн.

Бирок, КР Жарандык кодексинин 56-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, “жарандын өз аракеттери менен жарандык укукка ээ болуу жана аны жүзөгө ашыруу, өзүнө жарандык милдеттерди алуу жана аларды аткаруу жөндөмдүүлүгү (жарандык аракетке жөндөмдүүлүк) он сегиз жашка толгондо пайда болот”.

Ушуга байланыштуу, аталган Тизменин 1-пунктунун 1-пунктчасындагы “он алты” деген сөздөрдү “он сегиз” деген сөздөргө алмаштыруусу сунушталды.

в) Аталган Тизменин 1-пунктунун 6-пунктчасындагы түзөтүү мекемесинен бошоп чыккан адамдарды мамлекеттик алымдарды төлөөдөн бошотуу туралуу сунуш боюнча бир нече суроолор туулат.

Анткени, биринчиден, адамдын түзөтүү мекемесинен бошоп чыккандан кийин канча мөөнөткө чейин мамлекеттик алымдан жарым-жартылай бошотулаары так көрсөтүлгөн эмес.

Экинчиден, адамдын түзөтүү мекемеден бошоп чыгышы анын жетиштүү каражаты жок экендигин далилдебейт. Анткени алардын катарында каражаттары жетиштүү адамдар да болушу мүмкүн.

г) Аталган Тизменин 3-пунктунун 5-пунктчасы менен үй-бүлөөлүк зордук-зомбулуктан жабыр тарткандар сотко кайрылууда мамлекеттик алымдан толугу менен бошотулушу каралган. Мындай укукту берүүдө жарандык иштердин категориясын ушул Тизменин 1-пунктунун 7-пунктчасында каралган сыяктуу тактоо зарыл экендиги белгиленди.

Анткени, “жарандык иштер боюнча” деген жагдай жарандык иштердин бардык категорияларын камтууга негиз болот. Андыктан, мамлекеттик алымдан бошотула турган арыз үй-бүлөөлүк зордук-зомбулукка тиешеси бар жарандык иштин категориясы болууга тийиш (ажырашууга байланыштуу, мүлктү бөлүштүрүү ж.б. у.с.).

КРнын КЖПнын 132-бер. 1-бөл. ылайык, реабилитациялоо укугу өзүнө мүлктүк зыяндын ордун толтуруу укугун, моралдык залалдын кесепеттерин жоюуну жана эмгектик укуктардын мамлекет тарабынан толук көлөмдө калыбына келтирилишин камтыйт, бирок бул ченем толук кандуу ишке ашпай келет. Бул ченемди толуук кандуу иштешин камсыздоо максатында акталган адамга камакка алуу учурунда алынбаган эмгек кирешелеринин ордун толтурууга болгон укугун сакталышы туралуу сунуштар.

КРнын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 6-бер. 6-пун. ылайык кылмыш-жазык сот өндүрүшүнүн милдеттеринин бири мыйзамсыз айыпталган же соттолгон учурларда күнөөсүздү токтоосуз жана толук реабилитациялоо болуп саналат.

КРнын КЖПнын 132-бер. 1-бөл. ылайык, реабилитациялоо укугу өзүнө мүлктүк зыяндын ордун толтуруу укугун, моралдык залалдын кесепеттерин жоюуну жана эмгектик укуктардын мамлекет тарабынан толук көлөмдө калыбына келтирилишин камтыйт.

Ошондой эле, КРнын КЖПнын 134-бер. 1-бөл. ылайык, реабилитациялаганга мүлктүк зыяндын ордун толтуруу кылмыш куугунтугунун натыйжасында ажыраган эмгек акыны жана башка каражаттардын ордун толтурууну камтыйт. Ошол эле учурда, Кодекстин 136-бер. 1-бөл. ылайык, реабилитациялангандын эмгектик жана башка укуктарын калыбына келтирүү жарандык сот өндүрүшүнүн тартибинде жүргүзүлөт.

Бирок, көп учурларда акталган адамды мажбурлап камакка алуунун бүткүл

мөөнөтү үчүн алынбай калган эмгек акысынын ордун толук толтуруу боюнча мамлекеттин жогоруда белгиленген кепилдиктери жана милдеттенмелери болгондугуна карабастан, укук колдонуу практикасында бул кепилдиктердин ишке ашыруусу олуттуу кыйынчылыктарды жаратат жана аткарылбайт.

Мыйзам менен бекитилген кепилдиктердин мындай практикалык ишке ашырылбагандыгы көптөгөн жарандар камакка алынган мөөнөттө ошол маалда эркиндикте жүрсө, иш жүзүндө канча акча каражат тапкандыгын, документалдык түрдө далилдеп бере албагандыгына байланыштуу болот.

Жарандардын мындай категорияларына лицензиянын (мисалы, адвокат, нотариус ж.б.), патенттин (чач тарачтар, таксисттер ж.б.), жеке ишкердик жөнүндө күбөлүктүн негизинде иштеген адамдарды жана кандайдыр бир эмгек келишимин түзбөстөн ишке жалданган жарандарды (көп учурда эмгек келишими иш берүүчүнүн күнөөсү боюнча түзүлбөйт) киргизсе болот.

Натыйжада, көпчүлүк учурда расмий документалдык ырастоолордун жоктугуна байланыштуу, соттор акталган адамга камакка алуу учурунда алынбаган эмгек кирешелеринин ордун толтуруудан баш тартышат.

Жоголгон кирешенин ордун эмгек акы түрүндө толтуруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу калктын жакыр катмарына жана жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган адамдарга өзгөчө оор таасирин тийгизүүдө. Ошол эле учурда алардын көбүнүн үй-бүлөлөрү жана багуудагы адамдары бар.

СУНУШТАР:

Жарандардын жогоруда белгиленген категорияларынын жана калктын социалдык жактан аярлуу катмарына кирген адамдардын укуктарын коргоону камсыз кылуу максатында КРнын ЖПК 136-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча мыйзам долбоорун демилгелөөнү сунуш кылуу максатка ылайыктуу деп эсептейбиз жана «*эгерде* реабилитацияланган адам камакка алынганга чейин алган өзүнүн эмгек акысынын өлчөмү жөнүндө документалдык ырастоолорду бербесе же болбосо бул мезгилде анын эмгек акысынын өлчөмү орточо айлык эмгек акыдан төмөн болсо, анда ал албаган эмгек акынын ордун толтуруу өлчөмү орточо айлык эмгек акынын өлчөмүнө жараша эсептелүүгө тийиш» деген ченем менен толуктоону сунуштайбыз.

КР КЖПКнын 212-беренесинин 7-бөлүгүндө адам укуктарын бузууга алып келүүчү кемчилик бар экендиги байкалат, анткени ошол ченемге ылайык, тинтүү жана алып коюу сүрөт, видео тартып алууларды пайдалануу менен жүргүзүлөт.

Бул ченем аны чечмелөө үчүн кыйла кеңири укуктук талааны түзөт жана аны колдонуунун таптакыр бирдей эмес жана карама-каршылыктуу практикасына алып келет. Мындай көрүнүштү жоюу максатында тинтүү жана алып коюу тергөө аракеттерин жүргүзүү учурунда адам укуктарын сактоо боюнча сунуштар.

Техникалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу фотоаппарат үзгүлтүксүз эмес, айрым эпизоддук видеофиксацияны гана камсыз кыла алат, андай учурда тыюу салынган предметтерди бейкүнөө адамга алдын ала таштап анан аны алып чыгуу учурунда сүрөткө тартып коюусуна эч ким кепилдик бере албайт.

Ага караганда, видеокамераны колдонуу логикалдуу болуп көрүнөт. Анткени, мында видеожазуу бүткүл издөө процессин, башкача айтканда эң башынан логикалык аягына чейин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүнө шарт түзөт.

Белгилей кетүүчү нерсе, азыркы учурда видео жаздыруучу шаймандарды колдонуу кеңири жайылган жана жеткиликтүү.

Ушуга байланыштуу, тыюу салынган предметтерди бейкүнөө адамга таштап коюу учурларын жокко чыгаруу максатында КР ЖПКнын 212-беренесинин 7-бөлүгүнө «тинтүү жана алып коюу үзгүлтүксүз видео тартууну пайдалануу менен жүргүзүлөт» - деген тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы келип чыгууда.

Бишкек ШИИББнын Тергөө кызматынын башчысы К. Курманалиевдин (Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы А. Адимовдун талабына) жазуу жүзүндөгү жообу менен «Кылмыштуулукка каршы күрөшүүдө илимий-техникалык каражаттарды жана ыкмаларды колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө» КР ИИМинин 2022-жылдын 22-апрелиндеи №320 буйругунун көчүрмөсү тинтүү жүргүзүүнүн жүрүшүндө видеофиксациялоо тартибин регламенттеген документ катары берилген. Бирок, бул документте тинтүү жана алып коюу учурунда видеого тартуу тартиби боюнча эч кандай жол-жоболор жана эч кандай конкреттүү талаптар жазылган эмес.

Тинтүүнү жана алып коюуну видеожазуу менен жүргүзүү деталдуу тартиби ар бир укук коргоо органдары өзүнчө бекитпей бардыгына жалпы бирдиктүү ченемдик укуктук акты менен белгилениши керек. Анткени ушул КРнын ЖПКнын талаптары бардык укук коргоо органдарына бирдей колдонулушу керек жана алардын баарынан бирдиктүү укук колдонуу практикасын камсыз кылуу зарыл.

Ушуга байланыштуу, мыйзам долбоору КР Министрлер Кабинетине:

КР ЖКне КРнын ЖПКнын 212-беренесинин 7-бөлүгүнө тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн мыйзам долбоорун төмөнкү редакциясында иштеп чыгып демилгелөө сунушталган:

«7. Тинтүү жана алып коюу үзгүлтүксүз видео тартууну пайдалануу менен, ал эми зарыл учурларда адистин, котормочунун катышуусу менен жүргүзүлөт.»;

Азыркы учурда жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам долбоору коомдук талкууга чыгарылды.

Андан тышкары, КР Министрлер Кабинетине *бардык укук* коргоо органдарына колдонуш үчүн тинтүү, алып коюу тергөө аракеттерин бүткүл процессин үзгүлтүксүз видеожазуу жүргүзүү тартибин камтыган бирдиктүү ченемдик-укуктук актысын иштеп чыгып өзүнүн токтому менен колдонууга киргизүүсү сунушталат.

Соттолгон адамдын ырайым кылууну сурануууга болгон укугу Акыйкатчынын сунуштамасы менен КР Министрлер Кабинетинин “Түзөтүү мекемелеринин жана пробация органдарынын ишин контролдоо боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы байкоочу комиссиялар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” 2023-жылдын 17 апрелиндеги №205 Токтому менен калыбына келтирилди.

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 24-июнундагы № 335 «КР Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп табуу жөнүндө» токтомунун негизинде 1995-жылдын 6-ноябрындагы № 466-токтому жараксыз деп табылган, ушуга байланыштуу 8 айдан ашык убакыттан бери КРнын Президентинин наамына арыз менен кайрылган соттолгондордун ырайым кылуу өтүнүчтөрүн кароо боюнча КР Байкоочу комиссияларынын иши токтотулган.

КР Конституциясынын 58-беренесинин 2-бөл. каралган соттолгондордун конституциялык укуктарын жана эркиндиктеринин бузулушун четтетүүнүн, калыбына келтирүүнү; КР «Мунапыс берүүнүн жана ырайым кылуунун жалпы принциптери жөнүндө» мыйзамынын 26-беренесинде каралган байкоочу комиссияларынын ишмердүүлүгүн жолго салган тиешелүү ченемдик укуктук

актыларды иштеп чыгууну, кабыл алуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү боюнча Акыйкатчынын сунуштамасы берилген .

Жыйынтыгында, Акыйкатчынын сунуштамасы эске алынып, КР Министрлер Кабинетинин “Түзөтүү мекемелеринин жана пробация органдарынын ишин контролдоо боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы байкоочу комиссиялар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” КР Министрлер Кабинетинин 17.04.23 ж. №205 Токтому кабыл алынып КР Конституциясынын 58-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган ар бир соттолгон адамдын ырайым кылууну суранууга укугу кайта ишке ашырылып башталган.

### Эркиндигинен ажыратылган адамдардын майыптыгын белгилөөгө жана алууга укуктарын чектөөлөрдү жоюу боюнча Акыйкатчынын алып барган иштери.

Мыйзам ченемдеринин иерархиясын шайкеш келтирүүнү жана сактоону камсыз кылуу максатында, КР Акыйкатчысы, КР Башкы прокуратурасынын дарегине, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, КР Конституциясынын жоболоруна жана юридикалык күчү кыйла жогору болгон башка ченемдик-укуктук актыларга карама-каршы келгендиктен, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктун алып салуу зарылдыгы жөнүндө талабы менен, КР Өкмөтүнүн дарегине прокурордук Көңүл буруу актысын киргизүүсүн өтүнгөн. Алсак, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктуна ылайык, медициналык-социалдык эксперттик комиссия (МСЭК) жаза өтөгөн жерлерде жүргөн жарандарга экспертиза жүргүзбөйт. Муну менен бирге, “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын (ДМЧА) укуктары жана кепилдиктери жөнүндө” КР Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жашаган жерине, категорияларына жана майыптыктын топторуна карабастан мамлекет кепилдеген социалдык жөлөк пулдарды, компенсацияларды жана кызматтарды алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ экендигин эске алуу зарыл. ДМЧА социалдык коргоого укугу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан майыптык тобу белгиленген учурдан тартып пайда болот. Акыйкатчынын пикири боюнча, жазасын өтөгөн жерлерде соттолгондор мамлекет кепилдеген социалдык жөлөк пулдарды, компенсацияларды жана кызматтарды алууга мыйзамдуу укугунан ажыратылды, бул жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга каршы келет жана КР Конституциясынын 24-беренесине ылайык басмырлоочу көрүнүштөргө алып келет. Андан кийин КР Башкы прокуратурасы КР Акыйкатчысынын укуктук позициясын колдоду жана 2021-жылдын 16-апрелинде аталган кырдаалды чечүү үчүн, КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктун жокко чыгаруу зарылдыгы жөнүндө талабы менен КР Өкмөтүнүн дарегине ченемдик-укуктук актынын бузулушун жоюу жөнүндө сунуш киргизди.

КР Конституциясынын 23-беренесине ылайык адам укуктары жана эркиндиктери КР жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз иштейт, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин маанисин жана мазмунун аныктайт. КР “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана

кепилдиктери жөнүндө" Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, ДМЧА жашаган жерине, майыптыгынын категорияларына жана топторуна карабастан мамлекет кепилдеген социалдык жөлөк пулдарды, компенсацияларды жана кызматтарды алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ. ДМЧА социалдык коргоого укугу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан майыптык тобу белгиленген учурдан тартып пайда болот.

Буга байланыштуу, КР Акыйкатчы Институту тарабынан КР Министрлер Кабинетинин дарегине КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-декабрындагы №675 токтому менен бекитилген, Жаранды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам деп эсептөө жөнүндө жобонун 30-пунктун жокко чыгаруу жана аталган чөйрөнү жөнгө салуучу жобонун талаптарын өзгөртүүнү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү зарылдыгы жөнүндө Көңүл буруу актысын киргизилген. Маселе көзөмөлдө турат.

**Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорлатуу туралуу сунуш**

Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында КРнын төмөндө көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүлөрдү киргизүү боюнча Акыйкатчынын 2021-жылдык баяндамасында толук чагылдырылган, бирок сунуштар бүгүнкү күнгө чейин аткарылуусуз бойдон калган:

- Укук бузуулар кодексине (КР Акыйкатчысынын, анын орун басарларынын жана Акыйкатчынын Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин ишине тоскоолдук кылуу же кийлигишүү үчүн тиешелүү жоопкерчиликти киргизүү);
- Кылмыш-Жаза кодексине (КР Акыйкатчысынын, анын орун басарларынын жана Акыйкатчынын Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин ишине тоскоолдук кылуу же кийлигишүү, эгерде бул иш-аракет бир жылдын ичинде кайталанып жасалган болсо);
- КР Жазык-аткаруу кодексине (Акыйкатчынын Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлерине түзөтүү мекемелерине кино-, фото- жана видеоаппаратураларын алып өтүү жана аларды атайын уруксатсыз пайдалануусу туралуу);
- Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине (КР Акыйкатчысынын, анын орун басарларынын жана Акыйкатчынын Аппаратынын ыйгарым укуктуу кызматкерлеринин жабык соттук отурумуна катышуу),
- «КР Конституциялык соту жөнүндө» КР Мыйзамына (КР Акыйкатчысынын кызмат ордун КР Конституциясынын экинчи бөлүмүндө баяндалган ченемдерди чечмелөө үчүн КР Конституциялык сотуна кайрылууга укуктуу субъекттердин катарына киргизүү).

Ошого байланыштуу, КР Акыйкатчысынын Институтунун ишмердүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн жогорлатуу максатында КРнын жогоруда көрсөтүлгөн ченемдик укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүлөрдү киргизүүсү КР ЖК сунушталат.

**Адам укугун коргоо жаатындагы КР Конституциясынын, эл аралык талаптарды жана стандарттарды эске алуу менен төмөнкү мыйзам долбоорлорго талдоо жүргүзүлгөн:**

КР айрым мыйзам актыларына («Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» КР мыйзамы жана КР Кылмыш-жаза кодекси) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө «КР мыйзам долбоорун кайра карап чыгуу зарыл деп Акыйкатчы Институту сунуштаган.

Белгиленген мыйзамдын долбоору КР Конституциясына, эл аралык

стандарттарга шайкеш келүүсүн камсыздоо шарт экенин билдирген позициясы.

1. КР айрым мыйзам актыларына (“Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” КР Мыйзамына жана КР КЖКне) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбоорунда, КР аймагында жүзөгө ашырылып жаткан саясий ишке коммерциялык эмес уюмдары (мындан ары - КЭУ) катышуучу болуп саналат, эгерде анын уюштуруу документтеринде көрсөтүлгөн максаттарга жана милдеттерге карабастан, ал мамлекеттик органдардын жүргүзүп жаткан мамлекеттик саясатты өзгөртүүгө же ошол эле максаттарда коомдук пикирди калыптандырууга багытталган чечимдерди кабыл алуусуна таасир этүү максатында саясий акцияларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышса (анын ичинде каржылоо жолу менен).

Сунушталып жаткан формулировкалар бүдөмүк жана так эмес болуп саналат, ушундан улам аларды өзүм билемдик менен чечмелеп колдонулган практика пайда болоору тобокелдигинин жогорку даражасын камтыйт, анткени КЭУ тарабынан кайсы болбосун демилге же сунуш, мисалы, актуалдуу көйгөйлөрдү кандай болбосун талкуулоо же коомдук пикирди сурамжылоосу, демилгеленип жаткан мыйзам долбоорлору боюнча сунуштарды берүүсү, ченемдик-укуктук актынын долбоорлоруна укук коргоо экспертизасын жүргүзүүсү, мамлекеттик саясатты өзгөртүү максатында саясий акцияларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышуу катары кабыл алынышы мүмкүн.

Мыйзам долбоорунун 1-беренесинин 1-пунктунун акыркы сүйлөмүндө илим саясий ишмердүүлүккө тиешеси жок деп айтылат. Бирок, саясат илимий багыт катары таанылган.

Бул жагдай Мыйзам долбоорунун тиешелүү ченемдерин кылдат жеткире иштеп чыгуу зарылдыгын күбөлөндүрөт.

2. Мыйзам долбоорунда мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга коммерциялык эмес уюмдар тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга катышуу үчүн өз өкүлдөрүнө укугун ыйгарып жиберүүсү сунушталат. Бирок, бул учурда каттоо органынын кызматкерлеринин иш-чараларга катышуудагы конкреттүү функциялары каралган эмес, бул болсо бир топ талаш тартышты жаратат. Анткени, каттоо органынын кызматкерлеринин укуктардын жана милдеттердин толук тизмеси жок болсо ал коммерциялык эмес уюм тарабынан өткөрүлгөн иш-чарага катышууга кийлигишип, өзүнүн субъективдүү ой-пикиринин негизинде ар кандай кызматтык ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдаланып жана аша чабышы мүмкүн.

Ошол себептен, Мыйзам долбоорунда бул өкүлдүн ыйгарым укуктарынын жана милдеттеринин конкреттүү толук тизмеси каралып жана ошол өкүлүнүн ыйгарым укуктары коммерциялык эмес уюм тарабынан өткөрүлүүчү иш-чаралардын нормалдуу жүрүшүнө кандайдыр бир кийлигишип таасир этпеши керек, деп эсептейбиз.

Анткени, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 5-беренесинин талаптарына ылайык, мамлекеттик органдардын же кызмат адамдарынын коммерциялык эмес уюмдардын ишине кийлигишүүсүнө жол берилбейт.

3. Мыйзам долбоору менен КР КЖК 200-1-берене менен толуктоосу сунушталып, анын 2-бөлүгүндө «Бирикмелердин, уюмдардын ишине активдүү катышуу» деген квалификациялык белги каралган. Бирок, мыйзам долбоорунда бирикмелердин ишине «пассивдүү», «активдүү эмес» же катышуунун башка түрлөрү эмнени билдирээри жана алар бирикменин ишине «активдүү» катышуудан эмнеси менен конкреттүү айырмаланаары каралган эмес. Бул учурда, болжолдонгон кылмышка катышкандардын кимиси «активдүү эмес» катышуучу болуп эсептелээри жана

1-бөлүк боюнча тартылаары, ал эми, катышуучулардын кимиси «Активдүү» деп эсептелип, КР КЖК 200-1-беренесинин 2-бөлүгү боюнча тартылаары белгисиз бойдон калууда.

Жогорудагы сунуштарды жана сын-пикирлерди эске алуу менен, КР айрым мыйзам актыларына (“Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө” КР Мыйзамына жана КР КЖК) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбоорун, кайра карап чыгуу зарыл деп сунушталган.

### «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» КР мыйзам долбоору боюнча Акыйкатчы Институтунун билдирилген сунуштары.

«Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору ( мыйзам долбоору) менен таанышып чыгып, төмөндөгүлөр сунушталды.

1. Мыйзам долбоорунун 20-беренесинде ЖМК мамлекеттик каттоодон өткөрбөө учурлар каралган, бирок ЖМКнын каттоодон өткөрбөө тууралуу чечимине даттануу укугу каралган эмес, бул даттануунун мөөнөтүн жана тартибин (анын ичинде соттук) аныктоо менен тиешелүү толуктоону талап кылат. Анткени, КР Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, КР катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет.

2. Мыйзам долбоорунун 21-беренесинде Юстиция министрлиги же Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан ЖМКнын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү жараксыз деп таануу учурлары каралган, бул ЖМКнын иш жүзүндө токтотулушуна алып келет. Бул ченем, ушул эле мыйзам долбоорунун 29-беренесинин 1-бөлүгүнүн талаптарына каршы келет, себеби ага ылайык ЖМК иши жеке ээсинин (уюштуруучунун) же соттун чечими боюнча гана убактылуу токтотулушу же такыр токтотулушу мүмкүн. Бул карама-каршылыкты четтетүү үчүн, мыйзам долбоорунун 21-беренесине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү максатка ылайык болуп, Юстиция министрлиги же Санариптик өнүктүрүү министрлиги сотко ЖМКнын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктү жараксыз деп табуу үчүн кайрыла аларына мүмкүнчүлүгүн түзмөк.

3. Мыйзам долбоорунун 28-беренеси боюнча:

1) Мыйзам долбоорунун 28-беренесинин 4-бөлүгүнүн 1-пункту ушул эле берененин биринчи бөлүгүндө каралган доону камсыз кылуу зарылдыгы сот тарабынан ЖМК ишин токтото туруу үчүн негиз боло алат деп карайт.

КР ЖПК 142-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде мындай чараларды көрбөө соттун чечимин аткарууну кыйындатса же мүмкүн эмес кылса, доону камсыз кылууга жол берилет. Эреже катары, жарандык сот өндүрүшүндө доону камсыз кылуу маселелери жоопкердин материалдык абалы жана анын андан аркы төлөө жөндөмдүүлүгү маселелери менен байланышкан. Бирок, бул мыйзам долбоорунда сот тарабынан ЖМКнын ишин токтото туруу соттук чечимди аткарууну кыйындатуу же мүмкүн эместиги көйгөйлөрү менен эч кандай байланышкан эмес. Ошентип, сот тарабынан ЖМКнын ишин токтото туруу үчүн мындай негиз максатка ылайыксыз болуп саналат. Ал эми, «КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 3-беренесине ылайык максатка ылайыктуулук ченем жаратуу ишинин негизги жана милдеттүү принциптеринин бири болуп саналат;

2) Мыйзам долбоорунун 28-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-пункту КР

Конституциясын жана мыйзамдарын бузуу соттун ЖМКнын ишин токтото туруусуна негиз боло алат деп каралган.

Мыйзам долбоорунун бул ченеми «бүдөмүк» жана аныкталбаган мүнөзгө ээ. Мындай жагдайда, укуктук кесепеттерге жана мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликке алып келүүчү ченемдер конкреттештирилүүгө жана толук мүнөздү камтууга тийиш. Анткени, белгилүү болгондой, КР Мыйзам чыгаруу системасы өзүнө бир нече миң ченемдик укуктук актыларды камтыйт. Мына ошондо укук колдонуу практикасында миңдеген ченемдик укуктук актылардын биринде каралган ар кандай формалдуу себептер ЖМКнын ишин токтото туруу учурлары жокко чыгарылбайт.

Бузуулардын конкреттүү толук тизмеси жок болгон учурда жана өлкөнүн бардык ченемдик укуктук актыларына шилтеме жасоо ЖМКнын мыйзам бузуу фактысы катары ЖМКга таандык кызматтык автоунаасы жол кыймыл эрежелерин бузуусуда эсептелишине алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, эреже катары, ар кандай укук бузуу аны жасоонун конкреттүү убактысын, ордун, шарттарын жана жоопкерчиликтин конкреттүү чараларын камтууга тийиш.

Ошентип, мыйзам долбоорунун 28-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишин сот тарабынан токтото туруунун жогоруда аталган негиздерин ашыкча катары алып салууну зарыл деп эсептейбиз.

4. Мыйзам долбоорунун 51-беренесинин 1-бөлүгүндө маалыматты таратууда редакцияны, редакторду, журналистти жоопкерчиликтен бошотуу учурларынын толук тизмеси каралат. Бирок, бул тизме чындыкка дал келбеген маалыматтарды ЖМКда алдын ала жазуусуз обого чыгып жаткан жарандардын сүйлөгөн сөздөрүндө чагылдырылганы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу мүмкүнчүлүгүн караштырбайт.

Белгилей кетчү нерсе, түз эфирдеги телекөрсөтүүнүн жүрүшүндө ЖМК көрсөтүлүп жаткан адамдардын иш-аракеттерин башкара албайт. Ушуга байланыштуу мыйзам долбоорунун 51-беренесин ЖМКда чындыкка ылайык келбеген маалыматтарды тараткандыгы үчүн редакцияны, редакторду, журналистти жоопкерчиликтен бошотуу мүмкүнчүлүгүн караган ченем менен толуктоону сунуштайбыз, эгерде алар алдын-ала жазуусуз обого чыгуучу автордук сөздөрдө болсо.

Ошондой эле, мыйзам долбоорунун 51-беренесинде эл алдында чыгып сүйлөөлөр болушу мүмкүн болгон конкреттүү жерлер көрсөтүлөт. Аларга: комитеттердин, убактылуу комиссиялардын, депутаттык фракциялардын жыйналыштары, КР ЖК жана жергиликтүү кеңештердин пленардык жыйналыштары, курултайлардын, конференциялардын, саясий партиялардын пленумдарынын, коммерциялык эмес уюмдардын делегаттарынын чыгып сүйлөгөн сөздөрү, ошондой эле басма сөз конференцияларын кошо алганда расмий чыгып сүйлөгөн сөздөрү кирет. Бул ченем архаикалык угулат, анткени мамлекет башчысынын, парламент депутаттарынын жана жогорку кызмат адамдарынын соцтармактардын беттериндеги үзгүлтүксүз чыгып сүйлөйт экендигин эске албайт. Эми, Президенттин же парламентарийлердин социалдык тармактардагы өз баракчаларына жарыялаган сөздөрүн сөзмө-сөз кайталаса, ЖМК жоопкерчиликтен бошотулбайт.

Мындай жагдайда, конкреттүү субъектилерди тизмектеп, алардын чыккан жерлерин тактоо менен демилгечи ЖМК жана журналисттердин укуктарын негизсиз кыскартты. Ошентип, мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын же башка коомдук адамдардын, мисалы, диний ишмерлердин эл алдында чыгып сүйлөгөн сөздөрүн таратуу, бул маалымат коомдук кызыкчылыкка ээ болгонуна карабастан, журналисттердин жана редакциялардын жоопкерчилигине алып келиши мүмкүн.

Бул жагдайга ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, Маданият жана маалымат министрлиги КР Президентинин Администрациясына кайрылып жазган катында (04.11.2022-ж. чыг. № 12-2/1347) да көңүл буруп, бул ченемдин конституциялуулугу жок экенин көрсөтүп, ушул берененин редакциясын калтырууну суранган.

Жогоруда аталган сунуштардын негизинде КР Акыйкатчы Институту «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоорун толуктап иштеп чыгууну сунуш кылган.

**“Аксакалдар соттору жөнүндө” КР мыйзам долбоору боюнча Акыйкатчы Институту өз позициясын иштеп чыгып, аталган долбоордогу мүчүлүштүктөр боюнча тийиштүү сунуштар берилген.**

2023-жылы КР Жогорку Кеңешинде каралып жаткан “Аксакалдар соттору жөнүндө” КР Мыйзам долбоору менен Акыйкатчы Институту таанышып төмөндөгү жагдайларга көңүл бурган.

1) Аталган Мыйзам долбоорунун 14-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык аксакалдар сотторунун курамына 50 жаштан жогорку курактагы, кеминде жалпы орто же кесиптик орто билимге ээ, ошол аймакта жашаган, соттуулугу жок, тиешелүү аймактын калкынын арасында сый-урматка жана кадыр-баркка ээ болгон жана башка тиешелүү талаптар коюлган.

КР Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле, КР мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер КР укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат.

1994–жылы КР Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка кошулган. Пакттын 14-беренесине ылайык - «Ар бир адам мыйзамдын негизинде түзүлгөн компетенттүү, көз карандысыз жана калыс сот тарабынан ишти адилеттүү жана ачык териштирүүгө укуктуу».

2007-жылдын 23-августундагы БУУнун Адам укуктары боюнча комитети кабыл алган Жалпы тартиптин №32, эскертүүсүнүн 19-пунктуна (пактты ишке ашыруунун жүрүшүндө катышуучу мамлекеттер жетекчиликке алууга тийиш болгон Пакттын жоболорунун авторитеттүү чечмелөөсү) ылайык, «Соттун компетенттүүлүгүнө, көз карандысыздыгына жана калыстыгына тиешелүү талаптар Пакттын 14-беренесинин 1-пунктунун мааниси боюнча абсолюттук укук болуп саналат, ал эч кандай алынып коюуга жатпайт» деп, белгиленген жана сот кызматына тандалып алынган адамдар жогорку моралдык сапаттарга жана жөндөмдөргө, ошондой эле, укук жаатында тиешелүү даярдыкка жана квалификацияга ээ болушу керек.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети белгилегендей, эгерде мамлекеттер адаттагы укуктарга негизделген сотторду сот функцияларын аткарууга ыйгарым укуктуу орган катары тааныса, мындай соттор маанилүүлүгү аз болгон жарандык иштер менен алектенүүсү абзел.

Мындан тышкары, БУУнун Адам укуктары боюнча комитети 2022-жылдын ноябрындагы Пактты ишке ашыруу жөнүндө КР үчүнчү мезгилдүү баяндамасын карап чыккандан кийин өзүнүн корутундусунда (мында катышуучу-мамлекеттин аксакалдар соттору сот тутумунун бөлүгү эмес жана ыктыярдуу негизде түзүлүүчү шайлануучу жана автономдуу коомдук органдар экендиги жөнүндө бекитүүсүн эске алып), аксакалдар соттору жарандардын ортосундагы талаш-тартыштарды кароо боюнча соттук функцияларды иш жүзүндө аткарып жаткандыгына тынчсыздануусун билдирди. Комитет, ошондой эле аксакалдар сотторунун мүчөлөрү «өздөрүнүн

териштирүүлөрүндө колдоно ала турган юридикалык, анын ичинде адам укуктарын коргоо боюнча билимдерге ээ эмес жана алар иштер боюнча салттуу маданий жана моралдык ченемдердин негизинде чечим кабыл алышат, бул калктын аярлуу топторуна, өзгөчө аялдарга жана балдарга терс таасирин тийгизиши мүмкүн» жана мындай мамиле Кыргызстан тарабынан Пакттын 2, 3 жана 14-беренелери боюнча өз милдеттенмелерин сактоосуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн деп тынчсызданган.

Мыйзам долбоору боюнча жарандык иштер, анын ичинде мүлктүк жана үй-бүлөлүк талаш-тартыштар аксакалдар сотторунун мүчөлөрү, башкача айтканда юридикалык даярдыгы жок адамдар тарабынан каралышы мүмкүн, ушуга байланыштуу улуттук жарандык мыйзамдардын колдонуудагы ченемдери Мыйзамдын үстөмдүгүнүн принциптерин бузуучу, жаңылыш, субъективдүү жана бир жактуу, туура эмес чечмеленишине жана колдонулушуна алып келиши мүмкүн.

Ушуга байланыштуу, эл аралык мыйзамдардын талаптарын сактоону камсыз кылуу жана терс кесепеттердин келип чыгуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу максатында, «Аксакалдар соттору жөнүндө» КР Мыйзам долбоорунун 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2 жана 3-пункттарына талаштуу мүлктүн наркы КР мыйзамдарында белгиленген 100 (жүз) эсептик көрсөткүчтөн ашпоого тийиш деген тактама киргизүүнү сунуштайбыз.

2) Мыйзам долбоордун 4-беренесинин 2-бөлүгүндө “аксакалдар соттору өзүнүн ишинде КР мыйзамдарына каршы келбеген, Кыргызстандын элдеринин тарыхый калыптанган салттарынан жана үрп-адаттарынан келип чыккан моралдык жана адеп-ахлактык ченемдерди жетекчиликке алат”, деп каралган.

Бирок, Мыйзам долбоорунда “моралдык жана адеп-ахлактык” деген терминдерге так жана айкын түшүндүрмө берилген эмес. Бул болсо “КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 11-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарына дал келбейт, ага ылайык ченемдик укуктук актылардын текстинде колдонулган түшүнүктөр жана терминдер бир маанилүү жана түшүнүктүү болушу керек.

Мындай учурда юридикалык квалификациясы жок адамдар ишти кароонун натыйжасында мыйзамдардын үстөмдүк принцибин бузуу менен жарандык мамилелерди жөнгө салган мыйзамдардын ченемдерин жаңылыш, субъективдүү жана бир жактуу туура эмес чечмелеп, колдонушу ыктымал.

Ушуга байланыштуу, мыйзамдардын ченемдерин түшүнүктүү жана бир маанилүү колдонуусун камсыз кылуу жана жогоруда көрсөтүлгөн терс көрүнүштөрдү жоюу максатында, “моралдык” жана “адеп-ахлактык” деген терминдерди так жана айкын чечмелеген түшүндүрмөлөрдү Мыйзам долбооруна киргизүүнү сунуштайбыз.

Жогоруда көрсөтүлгөн сунуштарды эске алуу менен, «Аксакалдар соттору жөнүндө» КР Мыйзам долбоорун кароодо, Акыйкатчы Институту тарабынан белгиленген ченемдерге өзгөчө көңүл буруп, эгер мүмкүн болсо аталган Мыйзам долбоорун демилгелеген жакка кайра иштеп чыгууга жөнөтүүсү ЖК Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана ЖК Регламенти боюнча комитетине сунушталган.

**«КР жарандыгы жөнүндө» КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР мыйзамынын долбоору боюнча Акыйкатчы Институтунун укуктук позициясы.**

КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан жөнөтүлгөн КР

Президентинин Администрациясынын 2023-жылдын 16-октябрындагы № 26-8637 тапшырмасына ылайык, «КР жарандыгы жөнүндө» КР мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» КР Мыйзамынын долбоору (мындан аары – Мыйзам долбоору) менен таанышып чыгып төмөнкү сунуштар берилген.

1) Мыйзам долбooруна ылайык, «КР жарандыгы жөнүндө» Мыйзамынын (мындан ары - мыйзам) 25-беренеси: - "КР Улуттук коопсуздугунун кызыкчылыктарына каршы келген учурда КР жаранына КР жарандыгынан чыгууга жол берилбейт", деген 3–пункту менен толукталышы сунушталат. Бирок, КР жарандыгынан чыгуу кандай учурларда жана кандай жол менен КР Улуттук коопсуздугунун кызыкчылыгына каршы келиши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн жок.

Сунушталып жаткан формулировкалар бүдөмүк жана так эмес болуп саналат, ушундан улам, аларды өзүм билемдик менен чечмелөөнүн жана практикада колдонуунун тобокелдигинин жогорку даражасын камтыйт.

Мындай жагдайда, эгерде улуттук коопсуздугунун кызыкчылыктарына каршы келе турган конкреттүү учурлар көрсөтүлбөсө анда укук колдонуу практикада ар кандай өздөрү ойлоп чыгарган субъективдүү божомолдордун негизинде КРнын жарандыгынан чыгууга тоскоолдуктарды жаратышы толук ыктымал.

Ушуга байланыштуу, Мыйзам долбоорунда КР жарандыгынан чыгуу КР улуттук коопсуздугунун кызыкчылыктарына каршы келе турган конкреттүү критерийлердин толук тизмесин кароо зарыл.

2) Мыйзам долбоору менен аталган Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүн 4-пунктча менен толуктоо сунушталып, ага ылайык КР Президентинин чечими менен КР жарандыгын биринчи жолу алган КР жараны конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүнү жактаса, КР улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген ишти жүзөгө ашырса же чет мамлекеттин аскердик кызматта, укук коргоо органдарында же атайын кызмат органдарында кызмат өтөө турса, КР жарандыгын жоготуусу каралат.

Жогоруда көрсөтүлгөн ченем КР Конституциясынын 51-беренесинин 2-бөлүгүнүн жана Адам укуктарынын Жалпы Декларациясынын 15-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына карама-каршы келет, себеби аларга ылайык бир дагы жаран өзүнүн жарандыгынан ажыратылышы мүмкүн эмес (ал КР Президентинин чечими мененби же туулгандыгынын негизинде КР жарандыгын алгандыгына карабастан). Жарансыздыктын пайда болушун болтурбоо эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциби болуп саналат, ал боюнча жаранды жарандыктан ажыратпоого тийиш, эгерде мындай ажыратуу аны жарандыгы жок адам кылса.

Мындан тышкары, эгерде адам конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүнү жактоого байланышкан жана КР улуттук коопсуздугуна коркунуч туудурган иштерди жасаган үчүн буга чейин кылмыш же башка жоопкерчиликке тартылган болсо, анда ошого кошумча аны КР жарандыгынан ажыратуусу аны кайталап (эки жолу) жоопкерчиликке тартуу катары бааланышы мүмкүн, бул КР Конституциясынын 58-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарын бузуу болуп саналат, ага ылайык эч ким бир эле укук бузгандык үчүн эки жолу юридикалык жоопкерчилик тартпоого тийиш.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, мыйзам долбоорунан «КР жарандыгы жөнүндө» Мыйзамдын 25 жана 26-беренелерине жогоруда көрсөтүлгөн өзгөртүүлөрдү киргизүүсү сунушталат.








## 2.1. Сот отурумдарына жүргүзүлгөн мониторингдердин жыйынтыгы.

КР сот инстанциялары караган иштеринде жарандардын укуктарынын жана эркиндиктеринин корголушуна мүмкүн болушунча толук жана ар тараптуу көмөктү Акыйкатчы Институту көрсөтсө, экинчи чети алардын көз карандысыз экендигин эске алат.

Акыйкатчынын өкүлдөрү өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинен чыкпастан, соттук териштирүүгө мониторинг жүргүзүүдө төмөнкүлөргө көңүл бурушат: тараптардын процессуалдык укуктарынын сакталышына, судьялардын сот адилеттигинин, сот өндүрүшүндө мыйзамдуулуктун, күнөөсүздүк презумпциясынын принциптерин сактоосу, ар тараптуу, толук жана объективдүү изилдөө, соттолуучунун коргонуу укугун, соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугун, сот өндүрүшүнүн тилин камсыз кылуу, мыйзам жана сот алдында бардыгынын теңдиги ошондой эле тараптардын тең укуктарынын сакталышына.

**2023-жылы сот тутумуна болгон жалпы кайрылуулардын саны 1133** (100%) арызды түзгөн. Арызданууучуларга текшерүүнүн жыйынтыктары менен




укуктук кеңеш жана негизделген жооп каттар жөнөтүлгөн.

Түшкөн арыздардын басымдуу бөлүгүн, сот инстанцияларындагы соттук отурумдарга мониторинг жүргүзүү **923** (81,5%) өтүнүч арыз камтыган, ал эми **210** (18,5%) кайрылуу маңызы боюнча каралган.

| Кайрылуулар | 2020 | % | 2021 | 2022 | % | 2023 | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Сот тутумуна Байланыштуу арыздардын жалпы саны | 1237 | 38 | 1922 | 1476 | 37,2 | 1133 | 43,2 |
| Жалпы сандын ичинен, сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү боюнча арыздар | 1077 | 87 | 1460 | 1311 | 88,8 | 923 | 81,4 |

Сот процесстерине мониторинг төмөндөгү соттук инстанциядагы соттордо жүргүзүлгөн.

- Биринчи инстанциядагы сотто – **576** (62%
- Экинчи инстанциядагы сотто – **271** (29%);
- Үчүнчү инстанциядагы сотто - **76** (9%).

Укук тармактары боюнча 923 арыздын ичинен *(сот отурумдарына мони-*

*торинг жүргүзүүдөн):*

- ♦ **513** (55%)- жарандык укуктук мамилелер боюнча;
- ♦ **290** (31%)- жазык иштери боюнча;
- ♦ **120** (14%)- административдик сот өндүрүшү боюнча.

Ал эми, маңызы боюнча 210 кайрылуунун ичинен:

- сот органдарынын аракетине жана аракетсиздигине **64** арыз;
- сот чечимдерине макул болбогон учурлар боюнча **67** кайрылуу;
- сот чечимдеринин аткарылбагандыгы тууралуу **28** кайрылуу;
- ошондой эле **51** арыз түрлүү укуктук тармактагы маселелерди камтыган.

Кайрылуулардан тышкары адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду жүргүзүү менен соттун чечимдерине *(аныктамаларына, өкүмдөрүнө, токтомдоруна*) даттануу мөөнөттөрүн туура жол менен калыбына келтирүү жана мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды ыкчам алуу боюнча консультациялар да берилип жаткандыгын баса белгилейбиз.

Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери тарабынан сот тутумуна байланыштуу түрлүү укуктук маселелер боюнча жалпы **289** оозеки юридикалык кеңештерди берген.

Сот отурумдарына мониторинг жүргүзүү учурунда, мурдагы жылдардагыдай эле жарандардан чоң суроо-талап ошол бойдон калууда.

Соттук териштирүүлөргө өткөрүлгөн мониторингдин жыйынтыгы боюнча 923 арыздан 221 (24%) арыз боюнча ар кандай себептер менен отурумдар кийинки убакытка жылдырылганы аныкталган.

Белгиленген сот отурумдардын, башка күнгө жылдырылгандарынын себептери төмөнкүчө:

- ♦ Күбөлөрдүн келбегендигине байланыштуу – **30** жолу;
- ♦ Тараптардын келбей калышы - **51** жолу;
- ♦ Тараптардын өтүнүчү менен - **1** жолу;
- ♦ Айыпталуучунун келбей калышы - **9** жолу;
- ♦ Жабырлануучунун жоктугуна байланыштуу - **10** жолу;
- ♦ Адвокаттардын келбей калышы – **27** жолу;
- ♦ Судьянын жоктугунан - **29** жолу (ооруп калгандыгы, окууга кеткендиги, тартип комиссиясына катышкандыгы, семинарда болгондугу жана башка себептер боюнча);
- ♦ Прокурордун келбей калышы - **15** жолу;
- ♦ Прокурордун өтүнүчү менен - **1** жолу;
- ♦ Соттук иш материалдары менен таанышуу – **30** жолу;
- ♦ Тараптардын элдешүүсүнө убакыт берүү – **2** жолу;
- ♦ Мамлекеттик органдарынын өкүлдөрүнүн жоктугу - **13** жолу;
- ♦ Тосмо арыздын себебинен **1** жолу;
- ♦ Белгисиз себептер менен **2** жолу.

Соттук териштирүүдө тараптардын процессуалдык укуктарынын бузулушу мониторинг учурунда аныкталса, Акыйкатчы Көңүл буруу актысын келтирет. Ушунун негизинде:

- ♦ КР Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына - **4;**
- ♦ КР Жогорку Сотуна караштуу Сот департаментине -**1**;
- ♦ КР Адвокаттар кеңешине - **1** Көңүл буруу актылары келтирилген.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин сакталышы

туурасында сот отурумдарына жүргүзүлгөн байкоо/мониторинг иштеринин жыйынтыгында, сот тутумунда төмөндөгүчө системдүү бузуулар байкалган.

Акыйкатчынын өкүлдөрү сот отурумдарына мониторинг жүргүзүүдө соттордун ишмердигине болгон байкоо менен гана чектелбейт. Отурумга катышкан жалпы тараптардын процессуалдык укуктарынын сакталышына, прокурор, жеке жана мамлекет тарабынан кепилденген адвокаттардын, мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнүн мыйзамдарды так сактоосуна же алардын аткарылышынын сапаттарына байкоолорду да кошумча жүргүзөт.

1.Сот иштеринин кароо мөөнөттөрүнүн так сакталышын колго алуу зарыл.

**Мисалы:** Маанилүүлүгү аз кылмыш иштери бир айдан кечиктирилбестен, ал эми анча оор эмес, оор же өзгөчө оор кылмыштар жөнүндө иш – 2 айдан 3 айлык мөөнөттө чечилүүгө тийиш.


Бирок, иш жүзүндө процессуалдык кодекстерде каралган мөөнөттөр сакталбай келет. Тескерисинче, сот отурумдары жылдырылып, жылдап созулууда. Айрыкча бул көрүнүш райондук соттордо кездешет. Сот тутуму иштерди кароодо процессуалдык ченемдерди кыйшаюусуз сактоо керек. Жылдап созулуп каралып жаткан сот иштери көп. Мындай жагдайда өзгөчө социалдык аярлуу топтордун өкүлдөрү сот адилеттигине жетүү укуктарынан ажырап жатышат.

**Мисалы:** В.Т. *(жабырлануу*чу) жазык сот иши, Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда бешинчи судья ишти караган. Бул иштин 2023-жылдын ноябрь айына карата *(2020-жылдын 14-майындагы биринчи соттук териштирүү башталгандан бери)* **70** ашык сот отуруму белгиленген;

2. Белгиленген сот отурумдар, өз убактысында каралып башталышы чоң мааниге ээ. Мониторингдин жыйынтыгы боюнча ар бир үчүнчү же төртүнчү сот отуруму 5 мин. бир жарым саатка чейин кеч башталат. Катышуучулар соттун коридорлорунда кошумча убакыт өткөрүүгө аргасыз болушат. Алардын негизги себептери болуп, алдыда болуп жаткан отурумдун кеч бүтүшү же болбосо курамдагы судьялар башка процесстен бошой албай калгандыгы болууда. Ал эми КР Жогорку сотунда кээ бир учурларда курамдын жетишсиздигинен 1 сааттан 3 саатка чейин кеч башталган учурлар кездешет. КР Жогорку сотунун отурумдарына, көпчүлүгү алыскы аймактардан келген тараптар катышкандыктан, алар отурумдун жылдырылышына же кеч башталышына дароо эле каршы болушат.

Процессуалдык мыйзамдардын талабы боюнча, дайындалган убакта төрагалык кылуучу судья соттук отурумду ачат жана кайсы иш териштирүүгө жатаарын жарыялайт (КР КЖПК 312-б. жана  КР ЖПК 162-б. ). Ал эми, кылмыш иштер боюнча, төрагалык кылуучу аудио жана (же) видеожазма каражаттары сот-тук отурумдун жүрүшүн жазып жаткандыгы тууралуу жарыя кылат.







3. Кылмыш-жаза сот залдарын аудио жана видеожазуу аппараттарын толук орнотуу иш чарасын аягына чыгаруу жана аларды үзгүлтүксүз иштетүү өзгөчө зарыл. Анткени, региондордо бул иш аягына чыга элек. Коомчулуктун талаптары

чечилбегендиктен, сот тутумуна карата нааразычылыктар токтобой келет. КР Жогорку сотунун сот залдарына аудио жана видео жазуу аппараттары, белгисиз себептерден, бүгүнкү күнгө чейин орнотулган эмес.

Реформа иштеринин жылдап созулушунан сот системасына болгон элдин пикирлери өзгөрүүсүз калууда *(мындан сырткары техникалык себептер менен* аудио жана видео протокол жазуу бузулган аппараттарды ыкчам оңдоо колго алынган эмес). Орто эсеп менен бир айда 10 чакты жазуу аппараттары оңдоого туш болот.

Азыркы учурда 63 сот кеңсесинин 157 сот залына аудио жана видео жазуу аппараттары орнотулган.




4. Жарандык жана административдик сот залдарын аудио жана видео протокол жазуу аппараттары менен камсыздоо зарыл, КР Жарандык жана Административдик процесстик кодекстерине аудио жана видео протокол жазуу милдеттүү түрдө киргизүү тууралуу мыйзамга өзгөртүү киргизүү зарыл деп эсептейбиз, анткени отурумдар, протоколдор боюнча талаш тартыштарга автоматтык түрдө чекит коюлмак;

Республика боюнча аудио жана видео жазуу аппараттары орнотулган сот залдарынын саны:

- **93**-кылмыш иштери каралуучу сот залдарына;
- **53**-жарандык иштери каралуучу сот залдарына;
- **11**-административдик иштери каралуучу сот залдарына.

5. КР Жогорку сотунун сот залдарын аудио жана видео жазуу аппараттарын толук орнотуу зарыл, анткени, соттук ишке катышкан тараптар, отурумдан кийин аудио жана видео протокол жазууларын сурашканда, залдарда орнотулган камералар кеңседе иштеген кызматкерлердин коопсуздугу үчүн гана орнотулган деген жоопторду алышууда. Башкача айтканда, белгиленген көйгөйлөр жөнөкөй эле анча оор эмес сезилет, бирок, иш жүзүндө сотко катышкан тараптарга чоң мааниге ээ жана зарыл болгон процессуалдык документ болуп эсептелинет.

Процессуалдык кодекстердин талаптары боюнча, ишке катышуучу жактардын жана алардын өкүлдөрүнүн өтүнүчтөрү боюнча, сот тарабынан аудио-видео жазмалардын протоколу берилет, деп көрсөтүлгөн;

6. КР Жогорку сотунун http://sot.kg/ электрондук сайтындагы “сот актыларынын тексттери” көрсөтүлгөн баскычта “сот иштерин жана актыларын издөө” баракчасында мыйзамдуу күчүнө кирген сот актыларын издөөдө, зарыл болгон учурларда “Внимание! Произошла внутренняя ошибка сервера. Приносим свои извинения. Попробуйте зайти к нам через некоторое время”-деген, жооп алууга туура келет. Ушул себептен “сот иштерин жана актыларын издөө” баскычында

болуп жаткан көйгөйлөр ыкчам чечилип туруусун жана анын туруктуу иштешине ар дайым көз салуу өзгөчө зарыл;

7. Судьялардын одоно тартип бузуу жоруктарын жасаганы ачык-айкын, анык жана талашсыз болгонуна карабастан, КР Судьялар Кеңешинин Тартип комиссиясы жана КР Судьялар Кеңеши тарабынан эч кандай чара көрүлбөйт.Тескерисинче, алардын жасаган аракеттерин мыйзамдуу деп тапканы, башка кандайдыр бир формалдуу себептерден улам судьяларды тартиптик жоопкерчиликтен кутултуу үчүн ар кандай айла-амалдары колдонуу менен элдин наразычылыгын жаратканына байланыштуу, “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө «Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы он эки мүчөдөн турат жана төмөнкүлөр түзөт: төрттөн биринен кем эмес судьялардын санынан, Президенттин төрттөн биринен, Жогорку Кеңештин төрттөн биринен жана юридикалык коомчулуктун төрттөн биринен кем эмес өкүлдөрү түзөт.” делинген өзгөртүү киргизүү зарыл.

Анткени, КР Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын жана КР Судьялар кеңешинин мүчөлөрү өздөрү судья катары кесиптештерине карата түшкөн даттанууларды карайт. Бул жагдайда судьялардын бири-бирине кесиптеш, тилектештик мамиледе болуп, кандайдыр бир формалдуу себептерден улам тартиптик жоопкерчиликтен кутултуу үчүн ар кандай айла-амалдарды атайылап колдонушкандай коомчулукка пикир калтырууда;

Башкача айтканда, Судьяларга карата жазылган арыздарды, даттанууларды, иштерди кайра эле алардын кесиптештери судьялар тарабынан каралып жатат. Ошол эле учурда, кызыкчылыктардын кагылуушусу да эске алынган эмес.

Статистикага көңүл бурсак, Судьялар кеңешинин сотторду тартип жоопкерчилике тарткан чечимдери 2021-жылдан тартып кескин азайган. Бул жагдайды КР Башкы прокуратурасынын өкүлү Президентке караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңеште сүйлөгөн сөзүндө белгилеген;

8. Практикада кеңири орун ала баштаган жагдайлардын бир себеби, 2021-жылдын ноябрынан тартып күчүнө кирген «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 28-беренесинде каралган судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү тартиптик жорук жасалган күндөн тартып үч эсеге **(3 жылдан 1 жылга чейин) кыскаруусу болуп саналат.**

Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча кайрылууну Судьялар кеңешинин кароо мөөнөтү 6 айга чейин созулушу мүмкүн. Ошол себептен, жаран Акыйкатчыга, Башкы прокуратурага же башка тиешелүү органдарга кайрылганга чейин, алар Судьялар кеңеши менен бир нече жолу формалдуу кат алышуу менен алектенгиче, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу мөөнөтү өтүп кетүүдө.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, учурдагы мыйзамда судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү үч эсеге кыскаруусу, өтө кыска экенин белгилейбиз.

Ушуга байланыштуу, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтүн, тартиптик жорук жасалган күндөн тартып эки жылга чейин көбөйтүү жолу менен, “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 28-беренесине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат;

9. Соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдеринин аткарылышы боюнча мүчүлүштүктөрдү жоюу зарыл. Соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген чечимдери бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары жана жеке адамдар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

Соттук чечимдерди аткарбоо, талаптагыдай эмес аткаруу же болбосо аткарууга тоскоолдук кылуу мыйзам менен белгиленген коомдук ишке, айып пул салынууга 2 жылдан 3 жылга эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн.

Акыйкатчы Институтунун сот адилеттүүлүгүнө жетишүүдө адам укуктарынын сакталышы боюнча жүргүзгөн ишинин алкагында соттун чечимдерин аткарбоо, талаптагыдай эмес аткаруу же болбосо аткарууга тоскоолдук кылуу боюнча жарандардын укуктарынын бузулушу боюнча мисалдар көп.

**Мисал:** 1939-жылы туулган жаран К. М. турак-жайга болгон укугун коргоп берүүнү сурап, сот актысы көп жылдан бери аткарылбай жаткандыгы тууралуу арыз менен кайрылган. Бишкек ш. Биринчи май райондук соту 2017-жылдын 22-сентябрында арызданууучунун пайдасына 2 821 400 сом өндүрүү чечими чыгарылган (чечим Жогорку соттун актысы менен күчүндө калтырылган). 2023-жылга карата аталган сот актысынын алкагында карыздар болгону 50 000 сом төлөгөн. Карыздардын төлөөгө жөндөмсүздүгү, кыймылдуу/кыймылсыз мүлкүнүн жоктугунан сот актысы аткарылган эмес. Натыйжада жаран К.М. 2013-жылдан тартып ижарага алынган батирлерде күн кечирип келет. Бирок, 10 жылдан бери бардык аракеттер ийгиликсиз бойдон калууда.

**Мисал:** Каракол ш. тургуну С. М. өзүн жана бардык үй-бүлөө мүчөлөрүн аларээлеген батирден мыйзамсыз чыгарылганына байланыштуу даттануусу көп жылдан бери каралууда. Ээлеген батир 1997-жылдагы ордер боюнча С. М. Каракол ш. мэриясы тарабынан анын авариялык абалдагы жер участогунун ордуна берилген. Кийинчерээк, бул батир талашка айланып, 1999-жылдан бери сот иштери жүрүүдө. Соттук териштирүүлөрдүн натыйжасында Ысык-Көл облустук соту 19.09.2008-ж. С.Мге Каракол ш., Кутманалиев көч., 149-үй, 2-кв. дареги боюнча жайгашкан турак-жайдан чыгаруу чечимин чыгарган. Ошол эле учурда, Каракол ш. мэриясы ага башка теңдеш баадагы турак-жай берүүгө милдеттендирилген. Бирок 15 жылдан бери Каракол шаарынын мэриясынын кызмат адамдары тарабынан “мэриянын балансында турак-жай батирлери жок” деген шылтоо менен, Ысык-Көл облустук сотунун С. М. турак-жай берүү боюнча 2008-ж. чечими аткарылбай келет.

КР сот тутуму жана соттук өз алдынча башкаруу органдары алардын дарегине айтылган сын-пикирлерди жана сунуштарды туура кабыл алып, тажрыйбаларды талдап, тиешелүү чечимдерди кабыл алуу менен, айкын иш-аракеттерди көрүшү зарыл. Коомдо сот тутумуна болгон наразычылык же ишеним учурда тенденциясы көңүл бураарлык деңгээлде өзгөрүлө элек.

Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, сот тутумун өркүндөтүү үчүн инновациялык технологияларды колдонуу приоритеттүү багыттардын бири. Прогрессивдүү технологияларды жана эл аралык тажрыйбаны колдонууга негизделген соттордун ишин мындан ары санариптештирүү, акырындап жүргүзүлүп жаткан укуктук саясаттын натыйжалуулугун жогорулатууга кечиктирилгис чараларды көрүү зарылчылыгы турат. Ошондой эле, мамлекеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн күчөтүп, сот бийлигинин ишмердигине калктын канааттануу деңгээлин жана элдин сотторго болгон ишенимин жогорулатуу керек.

## 2.2. Жарандык жана административдик сот иштерин кароодо жарандардын укуктарын камсыз кылуу.

Кылмыш, жарандык жана административдик сот өндүрүштөрүндө сот тутумун реформалоо алкагында, соттук отурумдарды аудио-видеожазуу (мындан

кийин-АВЖ) жигердүү киргизилүүдө. Бул сот отурумдарынын протоколдорун жазууну жеңилдетип, баардык катышуучуларды: судьяларды, прокурорлорду, адвокаттарды жана тараптарды тартипке салат.

АВЖ каражаттары менен соттук териштирүүлөрдү жазып алуу тууралуу көрсөткөн мүмкүнчүлүктөр абдан чоң. Бул отурумдардын протоколдорунун автоматташтырылган түрү гана эмес, даттануу үчүн далил булагы да болуп эсептелинет. АВЖнун аркасында сот адилеттигин видеоконференция байланышы, далилдерди изилдөө, түшүндүрмөлөрдү угуу жана ишке катышкан адамдарды суракка алуу аркылуу алыстан жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү иштелип чыгууда.

Дүйнө жүзүндөгү соттор, соттордун натыйжалуулугун жогорулатуу жана соттук териштирүүнү жүргүзүү үчүн жаңы технологияларды көбүрөөк колдонууда. Мисалы, компьютердик транскрипциядан баштап, серверлер аркылуу жеткиликтүү болгон санариптик аудио тутумдарга жана аудиовизуалдык жазууларга чейин колдонулууда.

Постсоветтик өлкөлөр да АВЖ технологияларын активдүү өздөштүрүүдө. Мисалы, Грузияда ар бир сот отурумунда АВЖ иштейт. Алар электрондук форматта сакталып, тараптарга үч күндө берилет. Бирок, АВЖ жарыялоого жана үчүнчү жактарга берүүгө тыюу салынган.

Россияда арбитраждык соттор технологияларды ишке ашырууда алдыңкы орунду ээлейт. Алардын соттук отурумдары 100% пайыз аудио жазуу менен камтылган. Системанын аркасында алар процесстин катышуучуларына аудио протоколдорго аралыктан кирүү мүмкүнчүлүгүн камсыздаган, ошондой эле, электрондук соттук отурумдарды толук өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Мындан тышкары, Россиянын Судьялар кеңеши сот отурумдарынын бардык аудио протоколдорун атайын булутта сактоо чечимин кабыл алып, процесстин катышуучуларына алардын жайгашкан жерине карабастан аудио протокол менен таанышууга мүмкүнчүлүктү түзүп берген. Ал эми, РФ Жогорку Сотунун Пленуму соттук отурумдарда аудио жазууну өчүрүүгө тыюу салган.

Коңшу Казакстанда сот процесстерине АВЖ системасы киргизилген. Алар сот процесстердин жазуусун токтотуп же өзгөртүп-түзөтө албайт. Бул сот отурумдарын жазууга байланыштуу даттануулардын санын бир кыйла кыскартууга мүмкүнчүлүк түзгөн.

Жалпысынан, эл аралык практика көрсөткөндөй, АВЖ системалары сот залдарында сылык жана тартиптүү жүрүм-турумга өбөлгө түзүп, өз кезегинде соттук процесстердин катышуучуларынын канааттануусун жакшыртууга көмөк болгон.

Бул жазуулар сот отурумдарындагы судьялардын жана катышуучулардын туура эмес жүрүм-туруму далилдеринин болушунун кепилдиги боло тургандыгын белгилей кетүү маанилүү. АВЖ жазуулары көзөмөлдү күчөтүүгө мүмкүндүк берип, процедуралык кыянаттыктарды алдын алат жана коррупцияны азайтат.

Сот жыйналышынын протоколу негизги процессуалдык документтердин бири болуп саналат. Анда сот процессинде жасалган бардык процессуалдык аракеттер чагылдырылган.

КР кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө сот отурумунун жүрүшү АВЖ жазууну колдонуу менен жүргүзүлөт. Эгерде, иштин жүрүшүндө аудио жана видеожазуулар колдонулса анда, сот жыйналышынын катчысы жазуу жүзүндө кыскача гана протокол түзөт. Иштин материалдарына АВЖ соттук отурумдун кыскача протоколун камтыган материалдык алып жүрүүчү ишке тиркелет. Ишке катышуучу адамдардын жана алардын өкүлдөрүнүн арызы боюнча сот аудио, видеожазуунун көчүрмөсүн


же сот жыйналышынын кыскача протоколун берет.

Азыркы учурда 63 сот кеңсесинин 157 сот залына АВЖ аппараттары ишке киргизилген. Республика боюнча АВЖ жазуу аппараттары орнотулган сот залдары боюнча маалымат:

- **93**-кылмыш иштери өтүүчү сот залдарына;
- **53**-жарандык иштери өтүүчү сот залдарына;
- **11**-административдик иштери өтүүчү сот залдарына.

Ал эми **24** жергиликтүү сот залдарына АВЖ аппараттарын орнотуу ишке ашырылууда (КР Жогорку сотунан тышкары).

Эгерде кылмыш-жаза сот өндүрүшү боюнча сот отурумунун жүрүшүн АВЖ аркылуу жазуунун милдеттүү эрежеси болсо, анда жарандык жана административдик сот өндүрүшү боюнча ушундай эле талап процессуалдык мыйзамдарда белгиленген эмес. Тактап айтканда, КР ЖПК жана АПК жарандык жана административдик соттук иштерди кароодо АВЖ колдонуу жөнгө салынбагандыгы менен шартталган. Натыйжада, иштеген жабдуулар болгондо да, ар бир конкреттүү учурда АВЖ колдонуу маселеси соттун кароосунда кала берет. Бул жагдай, соттук отурумдардын АВЖ бардык техникалык мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланууга таасир этүүчү, аны колдонууну чектөөчү олуттуу фактор бойдон калууда.




**Мисалы:** Т.М.нын арызын кароодо сот процессинин *(жарандык сот өндүрүшүндө)* АВЖ материалдарын берүү өтүнүчү менен КР Жогорку сотуна кат жөнөтүлгөн. Бирок КР Жогорку сотунун төрагасынын 2016-жылдын 22-декабрындагы N213 буйругуна таянуу менен соттук териштирүүнүн АВЖ материалдарын берүүдөн баш тарткан. Ушул буйруктун 5-пунктунда КР Жогорку сотунун имаратында АВЖ системасы соттук териштирүүгө катышуучулардын коопсуздугу үчүн гана иштей тургандыгы белгиленген. Мындай жагдай процесстин катышуучуларын нааразы кылат.

КР сот бийлигинин эң жогорку органы болуп саналган КР Жогорку сотунун сот залдарына АВЖ аппараттары, белгисиз себептерден, бүгүнкү күнгө чейин орнотулган эмес.

Ал эми, Акыйкатчы Институтунун ишмердигинде, кылмыш сот отурумдарына байкоо жүргүзүүсүндө сот залдарында орнотулган АВЖ каражаттары иштебей да калган учурлар кездешет.

**Мисалы**, 2023-жылы 11-августта Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунда боло турган процесс АВЖ системасы иштебей калгандыктан өткөн эмес. Техникалык бузулуу өз маалында оңдолбой, сотко катышып жаткандарды нааразы кылган.

АВЖ системасы өз маалында техникалык тейлөө көрсөтө албаганы кылмыш иштерин мыйзамда белгиленген мөөнөттө кароого тоскоол болгон.

Колдонуудагы процессуалдык мыйзамдардын - КР КЖПК, ЖПК, АПК өз ара байланышкан жоболорунун маанисинен, соттук отурумдардын жүрүшүн жазуунун каражаты катары АВЖ сот процесинин протоколу катары пайдалануу жазык сот өндүрүшүндө гана белгиленген. Жарандык жана административдик сот өндүрүшү үчүн АВЖ сот отурумунун жүрүшүн эсепке алуунун негизги каражаты болуп саналбайт. Ошондуктан, АВЖ колдонуу соттун укугу болуп, соттун гана кароосу боюнча колдонулушу мүмкүн.

КРнын биринчи кезектеги милдети жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук коргонуунун сапатын жогорулатуу, укуктук жана адилеттүү мамлекет куруу болуп саналат. Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, сот тутумун өркүндөтүү үчүн инновациялык технологияларды колдонуу приоритеттүү багыттардын бири. Прогрессивдүү технологияларды жана эл аралык тажрыйбаны колдонууга негизделген соттордун ишин мындан ары санариптештирүү, акырындап жүргүзүлүп жаткан укуктук саясаттын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшөт. Ошондой эле, мамлекеттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн күчөтүп, сот бийлигинин ишмердигине калктын канааттануу деңгээлин жана элдин сотторго болгон ишенимин жогорулатат.

АВЖ ишке ашырууда жана колдонууда укуктук жөнгө салуунун жеткиликтүү эместиги сот системасын санариптик трансформациялоодо тоскоолдук катары каралууга тийиш, бул мамлекеттин сот адилеттигине жетүүнү жакшыртуу жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин натыйжалуу коргоо боюнча аракеттерине тоскоолдук кылат.

Соттук отурумдарда АВЖ системаларын колдонуу жаатында мыйзамдарды жана эл аралык тажрыйбаны талдоонун негизинде КР ЖПК жана АПК сот өндүрүштөрүндө АВЖ (аудио-видео протоколу) каражаттары менен соттук териштирүүлөрдү жазып алуу жаңы беренелерди киргизүү бул учурдун талабы. Өзгөрүү КР Конституциясынын 58-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт.

Бул мыйзамдын долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдары талапка ылайык макулдашылат.

КР Конституциясынын 85-беренесинин 3-бөлүкчөсүнө ылайык, мыйзам чыгаруу демилге укугу, КР ЖК депутаттарына таандык. Ушуга байланыштуу, КР ЖПК жана АПКга КР Мыйзамдарына зарыл болгон өзгөртүүлөрдү демилгелөө жөнүндө маселени кароону КР ЖК сунуштоо максатка ылайык келет.

## СУНУШТАР:

**КР Жогорку Кеңешине:**

- Жарандык жана административдик сот өндүрүштөрүндө аудио-видео каражаттарынын милдеттүү колдонулушу боюнча КР ЖПК 233-1 беренеси АВЖ (аудио-видео протоколу) каражаттары менен соттук териштирүүлөрдү жазып алуу" жана КР АПК жаңы "200-1 беренеси АВЖ (аудио-видео протоколу) каражаттары менен соттук териштирүүлөрдү жазып алуу" – аталышта жаңы беренелерди толуктоо.

**КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине:**

- Республика боюнча сот залдарын АВЖ системасы менен жабдуу процессин тездетүү тууралуу токтоосуз чараларды көрүү;
- АВЖ менен камсыздалган сот залдарын, техникалык бузулуулар же мүчүлүштүктөр болбошу үчүн зарыл чараларды алдын ала колдонуу.

## 2.3. “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР мыйзамын өркүндөтүү зарылчылыгы.

1. Акыйкатчыга кайрылган жарандар сот бийлик бутагына өзгөчө ишенбөөчүлүгүн көрсөтүү менен, судьялардын адилеттигине, калыстыгана ынанбаган соң, жарандар Акыйкатчынын өкүлүн сотко жөнөтүү өтүнүчтөрү менен кайрылууга аргасыз.

Акыйкатчынын өкүлдөрү өздөрүнүн кызматтык ыйгарым укуктарынын чегинен чыкпастан, соттук териштирүүгө мониторинг жүргүзүүдө төмөнкүлөргө көңүл бурушат: тараптардын процессуалдык укуктарынын сакталышына, судьялардын сот адилеттигинин, сот өндүрүшүндө мыйзамдуулуктун, күнөөсүздүк презумпциясынын принциптерин сактоосу, ар тараптуу, толук жана объективдүү изилдөө, соттолуучунун коргонуу укугун, соттук териштирүүнүн ачык-айкындуулугун, сот өндүрүшүнүн тилин камсыз кылуу, мыйзам жана сот алдында бардыгынын теңдиги ошондой эле тараптардын тең укуктарынын сакталышына.

Акыйкатчынын өкүлдөрү катышкан сот отурумдар боюнча соттук практиканын талдоосу, сот адилеттүүлүгүн жүргүзүүдөгү олуттуу кемчиликтер жөнүндө тыянак чыгарууга негиз берет. Ал эми, сот отурумдарындагы Акыйкатчынын өкүлдөрү судьялар тарабынан аныкталган мыйзам бузуулардын жыйынтыгын Акыйкатчы өзүнүн Көңүл буруу актысын КР Судьялар кеңешинин жана анын курамындагы Тартип комиссиясынын кароосуна сунуштайт. Бирок, алардын иштеринде дагы кемчиликтер байкалууда, бул бир жагынан ишти талаптагыдай аткарбаганы болсо, экинчи жагынан ушул чөйрөдөгү укуктук мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдардагы акыркы жылдардагы туура эмес айрым өзгөртүүлөрдүн кесепетинен келип чыгууда.

2022 жана 2023-жылдары КР Акыйкатчы Институтунун ишмердигинин натыйжасында, судьялар тарабынан аныкталган мыйзам бузуулар боюнча Акыйкатчы өзүнүн Көңүл буруу актысына КР Судьялар кеңешинен жана Тартип комиссиясынан алган карама-каршы жоопторун төмөндөгү мисалдар менен көрсөтөт:

**№1 мисал:** КР Акыйкатчысы тарабынан Бишкек ш. Свердлов райондук сотунун судьясы А. К. К. карата КР Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 19-мартындагы № 22-р чечиминин талаптарын аткарбаганы жана КР КЖПК 441-беренесинин 5-бөлүгүнүн талаптарын бузганы боюнча Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө сунуштама киргизилген. Көрсөтүлгөн сунуштамага 3 айдан кийин Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын төрагасы Б. Ж. Акматов судья А. К. К. тартип бузуу жоруктарын жасаганынын далилдерин келтирилбегенин шылтоолоп маани-маңызы боюнча кароосуз артка кайтарган.

Акыйкатчы Институту Судьялар кеңешинин дарегине экинчи ирээт кайталап ошол эле сунуштаманы жөнөткөндө, «КР судьяларынын статусу жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 1, 2-пункттарында каралган тартиптик жоруктун курамы бар экенин тастыктап, бирок ал тартиптик жоруктун эскирүү мөөнөтү (бир жыл) өтүп кеткенине байланыштуу судья А. К. К. тартиптик чарага тартылган эмес.

**№2 мисал:** Акыйкатчы тарабынан Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын дарегине Бишкек шаардык сотунун судьялары Т.Н. Аккозуевди, З. Алгожоевди жана Н. К. Чериковду тартиптик жорук жасаганы үчүн тартиптик

жоопкерчиликке тартуу боюнча сунуштама келтирген.

Бирок, Акыйкатчынын бул кайрылуусу Судьялар кеңешинде катталгандан кийин, 1 жыл 3 айдан ашык убакыт өткөн соң гана, Судьялар кеңеши тарабынан 2022-жылдын 30-сентябрында Бишкек ш. сотунун судьяларынын аракеттеринде тартиптик жоруктун жасалганы тастыкталганына карабастан, анын бир жылдык эскирүү мөөнөтүн өтүп кеткенине байланыштуу, тартиптик жаза чараларын колдонуудан бошотушкан.

Иш жүзүндө кеңири орун ала баштаган мындай жагдайлардын бир себеби - 2021- жылдын ноябрынан тартып күчүнө кирген «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 28-беренесинде каралган, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү, тартиптик жорук жасалган күндөн тартып үч эсеге (3 жылдан 1 жылга чейин) кыскаруусу болуп саналат.

Белгилей кетсек, 2021-жылы «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзам кабыл алынганга чейин, ошол мыйзамдын долбооруна даярдалган негиздеме маалымкатында тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү эмне үчүн үч эсе кыскарылып жатканы тууралуу *(бул маселе юридикалык ма*анилүү өзгөрүү болуп эсептелгенине карабастан) эч кандай жүйөөлүү себептер менен негизделген эмес, бул жагдай «КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын талаптарын одоно бузуу болуп саналат. «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамынын долбоору Жогорку соту тарабынан иштелип чыккан жана демилгеленген, аны менен судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү үч эсе кыскарылышын сунуштаганына карата, судьялар өздөрүн тартиптик жоопкерчиликтен кутулуунун жолу катары пикир жаратат.

«Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР Мыйзамынын 28-беренесине ылайык, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу боюнча кайрылуусуну Судьялар кеңешинин кароо мөөнөтү 6 айга чейин созулушу мүмкүн, ошол себептен жаран Акыйкатчыга, Башкы прокуратурага же башка тиешелүү органдарга кайрылганга чейин, алар Судьялар кеңеши менен бир нече жолу формалдуу кат алышуу менен алектенгиче, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу мөөнөтү өтүп кетүүдө.

Белгилей кетсек, Россия Федерациясынын («Россия Федерациясындагы судьялардын статусу жөнүндө» РФ Мыйзамынын 12.1-беренесинин 6-бөлүгү) жана Казакстан Республикасынын («Казакстан Республикасынын сот системасы жана судьяларынын статусу жөнүндө» Казакстан Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 42-беренесинин 1-бөлүгү) мыйзамдарына ылайык, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтү да тартиптик жорук жасалган күндөн тартып эки жылды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинине 2019-жылдан тартып 2024-жылга чейин түшкөн кайрылуулар жана артка кайтарылган арыздар боюнча түзүлгөн таблица:

| Кайрылуулардын жылдары | Жалпы кайрылуулардын саны | Жек жана юридикалык жактан түшкөн кайрылуулардын саны | Артка кайтарылган арыздардын саны |
|---|---|---|---|
| 2019-жылы | 830 | 779 | 509 |
| 2020-жылы | 745 | 687 | 500 |
| 2021-жылы | 744 | 704 | 711 |
| 2022-жылы | 563 | 474 | 496 |
| 2023-жылы | 760 | 646 | 650 |

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, учурдагы мыйзамда судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтүн үч эсеге кыскаруусу, өтө кыска экенин белгилейбиз.

Ушуга байланыштуу, судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуунун эскирүү мөөнөтүн тартиптик жорук жасалган күндөн тартып эки жылга чейин көбөйтүү жолу менен, "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" КР Мыйзамынын 28-беренесине "Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу мөөнөттөрү. Кызматтык иликтөө жүргүзүлгөн, Судьялар кеңеши тарабынан кайрылуу каралган же судья жүйөөлүү себептер боюнча ишке келбеген убакытты эсептебегенде, судья кайрылуу катталган күндөн тартып алты айдан кечиктирбестен, бирок тартиптик жорук жасалган күндөн тартып эки жылдан кечиктирбестен, тартиптик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн" деген өзгөртүү киргизүү сунушталат.

2. 2017-жылдын 28-июл № 147 санындагы "Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мурунку (күчүн жоготкон) мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүкчөсүндө "Тартип комиссиясы 9 мүчөдөн турат жана Президент, Жогорку Кеңеш жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши тарабынан тиешелүүлүгүнө жараша, комиссия курамынын үчтөн бир бөлүгү түзүлөт. Президент, Жогорку Кеңеш жана Судьялар кеңеши гендердик өкүлчүлүктүн талаптарын эске алуу менен Тартип комиссиясынын 3төн мүчөсүн сунуштайт" деп көрсөтүлгөн.

Ал эми 2021-жылдын 15-ноябрь № 139 санындагы «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы күчүнө киргенден тартып судьялар кеңешинин тартип комиссиясы тогуз мүчөдөн турат жана Судьялар кеңеши тарабынан анын мүчөлөрүнүн ичинен түзүлө тургандыгы аныкталып, бул мыйзамдын 10-беренесинде "Судьялар кеңеши судьялардын курултайы тарабынан курултайга катышкан судьялардын санынын көпчүлүк добушу менен шайланат. Судьялар кеңеши бир жыныстагы адамдардын жетимиш пайыздан ашпаган региондук жана гендердик өкүлчүлүгүн эсепке алуу менен, судьялар коомдоштугунун мүчөлөрүнүн ичинен, үч жылдык мөөнөткө шайлануучу 15 мүчөдөн турган курамда түзүлөт" деп көрсөтүлгөн.

Сот ишинде кызыкчылыктардын кагылышуусун болтурбоо теориясы жана практикасы учурда жүргүзүлүп жаткан сот системасынын институционалдык реформалары менен шартталган. Судьянын ишмердүүлүгүндө, каралып жаткан чыр-чатактар процесстик да, процессуалдык эмес да учурларда кызыкчылыктардын кагылышуусу келип чыгышы мүмкүн. Ар кандай кырдаалды жоюу үчүн чараларды

көрүү милдети кызматтык жана кызматтык эмес иштердеги кызыкчылыктардын кагылышуусу судьянын калыстыгынын жана объективдүүлүгүнүн кепилдиги болуп саналат.

Ал эми, “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын негизинде КР Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын жана КР Судьялар кеңешинин мүчөлөрү өздөрү судья катары кесиптештерине-судьяларга карата түшкөн даттанууларды карайт. Бул жагдайда судьялардын бири-бирине кесиптештик тилектештик мамиледе болуп, кандайдыр бир формалдуу себептерден улам тартиптик жоопкерчиликтен кутулуу үчүн ар кандай айла-амалдарды атайылап колдонушкандай коомчулукта пикир жаратkан.

Статистиканын көрсөткүчтөрү аныктагандай, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясынын курамы сот корпусунан түзүлгөндөн бери, судьяларды тартип бузган жосунду жасагандыгы үчүн, тартип жоопкерчиликке тартуу акыркы 2-жылда кескин төмөндөгөнү байкалууда.

Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин чечими менен тартип жоопкерчиликтерине тартылган судьялардын санынын таблицасы.

| 2019-жылдан тартып 2024-жылга чейин судьяны тартип бузган жосунду жасагандыгы үчүн, тартип жоопкерчиликтерине тартылган жылдар. | Судьяны ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуунун сандары. | Сөгүш берилген судьялардын сандары. | Эскертүү алган судьялардын сандары. |
|---|---|---|---|
| 2019-жылы | 2 | 5 | 20 |
| 2020-жылы | 1 | 4 | 4 |
| 2021-жылы | 1 | 1 | 2 |
| 2022-жылы | 2 | 2 | 8 |
| 2023-жылы | 8 | 5 | 13 |

Мисалы, мыйзамда каралаган Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин Тартип комиссиянын курамынын түзүлүшү кызыкчылыктардын кагылуушусуна каршы болуп калгандыгын белгилейбиз, анткени практикада ошол эле Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин төрагасы, КР Жогорку сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьясы К. Джунушпаевге анын кесиптештери КР Жогорку сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын судьялары А. Д. Мухамеджанов менен Н. К. Эшалиевге тартип бузган жосунду жасагандыгы үчүн, тартип жоопкерчиликке тартуу боюнча Акыйкатчы Институту Көңүл буруу актысын жиберген.

**№3-мисал:** С.М. арызына ылайык, Бишкек шаардык сотунун судьясы С.К. Бектемированын төрагалыгындагы сот отурумуна мониторинг жүргүзүү учурунда, төмөндөгүдөй бузуу катталган.

2023-жылдын 09-августунда С.М.нын доо арызы боюнча соттук отурум болуп, анда соттолуучунун мыйзамсыз аракеттеринен келтирилген моралдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө жарандык иш каралган. Баяндамачы судья иштин жагдайларын, биринчи инстанциядагы иштин мазмунун, даттануунун жүйөөлөрүн жана ага каршы пикирлерди билдирип, баяндамадан кийин коллегия ишке тиешеси

бар адамдардын жана алардын өкүлдөрүнүн түшүндүрмөлөрүн уккан.

Андан соң соттук коллегия жарыш сөзгө өтүп, КР ЖПК 177-беренесинде каралган соттук териштирүүнүн процесстик тартибин сактабастан, далилдерди изилдөө стадиясын өткөрүп жиберген. Тараптардын жарыш сөзүнүн соңунда доогердин өкүлү соттук териштирүүнүн процессуалдык тартибин бузуу фактысын белгилеп, билдирүү жасады. Белгилей кетсек, эгерде тараптар бир этаптан экинчи этапка өтүүгө макул болушса, бул КР ЖПК каралган жөнгө салынуучу этаптарды жокко чыгарбайт.

Тараптардын жарыш сөзүнүн кийин тийешелүү сот актысы чыгарылган.

Ошентип, КР ЖПК 334-беренесинин 8, 11-пункттарына жана 177-беренесине ылайык “Далилдерди изилдөө биринчи инстанциядагы сот үчүн белгиленген тартипте жүргүзүлөт”. «Сот ишке катышуучу адамдардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана алардын пикирин эске алуу менен, далилдерди изилдөөнүн тартибин белгилейт». «Төрагалык кылуучу далилдерди изилдеп чыккандан кийин ишке катышып жаткан адамдарга алардын соттук териштирүүнү толуктоо өтүнүчү боюнча суроо берет. Сот бул өтүнүчтөрдү чечип, соттук талкууга өтөт” деген мыйзам нормаларын сактаган эмес.

Судьялар ишти сотто кароонун мыйзамда белгиленген тартибин бузган. Тактап айтканда, тараптардын жарыш сөзүнөн кийин сот иш материалдарында болгон далилдерди жарыялаган жок жана тараптардын жарыш сөзүнө өткөнгө чейин изилдөө жүргүзгөн жок. Муну менен тараптарды Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 14-беренесинде каралган толук жана ар тараптуу соттук териштирүү укугунан ажыраткан.

2023-жылдын 22-августунда КР Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясына Бишкек шаардык сотунун судьялар коллегиясынын төрайымы С.К. Бектемирова, ошондой эле судьялар Ж.С. Сабитова жана Д.Ж. Молоевге КР ЖПКда каралган процессуалдык тартипти сактабагандыгы, ошону менен бул сот процессинин катышуучуларынын ишти кароого толук жана ар тараптуу катышуу укуктарын чектегендиги үчүн Көңүл буруу актысы жиберилген.

2023-жылдын 12-июнунда Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы апелляциялык инстанцияда ишти кароодо процесстик же материалдык укуктун бузулушунун мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө баа берүүгө укугу жоктугу тууралуу, Көңүл буруу актынын маанисине түз карама-каршы келген жоопту беришкен.

Ошону менен бирге, Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы жергиликтүү соттордун соттук актылары менен макул болбогон учурда, ишке катышкан адамдар жарандык мыйзамдарга ылайык жогору турган сотко даттанууга укуктуу экенин белгилеп коюшкан.

Жогорудагыдай, маанисине дал келбеген жооп каттардан кийин, Тартип комиссиясына кайрылган жарандарыбыз, кандай сапаттагы жоопторду алып жатышкандыктарын туюга болот. Ошондуктан, Тартип комиссиясынын кызматтык ишин аныктаган ченемдик укуктук актыларга анын мүчөлөрүнүн жеке жоопкерчиликтерин милдеттүү түрдө киргизүү учурдун талабы болуп жана анын зарыл экендигин да түшүнсөк болот.

**№4 мисал:** Жаран С. М. арызы боюнча белгиленген ачык сот жыйналышы башталганында, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө Жогорку соттун судьялары А. Д. Мухамеджанов менен Н. К. Эшалиев сот отурумуна катышкандардын баардыгынан жана Акыйкатчынын өкүлү Л. Матвеевадан уюлдук телефондорун өчүрүүнү талап кылган. Л. Матвеева КР Акыйкатчысынын өкүлү экенин жана уюлдук аппарат аркылуу үн жазгычка аудио жазуу жүргүзүп жатканын судьяларга маалымдаган. Иш

боюнча төрагалык кылуучу телефонду өчүрүүдөн баш тартуусун «сот отурумунда тартипти бузуу» катары эсептеп, ЖПК ылайык, соттордун уруксаты менен гана отурумга аудио жазуу жүргүзүлө турганын билдиришкен, Акыйкатчынын өкүлү Л. Матвееванын ЖПК боюнча ачык отурумдун купуялуулугу негизсиз болгондуктан, үн жазгычта жазуу жүргүзүү үчүн соттун уруксаты талап кылынбайт деген каршы пикирине, судьялар ага “сот залынан чыгаруу боюнча сот приставдарына буйрук беребиз, жекече аныктама чыгарабыз”, деп ачык кысым көрсөтүп, коркутуп, Л. Матвееваны тартип бузууга жүйөөсүз айыпташкан.

Акыйкатчынын өкүлүнүн ЖПК 13-беренесинин ченемине ылайык, ачык соттун отурумуна кызыкдар болуп катышуусу кесиптик максаты ишке ашыруучу жактардын процессуалдык укуктарынын сакталышын камтыйт. Ошондуктан, жогору жакта көрсөтүлгөн Жогорку соттун судьялары А. Д. Мухамеджанов менен Н. К. Эшалиевдин аракеттери ЖПК 13-беренесинин талаптарын бузуу болуп саналат. Тартип комиссиясы тийиштүү түрдө иштин жагдайларын ар тараптуу, объективдүү жана толук изилдөө менен, кызматтык териштирүү жүргүзүүнүн ордуна, судьялардын тартиптик жоруктун далилдери көз көрүнөө болуп турганына карабастан, Акыйкатчынын сунуштамасын кароосуз кайтарган.

Жогорудагылардын негизинде: “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө «Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы он эки мүчөдөн турат жана төмөнкүлөр түзөт: төрттөн биринен кем эмес судьялардын санынан, Президенттин төрттөн биринен, ЖК төрттөн биринен жана юридикалык коомчулуктун төрттөн биринен кем эмес өкүлдөрү түзөт” делген өзгөртүү киргизүү сунушталат.

Өзгөрүү КР Конституциясынын 58-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт. Ушуга байланыштуу, “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамдарына зарыл болгон өзгөртүүлөрдү демилгелөө жөнүндө маселени кароону Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуштоо максатка ылайык келет.



## СУНУШТАР:

**КР Жогорку Кеңешине:**

1. “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 28-беренесине “Судьяны тартиптик жоопкерчиликке тартуу мөөнөттөрү. Кызматтык иликтөө жүргүзүлгөн, Судьялар кеңеши тарабынан кайрылуу каралган же судья жүйөлүү себептер боюнча ишке келбеген убакытты эсептебегенде, судья кайрылуу катталган күндөн тартып алты айдан кечиктирбестен, бирок тартиптик жорук жасалган күндөн тартып эки жылдан кечиктирбестен тартиптик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн” деген өзгөртүү;

2. “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүнө «Судьялар кеңешинин Тартип комиссиясы он эки мүчөдөн турат жана төмөнкүлөр түзөт: төрттөн бир бөлүгү судьялардын санынан, Президенттин, Жогорку Кеңештин жана юридикалык коомчулуктун өкүлдөрү түзөт. Президент, Жогорку Кеңеш, юридикалык коомчулук жана Судьялар кеңеши гендердик өкүлчүлүктүн талаптарын эске алуу менен Тартип комиссиясынын 3төн мүчөсүн сунуштайт” деген өзгөртүү.





# III БӨЛҮМ. ЭКОНОМИКАЛЫК, СОЦИАЛДЫК УКУКТАР


Социалдык-экономикалык жана маданий укуктардын негиздери КР тарабынан ратификацияланган БУУнун экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык Пактында жана КР Конституциясында белгиленген.

КР Акыйкатчынын наамына кайрылган кайрылуулардын негизгилеринин катарында социалдык-экономикалык укуктарды түзөт.


2023-жылы социалдык-экономикалык жана маданий укуктар боюнча Акыйкатчы Институтуна жалпысынан **456** арыз келип түшкөн. Анын ичинен Борбордук Аппаратка **225** арыз, ал эми Акыйкатчынын региондогу өкүлчүлүктөрүнө **231** арыз келип түшкөн.

Акыйкатчынын Баткен облусу боюнча өкүлчүлүгүнө - 66 арыз.
Акыйкатчынын Чүй облусу боюнча өкүлчүлүгүнө - 49 арыз;
Акыйкатчынын Ош облусу боюнча өкүлчүлүгүнө - 43 арыз;
Акыйкатчынын Жалал-Абад облусу боюнча өкүлчүлүгүнө - 29 арыз;
Акыйкатчынын Нарын облусу боюнча өкүлчүлүгүнө - 17 арыз
Акыйкатчынын Ысык-Көл облусу боюнча өкүлчүлүгүнө - 15 арыз;
Акыйкатчынын Талас облусу боюнча өкүлчүлүгүнө - 12 арыз.

Социалдык-экономикалык укуктар боюнча кайрылуулардын мүнөзү төмөндөгү диаграммада көрсөтүлгөн.




Борбордук Аппаратка социалдык -экономикалык укуктар боюнча келип түшкөн 225 арыздын ичинен түшүндүрмө берилгендердин саны – 132, жарым-жартылай калыбына келтирилген-65, 28 арызданууучулардын укуктары толугу менен калыбына келтирилген.




2023-жылы Акыйкатчынын баяндамасында социалдык-экономикалык укуктарды камтыган төмөндөгү көйгөйлүү маселелерге көңүл бурулду.

## 3.1. Пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» жөлөкпулга болгон укугу

КР Баш мыйзамынын 1-беренесинде КР социалдык мамлекет деп айтылганына карабастан, калктын айрым категориядагы жарандары мамлекет тарабынан социалдык жактан толук кандуу колдоо таппай келет. Мисалга алсак, Кыргызстанда пенсия курагына жашы жете элек, бирок «Баатыр эне» статусун алган энелерге мамлекет тарабынан жөлөкпул каралган эмес.

Анткени, КР «Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинин 1-бөлүгүнүн «з» бөлүкчөсүнө ылайык, «Баатыр-эне» ордендери менен сыйланган энелерге эсептик көрсөткүчтүн 1000 пайызы өлчөмүндө кошумча төлөм жаш курагы боюнча пенсия курагына жеткен баатыр-энелерге гана берилет.

Ошондой эле, «Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 10-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпул пенсиялык камсыз кылууга укугу болбогон учурда эмгекке жарамсыз адамдарга –

баатыр энелерге 55 жаш курагына чыкканда гана дайындалат. Тагыраак айтканда, аталган мыйзамда орто жаш куракта «Баатыр эне» статусун алган энелерге (55 жашка чыга элек баатыр-энелерге) мамлекет тарабынан жөлөкпул каралган эмес. Ал эми, 55 жашка чыгып, бирок жаш курагы боюнча пенсияга курагына (58 жашка) жете элек баатыр энелерге «Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР Мыйзамынын 10-беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктуна ылайык, КРнын ЭСКМ министрлиги аркылуу 3000 миң сом жөлөкпул берилет. Аталган министрликтин КР ЖК социалдык саясат боюнча Комитетинин жыйынында берген маалыматы боюнча азыркы күндө 114 баатыр энеге жөлөкпул төлөнүүдө.

Мыйзамда мындай талаптардын коюлушу коомдо социалдык адилетсиздикти пайда кылып, көп баланы өстүрүп-чоңойткон орто жаш курагындагы энелердин нааразычылыктарын жаратууда. Анткени, 7 баланы төрөп, чоңойтуп түйшүк тартып, «Баатыр эне» статусун алган орто жаш курагындагы баатыр энелер, бирдей эмес коюлган талаптардын негизинде мамлекет тарабынан колдоо таппай келет.

КР Акыйкатчысынын Аппаратына пенсия курагына жете элек, бирок 7 баланы төрөп «Баатыр эне» статусун алган жаш энелер кайрылган учурлар болгондуктан, бул маселеге КР Акыйкатчы Институту тарабынан көңүл бурулуп, аларга мамлекет тарабынан тиешелүү жөлөкпул каралышы менен, Кыргызстандагы көп балалуу үй-бүлөлөргө социалдык жактан колдоо көрсөтүү жана орто жана жаш курактагы баатыр энерлердин жөлөкпулга болгон укугунун сакталышы үчүн мыйзамдагы мүчүлүштүктөрдү жөнгө салуу зарылдыгын белгилейбиз. Мындай чараларды көрүү орто жаш курактагы энелердин укугугун сакталышына гана алып келбестен, Кыргызстан элинин демографиялык өсүшүнө да өбөлгө түзөт.

Азыркы күндө Кыргызстан боюнча пенсия курагына жашы жете элек баатыр энелердин так саны боюнча статистиканын жоктугуна байланыштуу, Акыйкатчы Институту бул маселени изилдөөдө КР Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө тиешелүү суроо-талап жөнөтүү менен бирге, азыркы күндө республика боюнча пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» так санын аныктады.

Учурда Кыргызстан боюнча пенсия курагына жете элек «Баатыр энелердин» саны **– 4 896, анын ичинде:**

1. Нарын облусу боюнча – **331**
2. Талас облусу боюнча – **332**
3. Ош облусу боюнча – **1051**
4. Жалал-Абад облусу боюнча – **1039**
5. Баткен облусу боюнча – **1380**
6. Ысык-Көл облусу боюнча **– 324**
7. Чүй облусу боюнча – **439**

**Мисалы:** КР Акыйкатчысынын Аппаратына кайрылган орто жаш курактагы, бирок пенсия курагына жашы жете элек 1981-жылы Нарын облусунда төрөлгөн (43 жаштагы), 7 баланын апасы, 202*0-жылы «Баатыр эне» статусун алган жаран А.Г.З кайрылган.*

Арыз ээсинин маселеси боюнча КР Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлиги жана КР Социалдык Фондунан «Баатыр энелер» пенсия курагына келгенде гана кошумча төлөм мамлекет тарабынан берилээри тууралуу жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамдардын негизинде жооп берилген.

Аталган маселе боюнча КР мыйзамдарына талдоо жүргүзүлүп төмөндөгүлөр белгиленген: КР Баш мыйзамында КР социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн тутумун өнүктүрөт, мамлекеттик пенсияларды, жөлөкпулдарды

жана башка социалдык коргоонун кепилдиктерин камсыз кылат.

«Баатыр эне» сыйлыгы КР "КР мамлекеттик сыйлыктары, ардак наамдары жана мамлекеттик сый акылары жөнүндө" Мыйзамында каралган жана бул мыйзамда баатыр эне статусун алууга жаш курагы боюнча шарттар айтылган эмес.

Аталган мыйзамга ылайык, «Баатыр эне" ордени менен жети жана андан ашык баланы төрөгөн жана татыктуу тарбиялаган, балдардын ден соолугу, билими, дене бой жана адептик өнүгүүсү жөнүндө талаптагыдай камкордуктун деңгээлин камсыз кылган энелер - КР жарандары сыйланат. Ушул берененин 3-бөлүгүнүн 2 жана 3-пункттарында каралган учурлардан тышкары «Баатыр эне» ордени менен сыйлоо жетинчи бала бир жашка чыкканда жана калгандары тирүү болгондо жүргүзүлөт.

«Баатыр эне» ордени менен сыйлоодо төмөнкү балдар да эске алынат:

1) мыйзамда белгиленген тартипте асырап алынган балдар, эгерде асырап алгандан кийин 3 жылдан ашык убакыт өтсө жана асырап алынган балдар чогуу жашаса;

2) Ата Мекенди жана анын мамлекеттик кызыкчылыктарын коргоодо, адам өмүрүн сактап калуу, мыйзамдуулукту жана укук тартибин камсыз кылуу боюнча жарандык парзын аткарууда курман болгондор же дайынсыз жоголгондор;

3) күтүлбөгөн жагдайлардын жана бөөдө кырсыктардын кесепетинен каза болгондор (жол-транспорт кырсыгы, өндүрүштөгү жаракаттар, өзгөчө кырдаалдардан алган жаракаттар, оорулардын кесепеттери, киши өлтүрүүлөр жана эне менен балага көз каранды болбогон башка жагдайлар).

Азыркы күндө Акыйкатчы Институту тарабынан, КР "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзам долбоорун иштеп чыгып, мыйзам чыгаруу жагынан демилге укугуна ээ болгон органдарына жолдонгон. Учурда, мыйзам долбоору "Ата-Журт Кыргызстан" парламенттик фракциясында каралууда.

## СУНУШТАР:

**КР Жогорку Кеңешине:**

1. Пенсия курагына жете элек «Баатыр энелерге жөлөкпул чектеп берүүчү КР "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзам долбоорун кабыл алууну;

**КР Министрлер Кабинетине, КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

2. КР "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Мыйзам долбоорун карап чыгып, КР ЖК кароосуна сунуштоону;

3. КР "Мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» КР Мыйзамына (2017-жылдын 28-июлу № 163) төмөндөгү өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат:

1) 4-беренесинин 4-пунктунда баатыр - энелер – «55 жаш» деген сөздөр "жашына карабастан" деген сөздөр менен алмаштырууну;

2) 5-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган – баатыр - энелер «55 жаш үчүн» деген сөздөр "жашына карабастан» деген сөздөр менен алмаштырууну;

3) 10-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда көрсөтүлгөн "55 жашка чыкканы боюнча" деген сөздөр алынып салууну;

4) 10- беренесинин 3-бөлүгүнүн 6-пунктунда белгиленген «55 жашка чык-

каны боюнча» сөздү алып салууну жана «55 жашка чыккан күндөн тартып" деген сөздү "Баатыр эне наамын алган күндөн тартып" деген сөзгө алмаштырылсын;

5) 4-беренесинин 4-бөлүгүндө баатыр эне – "55 жашка чыккандыгы боюнча" деген сөздөр **"**жашына карабастан**"** деген сөздөр менен алмаштырылсын.

**КР Финансы министрлигине:**

4. Пенсия курагына жете элек «Баатыр энелерге жөлөкпул чектөөгө каржылоо маселесин карап чыгуу.

## 3.2. Аз камсыз болгон үй бүлөлөргө "үй-бүлөгө көмөк" мамлекеттик жөлөкпулдун жеткиликтүүлүгү

КР Башкы мыйзамына ылайык, мамлекет элдин бакубат жашоосуна жана аны социалдык коргоого камкордук көрөт. КР мамлекеттик пенсияларды, жөлөк пулдарды жана башка социалдык коргоонун кепилдиктерин камсыз кылат. Ошондой эле, пенсия, социалдык жөлөкпулдар жана башка социалдык жардам мыйзам менен белгиленген жашоо минимумунун өлчөмүнөн төмөн эмес жашоо деңгээлин камсыз кылат.

КР "КР мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Мыйзамында «Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпул - 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) «үй-бүлөгө көмөк» ар айлык жөлөкпул жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) жөлөкпулдун бул түрүнө муктаж болгон шартында дайындалат. «Үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпул бир балага 1200 сомду түзөт.

КР мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө «КР Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу" 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 Токтомунун 2-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, 16 жашка чейинки балдары бар жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) «үй-бүлөгө көмөк» – ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо үчүн кепилденген минималдуу кирешенин өлчөмү 1000 (бир миң) сом суммасын түзөт. Тагыраак айтканда, эгерде үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө киреше 1 миң сомдон ашса, мамлекеттик жөлөкпулду дайындоодон баш тартылат.

Кепилденген минималдуу кирешенин өлчөмү жыл сайын кайра кароодо жашоо минимумунун орточо жылдык өлчөмүнө жакындоого тийиш жана КР Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет. Ал эми, КР Улуттук статистика комитетинин статистикалык маалыматын карасак, 2023-жылдын III кварталындагы калктын негизги социалдык-демографиялык топтору үчүн жашоо минимумунун өлчөмү–7756,46 сомду түзгөн.

Акыйкатчынын жана анын кызматкерлеринин Ош, Жалал-Абад, Чүй, Ысык-Көл, Талас, Нарын жана Баткен облустарына болгон иш сапарынын жүрүшүндө региондогу тургундар минималдуу киреше боюнча чектөөлөрдөн улам мамлекеттик "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулунун жеткиликтүүсүз экендиги боюнча нааразылыктарын билдиришкен. Тактап айтканда, жолугушууда жергиликтүү тургундар иш жүзүндө "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун алууга төмөнкү себептерден улам четке кагылып жатканын билдиришкен:

1) эгерде үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө кирешеси 1 миң сомдон ашса, мамлекеттик жөлөкпулду дайындоодон баш тартылат. Кепилденген минималдуу кирешенин өлчөмү 1000 сом (бир миң) жашоо минимумунун орточо өлчөмүнө дал келбейт;

2) эгерде жөлөкпулга муктаж үй-бүлөлөр үйдүн ээси, кожойкеси болуп саналган, пенсия алган улгайган ата-энелери менен чогуу жашаса, жөлөкпул чектөөдөн баш тартылат. Ата-энеси менен бирге айылда жашаган үй-бүлөнүн жеке

туракжайы жана кирешеси жок экендиги эске алынбайт;

3) балдарга жөлөкпул алууга, эгерде ата-энесинин бири чет өлкөгө кеткен болсо, чет өлкөгө чыгып кеткен ата-эне бири жумушка орноштубу же жокпу, мындай маалыматтар такталбастан, чет өлкөгө иштегени чыкты деген жүйө менен жөлөкпул чегерүүдөн баш тартылат. Айрым учурларда чет өлкөгө чыккан мигранттар жумуш издөөгө убакытты талап кылып ар кандай кыйынчылыктарга учурашат. Бул жагдайлар эске алынбайт;

4) санариптик технологиянын кириши менен региондордон келген жарандардын жашаган жери боюнча маалымкат алууга Калкты тейлөө борборлоруна (КТБ) “Түндүккө” каттоо талабы коюлган. Мындай талаптар жөлөкпул алууга кыйынчылыктарды жаратып келет, анткени ижара үйдө, же батирде жашаган жарандар, башка үйгө ижара шартында көчүп кетсе, маалымат такталбастан, жөлөкпул токтотулат. Ошондой эле, батирде ижарада жашаган жарандарды каттабай жаткан жагдайларлар эске алынбайт. Көп учурда ижарага алып батирде турган, аймактардан келген жарандар жөлөкпулга муктаж болушат. Белгилей кетчү жагдай, КР “КР мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Мыйзамынын 11-бернесинин 2-пунктунун 3-абзацына ылайык, эгерде үй-бүлөлөрдүн жашаган/ турган жери боюнча каттоосу жок болсо, мамлекеттик жөлөкпул (эмгек акыга жана башка социалдык төлөмдөргө кошумча төлөөлөрдүн коэффициенттерин эсепке албастан) дайындалат.

Ал эми, “Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө” Жобонун 1-тиркемесинде белгиленген Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө үчүн документтердин Тизмесинде жашаган/турган жери боюнча катталгандыгы жөнүндө маалымат (эмгек акыга жана башка социалдык төлөмдөргө кошумча төлөөлөрдүн коэффициенттери белгиленген калктуу конуштарда жашагандар үчүн гана) үчүн гана талап кылынат. Бирок, Жободо көрсөтүлгөн талап каттоого тура турган жери жок ижарада жашаган үй-бүлөлүрдүн жагдайын татаалдаштырат.

Ошондой эле, КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 4-декабырындагы №886 токтому менен бекитилген “КР жарандарынын жашаган жана барган жерине каттоонун жана каттоодогу эсептен чыгаруунун эрежеси жөнүндө” Жобого ылайык, (14 – пункт) туруктуу жашаган жери жок жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү органында катталышат.

Иш жүзүндө батирде жашагандар, үйлөрү жоктор жергиликтүү жөлөкпул алуу үчүн өз алдынча башкаруу органдарына жана муниципалдык мекемелерге каттоого туруу практикасы сейрек колдонот. Эгер кайрылса, айрыкча мындай жарандарды үй жайсыз катары “Коломто” мекемесине катташат.

**Мисалы:** Акыйкатчынын наамына Ч.Ы. 16 жашка чыга элек 3 баласы бар жалгыз бой батирде жашашаган эне кайрылган. Ижарага берген үйдүн ээси аны үйүнө убактылуу каттоого турганга макулдугун бергенден баш тарткан. Жашаган жери боюнча каттоого турган жери жок болгондуктан, балдарына “үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун ала албай жүргөн, Акыйкатчы Институтнун кийлигишүүсү менен арыз ээсинин балдарына “үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун алуу укугу калыбына келтирилүүдө.

5) аймактарда жергиликтүү көпчүлүк тургундардын мамлекеттик жөлөкпул алуу тартиби жөнүндө маалыматы жок. Аларга мамлекеттик жөлөкпул дайындоодон негиздүү баш тартылганбы же жокпу, толук түшүнүшпөйт. Ошондой эле, мамлекеттик жөлөкпулдарды алуудан негизсиз баш тартылган учурларда, ага карата даттануу жол-жобосун билишпейт;

Акыйкатчы Институтуна 2023-жылы жөлөкпул маселелери боюнча - 28 арыз келип түшкөн. Бул арыздар боюнча тиешелүү жөлөкпул алууда түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, алардын 11 арызы боюнча социалдык органдар менен иш алып барып, жөлөкпул алууга болгон укуктар калыбына келтирилген.

Жалпылап айтканда, "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулуна муктаж жарандарды аныктоодо, белгиленген кепилденген эң төмөнкү кирешенин өлчөмү 1000 сом жашоо минимумунун өлчөмүнө туура келбейт.

Кепилденген минималдуу киреше боюнча белгиленген талаптар жана жогоруда 5 пункт менен белгиленген себептерден улам жөлөкпулдан баш тартуу калктын нааразычылыктарын арттырууда.

Жашаган жери боюнча туруктуу же убактылуу КТБ "Түндүккө" туруу талабы иш жүзүндө колдонулушу "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун алуусун татаалдаштырып, жөлөкпулга чыныгы муктаж үй-бүлөлөргө жеткиликсиз болууда.

Аз камсыз болгондор боюнча жөлөкпулдун толук даректүү берилишин камсыз кылуу үчүн жашаган жери боюнча каттоо талабын карап чыгып, ижарага алып, батирлерде үйлөрдө жашаган жөлөкпулга муктаж аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү аныктоочу механизмдерин киргизүү зарыл.

Жөлөкпулга муктаж болгон аярлуу үй-бүлөлөр үчүн мамлекеттик жөлөкпулдардын баардык түрлөрүнүн даректүүлүгүнө байкоо жүргүзүүнү оптималдаштыруу, жеткиликтүүлүк механизмин жакшыртуу боюнча "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун алууда жогоруда аталган көйгөйлөрдү жөнгө салуу боюнча конкреттүү чараларды көрүүгө тийиш.

Ошондой эле, мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө үчүн кайрылуунун тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөнүн тартиби жөнүндө, 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) – ай сайын берилүүчү «үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпулга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө жер-жерлерде калкты кеңири маалымдоого көңүл буруу абзел.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине, КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. 2018-жылдын 29-июнундагы №307 КР Өкмөтүнүн «КР мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө КР Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу» Токтомунда белгиленген кепилденген минималдуу кирешенин 1000 (бир миң) сом өлчөмүн карап чыгып, жашоо минимумунун өлчөмүнө жакындатууга тиешелүү токтом долбоорун иштеп чыгып кабыл алууну;

2. " Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулунун даректүүлүгүнө байкоо жүргүзүүгө аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөкпулдун жеткиликтүүлүгүн жана даректүүлүгүн камсыз кылуу үчүн "үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун оптималдаштыруу механизмдерин иштеп чыгууну, айрыкча:

-эч жерде иштебеген, үйү жок, бирок улгайган ата-энеси менен чогуу жашаган үй-бүлөлөргө жөлөкпулдун жеткиликтүүлүгүн эске алуу;

- жашаган жана убактылуу турган жери боюнча каттоосу жок ижара үйлөрдө жашаган жөлөкпулга муктаж үй-бүлөлөргө жана аймактардан келген үй-бүлөлөргө үзгүлтүксүз жөлөкпул алуу механизмдерин;

- чет өлкөгө чыгып кеткен ата-энелердин жумушка орношуу процессин

аныктоочу байкоо механизмдерин;

3. Республиканын аймактарында мамлекеттик жөлөкпулдарды алуу боюнча кайрылуунун тартиби, жөлөкпулга муктаждыгын аныктоодогу талаптары жана даттануунун тартиби жөнүндө маалыматты жергиликтүү ЖМК булактары аркылуу кеңири жайылтууну.

## 3.3. Майыптыгы бар адамдарга жогорку билимдин жеткиликтүүлүгү

Расмий маалыматтар боюнча Кыргызстанда майыптыгы бар 211,000 адам жашайт, алардын (ар бир алтынчысы) 37,000 миңден ашууну – балдар. Бирок, Кыргызстанда 18 жаштан 35 жашка чейинки майыптардын саны канча экени жана алардын канчасы жогорку билим алганы белгисиз.

КР ратификациялаган БУУнун "Майыптардын укуктары жөнүндө" Конвенциясына ылайык, катышуучу-мамлекеттер майыптыгы бар адамдардын жалпы жогорку билим алуусуна, кесиптик билим алуусуна, чоңдор үчүн билим алууга жана өмүр бою кодулоосуз жана башка жарандар менен бирдей билим алууга мүмкүнчүлүк алышын камсыз кылышат. Ушул максатта, катышкан мамлекеттер майыптыгы бар адамдар үчүн ылайыктуу шарттарды түзөт.

КР Конституциясы ар бир адамдын билим алуу укугуна кепилдик берет. Мамлекет жаштардын билим алуусу жана иш менен камсыз болушу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө багытталган жаштар саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат. КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамында КР ар бир адам жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, этностук таандыктыгына, туткан динине, жаш курагына, саясий же башка ынанымдарына, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларына карабастан билим алууга укуктуу экендиги белгиленген.

КР «Билим берүү жөнүндө» жана «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамдарында, жана КР Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы № 557 Жарлыгында 1-2 топтогу майыптар, майып балдар, жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга мамлекеттик билим берүү гранттары чегерилет. Билим берүү органдары социалдык коргоо органдары менен бирдикте жыл сайын майыптыгы бар адамдар үчүн баштапкы кесиптик, орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү окуу жайларынын бюджеттик бөлүмдөрүнө орундарды квоталоо боюнча нормативди белгилейт. Жетим балдарга, ата-энесинин багуусунан ажыраган балдарга, бала кезинен майып адамдарга, майып балдарга, I жана II топтогу майып жарандарга КР жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюмдары үчүн мамлекеттик билим берүү гранттарынын жалпы санынын **5%ы** санындагы квоталар жыл сайын берилип турууга тийиш.

2006-жылдын 2-июнундагы КР Өкмөтүнүн №-404 токтому менен бекитилген “КР мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттерди окутуу үчүн мамлекеттик билим берүүчү гранттар жөнүндө» Жобосуна ылайык, гранттарды конкурстук бөлүштүрүү тестирлөө өткөрүлгөн жылдын натыйжаларынын негизинде ишке ашырылат. Конкурска КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленген босого баллга барабар же андан жогору балл алган абитуриенттер гана катыша алат.

2023-жылы КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 5-июлундагы « Босого бал жөнүндө» №4628/1 Буйругуна ылайык, балалык майып-

тыгы бар адамдардын 1, 2 тобун гранттык орундарга киргизүү үчүн төмөнкү чектик баллдар коюлган:

- гранттык бюджеттик орундарга: негизги тест боюнча - 105 балл,
- контракттык окутууга – 100 балл (медициналык жана фармацевттик адистиктерден тышкары).

КР Билим берүү жана илим министрлигинин расмий маалыматтарына караганда, квота боюнча кабыл алынган майыптыгы бар абитуриенттердин саны төмөнкү таблицада чагылдырылган.

**Окууга кабыл алынган I жана II топтогу майып, бала кезинен майыптыгы бар абитуриенттердин саны**

| 2019-2020 окуу жылы | 2020-2021 окуу жылы | 2021-2022 окуу жылы | 2022-2023 окуу жылы | 2023-2024 окуу жылы |
|---|---|---|---|---|
| 16 | 17 | 19 | 25 | 32 |

КР Акыйкатчы Институту ЖОЖ жалпы республикалык тесттерди (ЖРТ) өткөрүү процессине туруктуу байкоо жана мониторинг жүргүзүп турат. Мониторингдин жыйынтыктары, ошондой эле "АРДИ" майыптыгы бар балдардын ата-энелеринин коомдук бирикмеси менен биргеликте өз ара кызматташууда майыптыгы бар адамдар үчүн жогорку билимдин жеткиликтүүлүгү маселесин изилдөөдө бир катар маанилүү төмөнкү көйгөйлөрдү белгилейт:

1) майыптыгы бар жаштар жана мектеп, колледжин бүтүрүүчүлөрдүн жана алардын ата-энелеринин майыптыгы бар адамдар үчүн жогорку билим алууга жеңилдетилген гранты/ квотасы бар экендиги жөнүндө кеңири маалыматтын жоктугу;

2) ЖРТны тапшырууда майыптыгы бар адамдарга ылайыктуу атайын жеткиликтүү шарттар жана аларды ЖРТ өткөрүүгө атайын методика жок;

3) кыш мезгилинде ЖРТны контракттык негизде гана тапшырышат, демек бул убакта майыптыгы бар адамдар үчүн бюджеттик квотаны колдонгонго мүмкүнчүлүк жок;

4) ЖОЖдо майыптыгы бар адамдарга ЖРТ тапшырууга инфраструктуралык жеткиликтүү шарттар жок;

5) ЖОЖго тапшырууга документерди толтурууда жана жүктөөдө абитуриенттин майыптыгын бар экендигин белгилегенге атайын анкетада бүлүкчө каралган эмес;

6) билим берүү мекемелеринде сурдокотормонун жоктугунан улам, угуусу начар адамдар жогорку билим алууга гранттык квотаны колдонушпайт;

7) майыптыгы бар жана ата-энеси жок жаштар квота боюнча берилген бюджеттик багыт боюнча берилген адистерге (социалдык жумушчу, педагогикалык гуманитардык кесиптерге) кызыктар эмес. Алар айрыкча юридикалык, экономикалык, программист жана лингвистикалык адистиктерге тапшырууну каалашат, бирок бул тармактар үчүн бюджеттик билим берүү гранттары каралган эмес;

8) бюджеттик орун, башкача айтканда жеңилдетилген квота/грант улуттук мыйзамдарда каралган окутуунун бардык формалары каралган эмес, окутуунун күндүзгү формасына гана каралган;

9) майыптыгы бар адамдар жана өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар адамдар үчүн билим берүү гранттарын түзүүнүн, эсептөөнүн жана бөлүштүрүүнүн бирдиктүү системасы жок;

10) майыптыгы бар адамдардын ата-энелери жана майыптыгы бар жаштар катышкан "АРДИ" ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ата-энелеринин коомдук бирикмеси тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө боюнча:

**Бишкек шаары боюнча мисал:** сурамжылоого катышкан 14 адамдын ичинен 2 гана студент квота боюнча окушат (экөө тең аялдар). Сурамжылоого катышкан 14 мүмкүнчүлүгү чектелген жаштардын 12 контракттык негизде окушат (аялдар-7 эркектер- 5). Ал эми, сурамжылоого катышкан 29 ата-энелердин ичинен 10 майып балдардын ата-энелердин балдары бюджеттик квота боюнча эмес, контракттык негизде окушат.

**Ош шаары боюнча:**

Баардыгы болуп сурамжыланган 15 адам, ЖОЖдун кызматкерлери-6 адам жана майыптыгы бар – 9 адам. Сурамжылоого катышкан 9 ичинен 2 адам кабыл алуу квотасы боюнча окушат (эркек-1, аял-1). Контрактта Сурамжыланган 9 майыптыгы бар адамдардын 6 контракт формасында окушат. Орточо эсеп менен, ар бир ЖОЖдо майыптыгы бар балдар 1 ден 3кө чейин окуйт, эң көп дегенде 6 адам. Ар бир ЖОЖ жыл сайын майыптыгы бар адамдар үчүн 10 дон 17 ге чейин квоталык орун бөлүнөт.

Жогорудагы сурамжылоонун жыйынтыгына таянсак, алар негизинен келишимдик негизде окушат, ошондой эле ЖОЖдордун демилгеси боюнча же майыптыгы бар жаштардын жана алардын ата-энелеринин өтүнүчү боюнча ЖОЖ 10% дан 50% га чейин контрактты төлөөгө жеңилдиктерди беришет.

Экспертердин билдирүүсү боюнча КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 «КР жогорку жана кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө» Токтому менен бекитилген "КР жогорку окуу жайларына кабыл алуу Тартибинде" орун алган эки түшүнүктөн улам, майыптыгы бар адамдар билим берүү грантты колдонбой, контракттык негизде тапшырып жатышканын белгилешет. Анткени аталган тартипте квотага/билим берүү грантына укуктуу субъекттер өздөрүнүн окуу акысын (контрактты) төлөгөн субъекттердин тизмесинде аталган Тартиптин 7-бөлүмүнүн 72-пунктунда кайталанат, бул тизмеге майыптыгы бар адамдар да кирет.

Тагыраак айтканда, жогоруда аталган Тартиптин 5-бөлүмдүн 52-пунктусунда абитуриенттердин төмөнкү категориялары (ырастоочу документтери болсо) КР Министрлер Кабинети тарабынан жыл сайын ушул категориядагы адамдар үчүн бекитилүүчү гранттык орундардын квотасынын чегинде конкурстун негизинде ЖОЖго кабыл алынат:

- I, II топтогу майыптар;
- бала кезинен ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар;
- жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
- этностук кыргыздар;
- 2002-жылдын 17-18-мартында Жалал-Абад облусунун Аксы районунда, 2010-жылдын апрель-июнунда жана 2021-жылдын апрелинде болгон окуялардын кесепетинен каза болгон адамдардын балдары;
- "Кайрылман" статусуна ээ болгон адамдар.

Ошол эле учурда, аталган Тартиптин 7-бөлүмдүн 72-пунктунда конкурстан сырткары, оң баага туура келген баллы бар болсо, окутуунун наркын төлөө келишими боюнча орундарга (ырастоочу документтери бар болсо):

- тоголок жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;
- медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча тандап алган даярдоо багыты жана адистиги боюнча ЖОЖдо окууга каршы көрсөтмөсү жок, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар белгиленген.

I, II топтогу майыптыгы бар, окуу мүмкүнчүлүгү бар абитуриенттердин Кыргызстан боюнча аз болгонун эске алуу менен жана тийиштүү 5 % квотанын толугу менен толбогонун эске алып, баардык I, II топтогу майыптыгы бар балдарга ЖОЖ өтүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында, гранттык орундарга өтпөй калган I, II топтогу майыптыгы бар абитуриенттерди жалпы тестирлөөнүн жыйынтыгына карабастан, контрактык (төлөө келишим) түрдө окууга өтүү жобосун киргизүү сунушталат.

Мындан тышкары, (мамлекеттик билим берүү грантына киргизилип жаткан адамдардын тизмесине кирбеген) контракт (төлөө келишими) боюнча ЖРТ жыйынтыгы менен техникалык профилдеги адистиктерге окутууга абитуриенттерди тандоо боюнча тандап алуу жана окууга киргизүү механизмин так жазуу керек.

## СУНУШТАР:

**КР Билим берүү жана илим министрлигине жана Жогорку окуу жайларга**

1.ЖОЖ документтерди кабыл алуу комиссиясына жана окуу жайларына тапшырууда, окуунун менчигинин түрүнө карабастан, квота / билим берүү гранты бар экендиги жөнүндө маалымат менен милдеттүү түрдө стендтерди жайгаштыруу, ошондой эле, баарына жеткиликтүүлүктү жогорулатуу үчүн маалыматты аудио форматта берүү;

2. КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 «КР жогорку жана кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө» Токтому менен бекитилген "КР жогорку окуу жайларына кабыл алуу Тартибинин" 72-пунктуна гранттык орундарга өтпөй калган 1 жана 2 топтогу майыптыгы бар абитуриенттерди жалпы тестирлөөнүн жыйынтыгына карабастан, контрактык түрдө окууга өтүү жобосун киргизүү сунушталат;

3. Майыптыгы бар адамдар жогорку билим алууга жеңилдетилген грантты алуу тартиби жөнүндө толук маалыматты КР Билим берүү министрлигинин, Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун, КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин расмий сайттарына тексттик жана аудио форматта жайгаштырууну;

4. ЖОЖ расмий сайттарында ошондой эле жеткиликтүүлүк жана ыңгайлуулук үчүн тексттик жана аудио форматтагы квота / билим берүү грантын алуу процесси жөнүндө кеңири маалымат камтылышы керек;.

5. ЖОЖ майыптыгы бар адамдарды окутууга сурдокотормону киргизүү;

6. Билим берүү гранты майыптыгы бар адамдар үчүн окутуунун күндүзгү, сырттан окуу (дистанциалык) бардык формаларын киргизүү;

7. Жалпы республикалык тестти өтүүгө майыптыгы бар адам анкетасын өз алдынча толтуруу үчүн көзү көрбөгөн жана көрүүсү начар адамдарга аудио коштоосун киргизүү;

8. Майыптыгы бар адамдар жана өзгөчө билим берүү муктаждыктары

бар башка адамдар үчүн билим берүү гранттарын түзүүнүн, эсептөөнүн жана бөлүштүрүүнүн бирдиктүү системасын иштеп чыгуу.

## 3.4. Улгайган жана майыптыгы бар адамдар үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык мекемелериндеги мониторингдин жыйынтыктары

Акыйкатчынын Аппаратынын кызматкерлери 2023 - жылы Жалпы типтеги карыялар жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардык мекемелеринде (мындан ары-ССМ) мониторинг жүргүздү.

**Биринчи көйгөй:** Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери тарабынан ССМ жашаган жарандар менен маектешүү жана мекеменин документтерин иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча айрым адамдардын тастыктоочу паспорттору жок экендиги аныкталган.

Тагыраак айтканда, Нижне-Серафимовка ССМде - 21, Бишкек шаардык ССМде -11 жашоочулардын паспорту болгон эмес. Өз кезегинде мындай ССМдин жашоочулары өздүгүн күбөлөндүргөн документтеринин жоктугунан улам, пенсияга чыгууга, ооруканаларга көрүнүүгө, социалдык медициналык экспертизадан өтүүгө, майыптыгы боюнча пенсия алууга, шайлоого катышууга ж.б социалдык-экономикалык жана жарандык укуктарын ишке ашыра алышпайт.

Белгилей кетчү жагдай, мындай ССМде жашаган адамдар - булар тагдыры оор, дайыма башкалардын көңүл буруусуна жана катышуусуна муктаж болгон , документтерди калыбына келтирүү боюнча өз маселелерин өз алдынча чече албаган улгайган адамдар жана бала кезинен майыптыгы бар адамдар. Ошондой эле, паспорттун жоктугунан улам, айрым ССМ жашоочуларын ден соолугуна байланыштуу атайын психоневрологиялык мекемелерге которууда көйгөй жаралууда.

Бул көйгөй боюнча ССМ администрацияларынын билдирүүсүндө, документтерди жана маалымкаттарды чогултууда, ар кандай кыйынчылыктар жаралгандыктан, паспорт алуу процесси кечиктирилип, же таптакыр токтотулуп калат. Анткени, мындай ССМде жашаган адамдардын айрыкча туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жана жарандык абалдын актылары жок, же болбосо, каттоо кызматынын базасында катталган эмес, ал эми кээ бир адамдардын колунда 1974-жылкы советтик үлгүдөгү паспорттор гана бар ж.б. ушул сыяктуу көйгөйлөр менен байланыштуу жашоочуларга паспорт алуу маселесин татаалдаштырат.

ССМ тарабынан Россия Федерациясына, Казакстан Республикасына жана башка өлкөлөргө туулгандыгы тууралуу күбөлүктү же жарандык абалдын актысын берүү жөнүндө жиберилген өтүнүчтөргө, көбүн эсе туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү гана берилет, ал эми андай көчүрмөлөрдү калкты каттоо бөлүмдөрү кабыл албайт жана түп нускасын берүүнү талап кылышат. Ал эми, айрым ССМдер тарабынан жолдонгон суроо-талаптар жоопсуз калат.

БУУнун Адам укуктарынын жалпы декларациясында ар бир адам жарандык алууга укуктуу деп айтылат. Эч ким өз жарандыгын алуудан же өз жарандыгын өзгөртүү укугунан ажыратылбайт. КР Конституциясынын 51-беренесине ылайык, КР жарандыгы - адам менен мамлекеттин өз ара укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысынан турган туруктуу укуктук байланышы болуп эсептелет. Кыргызстандын элине таандыктыгын далилдеген ар бир адам жөнөкөйлөтүлгөн тартипте КР жарандыгын алууга укуктуу. «КР жарандарынын улуттук паспорттору

жөнүндө» Жобонун 2-пунктуна ылайык КР жарандарынын улуттук паспорттору мамлекеттик маанидеги документтер болуп саналат, ал эми алардын ээлери КР коргоосунда болот. Мындан тышкары, аталган Жобонун 3-пунктунта КР жарандарын улуттук паспорттор менен камсыз кылуу системасы КР жарандарынын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоого жана ишке ашырууга жана өлкөнүн улуттук коопсуздугун чыңдоого көмөк көрсөтүүгө арналгандыгы айтылат.

Мониторинг учурунда айрым адамдарга, майыптыгын аныктоо үчүн текшерүү, медициналык-социалдык экспертизадан (мындан ары-МСЭК) өтүү муктаждыктары бар экендиги аныкталган. ССМдин тургундары үчүн МСЭКтен өтүү укугу толук аткарылбай келет.

Анткени, төмөндөгү ССМде майыптыгынын ачык белгилери бар: буту-колу иштебеген жана өнөкөт оорулары бар жарандар бар. Баардыгы кызмат алуучулар (жашоочулар), анын ичинде кайталап МСЭКтен өтүүгө муктаж болгондордун саны -32 , анын ичинен Сузактык ССМде - 8, Нижне-Серафимовкалык ССМде - 9, Бишкек шаардык ССУда-13, анын ичинен 3 адам мүмкүнчүлүгү чектелгендигин аныктоого жана анын мөөнөтүн узартууга муктаж, Ош шаарындагы «Боорукердик» үй-интернатында - 2. Мындай жашоочулардын өз алдынча жүрө албагандыктан, аларды МСЭКке бир нече жолу алып барууда, кошумча каражат жана техника талап кылынып, кыйынчылыктар жаралат.

КРнын «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жашаган жерине, майыптыгынын категорияларына жана топторуна карабастан мамлекет кепилдеген социалдык жөлөкпулдарды, компенсацияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алууда бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын социалдык жактан коргоо укугу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан майыптык тобу белгиленген учурдан тартып пайда болот.

ССМдеги дагы бир көйгөйлөрдүн бири бул карыялар жана майыптыгы бар адамдар жашаган ССМде ден соолугунун абалы боюнча дарыгердин корутундусуна ылайык, МСЭКтен өткөрүп, адистештирилген психоневрологиялык мекемелерге жайгаштыруу зарылчылыгы бар адамдар жашайт. Нижне-Серафимовкалык ССМде-4, Бакай-Ата ССМде-2, Бишкек шаардык ССМде-2, Сузак ССМде-1. Улгайган, майыптыгы бар жана ССМ кызматкерлеринин тынчтыгын жана коопсуз жашоосун камсыз кылуу үчүн мындай жашоочуларды адистештирилген психоневрологиялык ССМине жайгаштыруу абзел.

**Мониторингдин жыйынтыгы менен оңунан чечилген маселелер:**

**1-мисал :** Мониторинг жүргүзүү учурунда Нижне-Серафимовка карылар жана майыптыгы бар адамдар үчүн ССМде 307 адам жашап, алардын ичинен 135-карылар, 172 адам 1, 2 жана 3-топтогу майыптар, 40 адам дайыма бирөөнүн багуусуна жана көзөмөлүнө муктаж кызмат алуучулар жашайт.

Мониторинг учурунда мекеменин көйгөйлүү маселелерин изилдөөдө, жана жашоочулар менен баарлашуу учурунда, аталган мекемеде жана жакын аймакта банкоматтын жоктугу өзгөчө көйгөйдү жаратып жатканын мекеменин жашоочулары билдиришкен. Мекемеде жана жакын аймакта банкоматтын жоктугунан улам, банктын картасын колдонуучулары накталай акча каражаттарын алууга, каражат операцияларды өз алдынча жасоого, жасалган транзакциялар боюнча маалымат алууга, накталай эмес төлөмдөрдү жүзөгө ашыруусу жана жүргүзүлгөн транзакциялардын бардык түрлөрү боюнча убараларды жана кыйынчылыктарды тартышкан. Анткени, аталган мекеме райондун борбору Кант шаарынан 15 км

алыстыкта жайгашкан. Белгилей кетсек, бул мекемеде пенсия жана майыптыгы боюнча жөлөкпул алган адамдар 80%ды түзөт, булар тагдыры оор, бала кезинен майыптыгы бар, дайыма башкалардын көңүл буруусуна жана катышуусуна муктаж улгайган адамдар. Мындан тышкары, банкоматка ССМдин тургундары жана кызматкерлери гана эмес, 4 калктуу айылды камтыган Туз айыл аймагынын бардык тургундары - Туз, Нижняя Серафимовка, Жайылма жана Дайырбек айылдары, ошондой эле мектепке чейинки билим берүү мекемеси, май куючу станция, почта, орто билим берүүчү мектеби, Туз айыл өкмөтү иштеген көптөгөн дача участокторуна банкомат керек эле. Аймак боюнча калктын жалпы саны 4 миң адамды түзөт. Аталган ССМдин тургундарынын жана кызматкерлеринин, ошондой эле айыл аймагынын көптөгөн тургундарынын банктык төлөм карталары «РСК»мамлекеттик банкы тарабынан тейленет. Документтерди иликтөөдө мекеменин администрациясы ар кайсы банктарга, анын ичинде «РСК Банк» мамлекеттик банкына көп жолу кайрылганы аныкталган, бирок, бир дагы банктан банкомат орнотуу өтүнүчүнө жооп берилбестен, маселе чечилген эмес. Бул маселе боюнча Акыйкатчы Институту тарабынан КР Улуттук банкы жана «РСК Банк» ААК менен тиешелүү иштер жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен банкомат орнотулган.

**2-мисал:** Сүлүктү ССМдеги мониторингдин жүрүшүндө тургундарды сурамжылоонун алкагында, ошондой эле документтерди изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча 2023-жылы бир жыл ичинде ССМ жашоочулары КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 30-декабрындагы № 640 токтомунда каралган керектүү дары-дармектер менен камсыз болбогондугу аныкталган.

Бул мекеменин администрациясынын түшүндүрмөлөрүнөн улам, дары-дармектерге жыл сайын 90908 сом өлчөмүндө аз сумма бөлүнгөндүгүнө байланыштуу, алардын жарыяланган тендерлерине сатып алуулар порталына эч ким катышпагандыгынан улам, жашоочулар дары-дармектер менен камсыздалбагандыгын билдиришкен.

Мындай жагдайларда КРнын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинин 4-пунктунда сатып алууларды бир булактан алуу ыкмасы менен жүзөгө ашыруу каралган. Бирок аталган мекеменин администрациясы тарабынан бул ыкма колдонулган эмес. Бул факт боюнча Акыйкатчы Институту тарабынан КР ЭСКММ адам укуктарынын бузулушун четтетүү жана жооптуу кызматкерлерге карата тартиптик өндүрүштү козгоо тууралуу Көңүл буруу актысы жөнөтүлгөн. Жыйынтыгында ССМдин ишмердүүлүгүн толук кандуу алып барбагандыгы үчүн, анын директору М. Джурабаев жана башкы бухгалтери Н. Дадабаева аталган министрликтин 2023-жылдын 22-сентябрындагы №222-л буйругу менен ээлеген кызмат орундарынан бошотулгандыгы билдирилген.

## СУНУШТАР:

**КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине**

1. Карыялар жана майыптыгы бар адамдар үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык жана психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерге мобилдүү жумушчу топту жиберүү менен бирге, ССМде жайгашкан жашоочуларды өзгөчө тартипте документтештирүү, туулгандыгы тууралуу актыны жазууну санарипке өткөрүү, зарыл документтерди калыбына келтирүү жана издөөгө көмөк көрсөтүү ж.б. жашоочуларга жарандык паспорт берүүгө мүмкүн

болгон иш чараларды жүргүзүүнү;

2. Социалдык стационардык мекемелердин жашоочуларын документтештирүү жана паспорт алуу маселелерин жөнгө салчу сотко чейинки жөнөкөйлөштүрүлгөн механизмдерди иштеп чыгуу.

**КР Саламаттык сактоо министрлигине**

1. Жалпы типтеги социалдык стационардык карыялар жана майыптыгы бар адамдар үчүн мекемеде жашаган тургундарды МСЭКке багыттама берүү үчүн, жеринде медициналык текшерүүдөн өткөрүү.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине, Бишкек жана Ош шаарынын мэрияларына**

1. Карыя жана майыптыгы бар адамдар үчүн жалпы типтеги социалдык стационардык мекемелеринин жашоочуларын (кызмат алуучуларын) жеринде мекемеде МСЭК өтүүнү уюштурууну;

2. Жалпы типтеги карыялар жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардагы жайгашкан ден соолугунуна байланыштуу МСЭКтин корутундусуна ылайык, атайын психоневрологиялык ССМге которуу боюнча тиешелүү иш-чараларды жүргүзүүнү.

## 3.5. Гемодиализ алган бейтаптардын саламаттыгын сактоого болгон укугу боюнча изилдөөнүн жыйынтыктары

КР Акыйкатчы Институту саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө адам укуктарын сактоо алкагында изилдөөгө көз карандысыз эксперттти тартуу менен 2023 -жылы республиканын жеке гемодиализ борборлоруна (мындан ары-ГДБ) көрсөткөн кызматтарга мониторинг жүргүздү.

Кыргызстанда бюджеттик гемодиализ кызматын алууга муктаж болгон бейтаптардын саны жыл сайын өсүүдө. Бардыгы болуп Кыргызстанда 2023-жылдын 1-июнуна карата «Гемодиализ» маалымат базасынын маалыматтары боюнча реестрде **2690** гемодиализ кызматын алуучулар катталган, алардын ичинен Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду (ММКФ) аркылуу каржыланган - **2407** бейтап өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги 5-стадиядагы менен ооругандар. Ал эми, КРнын Саламатык сактоо министрлиги (мындан ары -КР ССМ) аркылуу каржылангандар - **283** бейтап.

2022-жылдын октябрында **2202** оорулуу болгон, өткөн 2022-жылга караганда бир жылдын ичинде **205** бейтапка бөйрөк оорусу менен оруугандар көбөйгөн.

Өлкөдө бюджеттик гемодиализ кызматын көрсөткөн мамлекеттик саламаттык сактоо мекемелери жана ГДБ баардыгы болуп 40 мекеме бар, алардын ичинен **36 жеке ГДБ** (ММКФ аркылуу каржыланат), ал эми **4 ГДБ** - "Фрезениус" (КР ССМ аркылуу каржыланат) жана Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустук бириккен ооруканаларында **3 мамлекеттик гемодиализ бөлүм** (отделение) бар.

Мамлекет тарабынан ММКФ аркылуу ар бир гемодиализ сеансы үчүн бирдиктүү белгиленген баа боюнча (**6500** сом) каржыланат. Ал эми, КР ССМ аркылуу, келишимдин негизинде ар бир сеанска **6 812 сом** өлчөмүндө каржыланат. Ооруган адамдарга гемодиализ өткөрүүгө жыл сайын 2 млрд.сомдон ашык каражат сарпталат.

2023-жылы Акыйкатчынын Аппаратынын мониторинг тобу жалпысынан **32 жеке ГДБнын** ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүздү. Ошондой эле, Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустук ооруканаларынын **3 мамлекеттик** гемодиализ бөлүмүнө барышкан.






Мониторингдин максаты – ГДБ тарабынан көрсөткөн кызматтардын ченемдик укуктук актыларга шайкештигин баалоо жана адам укуктарын бузуу тобокелдиктерин аныктоо.

Атап айтканда, мониторингдин ишинде ГДБнын төмөнкү маселелерге шайкештигин баалоо киргизилген:

- гемодиализ кызматтарынын ченемдик укуктук актыларга ылайыктуулугун;
- тармактагы коопсуздук стандартына ылайык келишин;
- коопсуздук жана инфекциялык контролдоо боюнча стандарттарга ылайык келишин;
- клиникалык колдонмолорго, протоколдорго жана сунуштарына ылайыктуулугун;
- эл аралык милдеттенмелерге, келишимдерге жана медициналык камсыздандыруу фондунун максаттуу көрсөткүчтөрүнө ылайык келишин.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары 2023-жылдын 11- ноябрында өткөрүлгөн Тегерек столдо талкууланып, анда баардык тараптар - гемодиализ бейтаптарынын кызыкчылыгын коргогон коомдук бирикмелердин өкүлдөрү, ГДБлардын директорлору, КР ССМ ведомстволук мекемелери: Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду, Дары-дармек каражаттары жана медициналык техника департаменти, Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти, Медициналык аккредитациялык комиссия (МАК), ошондой эле илимий медициналык билим берүү мекемелери мониторингдин жыйынтыгы боюнча чыгарылган тыянактарды жана сунуштарды эске алууга жана аткарууга даярдыгын билдиришкен.






# СУНУШТАР:

**КР Саламатыкты сактоо министрлигине:**

КР Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык жардамды уюштуруу жана дары-дармек саясаты башкармалыгына:

1) фистуланы орнотууда региондордо системдүү мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу;

2) бейтаптарга гемодиализ жүргүзүүдө клиникалык колдонмолорунун жана клиникалык протоколдордун (КК/КП) сунуштамаларын колдонуу;

3) гемодиализ пациенттерин стационарларга жаткыруудан баш тартуу маселесин жөнгө салуу;

**КР Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фондуна (ММКФ)**

1) бейтаптарга гемодиализ жүргүзүүдө клиникалык колдонмо/клиникалык протоколдор (КР/КП) менен бекитилген рекомендациялардын негизинде гемодиализ кызматтарынын сапатына баалоо жүргүзүү;

2) милдеттүү камсыздандыруу фондунун максаттуу көрсөткүчтөрүн көзөмөлдөө программаларын талкуулоо, жеке гемодиализ борборлорунун медициналык кызматкерлер арасында үзгүлтүксүз түшүндүрүү жолугушууларын өткөрүү;

3) бейтаптар гемодиализ алууга, гемодиализ борборлорун өз алдынча тандоого үчүн гемодиализ борборлорундагы бош орундар жөнүндө онлайн системанын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

4) мониторингтин алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн корутундусунда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдү эске алуу жана оңдоо;

5) эл аралык стандарттарга ылайык гемодиализ менен дарылоо процедураларынын сапатын жана натыйжалуулугун контролдоо системасын жаңылоо .

**КР Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дары-дармек каражаттары жана медициналык техника департаментине:**

1) жеке гемодиализ борборлорундагы дары-дармек каражаттарын жана керектөөлүчү медициналык материалдарды дары каражаттарынын жана медициналык техниканын Улуттук базасына милдеттүү тартипте киргизүү;

2) гемодиализ борборлорунда дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды сактоо эрежелерине ылайыктуулугун текшерүү;

3) терс таасирлер жана « сары карталарды» толтуруу тартиби жөнүндө гемодиализ борборлорундагы медициналык персоналдарды окутуу;

4) мониторингтин алкагында жүргүзүлгөн изилдөөнүн корутундусунда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдү кемчиликтерди четтетүү.

**КР Саламаттык сактоо министрлигинин Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментине:**

1) гемодиализге сууну даярдоо процесстеринин сапатын жана гемодиализ кызмат көрсөтүүлөрүнүн санитардык-эпидемиологиялык коопсуздугун контролдоо системасын түзүү;

2) гемодиализ үчүн суу тазалоочу комплекстин техникалык тейлөөсүн мамлекеттик деңгээлде МТТ 25000 -25005, 45001 ылайык, контролдоо;

3) жоопкерчиликти бөлүштүрүү менен базалык минималдуу ишке ашырылуучу стандарттарды киргизүү менен суу тазалоо стандарттарын өзгөртүү бо-

юнча демилге көтөрүү;

4) «В» гепатитинин вирусу менен ооруган бейтаптар үчүн өзүнчө идиш-аяк, кир жуучу жай, дааратканa ж. б. бөлүү практикасын токтотуу;

5) тармактык стандарттан педикулез топтомун чыгаруу;

6) гемодиализ кызматтарынын өзгөчөлүгүнө ылайык, (сууну даярдоо /суу тазалоо комплексинин инфекциялык коопсуздугу, жасалма бөйрөк аппаратына, эритмелерди жана концентраттарды, бир жолку чыгымдалуучу каражаттарды ж. б.) санэпидкөзөмөл жана улуттук коомдук саламаттык институтунун инфекциялык контролдоо предметине гемодиализ борборлору менен типтүү келишимдерди иштеп чыгаруу;

7) мониторингтин алкагында жүргүзүлгөн изилдөөсүнүн корутундусунда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдү кемчиликтерди четтетүү;

8) «КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 «Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө» КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 599 токтомуна гемодиализ үчүн сууну даярдоо боюнча эл аралык 25000-25005 стандарттарга ылайык өзгөртүүлөрдү киргизүү.

**Медициналык аккредитациялоо комиссиясына (МАК)**

1) МАКтын стандарттарын ISO 9001, 25000 -25005 аккредитациялоо стандарттарына ылайык жана башка гемодиализ кызматтарына карата колдонулууга адаптациялоо;

2) Изилдөөдөгү комментарийлерге жана сын-пикирлерге ылайык аккредитациялоонун стандарттарын кайра карап чыгуу;

3) Аккредитациялоо стандарттарына шайкештигин баалоодо бекитилген клиникалык колдонмо жана клиникалык протоколдор боюнча сунуштарды колдонууну талап кылуу (Блок 2,3);

4) 2 - Блок-клиникалык коопсуздук бөлүмүндө МАК аккредитациялоо стандарттарын коомдук ден соолуктун Улуттук институтунун инфекциялык контролдоо боюнча ченемдик укуктук актыларына ылайык келтирүү;

5) Гемодиализ пациенттердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, МАК аккредитациялоо стандарттарын талкуулоо боюнча, гемодиализ борборлорунун медициналык персоналынын арасында жалпы жолугушууларды өткөрүү;

6) Пландаштырылган мөөнөттөрдө кезектеги аккредитациядан өтүүгө даярдануу жана таанышуу үчүн гемодиализ борборлорунун арасында кайра каралган стандарттарды жайылтуу.

**КР Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту, Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, Кыргыз-Россия Славян университети:**

1) Эл аралык жана улуттук сунуштардын, клиникалык колдонмолордун жана протоколдордун негизинде гемодиализ пациенттерине маалымдоо үчүн типтүү жекече билим берүү маршрутун түзүү, аларды түшүнүүгө оңой болгон мамлекеттик жана расмий тилдерде баяндоо;

2) УЗИнин навигациясы менен же ангиографтын жардамы менен фистуланы орнотуунун стандарттуу операциялык жол-жобосун иштеп чыгуу;

3) Жетиштүү сандагы хирургдарды жана кардиохирургдарды гемодиализ жүргүзүү үчүн фистула коюу процедурасына окутуу;

4) Билим берүү программаларына Хирургия/Кардиохирургия ж. б адистерине фистуланы түзүүнү милдеттүү билим катары киргизүү.;

5) Гемодиализ боюнча билимди кеңейтүү максатында жана ооруканага

жаткыруудан баш тартууларды же гемодиализ борборлорунун жолдомолору боюнча Үй-бүлөлүк медициналык борборлор жана Үйбүлөлүк врачтар /(ҮМБ/ ҮДТ) тарабынан баштапкы звеносундагы тармактык адистердин кабыл алуусун болтурбоо максатында татаалдашкан, абалы начарлаган учур боюнча дипломго чейинки жана дипломдон кийинки окутуунун билим берүү программаларына гемодиализ пациенттерин алып баруу боюнча өзүнчө сааттарды киргизүү;

6) Гемодиализ боюнча окутуу программаларына жүрөк-өпкө реанимациясынын негиздерин жана билимин (көндүмдөрүн) киргизүү;

7) Клиникалык колдонмону жана клиникалык протоколдорду (КР/КП) иштеп чыгууда гемодиализ пациенттеринин ар кандай абалдарында дары препаратта-рын колдонуу жөнүндө пайдалануучулар үчүн кошумча түшүндүрмө маалыматты киргизүү. Жашына, жынысына, салмагына, коштоочу жана фондук ооруларына, гемодиализдин татаалдашына, негизги ооруларына жараша дары-дармек каражаттарын дайындоонун өзгөчөлүктөрүн сүрөттөө;



# IV БӨЛҮМ. АЯЛДАРДЫН ЖАНА БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫ


## 4.1. Кыргызстандагы үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү

БУУнун Конвенциясынын жоболорун ишке ашыруу, аялдарга карата зомбулук аракеттерин азайтуу жана жоюу максатында 2003-жылы Кыргызстан Орто Азияда биринчилерден болуп "Үй-бүлөдөгү зомбулуктан социалдык укуктук коргоо" мыйзамын кабыл алган. 2017-жылы үй-бүлөдөгү зомбулук менен күрөшүү жаатындагы мыйзамдар жаңыланып, «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган. Буга карабастан үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун акыркы жылдарда көбөйүшү, укук коргоо уюмдардын жана коомчулуктун олуттуу тынчсыздануусун жаратууда.


Аталган Мыйзамдын негизги багыты - үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу жана ага бөгөт коюу, андан жапа чеккен адамдарды социалдык-укуктук жактан коргоо болуп саналат. Мыйзамды ишке ашыруучу органдардын катарына ИИМ, Башкы прокуратура, КР Юстиция министрлигине караштуу Пробация Департаменти, Акыйкатчы Институту ж.б. органдар кирет.

Тилекке каршы, мыйзамдын талаптары, тийиштүү органдардын аракеттерине карабай, үй-бүлөөлүк зомбулуктун учурлары көбөйүүдө, төмөндөгү 2022-жыл менен 2023-жылга карата статистикалык маалыматтардын салыштырма диаграммасы буга далил.


**Үй - бүлөлүк зомбулук учурлары 2022 - жылга салыштырмалуу 2023 - жылы 32,6 % жогорулаган**




**Берилген коргоо ордерлерин саны 2022-жылга салыштырмалуу 2023-жылы 30,2 % көбөйгөн**



**Үй - бүлөлүк зомбулук боюнча түзүлгөн протоколдор жана алар боюнча чыгарылган чечимдер**




КР Башкы прокуратурасы тарабынан берилген маалыматтарга ылайык 2023-жылы суицидке баруу: аялдар тарабынан 187, ал эми балдар тарабынан 185 фактысы катталган. Бул көрүнүш көбүнчө үй-бүлөлүк зомбулуктарга байланыштырылууда.

Акыйкатчы Институту өзүнүн демилгеси менен социалдык тармактарда, ЖМКда үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө билдирүүлөр боюнча үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзөт. Отчеттук мезгилде коомдук резонанс жараткан 10 зордук-зомбулук фактылары Акыйкатчынын жеке контролуна алынып, бүгүнкү күндө алар боюнча иш алып барылууда.

1. *Акыйкатчынын наамына өзгөчө ырайымсыз физикалык, психологиялык жана сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгон М.Д.нын атасы арыз менен кайрылган.*

*Бишкек шаарынын Октябрь райондук ИИБы тарабынан М.Д.га зордук-зомбулук көрсөткөндүгү үчүн анын жарандык жубайы Э.У.га карата КР КЖК 154-б., кылмыш иши козголгон.*

*КР Акыйкатчысы Дж. А. Джаманбаеванын жеке кабыл алуусунда, М.Д.нын атасы айыпталуучу Э.У.нун жактоочулары ага карата белгиленген баш коргоо чарасына даттануу арызын келтирип, кылмыш ишин жазасы жеңил болгон КР КЖКнын беренесине кайрадан квалификациялоо аракеттерин көрүп жаткандыгын билдирген.*

*Арыз Акыйкатчынын жеке көзөмөлүнө алынып, Бишкек шаарынын Прокуратурасына жана Ички иштер башкы башкармалыгына тиешелүү каттар жолдонуп, соттук отурумдарына мониторинг жүргүзүлгөн. Кийин М.Д.нын атасы берген өз арызын артка чакыртып алган.*

2. *2023-жылдын сентябрь айында социалдык тармактарда А.Н.дин, мурдагы күйөөсү тарабынан мыкаачылык менен бычакталган окуясы тараган. Аталган окуяны Акыйкатчы өз көзөмөлүнө алып, А.Н. дарыланган ооруканага барып, жолугуп келген.*

   *Акыйкатчы КР Жогорку сотунун, Министрлер Кабинетинин*

*төрагаларына, Башкы прокурорго А.Н.дин укугун камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү тууралуу кайрылып, аялдарга жана балдарга карата зомбулукка байланыштуу баардык кылмыш иштердин каралышын жана көзөмөлгө алынышын, аялдардын укуктарын коргоо боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ түзүлүшүн талап кылган.*

*Аталган мамлекеттик кызмат адамдарынан алынган жоопторго ылайык:*

*- А.Н.дин иши КР Башкы прокуратурасынын көзөмөлүнө алынгандыгы, кылмышкер А.Э.ге карата буга чейин кылмыш ишин козгоодон баш тартуу боюнча чечимдер жокко чыгарылып, 5 кылмыш иши козголуп, жабырлануучунун бир нече жолу кайрылуулары каралбай калуу фактылары боюнча милиция кызматкерлерине карата кызматтык иликтөө жүргүзүлүп жаткандыгы, алардын жыйынтыгы боюнча чечимдер кабыл алына тургандыгы маалымдалган;*

*- 2023-жылдын 27-сентябрындагы Чүй облусттук соттун өкүмү менен А.Э. карата мурда дайындалган пробациялык көзөмөл алып салынып, А.Э. 8 жылга эркиндигинен ажыратылган;*

*- 2023-жылдын 28-сентябрында Чүй облусунун прокурорунун буйругу менен Сокулук районунун прокурору К.Б.го жана Сокулук районунун прокурорунун жардамчысы М.Ж.ке тартиптик жаза “сөгүш” жарыяланган;*

*- КР Эмгек, социалдык камсыздоо министрлиги тарабынан зордук-зомбулукка кабылган аялдарга “бирдиктүү терезе” форматында жардам берүү борборду ачуу боюнча иш чаралар жүргүзүлүүдө;*

*- КР Судьялар кеңеши тарабынан Сокулук райондук сотунун судьясы К.Ж.Т. дисциплинардык жоопкерчиликке тартылып, сот кызмат ордунан бошотулган.*

*3. КР Акыйкатчысынын наамына Бишкек шаарынын тургуну А.Б. арыз менен кайрылган.*

*Арызында ал жолдошу тарабынан үй-бүлөлүк зомбулукка кабылып, Бишкек шаарынын Биринчи май РИИБине арыз менен кайрылса, тергөөчү К.М. тергөө амалдарын тиешелүү деңгээлде жүргүзбөй, орой мамиле кылып жаткандыгына нааразычылыгын билдирип кайрылган. Арызды кароонун натыйжасында, Биринчи май соту тарабынан кылмышкер күнөөлүү деп табылып, ага карата 40 саатка коомдук иштерге тартуу чечими чыгарылып, тергөөчүгө тартиптик чара колдонулган.*

Акыйкатчы Институту үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу максатында 2023-жылдын майында Бишкек шаарынын Октябрь, Ленин, Биринчи май жана Свердлов райондук ички иштер башкармалыктарына чыгуу менен, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга коюлган бөгөт чараларынын эффективдүүлүгү боюнча сурамжылоо жүргүзгөн. ИИБнын кызматкерлеринин айтымында зомбулук кылган жарандарды коомдук жумушка тартуудга караганда, аларды камакка алуу көбүрөөк таасир эткендигин, керек болсо камакка алуу мөөнөтүн узартуу керектигин белгилешкен. Тажрыйба көрсөткөндөй камактан чыккандан кийин зомбулук көрсөткөн жарандардын жүрүм-турумдары өзгөрүп, мындай жоруктарды кайра кылбагандары байкалгандыгын билдиришкен.

Мониторингдин жыйынтыгы менен төмөндөгү сунуштар берилген:

1. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык зомбулук: физикалык, сексуалдык, психологиялык, экономикалык категорияларга бөлүнөт. Бул себептен зомбулук боюнча

статистикалык маалыматтарды үй-бүлөлүк зомбулуктун категорияларына жараша алып барылышы зарыл;

2. Берилген коргоо ордерлердин статистикасы жылдан жылга көбөйүүдө. Коргоо ордерлер керектүү натыйжа бербегендигин эске алып, бул жааттагы иштерге көзөмөлдү күчөтүү керек;

3. Жабыркаган аялдар менен ишти негизинен эркек кызматкерлер алып барат, бул тергөөнүн жүрүшүндө айрым кыйынчылыктарды жаратат. Андыктан бул категориядагы кылмыш иштерди аял тергөөчүлөр алып барышын шарттасак;

4. Көпчүлүк учурда укук коргоо органдарына кайрылганда жабыр тарткан жарандар тиешелүү кызматтарга жөнөтүлбөгөнү, юридикалык консультациялар берилбегендиги жана арызды кабыл алуу, каттоо менен гана чектелип калгандыгы байкалган. Андыктан жабыр тарткандарга толук укуктук кеп-кеңеш жана социалдык колдоо берүү ишин күчөтүү зарыл;

Бул сунуштар боюнча КР ИИМи тиешелүү иш алып барылып жаткандыгын жазуу түрүндө билдиришкен.

ИИМдин маалыматына ылайык, “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинде “убактылуу коргоо ордери милдеттүү тартипте, үй-бүлөлүк зомбулук жасоо фактысы белгиленген учурдан тартып, 24 сааттын ичинде ички иштер органдары тарабынан 3 күндүк мөөнөткө берилет” деп көрсөтүлгөнүн, ал эми КР ЖК депутаты Д.Ашимованын демилгеси менен үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө КР мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча жаңы сунушталган мыйзамында убактылуу коргоо ордери 30 күндүк мөөнөткө бериле тургандыгы каралган.

Мындан тышкары “убактылуу коргоо ордердин” натыжайлуулугун жогорулатуу максатында депутаттар жана Министрлер Кабинети тарабынан бир нече мыйзам долбоорлору демилгеленип, жылдырылып жаткандыгы маалымдалган. Алсак, алгач коргоо ордердин 30-күндүк мөөнөткө берүү, электрондук билериктерди колдонуу сыяктуу.

Ошондой эле, аялдарга карата зомбулукту азайтуу боюнча алдын алуу жана маалыматтык иштер алып барылгандыгы жана жабыр тарткандарга социалдык, юридикалык жана психологиялык жардам көрсөтүү үчүн башка органдар жана уюмдар менен өз ара аракеттенүү күчөтүлгөндүгүн маалымдашкан.

КР Жогорку Сотунун маалыматына ылайык, 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 1-октябрына чейин жашы жете элек балдар менен аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жана ага байланыштуу соттор тарабынан каралып бүткөн кылмыш иштердин тенденциясы төмөндөгүдөй.

Жогорку Сотто каралып жаткан иштер КЖКнын 2017- жана 2021-жылдардагы редакцияларын жетекчиликке алып иш алып барышат, анткени үй-бүлөөдө болгон зомбулуктар боюнча иштердин айрымдары көп жылдардан бери созулуп, бүгүнкү күнгө чейин каралып жатканын статистикалык маалыматтар тастыктап турат. Мисалы, 2021-жылы зордук-зомбулук боюнча айыпталган адамдардын саны КЖКнын 2017-жылдагы редакциясынын негизинде 62 адам болсо, 2021-ж. редакциянын негизинде 1 адам, ал эми 2022-жылы КЖКнын 2017-ж. редакциясынын негизинде 14 адам, 2021-ж.редакциясы менен 96 адам айыпталган. Башкача айтканда үй-бүлөөлүк зордук-зомбулук боюнча айыпталган адамдардын саны кескин жогорулап, ал эми 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга карата берилген коргоо ордерлери 2022-жылга салыштырмалуу 32,6% жогорулаган.

КР Акыйкатчысы, аялдарга жана балдарга карата зомбулуктардын болуп

жаткандыгына байланыштуу, кылмыш иштерин иликтөөнү жеке көзөмөлгө алуу боюнча КР Башкы прокуратурасына сунуш менен кайрылганда, КР Башкы прокуратурасы тарабынан үй-бүлөлүк зордук-зомбулук фактылары боюнча козголгон кылмыш иштеринин прокурордук көзөмөлүн күчөтүү жөнүндө төмөн турган прокуратура органдарына тийиштүү талаптар коюлганын билдиришкен.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоону жана сактоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге төмөнкүлөр кирет[1]:

1) КР Министрлер Кабинети;

2) КР Өкмөтү тарабынан аныкталуучу, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо боюнча субъекттердин иштерин координациялоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

3) сот;

4) прокуратура;

5) ички иштер органдары;

6) социалдык камсыздоо органдары;

7) саламаттык сактоо органдары;

8) билим берүү органдары;

9) юстиция органдары;

10) балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

11) КР Акыйкатчысы (Омбудсмени);

12) адвокатура;

13) жергиликтүү мамлекеттик администрациялар;

14) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

15) аксакалдар соту;

16) жалпыга маалымдоо каражаттары;

17) өз компетенцияларынын чектеринде башка уюмдар.

Ошол эле мезгилде, КР Акыйкатчы Институту тарабынан КР “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамдын 12-беренесинде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарынын аткарылышы боюнча суроо-талаптарына ылайык[2], мамлекеттик органдардан жооптор алынган.

КР мамлекеттик органдардан келген жоопторго караганда, кээ бир мамлекеттик органдар үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарды коргоо боюнча мыйзамдарда каралган өз функцияларын толук кандуу аткарышкан эмес.

Жогорудагы айтылган Мыйзам зомбулуктан жабыр тарткан аялдардын жана балдардын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын сакталышын тийиштүү өлчөмдө камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Мыйзамдын ишке ашырылышы, зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам/кызмат көрсөтүү стандарттарынын, укук колдонуу жана сот тажрыйбасын талдоосу жоктугунан улам татаалдашууда. Анткени, көпчүлүк кылмыш иштери аялдардын үмүтсүздүгүнөн, укук коргоо түзүмүнө болгон ишенимсиздигинен улам тараптардын жарашкандыгына алып келет да жабылат.

Мыйзамда функцияларды аткаруунун так механизмдери каралган эмес. Андыктан, аялдарга жана балдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн жоюу боюнча бардык жооптуу мамлекеттик органдардын ортосунда так аткаруу механизмдери иштелип чыгышы керек.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү боюнча

[1]КР Мыйзамы 2017-жылдын 27-апрели № 63 Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө *(КР 2020-жылдын 15-апрелиндеги № 41* Мыйзамынын редакциясына ылайык)

[2]Чыг.№10/2603, 11.12.2023ж.

органдардын жана мекемелердин саны көп болгонуна карабастан, иш жүзүндө аялдарга жана балдарга кошумча социалдык кепилдиктерди алууга мүмкүндүк берүүчү материалдык-техникалык камсыздоо жана мыйзамдын аткарылышын ишке ашыруу боюнча чечилбеген маселелер бар болгондугун белгилеп кетсе болот.

Үй-бүлөлүк зомбулук башка укук бузуулардан айырмаланып, жашыруун (латенттик) мүнөзгө ээ. Бирок, статистикага ылайык, жыл сайын зордук-зомбулук мурдагы жылга караганда көбүрөөк катталат. Буга төмөнкүлөр себеп болушу мүмкүн: стереотиптерди өзгөртүү жана социалдык тармактарда таратылган маалыматтык иш-чаралар.

2019-жылдын августунда КР Өкмөтү тарабынан “Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдар үчүн зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча типтүү оңдоп-түзөө” Программасы бекитилген. Программанын максаты - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан үй-бүлөлөргө зомбулук жасаган адамдардын жүрүм-турумун кемсинткен, урмат-сыйга, коопсуздукту, адамдардын жоопкерчилигин жогорулатуу, үй-бүлөлүк зомбулуктун кайталанган учурларын алдын алуу. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамдын 29-беренесинин 3-пунктуна ылайык, убактылуу коргоо ордерин узарткан учурда, ага үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын коррекциялык программадан өтүшү жөнүндө шарт милдеттүү түрдө киргизилет. Аны ишке ашырууга КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги дайындалган. Бирок, бул багытты мамлекеттик эмес кризистик борборлор аткарып келишет.

2022-жылы Бишкек шаарында зомбулука кабылган аялдар менен балдар үчүн 60 орунга эсептелген “Аялзат” муниципалдык мамлекеттик кризистик борбору ачылган. Андан тышкары Кыргызстанда 17 мамлекеттик эмес кризистик борборлор өз ишин алып барышууда. Бирок, керектүү адистер менен каржылоо жетишсиз. Мамлекеттик каржылоо кризистик борбордун жалпы бюджетинин аз гана бөлүгүн жабат, ал эми чыгымдардын көпчүлүгү донорлордун эсебинен каржыланат.

Зордук-зомбулук жасаган адамдардын түзөтүү программасынан өтүү милдетин ишке ашыруу, өзгөчө Кыргызстандын алыскы райондорунда, мүмкүн эмес.

Акыйкатчы Институту аялдарга жана жашы жете элек балдарга карата зомбулуктун негизги себептери катары төмөндөгүлөрдү белгилейт:

- Зомбулукка кабылган жарандардын мамлекеттик органдарга болгон ишениминин төмөндүгү. Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин өз милдеттерин так аткарбай, кайдыгерлик мамиле жасап, айрым учурларда шектүү тарап менен кызматташуусу; тергөө амалдарынын жүргүзүлүшүн создуктуруусу. Кылмыш жоопкерчилигинен кутулбоо принцибинин иштебегени, андан улам зомбулуктун жазасыздыгы;
- Жооптуу мамлекеттик жана муниципалдык органдар тарабынан алдын алуу, бирге иш алып баруу механизмдеринин жетишсиздиги;
- Үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылган жарандар соттук-медициналык экспертизанын жыйынтыгына болгон наразычылактары. Көпчүлүк учурларда “жеңил жаракат” деген корутундуларды чыгарып, коргоо ордерлерин убагында бербегендиктен улам, көпчүлүк иштер сотко чейинки өндүрүштө эле кыскартылышы;
- Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук боюнча козголгон кылмыш иштердин квалификациясынын тергөөчүлөр тарабынан негизсиз өзгөртүлүшү, тергөө амалдарынын жактоочусуз өткөрүлүшү, зомбулуктан жабыркагандардын кайра-

кайра суракка чакырылышы (психологиялык басмырлоо);

- Психологиялык жардам берүү кызматы көрсөтүлбөй келгендиги;
- Күбөлөрдү коргоо институтунун иштебегендиги (мамлекет тарабынан каржылоо күбөлөрдүн баш калкалоочу жайга убактылуу жайгаштыруусу). Ушуга байланыштуу, зомбулуктун курмандыктары өзүн коргоо жана кылмышкердин күнөөсүн далилдөө мүмкүнчүлүгү чектелет, ал эми кылмышкерлерге жазадан кутулууга шарттар түзүлөт.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандарга колдоо кызматтарын көрсөтүүгө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш. Аларга психологиялык жана юридикалык жардам, консультация жана коргоо кызматтарын ала турган баш калкалоочу жайларды, консультациялык борборлорду түзүү зарыл. Мындай борборлордун тармагынын кеңейиши, айрыкча аз камсыз болгон аймактарда, жабырлануучуларга керектүү жардамды алууга көмөк болот.

Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү үчүн билим берүү программаларын жана үй-бүлөдөгү зомбулуктун зыяндуулугу жөнүндө калкка маалымдоо иштерин жүргүзүү зарыл. Зомбулуктун курмандыктарынын укуктары жөнүндө маалыматты жайылтуу, кесипкөй кызматкерлер (дарыгерлер, социалдык кызматкерлер, милиция) менен жаштарга тренингдерди жана семинарларды уюштуруу керек.

Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүү үчүн ички иштер органдары, медициналык жардам, билим берүү мекемелери, социалдык кызматтар сыяктуу ар кандай кызматтар менен уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты жана координацияны күчөтүү керек.

КР мыйзамдарында зомбулук үчүн 40 саатка коомдук иштерге тартуу же үч суткадан жети суткага чейин камакка алуу каралган. Тилекке каршы, мындай ыкма эч кимди коркутпайт жана зомбулуктун санын кыскарта албайт. Ал эми, зомбулуктун курмандыктары туугандарынын басымы менен, же күйөөсүнө экономикалык көз карандыгынан улам көргөн зордукту кечирүүгө мажбур болушат.

2023-жылдын 15-ноябрында ЖК жыйынында «Үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан сактоо жана коргоо жаатындагы КР айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзам долбоору каралып, кабыл алынган. Жогорку Кеңештин мындай аракеттери кубатталууга тийиш.

## СУНУШТАР:

**КР Башкы прокуратурасына:**

1. «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 6-беренесинин аткарылышын камсыздаган мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө тыкыр көзөмөл жүргүзүп, тиешелүү чараларды көрүү;
2. Аялдарга жана балдарга карата зомбулук боюнча кылмыш иштеринин иликтешине көзөмөлдү күчөтүп, ар бир квартал сайын отчет алуу;

**КР Ички иштер министрлигине:**

1. КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» мыйзамына ылайык статистикалык маалыматтарды үй-бүлөлүк зомбулуктун категорияларына жараша алып баруу;
2. Берилген коргоо ордерлердин аткарылышына көзөмөлдү күчөтүү;
3. Жабыркаган аялдар менен иштөөнү, атайын бөлүнгөн аял тергөөчүлөр

алып баруусун камсыздоо;

4. Укук коргоо органдарына кайрылган жарандарга жеткиликтүү юридикалык консультацияларды берүүнү камсыздоо жана аларды атайын базага киргизүү;

5. КР «Укук бузуулар жөнүндө» Кодексине каттоо боюнча бирдиктүү базаны түзүү боюнча тийиштүү өзгөртүүлөрдү демилгелөө.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграции министрлигине:**



1. Аймактарда типтүү коррекциялык программаны ишке ашыруу максатында, алыскы калктуу конуштарда кызматтарды көрсөтүү боюнча күчөтүлгөн иштерди жүргүзүү;

2. ИИМ, социалдык өнүктүрү башкармалыктарынын кызматкерлерине коррекциялык программа жөнүндө окутууларды өткөрүү.

3. КР Мамлекеттик органдардын ортосунда үй-бүлөлүк зордук-зомбулук боюнча өз ара аракеттенүүнү күчөтүү.

4. Мамлекеттик кризистик борборлордун санын көбөйтүү боюнча иш алып баруу.

**КР Юстиция министрлигинин алдындагы Пробация департаментине:**

1. Пробацияда турган адамдарга күчөтүлгөн көзөмөл жүргүзүү;

2. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча соттолгондор менен иштөө программасын иштеп чыгуу.

3. Пробация органдарынын кызматкерлерин туруктуу негизде окутууну ишке ашыруу.

4. Пробация кардарлары менен иштөө үчүн психологдордун санын көбөйтүү.

## 4.2. Энелер тарабынан ташталган ымыркайлардын укуктары жана төрөт үйлөрүндөгү укук бузуулар тууралуу

2023 жылдын 9 айында Кыргызстанда 114 823 жаңы төрөлгөн ымыркайлар катталган[3], өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15 117 ымыркайга аз төрөлгөн.

КР Саламаттык сактоо министрлигинин маалыматы боюнча, ташталган жаңы төрөлгөн ымыркайлардын саны: 2020-ж. - 44; 2021-ж. - 15; 2022-ж. - 19 факт катталган.

2023-жылдын акыркы айларында КР аймагында жаш энелер тарабынан жаңы төрөлгөн ымыркайларды көчөгө таштап кетүү 3 факты катталган.

Акыйкатчы Институту ташталган ымыркайлардын укуктарын сактоо максатында бул окуяларды контролго алып көзөмөл жүргүзгөн.

3 https://nazarnews.org/posts/v-kyrgyzstane-snizilas-rozhdaemost

Акыйкатчы Институтунун пикири боюнча жаш энелердин мындай кадамга барууга - үмүтсүздүк, энеге үй-бүлөсү жана ымыркайдын атасы тарабынан колдоонун жоктугу, коомчулук тарабынан каралоодон коркуусу, наристелер менен келечек жашоонун бакубаттыгынан күмөн саноо сыяктуу себептер түрткү болгон.

Ымыркайларды таштап кетүү 3 фактысы иликтенгенде төмөнкү окшош жагдайларга ырасталган:

- энелер 18-21 жашта жана бойдок болгондугу;
- энелердин ымыркайлардын аталары менен байланышы жоктугу;
- энелердин социалдык жана финансылык абалы начар болгондугу;
- энелер өздүгүн жашыруу максатында үй шарттарында төрөп, кечки убакытта ымыркайды, көчөгө таштап кеткендиктери;
- кийин энелер кылган аракеттерине өкүнүп, наристелерине кайрадан кам көрүү каалоолорун билдиришкендиги;
- жакын туугандары наристелерди өз камкордугуна алгандары.

Мындан улам Акыйкатчынын Аппараты мындай окуяларды алдын алуу максатында төмөнкү көйгөйлөргө көңүл буруу зарылчылыгын белгилейт:

1. өспүрүмдөрдүн жыныстык жашоосунун башталышында репродуктивдүү ден соолук боюнча маалымдуулуктун деңгээлинин жетишсиздигине;
2. Бүгүнкү күнү көпчүлүк кыз-келиндердин кош-бойлуулуктан корунуунун заманбап ыкмалары жөнүндө маалыматы жок;
3. Өспүрүмдөрдүн репродуктивдүү ден соолугуна терс таасирин тийгизген басмырлоочу стереотиптердин жайылтылышы.

Эне-баланы мындай учурлардан сактап калуу мамлекеттин жана коомчулуктун колунда. Акыйкатчы Институту эне-баланын кызыкчылыктарына карата керектүү шарттарды түзүп, мындай окуяларды алдын алуу боюнча иш-чараларды алып баруу керектигин белгилейт.

Алсак, Франция мамлекетинде анонимдик төрөттөр тажрыйбасы колдонулуп келет. Каалаган эне төрөт үйүндө “Х” аты менен жазылып, анонимдүү түрдө төрөп, наристесин таштап кете алат. Мында “Х” энеге бир ай мөөнөттүн ичинде наристесин кайтарып алуу мүмкүнчүлүгү берилет.

Америка Кошмо Штаттарында болсо «коопсуз жай» жөнүндө мыйзам кабыл алынган. Ага ылайык жаңы төрөлгөн ымыркайларды атайын белгиленген жерлерге - төрөт үйлөрүнө, ооруканаларга, өрт өчүрүүчү станцияларга, чиркөөлөргө таштап кетсе болот.

КР Конституциясынын 25-беренесинин 1-пунктуна ылайык, ар бир адам ажыратылгыс жашоо укугуна ээ. Конституциянын 27-беренесинин 2-пунктунда айтылгандай, КР баланын эң маанилүү кызыкчылыктарын колдоо жана камсыз кылуу принциби колдонулат. КР Балдардын укуктары жөнүндө БУУ конвенциясына 1994 жылы кошулган. Конвенциянын 6-беренисинин 2-пунктунда көрсөтүлгөндөй, мамлекет баланын жашап кетүүсүн жана дени сак өнүгүшүн максималдуу деңгээлде камсыз кылат.

### Төрөт үйлөрүндөгү укук бузуулар

Өлкөбүздө ымыркайлар ташталып жаткан көйгөй өрчүп жаткан учурда, Акыйкатчы Институту тарабынан 2023-жылдын 12-октябрында Чүй облустук төрөт үйүндөгү шарттарга мониторинг жүргүзүлгөн.

Төрөт үйдүн материалдык-техникалык абалы жакшыртылышы абзел. Бул мекемеде дарыланып жаткан жана жаңы төрөгөн кыз-келиндер паракорчулук, мыйзамсыз төлөмдөр жана башка жагымсыз көрүнүштөргө дуушар болгондугун билдиришкен.

1. У.У. аттуу жаран, анын сиңдиси бешинчи баласын төрөө үчүн келгенде аны карап жаткан дарыгер А.Д. “кесарево сечение” аркылуу гана төрөйсүн, ал үчүн 10 миң сом бересиң”- деп, талап кылгандыгын жана аларга катаал мамиле жасагандыгын билдирген. Бул боюнча дарыгер менен бетме-бет маектешүүлөр жүргүзүлуп, У.У.нун арызы Чүй облустук оорукананын башкы дарыгеринин атына берилип, Акыйкатчы Институту тарабынан көзөмөлгө алынган.

Акыйкатчы Аппараты төрөт үйүнө келген болочок энелерге, жаңы төрөгөн аялдарга жана жарыкка келген ымыркайларга медициналык жардамдын сапатын, ошондой эле, саламаттыкты сактоого болгон укуктарынын кынтыксыз аткарылуусун камсыз кылуу, көрсөтүлгөн көрүнүштөрдү жоюу жана болтурбоо максатында КР ССМге кат жөнөткөн. Жыйынтыгында У.У.нун арызы боюнча дарыгер А.Д. тартиптик жазага тартылгандыгы жана кемчиликтерди жоюу боюнча иштер жүрүп жаткандыгы тууралуу белгилүү болгон.

Мындан тышкары, ошол эле дарыгердин бир нече жарандан акча алгандыгы боюнча Чүй облустук прокуратурага кат жолдонуп, Аламүдүн райондук ИИБ тергөө кызматы тарабынан текшерүү амалдары жүрүп жаткандыгы билдирилген.

2. Т.к.Э. аттуу жарандан ушул эле төрөт үйүнүн акушер-дарыгери 8000 сом талап кылып, “кесарево” менен төрөткөндүгү тууралуу арыз келип түшкөн, бул арыз боюнча да Чүй облустук прокуратурасына кат жолдонгон. Арыз Аламудун райондук ИИБ тергөө кызматында (АИС ЖУИ №02-058-2023-006974 от 15.12.2023 г.) катталып, иш жүрүп жаткандыгы кабарланган.

3. Акыйкатчынын наамына Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Интернационал айылынын тургуну Т.уулу Б. арыз менен кайрылган. Кайрылууда анын жубайы И. Н. И. 2023-жылдын 3-январында Кант шаардык төрөт үйүндө көз жарып, 6-январь күнү палаталык дарыгери А.Н. “эненин жана баланын ден соолугу жакшы” – деген бүтүмдүн негизинде үйүнө чыгарылып, кийин жубайынын дене табы көтөрүлүп, 11-январь күнү Бишкек шаарындагы ооруканалардын биринде каза болгондугун билдирип, Канттагы төрөт үйүнүн күнөөлүү дарыгерлерин жоопкериликке тартууну өтүнгөн.

Арызды кароонун жүрүшүндө дарыгерлердин шалаакылыгынын айынан И.Н.И. каза болгондугуна күнөөлүү деп КР ССМ түзүлгөн атайын иликтөө комиссиясынын жыйынтыгы менен бир нече дарыгерлер административдик жазаларын алышкан: Борбордун директору Р.М. жана анын орун басары Н.С. ээлеген кызматтарынан бошотулган. Буга чейин Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Жалпы дарыгердик борборунун директорунун Р.М. 2023-жылдын 16-январындагы №03/II-01 буйругунун негизинде бир катар медициналык кызматкерлерге административдик чаралар колдонулган.

Арыз боюнча, Акыйкатчынын кийлигишүүсү менен кылмыш иши козголуп, соттук-медициналык экспертиза дайындалган. Экспертизанын 2023-жылдын 11-декабрдагы корутундусуна ылайык, дарыгерлер тарабынан ката кеткендиги белгиленип, кылмыш иши сот өндүрүшүнө өткөрүлгөн.

Акыйкатчы Институту аялдардын репродукциялык ден-соолугун жана энелик укуктарын сактоо максатында төмөнкүлөрдү сунуштайт:

## СУНУШТАР:

**КР Саламаттык сактоо министрлигине:**

- Кош бойлуу, бойдок кыз-келиндерди каттоо боюнча поликлиникалардын ишин күчөтүүнү жана алардын каалоосу менен каттоону анонимдүү түрдө жүргүзүү механизмин киргизүүнү;
- Өспүрүмдөргө медициналык кызматтарды көрсөтүүдө купуялуулукту камсыздоону;
- Өспүрүмдөрдүн репродуктивдүү ден соолугун коргоо боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгууну;
- Кыргызстан боюнча баардык төрөт үйлөрдүн материалдык-техникалык базасын, медициналык персоналдын арасында бейтаптарга кызмат көрсөтүүгө контрол жүргүзүүнү;

**КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

- Мектеп окуучуларына, студенттерге үй-бүлөнү пландаштыруу, контрацепция, жана репродуктивдүү ден соолукту сактоо жөнүндө билимдерди берүүнү;
- мектеп окуучуларынын ата-энелерин жана мугалимдерин балдардын репродуктивдүү ден соолугун сактоо эрежелери жана ыкмалары жөнүндө маалымдуулук деңгээлин жогорулатууну;
- мектептерде психолог бирдигинин болушун камсыздоону;

**КР Министрлер Кабинетине:**

Мамлекет тарабынан анонимдүүлүктү сактоо кепилдиги менен энелерге жаңы төрөлгөн ымыркайын идентификациялоосуз калтыруу мүмкүнчүлүгүн камсыздоону, мында наристени бир нече мөөнөттөн кийин энесинин калоосу менен кайтарып берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууну.

**КР Юстиция министрлигине жана КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

- Кризистик борборлор жана башка тиешелүү механизмдер жөнүндө ЖМК аркылуу коомдо агартуу иштерин күчөтүүнү;
- Жаш энелерге юридикалык жана психологиялык жардам көрсөтүү, аларга убактылуу баш калкалоо, билим алууга жана ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү боюнча атайын социалдык кызматтардын механизмин иштеп чыгууну;
- Кризистик борбордо баш калкалаган жарандарга акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнү камсыздоону.

## 4.3. Мектеп жашындагы балдардын коопсуздугу тууралуу

2023-жылдын 6 ай ичинде КР Башкы прокуратуранын маалыматы боюнча жашы жете элек жарандары Кылмыш Жаза Кодексинин төмөнкү беренелери боюнча жоопкерчиликке тартылышкан: уурдоо - 436; тоноо - 136; ден соолукка анча оор эмес зыян келтирүү -19; ден соолукка оор зыян келтирүү -18; талап-тоноо -15; ден соолукка жеңил зыян келтирүү - 7; опузалоо - 4; акча жана баалуу кагаздарды жасалмалоо - 4, баңги заттарын, психотроптук заттарды жана алардын аналогдорун сатып өткөрүү максатында мыйзамсыз даярдоо - 3; адамды никеге туруу максатында уурдоо - 2.

Жашы жете элек жарандарга карата, КР ИИМдин ички ведомстволук аналитикалык отчетуна  ылайык үй-бүлөлүк зомбулук боюнча катталган иштер:

| 2022 (7ай ичинде) | 2023 (7ай ичинде) (+24,1%) |
|---|---|
| **5911** | **7334** |

| **КР КЖКнин 157- беренеси менен** (16 жашка чыга элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) | **КР КЖКнин 158/165 - беренелери менен** (ыпылас аракеттер) |
|---|---|
| **10** | **6** |

## Жашы жетелек жабырлануучуларга Коргоо ордерлерин берилгени:

Эркек балдарга - 46

Кыздарга - 76

Мектеп рэкетин жана зомбулук көйгөйлөрүн болтурбоо маселелери боюнча, Акыйкатчы Институту тарабынан республика боюнча жалпы билим берүү мектептеринде жана жатак-интернат тибиндеги мектептерде сурамжылоо жүргүзүлгөн.

Сурамжылоо 7-11-класстардын окуучулары арасында өткөрүлүп, ага 1452 окуучу катышкан.

Төмөндө сурамжылоонун жана мониторингдин натыйжалары келтирилген, алар бир катар көйгөйлөрдү аныктоого мүмкүндүк берет.

Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын 19-беренесинде аныкталган «Психологиялык зомбулук» түшүнүгүнө ылайык, ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- бала менен туруктуу зыян келтирүүчү мамилелердин бардык формалары, мисалы, балдарга алардын пайдасыздыгын, жек көрүүчүлүгүн, керексиздигин, коркунучта турганын же болбосо башка адамдардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн гана керек экенине ынандыруу;
- коркутуу, куугунтуктоо жана басынтуу; эксплуатациялоо жана манипуляциялоо; чануу; бөлүү, тоготпоо жана артыкчылык мамиле;
- мазактоо, шылдыңдоо, кемсинтүү, басмырлоо;
- психологиялык кысым көрсөтүү, уяткаруу жана чоң кишилер же башка балдар тарабынан «чонсунуу».

Сурамжылоого 1452 окуучулар катышып, анын жыйынтыгы менен:

1. Балдардын 22,4%ы рэкетке кабылгандыгын билдиришкен.

Окуучулардын айтканы боюнча опузалоо жана рэкет менен көпчүлүктө жогорку класстардын окуучулары алектенишет, бул “чоңсунуудан” психологиялык

жана дене бойго залал келтирүүдөн турат. Ошондой эле акча ж. б. баалуулуктарды опузалап, талап кылып балдарды укук ченемсиз иш-аракеттерди жасоого түртөт.

Физикалык, психологиялык жана сексуалдык зомбулук көпчүлүктө балдардын топтору тарабынан башка балдарга карата жүзөгө ашырылуучу коркутуулары түрүндө болот, алар ошол учурда баланын физикалык жана психикалык кол тийбестигине жана бейпилчилигине эле зыян келтирбестен, көп убактарда анын өсүп-өнүгүшү, билим алуусу жана орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү болочокто социалдык интеграцияланышына олуттуу кесепетин тийгизет. Мындан тышкары, жаштардын кескин топтору тарабынан жүзөгө ашырылган зомбулук, алардын курмандыктарына же катышуучуларына оор кесепеттерин тийгизет.

2. Бишкек ш. мектеп окуучуларынын 8,6% зы мектепте өздөрүн коопсуз сезишпейт.

Ош ш. жана Ош облусунда окуучулардын 19, 2%зы өздөрүн мектепте коопсуз сезишпейт.

Өткөрүлгөн сурамжылоонун натыйжалары боюнча окуучулардын жарымынан көбү (51,2%) мектептеги зомбулук учурлары жөнүндө кабардар.

3. Жалпы билим берүүчү мектептердин шарттарына мониторингдин жыйынтыктары менен төмөнкүлөр аныкталган.

*«Жалпы билим берүүчү уюмдардагы шарттарга жана окутууну уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар жөнүндө»* КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 Токтомунун ***57-п***унктунда ар бир кабатта каалгалуу эшиктер менен жабдылган балдар жана кыздар үчүн ажатканалар жайгаштырылышы керек экендиги жөнүндө айтылган. Санитардык жабдуулардын саны төмөнкү эсептөөлөрдөн улам аныкталат: 20 кызга 1 унитаз, 30 кызга бир жуунучу чөнөк; 30 балага 1 унитаз, бир саара кылуучу жана 1 жуунуучу чөнөк. Балдар жана кыздар үчүн санитардык түйүндөрдүн аянты бир окуучуга 0,1 м² кем эмес эсептен кабыл алынышы керек.

Тилекке каршы, бул ченем иш жүзүндө бир дагы мектепте, өзгөчө республиканын жергиликтүү аймактарында аткарылбагандыгы сурамжылоонун жыйынтыгында аныкталган. Мектептердеги коомдук ажаатканаларда талаптагыдай шарттардын жоктугу, алардын пайдаланылышы балдар үчүн кооптуу экендиги белгиленген.

Сурамжылоонун натыйжалары боюнча ага катышкандардын 43,4% мектептердеги ажаатканаларды кооптуу деп эсептешкен.

КР боюнча көптөгөн ата-энелер жашоо-тиричилик себеби менен алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө чыгып кетүүгө аргасыз болуп жатышканына байланыштуу, аймактардын эң алыскы булуң-бурчтарында калышкан мигранттардын-балдарынын саны жыл өткөн сайын өсүп барат. Мигранттардын-балдары чоңоюп, өсүп жаткан үй-бүлөлөрдө жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулук көйгөйлөрүнүн кооптуулугу өзгөчө жогору, анткени, эң жакын адамдардын – ата-энесинин болбогонуна байланыштуу балдарда айланадагы айкындуулукту кабыл алууда, баалоодо психологиялык бузулуулар пайда болууда. Алар, өз көйгөйлөрүн эч кимге таянуусуз өздөрү чечүүгө көнүшүүдө, алардын эмоционалдык жана психологиялык абалдарын эске алганда, мектептердеги зомбулук менен рэкеттин курмандыктары болуп калуулары же тескерисинче, укук бузуу жолуна түшүп кетүүлөрү ыктымал.

Сурамжылоо жүргөн окуу жайлардан алынган маалыматтарга ылайык, штаттык психологдордун болбогондугу аныкталды. Ал эми баардык мектептерде социалдык педагогдор бар экендиги, жеке жана окуу пландарында мектеп

окуучуларынын эрте никеге туруу, жашы жетелектердин арасындагы кылмыштуулук, ала качуу, сексуалдык зомбулук көйгөйлөрү жөнүндө кабардарлуулугун камсыз кылууга багытталган иш чаралар киргизилгендиги менен, иштин көптүгүнөн өз убагында мектеп окуучулары арасында ишенимдүү психологиялык жумуштарды жүргүзүүгө олуттуу көңүл бурулбай келгендиги аныкталды.

Балдардын укуктары жөнүндөгү Конвенциянын 28-беренесинне ылайык, ар бир бала билим алууга укуктуу. Катышкан мамлекеттер баланын билим алууга болгон укугун бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде жүзөгө ашырууга акырындык менен жетишүү максатында ал укукту таанышат, алсак, окуучулардын мектептерге үзгүлтүксүз барууларына көмөктөшүү жана мектепти таштап кеткендердин санын азайтуу боюнча чараларды көрүшөт.

Жашы жетелектердин арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу үчүн БУУ Эр-Рияддык жетектөөчү принциптеринде жашы жетелектердин арасындагы кылмыштуулукту алдын алуу, коомдогу кылмыштуулуктун алдын алуунун абдан маанилүү өңүтү болуп саналаары көрсөтүлгөн. Мыйзамдуу, социалдык пайдалуу иштерге катышуу жана коом менен жашоого карата гумандуу көз караштарды иштеп чыгуу менен, жаштарды кылмыш иштерге жол бербеген принциптерге тарбиялоо мүмкүн.

Жүргүзүлгөн талдоонун натыйжаларынан көрүнүп тургандай, мектептердеги рэкет жана зомбулук окуучулардын жана өсүп келе жаткан жаш муундардын коомдук-билим алуусундагы жашоо-турмушунда көп кездешүүсү ыктымал.

Жашы жете электердин иштери боюнча инспекция жана мектеп администрацияларынын тыгыз иштешип жатышканына карабастан, мектептердеги рэкет, опузалоо жана зомбулуктардын кандай болбосун формаларын болтурбоо маселесинде олуттуу көйгөйлөр болуп, алар мектепте билим берүү тутумунда орун алуусу уланууда.

Мектептеги зомбулук, баланын билим алуу укугуна тикелей аралашуу менен, комплекстүү зыян келтирээрин белгилөө зарыл. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу баланын дараметинин бүтүндөй жана толугу менен ар тараптан өнүгүүсүнүн милдеттүү шарты болуп саналат.

КР Конституциясынын 20-беренесинде балдар – КР эң баалуу байлыгы экени көрсөтүлгөн. Мамлекет балдардын ар тараптуу руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана дене-бой жактан өнүгүүсүнө өбөлгө болуучу шарттарды түзүү менен аларды мекенчилдикке жана атуулдукка тарбиялайт.

КР коомдук жашоосунун ар түрдүү чөйрөлөрү менен өз ара байланыштагы заманбап чакырыктардын жана коркунучтардын шарттарында, жашы жетелектердин арасындагы рэкет жана зомбулук, кылмыштуулук маселелеринин алдын алууга жана болтурбоого жардам берүү үчүн мамлекеттик укук коргоо институттарын чыңдоо, жана жалпысынан өсүп келе жаткан муундардын арасында укуктук маданиятты жана билим берүүнү өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу керек.

## СУНУШТАР:

**КР Ички иштер министрлигине:**

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы № 655-т тескемеси менен бекитилген Адам укуктары боюнча 2022–2024-жылдарга иш-аракеттердин Планына ылайык:

1. Мектептерде милициянын күзөтү уюштурулсун жана жакын жерлерде үзгүлтүксүз күзөттөр киргизилсин.
2. Участоктук милициянын дарегине даттануулар үкөгү орнотулсун.
3. Мугалимдер жана ата-энелер үчүн укуктук агартуу семинарлар өткөрүлсүн.

**КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

1. Балдарга карата зомбулукту алдын алуу максатында билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин балдарга ырайымсыз мамиле жасоого жол берилбестиги жөнүндө милдеттери тууралуу маалыматты бардык мектептерде системалуу негизде жайылтуусу, зомбулук фактылары жөнүндө, ошондой эле мектепке барбаган балдар жөнүндө маалыматтарды балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга токтоосуз берилүүсү көзөмөлгө алынсын.

2. КР Акыйкатчы Институту тарабынан демилгеленген Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде «Зомбулуксуз мектеп» программасын ишке ашырууну жана жандандырууну 2024-жылдын иш планына киргизүү керек.

3. Психологдун штаттык ордун ар бир мектепке киргизүүсү тууралуу маселени карап чыгуу зарыл;

4.Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлгө алуу борбору менен биргеликте республика боюнча бардык жатак-мектептерди жапырт жана толук кандуу текшерүү сунушталат.

**КР Саламаттыкты сактоо министрлигине:**

1. Мектеп окуучуларына жыныстык тарбиялоо боюнча окуу программасын иштеп чыгуу.

**КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине:**

1. Ч. Базарбаев атындагы БХОЖ жана М. Абдраев атындагы музыкалык жатак-мектебинин эскирген имараттарын жана орун жайларын оңдоо мүмкүнчүлүктөрү караштырылсын.
2. Жылдык пландарга мектеп окуучуларын маданий агартууга багытталган иш-чаралар киргизилсин жана өткөрүлсүн.
3. Балдар арасында спортко, музыкага кызыктырууну арттыруу механизмдери иштелип чыгылсын.

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

1. Мигранттардын балдары бар, же балдарга потенциалдуу коркунуч алып келген адамдар (аракеч, кылмышка шектелген, бангизат колдонгон, мурда соттолгон ж.б.) менен жашаган үй-бүлөлөргө туруктуу мониторинг жүргүзүлүшү зарыл;
2. Социалдык коргоонун райондук жана аймактык бөлүмдөрүнүн иштери күчөтүлсүн.

## 4.4. Коомдук транспортто аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун жайылышы тууралуу

Акыркы жылдары Кыргызстанда коомдук транспортто ыдык көрсөтүү көйгөйү күч алууда. Коомдук транспорт аялдар жана кыздар үчүн кооптуу жай болуп калууда. Бул көйгөйдү иликтөө максатында Акыйкатчыга караштуу адам

укуктары боюнча Жаштар Бюросу Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери менен биргеликте Кыргызстанда аялдар жана кыздар арасында сурамжылоо жүргүзгөн.

Ушул иликтеп-изилдөө жаш активисттер тарабынан коомчулуктун көңүлүн бул көйгөйгө буруу менен эле чектелбестен, мамлекеттик органдар жана коомчулук жалпысынан коомдук транспорттогу ыдык көрсөтүү көйгөйлөрдүн жайылуу практикасын жоюу, чечүү үчүн бардык зарыл ыкмаларды таап жана колдонуусуна өбөлгө түзүп, көмөктөшкүлөрү келген. Сурамжылоону өткөргөндөр аялдар менен кыздар үчүн коомдук транспорттогу ыдык жана анын формаларынан коргонуу механизмдери жок экенин жана күнөөлүүлөрдүн толук жазасыздыгын өзгөчө баса белгилешкен.

Сурамжылоо анонимдүүлүктүн жана ыктыярдуулуктун социологиялык усулдарын пайдалануу менен жүргүзүлгөн, бул ар кыл жаш курактагы көптөгөн аялдардын жана кыздардын топторун сурамжылоого мүмкүнчүлүк түзгөн, ошондон улам алардын жооптору дагы мүмкүн болушунча ачык-айкын болгон жана изилдөөнүн маңызын толук ачып берген. Изилдөөгө баардыгы болуп 250 аял жана кыз катышкан. Респонденттердин жарымынан көбү (53%) 18 жаштан 25 жашка чейинки, үчтөн бири (38%) – 18 жашка чейинки, 7% – 25 жаштан 35 жашка чейинкилер болгон.

Аялдардан жана кыздардын 90% коомдук транспортто ыдык көрсөтүүнүн ар кыл формаларына кабылышкан, аялдардын болгону 10% гана транспортто бараткан убакта эч качан, эч кандай көрүнүштөргө кабылышпагандыгын билдиришкен. Коомдук транспортто аялдар көпчүлүгү кабылышкан ыдык көрсөтүүлөрдүн кыйла кеңири таралган формалары сүйкөнүү, ыктоо, кармалоо (80%), тиктөө (69%), тийишүү (57%) болуп саналат. Иш жүзүндө ар бир экинчи аял адепсиз үн чыгарууларга (44%) жана уятсыз ымдап-жымдоолорго кабылышкан. Ар бир үчүнчүсү мазактап-сөгүүгө (33%) жана ишараттарга (30%) күбө болушкан. Кысым көрсөткөн субъекттердин арасында аялдарга карата сексуалдык мүнөздөгү өтүнүч/талаптар менен кайрылышкан (14%) жана өз денелеринин интимдик бөлүктөрүн көрсөткөн (14%) эркектер болгон. Изилдөө көрсөткөндөй, транспорттун баардык түрлөрү ыдык көрсөтүүлөрдөн коопсуз эмес болуп саналат. Аялдардын көпчүлүгү (82%) маршруттук таксиде ыдык көрсөтүүлөргө кабылышаарын белгилешкен. Ар бир экинчи аял автобуста (51%), ар бир үчүнчүсү – троллейбуста (35%), ал эми ар бир бешинчиси – таксиде 19%) ыдык көрсөтүүгө дуушар болушканын белгилешкен.

Алынган натыйжалар, алар ыдык көрсөтүүгө кабылган учурда, укук коргоочу органдар же коомдук транспорттун айдоочусу тарабынан корголооруна аялдардын ишенимдеринин жоктугун же анын төмөндүгүн көрсөткөн. Коомдук транспортто болгон ыдык көрсөтүү учурларында аялдардын 3% гана чара көрүү үчүн жардам сурап укук коргоо органдарына\айдоочуга кайрылышкан. Аялдардын басымдуу көпчүлүгү (93%) эч кайда кайрылышкан эмес. Ар бир алтынчы аял (16%) “жардам сурап кайрылуунун эч кандай пайдасы жок” деп эсептейт, ар бир онунчу аял (11%) “укук коргоо органдары эч нерсе кыла алышпайт” деп эсептейт, ал эми аялдардын 10% “кайрылган күндө тескерисинче алардын өздөрүн айыптап күнөөлүү кылат” деп эсептешет, аялдардын 7% мындай учурда жардам сурап кайрылууну уят көрүшөт, 9% “укук коргоо органдарына жана айдоочуга баары бир, алар андай жорукка көңүл да бурушпайт” деп эсептешет. Ушул суроого жооп бербегендердин үлүшү 20% түзгөн.

Эмне үчүн аялдардын көпчүлүгү ыдык көрүшкөнү жөнүндө унчугушпайт деген суроого, изилдөөлөрдүн ар бир үчүнчү катышуучусу (31%), анткени алар

коркушат деп жооп беришкен.

Ар бир үчүнчү аял (24%), эгерде алар ыдык көрсөтүүлөр жөнүндө айтып беришсе, анда аялдын өзүн күнөөлөшөт, ага ишенишпейт жана жардам беришпейт деп ойлойт. Аялдардын 23% “ыдык көрсөтүү жазаланбайт, коом да, мамлекеттик органдар дагы анын көрүнүштөрүнө кайдыгер карашат жана аларды эч кандай коргошпойт” деп эсептешет. Ар бир онунчу аял (11%) аны айтууну уят деп эсептешет. Респонденттердин башка жоопторунун арасында мындай унчукпоонун себептеринин ичинде өз укуктарын билбегендик, жардам көрсөтүү кызматтарын билдегендик, ыдык көрүүнүн өзүн түшүнбөгөндүк, жергиликтүү менталитеттин таасири, көңүл чөгөттүккө алдыруу коркунучу аталды.

Коомдук транспорттогу мындай жосунсуз жоруктарды болтурбай коюучу алдын алуу чараларынын катарында изилдөөлөрдүн катышуучулары мыйзамдарды катаалдаштырууну, укук коргоо органдарынын мындай көрүнүштөргө карата мамилелерин кайра карап чыгууну, коомдук транспорттун айдоочуларын аялдар ыдык көрсөтүүгө кабылган учурларда мындай кырдаалдарга карата чара көрүүгө жана жардам көрсөтүүгө окутууну; бул теманы ЖМК жана билим берүү мекемелеринде чагылдырууга жана көңүл бурууну суранышкан.

## СУНУШТАР:

**КР Ички иштер министрлигине, жергиликтүү бийлик органдарына (транспорттук компанияларга):**

Коомдук транспортто аялдарга жана кыздарга карата зомбулуктун жайылуусун азайтууга багытталган иш-аракеттер планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу.

**Бишкек ш. Ош ш. Каракол ш. Жалал-Абад ш. мэрияларына:**

Ар кварталда ШИИБ менен биргеликте, жашы жетелектерге, өзгөчө кыздарга коомдук транспорттогу ыдык көрсөтүүлөргө жол бербөө жана бөгөт коюу максаттарында окуу-профилактикалык иш чараларды өткөрүү сунушталат.

## 4.5. KG Интернет мейкиндигинде аялдарга жана кыздарга карата онлайн зордук-зомбулук жана кастык тили

Онлайн мейкиндигиндеги кастык тили татаал жана көп кырдуу маселе жана анын калыптанышы көптөгөн факторлорго, анын ичинде маданий, социалдык, саясий жана технологиялык аспектилерге көз каранды. Жаңы технологиялардын өнүгүшү жана Интернетке кеңири жеткиликтүүлүк менен келип чыккан заманбап чакырыктар Кыргызстанды кеңири мүмкүнчүлүктөр жана ошону менен бирге Интернет-ресурстарды пайдалануучуларга карата кастык тилин жана онлайн-зомбулукту күчөтүү менен байланышкан чечимдерди издөөнүн жалпы процессине камтыйт.

Пандемияга байланыштуу адамдарды мажбурлап изоляциялоо социалдык медианын таасирин күчөтүп, этникалык, географиялык, муундук жана гендердик мүнөздөгү наразычылыктардын күчөшүнө алып келди, бул кастык тилин жана маалыматтын, айрыкча социалдык Медиада булгануусун күчөттү (3.2. КР млн колдонуучу).

2020-жылдын октябрынан 2021-жылдын январына чейин онлайн жек көрүү сөздөрүнүн масштабы тилдик (37%), этникалык (22%), гомофобиялык (12%), гендердик (11,5%) жана диний сабырсыздыкты (5%) көрсөттү. Анын негизги бөлүгү социалдык ишенбөөчүлүктүн, поляризациянын, сабырсыздыктын жана ар кандай баяндоо моделдеринин негизинде түзүлөт. Социалдык медиада аялдарга жана кыздарга карата кибер-зомбулук, манипуляциялоо жана зомбулук ыкмаларын жайылтуу коом тарабынан норма катары кабыл алынып, өлкөнүн жарандарынын социалдык ажырымдуулугуна терс таасирин тийгизүүдө.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын, Интернеттин жана социалдык медианын өнүгүшү менен коомдогу байланыш жана өз ара аракеттенүү олуттуу өзгөрүүлөргө учурады. Байланыш чөйрөсүндөгү маалыматтык технологиялардын артыкчылыктары менен бирге социалдык Медиада көбүнчө сексисттик контекстте айтылган басынтуу, кемсинтүү, зордук-зомбулук атмосферасы үстөмдүк кылууда.  Гендердик зомбулук биздин өлкөдө жана дүйнө жүзү боюнча көптөгөн аялдар менен кыздарды камтыган онлайн чөйрөдө активдүү түрдө ар кандай формада болот.

Аялдарга/кыздарга багытталган кастык тили стереотиптерди бекемдеп, жек көрүүчүлүктү жайылтат жана гендердик теңчиликке жана адам укуктарына коркунуч келтирет. Мунун баары аялдар\кыздар онлайн зордук-зомбулуктун объектиси болуп калуудан коркуп, өзүн-өзү цензурага барууга аргасыз болушат, коркуу жана жымжырттык атмосферасын түзүүгө өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн негизги максаты КР кастык тилинин жана онлайн-зомбулуктун масштабын аныктоо, Интернет-мейкиндиктин колдонуучуларына, өзгөчө аялдарга жана кыздарга карата кастык тилинин жана онлайн-зомбулуктун деңгээлин төмөндөтүү боюнча негизги акторлорго сунуштарды иштеп чыгуу болду.

Изилдөө респонденттерди анонимдүү онлайн сурамжылоо (605 респондент), 8 фокус-топтук дискуссия (79 респондент) жана ар кандай курактагы, жыныстагы, социалдык абалдагы, дин туткан, билими, кесиби боюнча респонденттер менен 30 терең интервью өткөрүү түрүндө жүргүзүлдү.

## Тыянактар

Социалдык тармактарда, респонденттердин 70%дан ашыгы кеминде бир жолу,  ал эми мессенджерлерде 60%дан ашыгы, айрыкча Фейсбукта кастык тилин колдонулушуна туш болшкан;

Сурамжылоого катышкан эки жыныстын 41% дан ашыгы жек көрүү тилине туш болушат, алардын 80% дан ашыгы сексуалдык мааниге ээ. Онлайн мейкиндиктеги аялдардын / кыздардын арасында дээрлик ар бир экинчи (48%) аялдар / кыздар терс комментарийлерди жана троллингди козуткан деп айыпталган сексуалдык коннотацияга туш болушат;

Аялдар жана кыздар жынысы боюнча санариптик зомбулукка дуушар болушат, Бул онлайн мейкиндигинде гендердик теңсиздик бар экенин баса белгилейт, негизинен: троллинг (43,9%), коркутуу же шантаж (39,7%), жек көрүү комментарийлери (37,6%);

Интернеттеги зомбулуктун курмандыктары, айрыкча аялдар жана кыздар ар кандай психологиялык жана эмоционалдык кесепеттерге дуушар болушат (78,7%), айрыкча ачуулануу сезими (42,1%), ишенимдин төмөндөшү (41,5%), тынчсыздануу (38,7%);

Жалпысынан респонденттердин практикасында кастык тилинин бардык

түрлөрү абдан көп кездешет: киберкуугунтук 79%, сексуалдык асылуу, шантаж 68,3%, интимдик өч алуу - 68,3%, кастык\жек көрүү тили жана басмырлоо - 82,2%, сталкинг 71%. Орточо алганда, онлайн мейкиндик колдонуучуларынын 73,3% жек көрүү тилине туш болушат. Мындан, Интернеттеги зомбулук менен чыныгы жашоодогу зомбулуктун ортосунда түз байланыш бар экендигин байкоого болот;

Сурамжылоого катышкандардын 78% өздөрү жек көрүү сөздөрүн колдонбойт, 15% билбестен колдонгонун айтышат, 6% колдонот жана 1% аларга каршы жек көрүү сөздөрдү колдонгондорго колдонушат. Респонденттердин жек көрүү сөздөрүн колдонуусунун негизги себептери болуп, алардын укугу (52%), атайылап ошол эле формада жооп берүүсү (22%), жек көрүү сөздөрүн колдонуп жатканын билишпегени (16%), жана аны көйгөй деп эсептешпейт (10%);

Акыркы убакта саясат менен алектенген же коомдук позициясын активдүү билдирген аялдарга карата кастык тилин колдонуу тенденциясы күч алууда;

Респонденттердин пикири боюнча, көптөгөн интернет колдонуучулар интернеттеги зордук-зомбулук чыныгы коомго жайылып, Инсанга, үй-бүлөгө кеңири жана терең таасирин тийгизип, баарлашуу маданияты үй-бүлөдө тарбияланбай, коомдун өзүнө таасир этээрин түшүнүшпөйт;

Колдонуучуларды онлайн-зомбулуктан жана кастык тилин колдонуудан коргоону камсыз кылган тиешелүү мыйзамдардын жоктугу, ошондой эле «касташуу/жек көрүү тили» жана «онлайн зомбулук» түшүнүктөрүнүн так аныктамасынын жоктугу өлкөдөгү сот адилеттигинин иштешине таасирин тийгизүүдө.

Социалдык медиа платформалары жана онлайн кызматтары, мыйзам чыгаруу милдеттенмеси жок, зордук-зомбулук, коркутуу же мазактоочу материалдарды аныктоо жана алып салуу боюнча сапаттуу модерацияны жүргүзбөйт жана автоматтык чыпкалоо жана контролдоо тутумдарын иштеп чыгууга жана колдонууга түрткү бербейт;

Саясатчылар жана коомдук адамдар (анын ичинде блогерлер) роль моделдери жана кастык тилин колдонууда жүрүм-турумдун тонун жана маданиятын белгилөө үчүн үлгү болуп саналат;

Онлайн-мейкиндиктин колдонуучулары бул маселенин чечилишин контентти жөнгө салуунун мыйзамдык механизмдерин колдонуу аркылуу карап жатышат, ошол эле учурда сөз эркиндигин сактоо зарыл деп эсептешет;

Респонденттер онлайн зомбулукту оффлайн зомбулук сыяктуу олуттуу кабыл ала элек, алар үчүн жек көрүү тили күнүмдүк көрүнүшкө айланып калган;

Учурда кастык тилин аныктоо жана алдын алуу боюнча системалуу билим берүү жана маалыматтык кампаниялар жок;

Чет тилдерден кыргыз жана орус тилдерине неологизмдерди которууда көйгөй бар, ошондуктан маалыматты түшүнүү жана өз алдынча түшүндүрүү кыйын болуп жатат;

Онлайн-мейкиндиктин кыргыз тилдүү сегментинде душмандык тилин массалык жана көзөмөлсүз колдонуу көйгөйү кыргыз тилинде душмандык тилин көзөмөлдөө боюнча техникалык иштеп чыгуулардын жана алгоритмдердин жоктугунан келип чыгууда;

Укук коргоо органдары гендердик оффлайн кылмыштары менен иштөөдө жетиштүү тажрыйбага ээ болгонуна карабастан, онлайн гендердик зомбулук менен иштөө көндүмдөрүн өздөштүрө элек;

Анонимдүү аккаунттар жана фейк профилдер онлайн зомбулукту жана касташуу тилин аныктоо жана токтотуу милдетин татаалдаштырат;

Онлайн зомбулуктун курмандыгы болгон аялдардын укук коргоо органдарына

кайрылууларынын төмөн статистикасы, арыз ээсинин инсандыгын ачыкка чыгарбоо боюнча процесстик кепилдиктердин жоктугу, ошондой эле укук коргоо жана башка мамлекеттик институттарга ишенимдин төмөн деңгээли менен шартталган, анткени алар онлайн кылмыштарга эч ким жооп бербейт деп эсептешет, айрыкча алар «тирүү» кылмыштарга да начар жооп беришет.

### Кастык тилин колдонууга алып келген негизги факторлор:

(1) коомдогу маданий стереотиптердин жана жыныстык теңсиздиктин болушу;

(2) колдонуучулар өздөрүнүн сөздөрү жана иш-аракеттери үчүн анонимдүүлүктөн улам жазадан дээрлик коопсуз сезишет;

(3) кээ бир онлайн жамааттарда жана платформаларда агрессивдүү атмосфера жана атаандаштык орногону, мурда белгиленген, априори алгылыктуу жана микро чөйрөдө калыптанып калган «баарлашуу ыкмасы», өз көз карашын башкаларга таңуулоо же оппоненттерди кемсинтүү үчүн кастык тилин колдонууга түрткү берет;

(4) айрым онлайн жамааттарда кастык тилин колдонуу нормага же жамааттын маданиятынын бир бөлүгү болуп калгандыгы;

(5) айрым колдонуучулар өз эмоцияларын кармабагандыктан, терс эмоцияларын билдирүүгө же башкаларда эмоционалдык реакцияларды жаратуу үчүн онлайн мейкиндигинде кастык тилин колдонушу мүмкүн;

(6) адамдар башка колдонуучулардын жүрүм-турумун туурап же окшоштурушу мүмкүн, анын ичинде кастык тилин колдонуу, мындай мазмундун көзөмөлсүз жайылышына алып келиши мүмкүн;

(7) кээ бир колдонуучулар жек көрүү тилин өздөрүнө же жашоосуна наразы болгондугу үчүн гана билдириши мүмкүн, бул аялдар менен кыздарга алсызыраак деген стереотиптик пикирге байланыштуу багытталышы мүмкүн.

### Аялдарга/кыздарга карата онлайн зомбулуктун себептерин жана кесепеттерин талдоо

Аялдарга/кыздарга карата онлайн зомбулуктун себептери ар кандай болушу мүмкүн жана респонденттердин пикири боюнча контекстке жана жагдайга жараша ар кандай болушу мүмкүн:

Интернеттеги зордук-зомбулук көбүнчө сексисттик мамилелерден жана жыныстардын ортосундагы теңсиз мамилелерден келип чыгат. Кээ бир адамдар терс стереотиптерди жана басмырлоону колдоп, аялдарга болгон таарынычын же агрессияны билдирүү үчүн Интернетти колдонушат;

Онлайн чөйрө анонимдүүлүк жана жазасыз калуу сезимин жаратышы мүмкүн. Бул кээ бир адамдарды аялдарга карата зордук-зомбулукка же кемсинтүүгө үндөйт, анткени алар жасаган иштери үчүн жоопко тартылбайм деп ойлошот;

Айрым адамдар экстремисттик же зордук-зомбулук көз караштарын, анын ичинде гендердик жек көрүүчүлүктү билдирүү үчүн онлайн платформаларды колдонушат. Буга коркутуу, шантаж жана ал тургай зомбулукка чакыруу кириши мүмкүн;

Интернеттеги зордук-зомбулуктун айрым учурлары жеке келишпестиктерден, ажырашуулардан же наразычылыктан улам аялга кандайдыр бир зыян келтирүү каалоосунан улам болушу мүмкүн;

Кээ бир адамдар анын кандай зыян алып келерин билбегендиктен же түшүнбөгөндүктөн зомбулук көрсөтүшү мүмкүн. Гендердик маселелерди жана мындай аракеттердин терс кесепеттерин түшүнбөө интернеттеги зомбулуктун себептеринин бири болушу мүмкүн;

Кээ бир маданий нормалар жана стереотиптер аялдарга карата зомбулукту бекемдеп, актай алат. Бул онлайн зордук-зомбулуктун ыктымалдыгын жогорулатышы мүмкүн, анткени нормалар онлайн чөйрөдө берилиши жана күчөтүлүшү мүмкүн;

Интернеттеги зомбулук оффлайнга өтүп кетиши мүмкүн жана бул жабырлануучуларга гана эмес, ар бир адамга чыныгы коркунучтарды жаратат. Мунун баары жынысына байланыштуу коркутуу, кемсинтүү жана басмырлоо менен коштолот.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

Эл аралык ченемдерге ылайык Рабаттык иш-аракеттер планынын негизинде ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун иштеп чыгуу, атап айтканда аялдарга/кыздарга карата кастык тилин жана онлайн-зомбулукту натыйжалуу алдын алуу үчүн колдонуудагы мыйзам актыларына жек көрүүчүлүккө, басмырлоого жана зомбулукка шыктоого каршы тиешелүү жоболорду киргизүү;

**КР Жогорку Кеңешине:**

КР ЖК депутаттарынын «эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча демилгесин колдоо «онлайн зомбулук» түшүнүгү жана аялдарга/кыздарга карата онлайн зомбулуктун алдын алуунун жана алдын алуунун укуктук механизмдерин аныктоо, онлайн-мейкиндикте мындай кылмыштарга координацияланган чара көрүү жана жабыр тарткандарды коргоо.

**КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

Кастык тилинин жана зомбулуктун зыяндуулугу жөнүндө интернет колдонуучулардын билимин жана маалымдуулугун жогорулатууга багытталган атайын окуу-маалыматтык программаларды иштеп чыгуу жана агартуу кампания-ларын жүргүзүү.

Мектептен тышкаркы окутуу программасына бейбаштык, онлайн-зомбулук жана кастык тили көйгөйлөрүнө өзгөчө көңүл буруу менен интернет-коопсуздук маселелерин жана онлайн мейкиндиктеги этикет эрежелерин иштеп чыгуу жана киргизү.

**Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы:**

Жума намаздарда кастык тилинин алдын алуунун маанилүүлүгү жөнүндө калкты андан ары агартуу үчүн диний лидерлердин, анын ичинде имамдардын арасында кастыку тилинин жана зомбулуктун зыяндуулугу жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу үчүн маалымат иштерин жүргүзүү.

**КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги:**

Стереотиптерге каршы күрөшүүгө багытталган ар кандай мультимедиялык форматтарды колдонуу менен бардык кызыкдар тараптарды/уюмдарды тартуу менен аялдарга/кыздарга карата касташуу тили жана онлайн-зомбулук көрсөтүү менен билим берүү/агартуу мүнөзүндөгү маалыматтык кампанияларды күчөтүү.

Онлайн зомбулукту контролдоо жана алдын алуу боюнча биргелешкен

чараларды жана аракеттерди иштеп чыгуу үчүн социалдык өнөктөштүк форматында социалдык платформалар, интернет провайдерлер менен кызматташтыкты жолго коюу.

Балдарга, өспүрүмдөргө жана жаштарга онлайн мейкиндигиндеги коопсуз байланыш, анын ичинде бейбаштыктын жана башка кибер кылмыштардын алдын алуу боюнча билим берүү программаларын жүргүзүү.



# V БӨЛҮМ.
# ЭРКИНДИКТИ ЧЕКТӨӨ ЖАНА АЖЫРАТУУ ЖАЙЛАРЫНДА АДАМ УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

## 5.1. Укук коргоо органдарына карата келген кайрылууларды кароо

2023-жылы укук коргоо органдарына карата **280** кайрылуу келип түштү, алардын ичинен **265** кайрылуу боюнча түшүндүрмөлөр берилди жана таандыктыгына жараша башка мамлекеттик органдарга жөнөтүлдү, **14** арыз боюнча одоно укук бузуулар аныкталып, укуктар калыбына келтирилди.

280 кайрылуунун ичинен 132 кайрылуу объективдүү эмес тергөөгө таандык болду, 51 камакта кармоонун шарттарына, 30 кайрылуу соттук чечимдерге, 5 кайрылуу жазаны кыскартууну колдонууга (УДО/КП), 6 кыйноолорго жана 56 башка даттанууларга таандык болду.

| КР мамлекетти к органдары боюнча | Даттануу-лардын саны | алардын ичинен кыйноого | күтүү шарттарына (турак жай шарттары, тамак-аш, мед. тейлөө, коопсуздук ж.б.), ЖАК мыйзамсыз аракеттерине | УДО/КП боюнча | соттук жыйналыштын мониторингине , соттун чечимдерине | башка-лар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ИИМ | 105 | 4 | | | | |
| УКМК | 7 | 1 | 1 | | | |
| ЖАК | 54 | 1 | 50 | 2 | | |
| Прокуратура | 25 | | | | | |
| Соттор | 33 | | | 3 | 30 | |
| Башкалар | 56 | | | | | 56 |
| баары | 280 | 6 | 51 | 5 | 30 | 56 |

КР Акыйкатчысынын атына келип түшкөн даттануулардын көбү тергөө органдарына, сотко чейинки өндүрүшкө көзөмөлдү жана контролду жүзөгө ашыруучу органдарга ишенбестик жөнүндө болгон. Ошол эле учурда, канааттандырылган даттанууларды эске алганда, ушул органдардын кызматкерлери укук бузууларга жол бергени алардын объективдүү эместигин тастыктап турат, бул жарандардын укуктарын бузууларга алып келүүдө.

**Мисалы:** КР Акыйкатчысынын атына жаран Т. Н. Чүй областынын Аламүдүн районунун ИИБнын өндүрүшүндө турган кылмыш-жаза ишиндеги негизсиз создуктуруу жана объективдүү эмес тергөө тууралуу арызданган.

Бул арызды кароонун жүрүшүндө мындай жагдай аныкталган, 2023-жылдын 22-февралында Чүй областынын Аламүдүн районунун ИИБ тергөөчүсү Т. Ж. тарабынан № 4 мамлекеттик клиникалык оорукананын палатасында жүргүзүлгөн операциядан кийин, З.Б.га мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын линиясы боюнча адвокаттын катышуусу менен Т.Н. айып коюлган.

КР КЖП 46-беренесине ылайык, шектүү, айыпталуучу өзүн жеке же аларга тандалган жактоочунун жардамы менен коргоого укуктуу, тергөөчү башка жактоочуну таңуулоого укуксуз. Бирок Т.Н. каалоосуна карабастан жана анын өз жактоочусу бар болгонуна карабастан, тергөөчү Т.Ж. таңууланган жактоочу менен тергөө аракеттерин жүргүзгөн. Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери Т.Н. менен кезиккен учурда анын операциядан кийин оорулуунун абалы оор экени айкын болгон, ал өз оюн айкын айта алган эмес жана иштин материалдары менен таанышууга кудуретсиз болгондугу белгилүү болгон. Т.Н. айтымына караганда, өзүнүн адвокаты анын оорусуна байланыштуу тергөө иш-чараларын жүргүзүү мүмкүн эместиги жөнүндө медициналык документтерди тергөөгө берген.

Акыйкатчынын Институтунун суроо-талабына, КР ЮМ алдындагы Юридикалык жардам кызматы мындай деп билдирген: Т.Н. айып койгон учурда З.Б. жактоочу катары катышты деген күнү “Чүй областынын Аламүдүн району боюнча жактоочулардын кезметчилигинин графигинде адвокат З.Б. болгон эмес.

Акыйкатчы Институту тарабынан ИИБ тергөөчүсүнүн жана жактоочу З.Б.

туруктуу мыйзамсыз байланышы белгиленген, алар бүтүм түзүп алып өздөрүнүн аракеттери менен айыпталуучулардын квалификациялуу коргоого укуктарын бузган.

Акыйкатчы тарабынан киргизилген Көңүл буруу актысынын натыйжалары боюнча, Чүй областынын Аламүдүн районунун ИИБ тергөөчүсү Т.Ж. тартип жоопкерчилигине тартылган. Жактоочу З.Б. карата КР Адвокатурасына тартип өндүрүшүн козгоо өтүнүчү жөнүндө сунуш киргизилген.

Мындан сырткары, Акыйкатчы Институтуна мамлекеттик бийлик органдарынын кызмат адамдарына гана эмес, ошондой эле жактоочуларга карата да даттануулар түшүп турат. Бирок, адвокаттарды учурда тартиптик жазага тартуу механизмдери иштебей жатканы, бул жааттагы көйгөй катары бааласак болот.

Мисалы, Акыйкатчы Институтуна кылмыш ишине жетишсиз деңгээлде коргоону көрсөткөндүгү үчүн адвокат Э. А. карата чара көрүү жөнүндө Р.К. аттуу жаран даттануу менен кайрылган. Кароонун жүрүшүндө жаран Э. А. адвокаттын кетирген кемчиликтери тууралуу КР Юстиция министрлигине кайрылган. КР Юстиция министрлиги 2023-жылдын 28-апрелинде аталган даттанууну КР Адвокатурасына жөнөткөн, ал эми адвокат Э.А. карата бүгүнкү күнгө чейин эч кандай чара көрүлгөн эмес.

КР Адвокатурасында ошол учурда башаламандык болуп жаткандыгы белгилүү болгон. Мындай жагдайларды алдын алуу максатында, Акыйкатчы Институту Адвокаттардын съездин чакыруу боюнча КР Юстиция министрлиги тарабынан көрүлүп жаткан чаралар адвокатураны башкаруу органдарында кризистен арылуу боюнча маселелерди чечет деп үмүттөнөт.

Тергөөнү объективдүү эмес жүргүзүүдөн, негизсиз создуктуруудан жана тиешелүү чара көрбөөдөн тышкары, кыйла сандагы даттануулар камакка алуу түрүндө жаза чарасын негизсиз колдонууга тиешелүү.

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пактынын 9-беренесине ылайык: «Соттук териштирүүнү күтүп жаткан адамдарды камакта кармоо жалпы эреже болууга тийиш эмес, бирок бошотуу сотко келишине, соттук териштирүүгө анын ар кандай башка стадиясында келишине жана зарылчылык болгон учурда өкүмдү аткаруу үчүн келишине кепилдиктерди беришине байланыштуу болушу мүмкүн».

Практикада тергөө органдары 2019-жылы бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө 6892 өтүнмөнүн ичинен 74,3% учурунда камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч кылган. Ал эми 91,1% учурунда тергөө судьялары камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө тергөө органдарына макул болгон. 2020-жылы бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө баардык 7806 өтүнмөнүн ичинен 79,3% учурунда тергөө органдары камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө соттордон өтүнгөн, 84,7% учурунда соттор тергөөгө макул болгон. 2022-жылы 3821 өтүнмөнүн ичинен, 3279 өтүнмө сот тарабынан канааттандырылган (85,8%), 2023-жылы канааттандыруу 71,2% түзөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн статистика, камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандоо жөнүндө тергөө органдарынын өтүнмөлөрүн соттор жогору канааттандырааары тууралуу тастыктап турат, ал эми “Соттук териштирүүнү күтүп жаткан адамдарды камакта кармоо жалпы эреже болууга тийиш эмес” деген принципти соттор тарабынан негизинен колдонбогону Акыйкатчы Институтун тынчсыздандырат.

КЖПК 114-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, бөгөт коюу чарасы катары

камакка алуу кылмыш-жаза мыйзамы менен 5 жылдан ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган кылмыштарды жасаган айыпталуучуларга карата башка кыйла жеңил бөгөт коюу чарасын колдонуу мүмкүн болбогондо соттун чечими боюнча колдонулат.

КЖПК 114-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, өзгөчө учурларда бөгөт коюунун бул чарасы 5 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза каралган кылмыштарды жасоого айыпталган адамдарга карата төмөнкү жагдайлардын бири болгондо колдонулушу мүмкүн:

1) айыпталуучунун КР аймагында туруктуу же убактылуу жашаган жери болбогондо;

2) анын инсандыгы аныкталбаганда;

3) ал тарабынан мурда колдонулган бөгөт коюу чарасы бузулганда;

4) ал тергөө өндүрүшүн жүзөгө ашыруучу органдан, соттон жашырынса.

Ошону менен бирге камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын негизсиз колдонуу белгиленүүдө. Мисалга алсак, 2022-жылдын 15-мартында Нарын шаарынын прокуратурасынын улук тергөөчүсү Б.А. сотко КР КЖКнын 209-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча айыпталып жаткан И. кызы С. карата (ким экендиги белгиленген, мурда соттолгон эмес, бойдок, туруктуу жашаган жери бар) 2 айлык мөөнөткө камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган.

Өзүнүн өтүнүчүн мындай деп жүйөлөштүргөн, айыпталуучу адвокаттын жардамчысы болуп саналат, буга байланыштуу тергөө аракеттери менен тааныш жана эркиндикте жүрсө тергөөнү объективдүү жүргүзүүгө тоскоолдук кылышы мүмкүн. Мындан тышкары, айыпталуучу суракка ага чакырыкты тапшыргандан кийин гана келген, күнөөсүн мойнуна албайт, ошондой эле облустук соттун судьясынын жарандык жубайы болуп саналат.

Сотко катыша турган прокурор тергөөчүнүн өтүнүчүн колдогон.

Нарын шаардык сотунун тергөө судьясы С. кызы Н. токтому менен тергөөчүнүн өтүнүчү жарым-жартылай канааттандырылган жана айыпталуучуга карата 1 айлык мөөнөткө камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасы тандалган.

Токтомдун жүйөөлөштүрүү бөлүгүндө судья мындай деп көрсөткөн: «айыпталуучунун ким экендигин, ал анча оор эмес кылмыш жасагандыгы үчүн айыпталып жатканын эске алып, бирок айыпталуучуга карата тергөө органдары дагы башка кылмыштарды байланыштырып жатканын жана кылмыш менен келтирилген зыяндын өлчөмүн, ал орду толтурулбаганын жана коомдук резонансты пайда кылган, ал жасаган кылмыштын мүнөзүн эске алып, тергөө судьясы Нарын шаарынын прокуратурасынын улук тергөөчүсү Б.А. өтүнүчүн жарым-жартылай канааттандыруу зарыл жана айыпталуучуга карата бир айлык мөөнөткө камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандоо зарыл деп эсептейт».

Ошентип, судья камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандоону чечүүдө ЖПК 114-беренесинин 2-бөлүгүндө саналган жагдайлардын бирин да негиздеген эмес. Ал тургай, судья тергөөнү жүйөөлөштүрүүнүн чегинен чыккан жана башка кылмыштарды инкриминациялоо жөнүндө көрсөткөн, бирок соттук жыйналыштын протоколуна ылайык бул жөнүндө сөз да болгон эмес.

Ушундан улам, бөгөт коюу чарасы ЖПК 114-беренесинин талаптарын бузуу менен тандалган деген тикелей тыянак келип чыгат, мындан тышкары, тергөө судьясы камакка алуу жөнүндө өтүнүчтү канааттандыруу менен кала берсе, тергөөнү жүйөлөштүрүүнүн алкагынан чыккан жана тергөө таянган жагдайларды кошумчалаган. Нарын областтык сотунун 2022-жылдын 22-мартындагы

аныктамасы менен Нарын шаардык сотунун тергөө судьясынын 2022-жылдын 15-мартындагы токтому жокко чыгарылган жана айыпталуучу И. кызы С. карата үй камагы түрүндө бөгөт коюу чарасы колдонулган.

Дагы бир мисал келтирип кетсек, Жалал-Абад областы боюнча Акыйкатчынын иш сапарынын жүрүшүндө, 2023-жылдын 29-сентябрында № 53 СИЗО анча оор эмес кылмаштарды жасагандыгы үчүн айыпталып жаткан төмөнкүдөй эки адам тергөө изоляторунда камакта отурганын белгилеген:

1. К. кызы Ч., КЖК 209-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча жосунду (алдамчылык) жасагандыгы үчүн айыпталган, анын 2021-жылы туулган наристе кызы кошо камакта отурган.

2. Т.М. 209-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча жосунду (алдамчылык) жасандыгы үчүн айыпталган.

Көрсөтүлгөн айыпталуучулар бөгөт коюу чарасын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч менен КР Акыйкатчысына кайрылган. Алсак, К. кызы Ч. анын 2 жаштагы кызымдан тышкары 5 жаштагы уулум бар деп билдирген, ал эми айыпталуучу Т.М. 31 500 сом зыян келтирген, ал зыян толугу менен калыбына келтирген деп билдирген. КР Акыйкатчысы көрсөтүлгөн адамдардын камакта болушунун максатка ылайыктуулугу жагынан жеринде жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрүнө, прокуратуранын кызматкерлерине тиешелүү сунуштамаларды берген.

Бул иш сапар ЖМК чагылдырылгандан кийин Ноокен райондук сотунун 2023-жылдын 17-октябрындагы токтому менен Т.М.га карата кылмыш иши КР ЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 13-пунктуна ылайык кыскартылган (жабырлануучунун жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тартышы) жана айыпталуучу камактан бошотулган. Ноокен райондук сотунун 2023-жылдын 3-октябрындагы өкүмү менен К. кызы Ч. КР КЖК 209-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту боюнча күнөөлүү деп таанылган, ага карата 2 жылдык мөөнөткө пробация колдонулган жана ал дароо эле камактан бошотулган.

## Тыянактар:

Жазык процессуалдык мыйзамдарга ылайык, прокуратура изин суутпай издөө ишин жана сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашырып жаткан органдар мыйзамдарды сакташына көзөмөл кылат. Прокуратуранын көрөсөтмөлөрүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу органдары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш. Мындан тышкары, жарандардын укуктарын чектеген кылмыш-жаза таасир этүүнүн бардык чаралары тергөө судьялары тарабынан кабыл алынат, алар сотко чейинки өндүрүштө соттук контролду жүзөгө ашырат.

Ошентип, сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө мыйзамдуулукту, адамдын укуктары менен эркиндиктерин сактоону камсыз кылуу максатында кош көзөмөл жана контроль жүзөгө ашырылат. Көрсөтүлгөндөр тергөөнүн ар тараптуулугун жана объективдүүлүгүн толук өлчөмдө камсыз кылууга, ошондой эле жабырлануучунун, айыпталуучунун укуктарын жана эркиндиктерин коргоого чакырылган.

Талдоодо, даттануулар төмөнкүлөргө болуп жатканын көрсөтүп турат:

- тергөө тарабынан негизсиз создуктурууга жана тиешелүү чараларды көрбөгөндүккө,
- тергөөгө жетишээрлик прокурордук көзөмөлдүн жана соттук контролдун жоктугуна,
- тергөөнүн объективдүү эместигине;
- камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын негизсиз колдонууга.

Мыйзамдарга ылайык, Акыйкатчынын мандаты сот өндүрүшүнүн предмети

болуп саналган иштин жагдайларына жайылтылбайт. Мындан тышкары, жазык процесстик мыйзамдар даттануу жана кабыл алынган чечимдерди жокко чыгаруу жол-жобосун так жөнгө салат. Акыйкатчы Институту сот өндүрүшүнүн катышуучусу болуп саналбайт, каралып жаткан иш боюнча процесстик документтерди талап кылууга укугу жок жана соттук процесске кийлигише албайт.

Көрсөтүлгөндөргө байланыштуу, көптөгөн арыздарды Акыйкатчы Аппараты даттанылып жаткан ыйгарым укуктуу органдарга кайра жөнөтүүгө аргасыз. Акыйкатчы адамдын укуктары менен эркиндиктерин бузуу чөйрөсүндөгү көйгөйлүү маселелерди медиа-мейкиндигинде чагылдыргандан кийин гана ыйгарым укуктуу органдар тиешелүү түрдө аракет кыла баштайт. Бирок ар бир арыз ушундай түрдө чечилиши мүмкүн эмес.

Ал гана эмес, тергөө органдары жана сот бийлиги мурдагыдай эле түрмөгө камоо менен байланышпаган чараларды колдонуу боюнча сот адилеттигин жүзөгө ашырууга тиешелүү БУУ Минималдуу стандарттык эрежелерин (Токио эрежелери) сактоо боюнча Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелерин сактабайт, бул укук коргоо органдары жана сот системасы жөнүндө жарандардын пикирине терс таасир этүүдө, аларга ишенбестикти пайда кылат жана эл аралык кадыр-баркка терс таасир этип жатат.

## СУНУШТАР:

**КР Жогорку Кеңешине:**

Сотко чейинки өндүрүшкө процессуалдык документтерди суроо-талап менен берүү боюнча тергөө органдарынын милдети каралууга, ал эми Акыйкатчынын сунуштамалары процессуалдык күчкө ээ болуу үчүн Жазык процессуалдык мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү.

**КР Жогорку Сотуна:**

Бөгөт коюу чараларынын материалдарын кароодо соттор «Кармоонун мыйзамдуулугун текшерүү жана негиздүүлүгү жана бөгөт коюу чаралары жөнүндө жазык-процесстик мыйзамдарды соттор колдонушунун практикасы тууралуу» КР Жогорку сотунун Пленумунун 2019-жылдын 13-сентябрындагы № 16 токтомун так сактоого тийиш.

Камакка алууга байланышпаган чараларды колдонуу боюнча сот адилеттигин жүзөгө ашырууга тиешелүү эл аралык милдеттенмелерди (БУУнун Минималдуу стандарттык эрежелери) Кыргызстан тарабынан сакталышынын зарылчылыгын эске алуу менен соттор жүзөгө ашыруучу камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуунун негиздүүлүгүн жана зарылчылыгын текшерүүнүн натыйжалуу механизмдерин киргизүүгө багытталган тиешелүү мыйзамдык жана уюштуруу чараларын көрүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз.

Коюлган айыптын негиздүүлүгүн текшерүүгө (ЖПК 107-беренесинин 1-бөлүгү) айыптоочу тарап берген далилдерди изилдөө, буларды жасагандыгы үчүн кылмыш-жаза мыйзамында 5 жылдан ашык мөөнөткө эркиндигине ажыратуу түрүндө жаза каралган (114-берененин 1-бөлүгү) кылмыштарды жасагандыгы үчүн айыпталып жаткан адамдарга карата бөгөт коюунун башка, алда канча жеңил чарасын тандоонун объективдүү мүмкүнчүлүгү же болбосо мүмкүн эместиги болушу аркылуу соттордун милдеттерин караган тиешелүү өзгөртүүлөрдү КЖПК жана/же Жогорку соттун Пленумунун токтомуна киргизүү зарылчылыгы жөнүндө

сунуш актуалдуу деп эсептелет.

**КР укук коргоо органдарына:**

1. КР Башкы прокуратурасы, тергөө органдары мыйзамдарды сактоосу жана адам укуктарын бузууга жол бербөөсү боюнча аларга прокуратура органдарынын көзөмөлдөө функцияларын аткаруу боюнча контролду күчөтүү.

2. Укук коргоо органдарынын тергөө кызматтары камактагы аялдарга жана жашы жете элек балдардын укук бузган энелерине карата БУУнун Минималдуу стандарттык эрежелеринин талаптарын жана ченемдерин абакка камоо менен байланышпаган жазалоо чараларын (Токио, Бангкок жана Пекин эрежелери) так сактоосу абзел экенин билдиребиз.

## 5.2. Эркиндикти чектөө жана ажыратуу жайларындагы кармоо шарттары.

Жазаны аткаруу кызматынын жабык мекемелеринде камактагы жана соттогу адамдардын 2023-жылы Акыйкатчы Аппаратына жазык аткаруу кызматына карата кайрылуулардын санынын ичинен 19%, башкача айтканда, 54 арызды түздү.

Негизинен мындай даттануулар ден соолук абалына, ЖАКтын кызматкерлеринин аракеттерине / аракетсиздигине, материалдык - турмуш - тиричилик жактан камсыз кылууга жана башка суроолор боюнча болгон.

Мисалга алсак, КР ЮМ алдындагы ЖАК № 3 мекемесинде жаза өтөп жаткан соттолгон Х.Д. жана башкалардын кызыкчылыгында камакта ойдогудай эмес шарттарына У.А. КР Акыйкатчы Аппаратына арыз менен кайрылган.

Бул арызды кароонун жүрүшүндө Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери КР ЮМ алдындагы ЖАК № 3 мекемесине барган, анын натыйжалары боюнча төмөнкүлөр аныкталган.

1. Соттолгон 20 жакын адам чындыгында эле жашоого ылайыкталбаган өнөр жай аймагында кармалууда.

2. Соттолгондор жайды өзүнүн эсебинен ыңгайлаштырууга, жылытуучу меш-терди орнотууга, терезелерге айнек салууга жана жашоо-шарттары үчүн бардык зарыл буюмдарды алууга аргасыз болгон.

3. Соттолгондорду кармоо шарттары стандарттык талаптарга ылайык кел-ген эмес.



Натыйжада, 2023-жылдын 16-мартында Акыйкатчы Институту № 3 мекемедеги укук бузууларды жоюу боюнча чараларды көрүү жөнүндө жана жазык-аткаруу тутумунун органдарында, мекемелеринде мыйзамдардын сакталышына көзөмөл кылуу боюнча прокуратурага кайрылган.

Прокуратуранын маалыматына ылайык, №3 мекемеде жаза өтөп жаткан соттолгондорду материалдык-турмуш-тиричилик жактан камсыз кылуу ченемдерин жана жеке коопсуздугун бузгандыгы үчүн прокуратура мыйзам бузууну жоюу жөнүндө сунуш түрүндө прокурордук аракеттенүү актысын чыгарган. Анын натыйжалары боюнча № 3 мекемеде соттолгон адамдардын жашоо шарттарын жакшыртуу үчүн иш-чаралары (оңдоо) жүргүзүлгөн.

КР Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери ЖАКтын мекемелеринин мониторингин туруктуу негизде жүргүзөт. Алардын биринде, КР ЮМ алдындагы ЖАК № 21 мекемесине алдын ала баруунун жүрүшүндө, адам укуктарын сактоого мониторингдин натыйжалары боюнча төмөнкүлөр аныкталган.

Биринчи кабатты камералык карап чыгуунун жүрүшүндө, аянты 15 $м^2$ камерада 9 адам кармалып турган. Бул камерада болгону 6 уктоочу орун болгон, камактагы 3 адам жерде жатып уктоого аргасыз болгон. Ошондой эле төшөнчү буюмдардын саны кармалып турган адамдардын санына ылайык келбейт. Аянты 15 $м^2$ жакын болгон камерада 8 адам кармалып турган, бул белгиленген нормадан аша чабуу болуп саналат.

Аянты 15 $м^2$ жакын болгон камерада 4 адам кармалып турган. Бул камерада 8 уктоочу орун болгон. Камераны кароонун жүрүшүндө тамдарда суу тактары көрүнүп турган, бетон полдо жаракалар жана арматуранын байланган жерлери, камеранын дубалдарында көктүн жана нымдын жыттары жана іздери болгон.

Жогоруда аныкталган жайгдайлар «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын 22-беренесинин талаптарын бузуу болуп эсептелет, анткени шектүүлөргө жана айыпталуучуларга жеке уктоочу орун, төшөнчү буюмдары, ашкана идиштери берилүүсү шарт. Камерада бир адамга аянттын ченеми 3,25$м^2$ өлчөмүндө болушу керек. Мониторинг өткөрүүдө тийиштүү сурамжылоорго ылайык камактагылар мындай шарттарда кеминде бир жума кармалып турганын көрсөттү, бул камактагылардын кармоо шарттары дайыма бузулган укуктар менен коштолоорун тастыктады.

Жогоруда баяндалгандарды эске алып, 2023-жылдын 13-сентябрында Акыйкатчы Аппараты татыктуу жана гумандуу кармоого адамдын укуктарын коргоо максатында КР ЮМ алдындагы ЖАК дарегине табылган мыйзам бузууларды жоюу боюнча чараларды көрүү жөнүндө кат жөнөткөн.

КР ЮМ алдындагы ЖАК берген маалыматка ылайык, 2023-жылдын 6-сентябрында, ТИЗО-1 мекеменин кызматкерлери, биринчи кабаттагы жайларда аныкталган бузууларды жоюу боюнча иш-чараларды жүргүзгөн.

Маалыматты ырастоо максатында кайра текшерүүнүн жыйынтыгында, айыпталуучулардын бир бөлүгү башка камераларга жайгаштырылган, кармоо жерлери талаптарга шайкеш келтирилген, желдетүү түтүктөрү тазаланган, башкача айтканда, үстүртөн оңдоо жүргүзүлгөн.


2023-жылдын 30-сентябрына карата КР ЮМ алдындагы ЖАК мекемелеринде кармалып турган адамдардын саны 6531 болсо, алардын ичинен, түзөтүү мекемелеринде 4491 соттолгон адам жаза өтөп жатат, жатак-абактарда 441 соттолгон адам жаза өтөп жатат, тергөө изоляторлорунда *(Бишкек, Ош, Каракол, Нарын, Норус айылы*) 1537 адам кармалып турат, Вознесеновка айылындагы № 14 мекеменин алдындагы жашы жете электер үчүн ТИЗОдо 25, ал эми Жалал-Абаддагы аялдар абагы (аялдар жана жашы жете электер) 37 адам кармалып турган **(2023-жылдын толук маалыматы "кызматтык пайдалануу үчүн" деп берилген, ошондуктан** бул баяндамада көрсөтө алган жокпуз).

ЖАК мекемелерине болгон үзгүлтүксүз мониторингдер төмөндөгүлөрдү көрсөтүп турат, ЖАК көпчүлүк мекемелериндеги техникалык абал, ошондой эле адамдарды кармоо шарттары улуттук мыйзамдардын ченемдерине жана эл аралык стандарттарга жооп бербейт.

Мисалы, КР Акыйкатчы Институту, Кыйноолорду жана башка катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча КР Улуттук борбору, «Кылым шамы» укук коргоо борбору менен бирдикте ТИЗОлордун техникалык абалын иликтөө максатында мониторинг жүргүзгөн.

ТИЗОлордо бардык конструкциялары жана системалары мезгил-мезгили менен жүргүзүлүп жаткан оңдоолорго карабастан, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинен ашкан. Мекемелердин администрациясы мындан ары техникалык абалга, кармоо шарттарына жана персоналдын иштөө шарттарына коюлуучу минималдуу стандарттарды камсыз кылууга кудуретсиз жана аткаруу бийлик органдары тарабынан тез арада аракет кылууну талап кылат. Белгилеп кетүү керек, иштин оор шарттарына жана эмгектин коопсуз шарттары жоктугуна карабастан ТИЗО кызматкерлери өз күчү менен тазалыкты сактоого аракет кылып жана имарат-жайларды үстүртөн оңдоону жүргүзүп жатат.





Жаңы имараттарды куруу жөнүндө же болбосо айрым мекемелерди көчүрүү жөнүндө маселе Министрлер Кабинетинин деңгээлинде бир нече жолу көтөрүлгөн. Ошондой эле, 2024-2028-жылдары КР жазык-аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасынын алкагында КР ЮМ алдындагы ЖАК жаңы мекемелерин жана тергөө изоляторлорун куруу ниети жөнүндө мамлекет тараптан оң чечими бар.

Ага арабастан, ЖАК № 3, 8, 27 мекемелеринин мониторингинин жыйынтыктары боюнча коопсуздук жайлары (ПБО) жоктугу айкын болгон.

Башка соттологондордон коопсуздук зарыл болгон көптөгөн соттолгондор айып изоляторлорунда (ШИЗО) кармалып турат, ошол эле учурда КР ЖАК 118 жана 121-беренелеринин талаптарына ылайык соттолгондор режими катуу болгон ШИЗО тартип бузгандыгы үчүн гана 15 суткага киргизилет.

Тыянак:

Айрым жаңы объекттерди курууга көңүл буруу күчөгөнүнө карабастан, ЖАК мекемелеринин, анын ичинде мекемелердеги коопсуздук секторлорунун маселелери чечилбеген бойдон калууда. ЖАК мекемелери кармалып турган адамдарды кармоо шарттарынын минималдуу стандарттарын сактоого кудуретсиз.

Мындан тышкары, 2024-2028-жылдары КРнын жазык-аткаруу (пенитенциардык жана пробациялык) системасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын долбоорунун алкагында түзөтүү мекемелеринин жана тергөө изоляторлорунун жаңы

имараттарын куруу аркылуу камактагылардын кармоо шарттарын жакшыртуу каралган. Бирок Пландын долбоорунда Баткен, Талас областтарында тергөө изоляторлорун куруу каралган эмес.

Областка барып ички иштер органдарынын убактылуу кармоо изоляторлорунда кармалып турган адамдарды кармоо шарттары менен таанышуунун жыйынтыктары боюнча, тергөө изоляторлорунун жоктугуна жана «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамынын талаптарын бузулганына байланыштуу жана аталган мыйзамдын талаптарын мындан ары бузууга жол бербөө максатында камактагыларды кармоонун шарттары жөнүндө эл аралык стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга ылайык Баткен жана Талас областтарында ТИЗО куруу мүмкүнчүлүгүн кароону сунуштайбыз.

Буга чейин, Акыйкатчы Институту соттолгондордун ден соолугун коргоого укукту камсыз кылуу менен гумандуу мамиле кылуу жана кармоо, соттолгондорго мамиле кылуунун стандарттарын жана алардын укуктарынын сакталышынын кепилдиктерин, анын ичинде дене бой жана психикалык ден соолуктун жетишүүгө боло турган эң жогорку деңгээлине укукту сактоо максатында пенитенциардык медицинаны интеграциялоо маселелери жагынан атайын баяндамаларды даярдаган.




Жылдан жылга Акыйкатчы Институту бул көйгөйдү, атап айтканда, төмөнкүлөрдү көтөрүп келүүдө:

▪ ведомстволук медициналык кызматты уюштуруунун жетишсиздиги, анын ичинде: медициналык персоналдын штаты менен толукталбагандыгы, же болбосо квалификациясы жетишсиз кызматкерлер менен толукталышы, техникалык жана материалдык жактан жабдуунун начардыгы; кадрлардын көп кетип калышы жана түзөтүү мекемелеринин медициналык-санитардык бөлүктөрүнө жана ооруканаларына квалификациялуу персоналды жалдоо жагындагы кыйынчылыктар, бул медициналык кызматтын ойдогудай иштешинин негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат;

▪ медициналык кызматкерлер дарылоого тийиш болгон конкреттүү ооруну же пациенттин абалын диагноздоо, дарылоо жана алдын алуу схемаларын (клиникалык колдонмолор/протоколдор) жана далилдөө медицинасынын принциптерин ойдогудай эске албастан соттолгондорго медициналык жардам көрсөтүү;

▪ медициналык персоналдын түзөтүү мекемесинин администрациясына көз карандылыгы, администрация ага клиникалык чечимдерди же соттолгондордун ден соолугуна тиешелүү башка баа берүүлөрдү жүзөгө ашырууда медициналык

критерийлерди гана жетекчиликке алууга дайыма эле мүмкүндүк бере бербейт.

№ 31 ТК кошпогондо, түзөтүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасы медициналык жардамды ойдогудай деңгээлде көрсөтүүгө мүмкүндүк бербейт, медициналык кызматкерлердин ишинде оорчулуктарды түзөт жана көрсөтүлүп жаткан медициналык жардамдын сапатын төмөндөтөт.

Мисалга алсак, КР Акыйкатчы Аппаратына КР ЮМ алдындагы ЖАК № 31 кармалып жаткан, өмүр бою эркинен ажыратылган А.С.нын кызыкчылыгында О.С. кайрылып, ЖАК кызматкерлери А.С.га медициналык жардамды өз учурунда көрсөтпөгөндүгүнө байланыштуу, анын бутун кесип салууга алып келгендиги боюнча жана соттолгон А.С. КР ССМ Улуттук госпиталына жаткырууга көмөктөшүүнү өтүнгөн.

КР Акыйкатчы Институту тарабынан КР ЮМ алдындагы ЖАК, атайын прокуратуранын, КР Саламаттык сактоо министрлигинин дарегине кат жөнөтүлгөн.

КР ЮМ алдындагы ЖАК төмөнкүдөй жооп келген: Кир. №07-2/2419, 11.08.2023-ж. – толук диагноздору көрсөтүлүп, анын ичинде кант диабети, ошондой эле бутун кесүү боюнча операция жүргүзүлгөндүгүн жана КР ССМ УГ шарттарында мындан ары текшерүүнү жана стационардык дарылоону жүргүзүү үчүн КР ССМ УГ башкы врачынын дарегине кат жөнөтүлгөнү боюнча жана № 31 ДТМ кызматкерлеринин байкоосунда тураары билдирилген.

Тыянак:

1. ЖАК мекемелерин текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча медициналык камсыз кылуунун начардыгы, соттолгондордун медициналык камсыз кылууга жеткиликтүүлүгү, ал жарандык калкка көрсөтүлгөн деңгээлге шайкеш келбестиги жагынан соттолгондордун даттанууларынын тенденциясы бар.

Саламаттык сактоонун пенитенциардык жана жалпы системасынын өз-ара аракеттенүү практикасы, соттолгондорду медициналык санитардык камсыз кылууну укуктук жөнгө салуу жагынан көйгөйлөрдүн жана бузуулардын жалпылыгына таянып, айрым тиешелүү сунуштамаларды түзөтүү колонияларындагы соттолгондордун ден соолугуна болгон укукту сактоо жагындагы кырдаалга карата колдонууга болот жана алар аны жакшыртууга көмөктөшүүгө тийиш.

Буга байланыштуу камактагыларга адистешкен медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана берүү үчүн медициналык персоналдын кесиптик квалификациясын жогорулатууну кароо сунушталат.

**Убактылуу кармоо изоляторлорундагы абал**

2023-жылы Акыйкатчы Аппаратынын кызматкерлери Баткен, Ош жана Жалал-Абад областтарынын ички иштер бөлүмдөрүнүн убактылуу кармоо изоляторлорунда жарандардын укуктарын сактоонун мониторингин жүргүздү.

Мониторинг, кармоо шарттарынын, мөөнөттөрүнүн маселелери боюнча «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамын, «КР ички иштер органдарынын убактылуу кармоо изоляторлорунун ички тартибинин эрежелерин» жана КР ССМ 2020-жылдын 24-мартындагы №190 (№003-3 У) буйругу менен бекитилген бирдиктүү (күбөлөндүрүү) формасын сактоого ылайык жүргүзүлдү.

Текшерүүнүн натыйжалары боюнча төмөнкүлөр белгиленди:

- Баткен районунун райондук ИИБ убактылуу кармоочу жайында жаран М.М. болушунун мөөнөтүн бузуу, анткени «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык кылмыш жасагандыгы үчүн айыпталган

адамдар бул тергөө аракеттерин жүргүзүү, иштерди калктуу конуштардын чегинен тышкары жерде тергөө изоляторлору (ТИЗО) турган жерде, аларды күн сайын жеткирүү мүмкүн болбогон, көрсөтүлгөн аракеттерди жана соттук процессти аткаруу убактысына, бирок бир айдын ичинде он суткадан ашык эмес соттук кароо үчүн зарыл болгон учурларда убактылуу кармоо изоляторлоруна (УКИ) которулушу мүмкүн.

- Кадамжай районунун РИИБ УКИ изолятордук медициналык аптечкасында жарактуулук мөөнөтү өткөн дары-дармектер сакталып турган.

- Жеке иштер менен таанышуу учурунда кармалгандардын бири КР ССМ 2020-жылдын 24-мартындагы №190 (№003-3 У) буйругунун талаптарын бузуп, УКИге жайгаштыруу учурунда медициналык кароодон (күбөлөндүрүүдөн) өткөн эмес.

Мониторингдин натыйжалары боюнча, 2023-жылдын 10-июлунда жол берилген бузууларды жоюу жана тиешелүү чараларды көрүү жөнүндө кат КР ИИМине жөнөтүлгөн.

КР ИИМ жообуна ылайык Кадамжай жана Баткен РИИБ ИВС жетекчилерине табылган бузууларды жоюу жана мындан ары ушундайларга жол бербөө тапшырылган.

Ошондой эле, 2023-жылдын сентябрында бөлүм Бишкек шаарынын ички иштеринин райондук башкармалыктарынын мониторингин жүргүзгөн.

Алсак, Бишкек шаарынын Ленин районунун РИИБсын текшерүүнүн жүрүшүндө жашы жете элек А.З. (17 жашта) алты бойго жеткен адамдар менен бир камерада кармалган. «Кылмыштарды жасоо жагынан шек туудурган жана айыпталып кармалган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, жашы жете элек шектелген жана айыпталган ар кандай жыныстагы камакта отурган жердеги адамдар бири-биринен жана чоң кишилерден өзүнчө кармалат. Аларга КР Министрлер Кабинети аныктаган жакшыртылган материалдык турмуш-тиричилик шарттары түзүлөт жана тамак-аштык жогорулатылган ченемдери белгиленет.

Жыйынтыктар боюнча, 2023-жылдын 13-сентябрында Акыйкатчы Институту Бишкек шаарынын ШИИБ дарегине жол берилген бузуулар жагынан тиешелүү чараларды көрүү жөнүндө кат жөнөткөн.

Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгынын маалыматына ылайык, КР Акыйкатчы Институнун кызматкерлери текшерүүсүнүн жүрүшүндө табылган кемчиликтер боюнча кызматтык териштирүү жүргүзүлгөн жана күнөөлүү кызмат адамдарына тартип жазасы колдонулган.

**Административдик камактагы адамдардын укуктарынын сакталышы жөнүндө изилдөө**

Адам укуктарын сактоо максатында Акыйкатчы Аппараты «Чолпон Ай» КФ менен бирдикте Чүй областынын райондук ички иштер бөлүмдөрү жана Бишкек шаарынын райондук ички иштер башкармалыктары укук бузгандыгы үчүн камакта өтөө жерлеринин мониторингин жүргүздү.



Мониторингдин натыйжалары буларды көрсөтүп турат, Чүй областынын райондорунун ИИБ нөөмөт бөлүктөрүндө административдик кармоонун иш жүзүндө бардык камералары баштан аяк оңдоого жана канааттандырарлык абалга келтирүүгө муктаж.

Санитардык түйүндөр, анын ичинде бет жуугучтар, ажатканалар, ошондой эле суу менен жабдуу маселелери курч көйгөй болуп саналат, КР ички иштер органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн бардык имараттарында баштан аяк оңдоону талап кылат. Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыктарында жана Чүй областынын райондук ички иштер бөлүмдөрүндө камераларды жууп-тазалоо боюнча маселе чечилген эмес, анткени областтык ИИБ бул камераларды жууп-тазалоочусунун өзүнчө штаттык бирдиги жок.

Жууркан-төшөк жана гигиена каражаттары менен камсыз кылуу маселеси курч бойдон калууда, мындан сырткары видеобайкоо жана сигнализация системасын орнотуу зарыл.

Бишкек шаарынын ИИБ жана Чүй областынын РИИБ мониторинг тарабынан камтылган 13 мекемесинин ичинен белгиленген ченемдерге жана талаптарга ылайык келген жападан жалгыз мекеме болуп Бишкек шаарынын ШИИБ кабыл алуучу-бөлүштүрүүчүсү болуп саналат. Бирок ал камалгандарды Бишкек шаарынын РИИБнен гана кабыл алат.





Ушуларга байланыштуу, КР ИИМ административдик кармоочу камераларды ойдогудай абалга алып келүүгө, 3 жолку тамак-ашты бир түрдүү колдонуу жана каржылоо, жууркан-төшөк жана гигиена каражаттары менен камсыз кылуу жөнүндө маселени чечүүгө, административдик камералардын гигиеналык тазалыгын камсыз кылуу үчүн техникалык персонал маселесин чечүүгө тийиш.

КР ИИМ маалыматына ылайык, адам укуктарын бузууга жол бербөө максатында Чүй областынын жана Бишкек шаарынын ички иштер бөлүмдөрүнүн начальниктерине кезметчи бөлүктөрдүн алдындагы жайларды КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-февралындагы № 55 токтому менен бекитилген

«Камакты өтөө жерлеринин иштешинин тартибинин жана камакка дуушар болгон адамдарды кармоого талаптардын» талаптарына ылайык келтирүүгө көрсөтмө берилген.

Буга байланыштуу КР ИИМ административдик кармоо камераларын жана санитардык түйүндөрдү ойдогудай абалга келтирүү, жууркан-төшөктөр жана гигиена каражаттары менен камсыз кылуу, административдик камералардын гигиеналык тазалыгын камсыз кылуу үчүн техникалык персонал боюнча маселени чечүү сунушталат.

5. БУУнун адам укуктары боюнча келишимдик органдары берген сунуштамаларды аткаруу боюнча адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндө КР эл аралык милдеттенмелерин өз учурунда аткаруу максатында КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы № 655-т тескемеси менен 2022-2024-жылдары адам укуктары боюнча аракеттер планы бекитилген.

Жогоруда белгиленген Пландын 110-пунктуна ылайык, кыйноонун азабын тарткандардын сот адилеттигине жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында укук коргоо органдары бардык жабык мекемелерде анонимдүү кутучаларды жайгаштырууга тийиш, аларга Башкы прокуратуранын, Акыйкатчы Аппаратынын жана Кыйноолорду алдын боюнча Улуттук борбордун өкүлдөрүнүн гана жеткиликтүүлүгү болууга тийиш.

КР ЮМ алдындагы ЖАК маалыматына ылайык ЖАК бардык мекемелеринде анонимдуу кутучалар орнотулган, алар Акыйкатчы Аппаратынын, Кыйноолорду алдын боюнча Улуттук борбордун өкүлдөрү үчүн гана жеткиликтүү.



Укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана ИИМ Академиясынын, юридикалык факультеттердин угуучулары үчүн кыйноолорду жана башка катаал, адамкерчиликсиз же кадыр-баркы басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн колдонуунун жол берилбестиги жөнүндө, ошондой эле КР Акыйкатчынын мандаты жөнүндө окутуучу семинарларда/тренингдерди Акыйкатчы Институту өткөрдү:

- КР Президентинин алдындагы Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясында;
- КР ИИМ Республикалык окуу борборунда;
- Жазаны аткаруу кызматынын мекемелеринде;
- КР ИИМ Академиясында;
- Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинде.



# VI БӨЛҮМ. ЖАРАНДЫК ЖАНА САЯСИЙ УКУКТАР

## 6.1. Чет өлкөлөрдөгү КР жарандарынын укуктарынын сакталышы

Эксперттик маалыматтар боюнча, бир миллиондон ашык КР жараны жыл сайын РФ убактылуу жашап иштеп жүрөт. Алардын жарымынан көбү Москва шаарында, калгандары Россиянын ири шаарларында: Екатеринбург, Санкт-Петербург, Новосибирск жана башка шаарларында жайгашышкан. Кыргызстандык эмгек мигранттарынын ишке орношуу чөйрөсү ар түрдүү: негизинен Кыргызстандан барган мигранттар тейлөө тармагында, тазалоочу ишканаларда, муниципалдык тазалоо ишканаларында, коомдук тамактануу тармагында, соода борборлорунда, такси жана муниципалдык транспортто иштешет.

Россиядагы кыргызстандык мигранттардын негизги көйгөйлөрү каттоого туруу, медициналык камсыздандыруу, РФ кирүүгө бөгөт коюу, эмгек укуктарынын бузулушу дагы эле уланып келүүдө.

**Эркиндигинен ажыратуу жана чектөө жайларында кармалган мигранттар**

КР Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча чет өлкөлүк мамлекеттердин пенитенциардык мекемелеринде КР 1410 жараны (Россия – 1077; Казакстан – 89; Түркия – 30) жазасын өтөп жатышат.

Жалпысынан, КР жарандары чет өлкөлүк түзөтүү мекемелеринде, негизинен мамлекеттик чек арадан мыйзамсыз өтүү, баңги заттарын мыйзамсыз жүгүртүү, экономикалык кылмыштар, контрабанда, киши өлтүрүү, ден соолугуна атайылап оор зыян келтирүү, тоноо, каракчылык, уурулук ж. б. үчүн жаза мөөнөтүн өтөп жатышат. Көбүрөөк тынчсызданууну жараткан РФ абакта жаткан КР жарандарынын абалы. Россиянын Украинанада жүргүзүп жаткан атайын аскердик операциясынын натыйжасында, аларды согушка жибериши мүмкүн деп туугандары кооптонушат.

**Мигранттардын укуктарын коргоо боюнча КР Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгү**

2023-жылда Акыйкатчынын дарегине чет өлкөлөрдө жүргөн КР жарандарынан укуктарынын бузулушу тууралуу жана ар кандай маселеде көмөк көрсөтүү жөнүндө 16 арыз келип түшкөн.

Арыздардын көпчүлүгү кылмыш жоопкерчилигине тартылган, соттолгон же барган мамлекеттерде жазасын өтөп жаткан укуктарга байланыштуу, азыраак бөлүгү социалдык-экономикалык, жарандык жана саясий укуктарга байланыштуу болгон. Акыйкатчы Институтунун кийлигишүүсүнүн натыйжасында укуктары калыбына келтирилип, көйгөйлөрү чечилүүдө.

**Мисал:** Арыз К-1083, КР жараны А.И. РФ коңшу мамлекеттин суроо-талабы менен кармалып экстрадиция коркунучунда турган. Акыйкатчы Институтунун кийлигишүүсү менен экстрадиция токтотулуп, камактан бошотулган.

**Мисал:** КР жараны, 2004-жылы туулган, Н. к. Н. РФ башка бирөөнүн туулгадыгы тууралуу күбөлүгү менен барып иштеп жаткан. Россияда иштеп жүрүп Н. к. Н. бала төрөгөн, бирок паспорту жок болгондугуна байланыштуу баласына тиешелүү документтерди ала алган эмес. РФ КР Элчилигинин кийлигишүүсү, КР

жалданган адвокаттын сотко кайрылуусу, ж.б. аракеттер натыйжа алып келген эмес. Андан тышкары, жаш балдарды көзөмөлдөө органдары тарабынан апасынан баланы тартып алуу аракеттери да болгон. Акыйкатчынын кийлигишүүсүнүн натыйжасында Н. к. Н. КР жалпы жарандык паспорту берилген жана РФ КР Элчилигинин маалыматы боюнча баласын документтештирүү боюнча иш алып барылууда.



Чет өлкөлөрдө иштеп жүргөн Кыргызстандык мигранттардын көйгөйлөрүн чечүү жана алардын укуктарын коргоо максатында, Акыйкатчы чет өлкөлүк Омбудсмендер жана Эл аралык уюмдар менен иш алып барууда.

**Мисал:** Социалдык тармактарда тарап кеткен Москва шаарындагы кондитердик цехтин жетекчиси кыргызстандык кызматкерлерине айлык акысын төлөбөй койгону үчүн, арыз менен митингге чыгышы боюнча Акыйкатчы тарабынан көзөмөлгө алынды. Акыйкатчынын Москва шаарындагы Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү менен иш алып баруусунун натыйжасында, РФ укук коргоо органдары тарабынан жумуш берүүчүнүн аракеттери боюнча текшерүү иштери жүргүзүлүүдө.

**Мисал:** Москва шаарындагы “Арх-Сервис” ЖЧК тарабынан кыргызстандык кызматкерлерине 1,2 млн рубль өлчөмүндөгү эмгек акыны төлөбөй койгону боюнча арызды 2022-жылдан баштап ЭСКММ өкүлчүлүгүнүн кароосунда ордунан жылбай турган. Акыйкатчы арызды көзөмөлгө алып, Москва шаарындагы адам укуктары боюнча ыйгарым өкүлчүлүгү менен иш алып барган. Натыйжада РФ укук коргоо органдары тарабынан жумуш берүүчүнүн аракеттери боюнча текшерүү жүргүзүлүүдө.

2023-жылдын 23-августунда КР Акыйкатчысы жана РФ Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү биргелешкен Протоколду кабыл алышып, 2024-жылга карата бир топ чогуу иш-чараларды алдына коюшкан. Алардын ичинде РФ Кыргызстандык мигранттар менен жолугушууларды өткөрүү, мигранттардан келип түшкөн арыздарды талдоо, мигранттардын укуктарынын сакталышы боюнча мониторинг жүргүзүү, мигранттарды өлкөдөн чыгарып салууну (выдворение) алдын алуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана абакта жаткан мигранттардын маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо иш-чаралары бекитилген.

Андан тышкары, КМШ өлкөлөрүнүн адам укуктары боюнча Комиссиясы түзүлүп, Акыйкатчы Комиссянын курамына мүчөсү катары кирген. Комиссиянын 2024-2025 жылга иш Планы кабыл алынып, мигранттардын укуктарын коргоо боюнча кызматташуу иш-чаралары да каралган.

Ал эми, КР жүргөн чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын укуктарынын бузулушу боюнча Акыйкатчынын дарегине 21 арыз келип түшкөн: Тажикстан Республикасынан - 12, РФ - 4, Өзбекстан Республикасынан - 2, Казахстан Республикасынан - 2, Грузиядан - 1.

Арыздардын көпчүлүгү жарандык маселелери (жарандык алуу,

документтештирүү), социалдык маселелер, жана тергөө абактарында жаткан чет өлкөлүктөрдүн укуктарынын сакталышы боюнча келип түшкөн.

## 6.2. Этностук кыргыздардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы

КР Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декарбындагы № 341-р тескемеси менен бекитилген, "Кыргыз Жараны" Концепциясынын алкагында, КР Акыйкатчы Институту КР көчүп келишкен этностук кыргыздардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына мониторинг жүргүзүлгөн.

Мониторинг учурунда этностук кыргыздар, мамлекеттик органдар, өкмөттүк эмес уюмдар менен жолугушууларда сурамжылоо өткөрүлгөн.

Жолугушуулар учурунда КР Акыйкатчысынын наамына жүздөн ашуун арыз кабыл алынып жана көчүп келген 215 этностук кыргыздар сурамжыланды. Алардын үй-бүлөлөрүнүн орточо курамы 5-6 адамды түзөт.



**Мониторингдин жыйынтыктары төмөндөгүдөй:**

1) 2022-жылдын сентябрындагы Баткен окуяларынан кийин коңшу Тажикстандан келген этностук кыргыздардын агымы кескин көбөйгөн.

Көптөгөн этностук кыргыздар Тажикстандан мыйзамсыз, чек ара постторун айланып өтүп, б. а. мамлекеттик чек арадан өтүү тартибин бузуу менен келишет. Алардын дээрлик көпчүлүгү Баткен облусуна туура келет, анда көпчүлүк убактарда чек ара айылдарды аралап өтөт. КРнын УКМК маалыматы боюнча 2022-жылдан тартып, 2023-жылдын июль айына чейин КР КЖК 378-беренеси боюнча 8 кылмыш иши козголгон, алардын ичинен 2022-жылы – 4 иш, 2023-жылы – 2 иш сотко өткөрүлгөн, 2 иш тергөөдө турат. КР Жогорку сотунун маалыматы боюнча 2022-жылы КР сотторуна КР КЖК 378-беренеси боюнча 237 кылмыш иши келип түшкөн, алардын ичинен 198 кылмыш иши боюнча айыптоо өкүмүн чыгаруу менен каралган, 11 иш токтотулган. 2023-жылдын биринчи кварталында КР сотторуна КР КЖК 378-беренеси боюнча 50 кылмыш иши келип түшкөн, алардын ичинен 50 кылмыш иши боюнча айыптоо өкүмүн чыгаруу менен каралган, 2 иш өндүрүшү токтотулган, 21 кылмыш иши экинчи кварталга өткөн. Ушул берененин колдонулушу чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар баш паанек укугун пайдалануу үчүн келишкен, учурда андай укук жайылтылбай турганын белгилей кетүү керек. КР ЭСКММ маалыматы боюнча 2022-жылдын сентябрь айынан бери 2023-жылдын 1-жарым жылдыгына карата качкын макамын алуу үчүн Тажикстандан келген 379

этностук кыргыз кайрылган. Ошентип, этностук кыргыздар бул мүмкүнчүлүктөн кылмыш-жаза куугунтугунан кутулуу үчүн пайдаланышат деп божомолдоого болот. Бирок, эгерде укук коргоо органдары бардык мыйзамсыз өтүп келишкен этностук кыргыздарга карата кылмыш куугунтугун колдонбосо да, бул мамлекеттик чек арадан мыйзамсыз өтүүлөрүнө байланыштуу аларда көйгөй жок дегенди билдирбейт. Мындай өтүп келгендер каттоону легалдуу жол-жоболоштуруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушпайт. Каттоону жол-жоболоштуруусуз алардын мындан ары жүрүүлөрүн легалдаштыруу мүмкүн эмес.

2) Каттоо жол-жобосу жөнүндө өзүнчө айта кетүү керек. Этностук кыргыздарды сурамжылоодо, каттоо үчүн турак-жай ээсинин каттоого макулдугу, турак жайга менчик укугуна документтер зарыл экени белгилүү болду. КР тууганлары же тааныштары болбогон жана турак жайды ижарага алган көптөгөн этностук кыргыздар үчүн бул чоң көйгөйдү жаратат, анткени турак жай менчик ээлеринин көпчүлүгү өздөрүнө тааныш эмес адамдарды каттоого макулдук беришпейт. Каттоого байланыштуу кырдаал шаарларда аздыр-көптүр канааттандыраарлык, бирок аймактарда жана айылдарда, өзгөчө Кыргызстандын түштүгүндө бул көйгөй олуттуу бойдон калууда.

Этностук кыргыздарды, алар жашап турушкан тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын юридикалык дареги боюнча каттоого жол берген “Тышкы миграция жөнүндө” КР Мыйзамына 16.02.2023-жылы киргизилген өзгөртүүлөр кырдаалды жөнгө салууга оң таасирин тийгизди. Көптөгөн этностук кыргыздар бул ченемди жигердүү колдонушууда, бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ар түрдүү себептерден улам: кыймылсыз мүлккө туура жол-жоболоштурулган документтердин жоктугунан, бул ченемди билбегендиктен же түшүнбөгөндүктөн айрым учурларда мыйзамдын талаптарын бузуу менен этностук кыргыздарга жардам берүүдөн баш тартууда.

3) Кайрылман макамы КР туруктуу жашоого көчүп келген этностук кыргыздарга берилет. Мониторингдик топтун этностук кыргыздар менен жолугушууларынын натыйжалары боюнча, ошондой эле мониторингдик топтун байкоолору боюнча Кайрылман макамына байланыштуу төмөнкүдөй көйгөйлөрдү белгилей кетүү керек.

КР ЭСКММ ыйгарым укуктарын өзүнүн аймактык органдарына берилүүсү жер-жерлерде этностук кыргыздардын көйгөйлөрүн чечүүнүн ыкчамдуулугун жакшыртаары шексиз, бирок ЭСКММ бардык аймактык органдары бул ыйгарым укуктарды аткарууга даяр экендигин көрсөтө алышпады. Мониторинг жүргүзүү учурунда ЭСКММ айрым райондук бөлүмдөрү мындай буйрук жөнүндө жана аны кандай аткарыларын билишкен эмес, анткени аларда мындай тескөөчү иш-милдеттердин тажрыйбасы жок болгон. Ал эми, айрым райондук бөлүмдөрдө ошол аймакта жашаган этностук кыргыздардын жоктугунан улам бул буйрук аткарылбайт.

Анын ичинде каттоого туруу зарыл болгон 10 күндүк мөөнөт дагы көйгөйдү жаратат. Этностук кыргыздар көрсөтүлгөн мөөнөттө буга жетишүү мүмкүн эместигин белгилешти, ал эми жогоруда сыпаттамаланган катталуу көйгөйлөрүн эске алганда, бул көйгөй бир кыйла олуттуу экендиги көрүнүп турат. Көрсөтүлгөн мөөнөттө эсепке алуу катталуусуна турууга жетишпей калгандар – 5 миң сом өлчөмүндөгү айыппул төлөө административдик жазага тартылуусу тийиш.

4) Көптөгөн этностук кыргыздар КР жарандыгын кабыл алууда, документтерде өздөрүнүн балдарын көрсөтүшпөйт, бул көйгөйдү КР иш жүзүндө бардык аймактарында белгилешти. Бул учурда этностук кыргыздардын балдары паспорт алуучу жаш-куракка жеткенде жарандыкка кабыл алуу жол-жобосунан

өтүүгө аргасыз болушат, бул болсо бир кыйла көп эмгекти талап кылат. Буга айрым балдардын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жоктугун же болбосо жоголгондугун белгилеп кетүү керек. Тажикстанга байланышкан өткөн жылдагы чыр-чатактарды жана андан кийинки этностук кыргыздарга кысымдарга байланыштуу, учурда туулгандыгы тууралуу күбөлүктү алмаштыруу же оңдоо бир кыйла көйгөйлүү болуп калууда. Каттоо бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин суроо-талаптары тажик тараптан жоопсуз бойдон калып жатканына же болбосо көп убакытты алып жатканына даттанышууда.

Ошондой эле, КЖААКД аймактык оргaндарынын ишин башкарууга/ администирлөөгө байланыштуу айрым көйгөйлөрдү белгилей кетүү керек. Мониторингдик топ узак убакыт бою (бир жыл жана андан ашуун) жарандыкка кабыл алынган документтер КЖААКД келип түшпөгөн учурларды ашкерелеген. Мындан тышкары, КР Президентинин алдындагы жарандык боюнча Комиссияга жөнөтүлгөн документтер бир нече айдан кийин кайра жаңыдан талап кылынып суралган бир канча учур табылган.

Көчүп келген этностук кыргыздар чогуу жашап турган жерлерде, өзгөчө Чүй облусунда КЖААКД пункттарын ачуу максатка ылайыктуу болмок, анткени, этностук кыргыздардын балдары паспорт алуу жаш-курагына жеткенде, жаңы этностук кыргыздар туруктуу жашаган жерлерине келгенде жана жарандыкка документтештирүүдө жарандык абал актыларына байланыштуу маселелерди чечүү бир кыйла эмгекти талап кылуучу процесс.

Белгилей кетсек, мониторингдин жүрүшүндө этникалык кыргыздардан 100 ашык кайрылуу келип түшкөн, алардын көпчүлүгү КР жарандыгына кабыл алуу жана документтештирүү маселелерине тиешелүү. Ушуга байланыштуу КР СӨМ караштуу КЖААКД өкүлдөрү жана арыз ээлери менен жумушчу жолугушуу уюштурулуп, анда чечимдердин бири болуп, Убактылуу жобонун нормаларын “КР жарандыгы жөнүндө” Мыйзамына киргизүү зарылчылыгы айтылган.

5) КР жарандыгына кабыл алынгандан кийин этностук кыргыздардын айрым категориялары – чектеш мамлекеттердин жарандары, аскерге чакыруу жаш курагындагы эркектер үчүн башка көйгөйлөрдү жараткан, алардын бир мисалы болуп - аскердик каттоого туруу маселеси. Аскердик каттоого туруу үчүн көрсөтүлгөн жарандар өз өлкөсүндөгү аскердик каттоодон чыгуулары зарыл. Аскердик каттоого туруусуз мындай жарандарга каттоо жол-жоболоштурулбайт, жана КР жарандык паспорту берилбейт. Мониторинг учурунда КР жарандыгын кабыл алган, бирок жылдар бою паспорт ала албай жүргөн этностук кыргыздар бар экендиги белгилүү болду. Негизинен бул Тажикистан Республикасынын тургундары болгон. Этностук кыргыздар айтып беришкендей, тажик бийлиги аскердик каттоодон чыгуу үчүн, арыз берүүчүлөр өздөрү жеке кайрылууларын талап кылууда. Бирок, айрым этностук кыргыздар кандайдыр-бир иштер боюнча Тажикистанга барышканда кармоого, суракка алынууга, кылмыш-жаза куугунтугуна кириптер болушкан. Ушуга байланыштуу, этностук кыргыздардын көпчүлүк эркектери Тажикистанга баруудан чочулашат.

Мыйзамдар убактылуу аскердик каттоого коюуга мүмкүнчүлүк берээрин белгилөө зарыл, бул КР паспорттору менен документтештирүү көйгөйүн чечмек. Бирок аскер комиссариаттары этностук кыргыздарды убактылуу аскердик каттоого кабыл алуудан баш тартышууда.

Мониторингдин жыйынтыгы боюнча КР ЖКнин, тиешелүү министрликтердин жана ведомстволордун өкүлдөрү, эл аралык уюмдардын жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусу менен тегерек стол өткөрүлдү. Анын жүрүшүндө өлкөгө

көчүп келишкен этностук кыргыздардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо пайда болгон актуалдуу көйгөйлөр жана көйгөйлөрдү чечүү жолдору талкууланып, төмөнкү сунуштар иштелип чыкты. Алардын ичинен айрым сунуштар аткарыла баштагандыгын да белгилеп кетебиз.

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

Этностук кыргыздардын мамлекеттик чек арадан өтүү тартибин бузуу менен кирүүлөрүн мыйзамдаштыруу максатында, бул тууралуу белгилүү мөөнөттө тиешелүү органдарга билдиришкен учурларда, 2022-жылдын 14-сентябрынан баштап КР мыйзамсыз кирген этностук кыргыздардын кылмыш-жаза куугунтугунан бошотулушу үчүн, миграциялык мунапыс жүргүзүү мүмкүнчүлүгү каралсын.

КР Президентинин 2021-жылдын 8-июлундагы № 291 Жарлыгы менен бекитилген “Этностук кыргыздардын жана кыргыз улутундагы жарандыгы жок адамдардын КР жарандыгын алуусунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби жөнүндө” убактылуу Жобосунун ченемдери КР “Жарандыгы жөнүндө” Мыйзамына киргизилсин.

*КР Министрлер Кабинетинин тапшырмасы менен КР СӨМ Акыйкатчынын сунушун аткарууга алып, “КР жарандыгынын маселелерин кароонун тартиби жөнүндө” Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча долбоорлорун иштеп чыккан. Азыркы учурда КР Президентинин Администрациясынын кароосунда экенин билдиребиз. Ал долбоордо этностук кыргыздар, кайрылмандар үчүн жогоруда аталган “Этностук кыргыздардын жана кыргыз улутундагы жарандыгы жок адамдардын КР жарандыгын алуусунун жөнөкөйлөштүрүлгөн тартиби жөнүндө убактылуу жобо жөнүндө” КР Президентинин 2021-жылдын 8-июлундагы № 291 бекитилген Жарлыгынын нормалары толук каралган.*

**КР Министрлер Кабинетине караштуу ЖӨБ иштери боюнча Мамагенттикке:**

Этностук кыргыздарды айыл өкмөтүнүн имараттарында каттоо маселелери боюнча ЖӨБ органдарынын кызматчылары арасында кыйла жигердүү түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

Айыл өкмөтүнүн имараттарына менчик укугуна документтерди инвентаризациялоону өткөрсүн;

**КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине:**

Министрликтин аймактык органдарында этностук кыргыздар менен иштөө боюнча өкүлдөнгөн ыйгарым укуктарды ишке ашырууну камсыз кылсын;

Кайрылмандардын арасында активдүү жана пассивдүү жумуштуулук чаралары, эмгекке орноштуруу жана өзүн-өзү жумуш менен камсыз кылуу программалары боюнча мүмкүнчүлүктөр жөнүндө кыйла натыйжалуу маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

**КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине:**

Этностук кыргыздарды жарандыкка кабыл алуу жана аларды КР паспорттору менен документтештирүү боюнча КР Президентинин Жарлыктарын өз убагында ишке ашырууну камсыз кылсын;

Этностук кыргыздар чогуу жашаган жерлерде КЖААКД кошумча пункттарын ачуу маселеси каралсын;

Жарандык, жарандык абал актылары, документтештирүү маселелери боюнча этностук кыргыздардын арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн;

**КР КК БШ Башкы уюштуруучулук-моблизациялык башкармалыгына:**

Жарандыкка кабыл алынган, аскерге чакыруу жаш-курагындагы этностук кыргыздарды аскер комиссариаттарында убактылуу аскердик каттоого коюуну практикага киргизсин;

Тиешелүү ченемдик-укуктук актыларга аскердик каттоого тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду иштеп чыксын жана КР Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизсин;

## 6.3. Башпаанек издеген жарандардын укуктарынын сакталышы

КР 2023-жылы "Качкын" статусун аныктоонун укук колдонуу практикасындагы кенемтелерди, башпаанек издеген адамдардын качкын статусун аныктоонун улуттук жол-жобосуна жетүүсүн, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоону аныктоо максатында КР башпаанек издеген адамдардын абалын изилдөө боюнча Акыйкатчы Институту тарабынан мониторинг жүргүзүлгөн.

2023-жылдын сентябрына карата Кыргызстанда **255** качкынга башпаанек берилип, алардын **118** БУУнун мандатына (мандаттуу качкындарга) кирди, ал эми **137** мамлекет тарабынан качкындар (конвенциялык качкындар) деп табылды. ЭСКММ берген маалыматтын негизинде 2022-жылдын январынан 2023-жылдын августуна чейин **921** адам качкын макамын аныктоо процедурасында турат, анын ичинен **379** адам этникалык кыргыздар. КР Акыйкатчы Институтуна башпаанек издеген адамдардан келип түшкөн кайрылуулардын негизинде өлкөдөн башпаанек издеген адамдардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга укуктук талдоо жүргүзүлгөн.

Талдоонун жыйынтыгы менен төмөндөгүдөй кыйынчылыктар жана тоскоолдуктар аныкталган:

1) Качкын макамын берүү жөнүндө өтүнүчтү кароо процесси алты айдан бир жылга чейин созулат, Министрлер Кабинети белгилеген өзгөчө учурларда өтүнүчтү кароо мөөнөтү узартылышы мүмкүн. Ошону менен бирге кароо убактысы узак убакытты (мөөнөтү белгисиз) талап кылат. Кыргызстан башпаанек издеген адамдарга финансылык да, социалдык да жардам бербестигин эске алганда психологиялык жана финансылык жактан оор жүк болуп саналат. ЭСКММ алдындагы кайрылмандар жана качкындар менен иштөө бөлүмүнүн өлкөнүн башка региондорунда өкүлчүлүктөрү жок экендигин жана башпаанек издеген адамдын күбөлүгүн арыз ээси ар бир үч айда жаңылап турушу керектигин эске алуу менен, региондордон башпаанек издеген адамдар  Бишкек шаарына келиши керектигине байланыштуу кошумча кыйынчылык келтирилип жаткандыгын белгилей кетүү зарыл.



2) Кыргызстанда абакта жаткан чет өлкөлүк жарандар тарабынан качкын деп таануу жөнүндө өтүнүч берүү үчүн так жол-жоболук регламенттер жана КЖПК бул процессти жөнгө салуучу атайын пункттар жок. Мыйзамдардагы мындай боштук башпаанек укугун алуу арыз ээсинин инсандыгына жана жарандыгына жараша тандалма түрдө берилүүчү жагдайларды жаратат.

3) Башпаанек издеген адамдарга юридикалык жардам БУУ КЖКБ «Адилет» укуктук клиникасынын өнөктөшү тарабынан гана көрсөтүлөт. «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзам качкындарга карата колдонулат. Мыйзамга ылайык, жазык сот өндүрүшү чөйрөсүндө жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча консультациялык-укуктук жардам алууга жана квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу. Бирок, башпаанек издеген адамдар жарандык жана административдик сот өндүрүшү чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алуу үчүн өзүнчө социалдык аярлуу категория катары киргизилген эмес, бул жарандык жана административдик сот өндүрүшүнүн бардык баскычтарында жарандык, жана административдик иштери боюнча өкүлчүлүктү жана/же коргоону камтыйт. Квалификациялуу адвокаттарга чектелген мүмкүнчүлүк башпаанек издегендерди качкын статусун алуунун татаал процессинде зарыл болгон укуктук колдоосуз жана коштоосуз калтырышы мүмкүн, бул башпаанек процедураларында ката кетирүү жана түшүнбөстүк коркунучун жогорулатат.

4) «Качкындар жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, КР качкын деп таанылган адам КР мыйзамдарына ылайык жалданып иштөө-гө же ишкердик менен алектенүүгө укуктуу. Ошого карабастан, мыйзам башпаанек издегендерге бирдей укуктарды бербейт, мындан улам аларды мыйзамдуу киреше алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат. Качкындардын статусу жөнүндө Конвенцияга ылайык милдеттенмелерди аткаруу башпаанек издеген адамдар өздөрүнүн адам укуктарын, анын ичинде экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө эл аралык Пактынын 9, 11-беренелери менен кепилденген жетиштүү жашоо деңгээлине болгон укугун сактоого укуктуу экендигин билдирет. Башпаанек издегендерге статусту аныктоо учурунда иштөөгө укук берүү башпаанек издегендердин социалдык жана экономикалык абалын азайтууга жардам берет, алардын жашоо-тиричилигин камсыз кылууга мүмкүнчүлүк түзөт. Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар жөнүндө Эл аралык Пакттын 1-беренесинин 6-бөлүгүндө катышуучусу болгон мамлекеттер ар бир адамдын өзү эркин тандап алган же өзү макул болгон эмгек менен жан багуу мүмкүнчүлүгүн

алуу укугун камтыган эмгек укугун тааныйт жана бул укукту камсыз кылуу үчүн тийиштүү чараларды көрөт деп көрсөтүлгөн.

Мониторингдин жыйынтыгы менен төмөндөгү сунуштар иштелип чыгып, тиешелүү мамлекеттик органдарга берилип, айрым сунуштары аткарыла баштаганын белгилеп кетүү зарыл:

## СУНУШТАР:

**КР Министрлер Кабинетине:**

1. КР КЖПК 114-беренесинин 8-бөлүгүнүн 2-пунктуна Кайрылмандар жана качкындар менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери үчүн эркиндигинен ажыратуу жайларынан качкын статусун алуу үчүн кайрылгандарга кирүү мүмкүнчүлүгүн караган толуктоо түрүндөгү өзгөртүүлөр киргизилсин;
2. Башпаанек издөөчүлөрдүн иштөө укугун камсыз кылуу үчүн “Качкындар жөнүндө” Мыйзамдын 6-беренесине толуктоолорду киргизүү жана төмөнкүдөй абзац менен толуктоо сунушталууда: “жалданып иштөөгө же жеке ишкердик менен алектенүүгө”;
3. “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Мыйзамга, административдик жана жарандык иштер боюнча акысыз юридикалык жардам алууга укуктуу адамдардын категориясына киргизүү.

## 6.4. Аскер кызматчыларынын укуктарынын сакталышы

Аскердик кызмат учурунда армиядагы түпкүлүктүү көйгөйлөрдү аныктоо максатында, 2023-жылдын 1-сентябрындагы №165 сандуу буйругунун негизинде 1-сентябрдан 22-сентябрга чейин республиканын аскер комиссариаттарында жана топтоо пункттарында аскерге чакырылуучулардын медициналык кароодон өтүшү, аскерге чакырылуучулардын укуктарынын сакталышы боюнча мониторинг жүргүзүлдү.



Учурда кыргыз армиясындагы негизги көйгөйлөрдүн бири - аскерге чакырылгандардын физикалык жана психологиялык абалынын начардыгы жана аскер кызматкерлеринин өзүн өзү өлтүрүү фактылары катталып жаткандыгы.

КР Коргоо министрлигинин маалыматы боюнча, аскер кызматында

2017-жылдан 2022-жылга чейин 14 өзүн өзү өлтүрүү фактылары катталган. Ушул жылдары каза болгондордун жалпы санынын ичинен 13 мөөнөттүү аскер кызматынын аскер кызматкерлери.

**Мониторингдин жыйынтыктары**

Сурамжылоого катышкан **410** аскерге чакырылуучулардын ичинен **113** (27.5%) аскерге чакырылуучунун укуктары бузулган учурларда кайда, кимге кайрылууну билбестигин айтышты. Ал эми “билем” деп жооп бергендердин көпчүлүгү прокуратурага, милицияга кайрыламын деп жооп беришти. Армияда кызмат өтөө учурунда “укуктарыңар бузулса, кайда кайрыласың?” деген суроого көпчүлүгү билбестигин, кээ бири командирлерге кайрылаарын билдиришти. Аларга арыз менен кайрылуу тартиби түшүндүрүлүп, Акыйкатчы Институтунун аскер кызматчыларынын укуктарын коргоо боюнча иш-аракеттери жөнүндө маалымат берилди.

2023-жылдын 8-сентябрында Республикалык топтоо пунктунда мониторинг жүргүзүлдү. КР Чек ара кызматынын өкүлдөрү психолог адистер менен аскерге чакырылуучулардын психикалык (неврологиялык) ооруларын аныктоо максатында келип кошумча нейропсихикалык туруктуулук деңгээлин аныктоо үчүн «Мультипсихометрдин» (аппараттык-программалык психодиагностикалык комплекси) жардамы менен тестирлөө өткөрүштү. Алар «Мультипсихометрдин» мүмкүнчүлүктөрүн, эффективдүүлүгүн жана аны 2016-жылдан бери колдоноорун айтып беришти.

*Маалымат үчүн: КР Куралдуу Күчтөрүндө бир гана КР Чек ара кызматы «Мультипсихометрди» колдонуп аскерге чакырылуучуларды изилдеп, тандап алышат.*

2023-жылдын 18-сентябрында Республикалык топтоо пунктунда мониторинг жүргүзүлдү. КР жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын өкүлдөрү психолог адистер менен аскерге чакырылуучулардын психикалык (неврологиялык) ооруларын аныктоо максатында келип, кошумча нейропсихикалык туруктуулук деңгээлин аныктоо үчүн иштелип чыккан В.Ю.Рыбниковдун (прогноз 2) методун колдонуп тестирлөө өткөрүштү. Тестирлөө өткөрүп жаткан психолог тестирлөөнүн жыйынтыктарын кол менен эсептөө, аскерге чакырылуучулар менен маектешүү жүргүзүү көп убакытты талап кылып бир адис жетишсиз экенин билдирди.

*Маалымат үчүн: КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-декабрындагы № 771 токтомунун 18-пунктуна ылайык, жумуш күнүнүн ичинде чакыруу участокторуна жана аскердик кызматка чакырууда күбөлөндүрүлгөндөрдүн саны тынчтык убакта - 50 кишиден, согуш мезгилинде - 100 кишиден ашпашы керек.*

Мониторингдин жүрүшүндө, ооруга чалдыккан аскер кызматкери КР Коргоо министрлигинин медициналык мекемелеринин адистери операция жасоого мүмкүнчүлүгү жок болгон учурларда жана кымбат дары-дармектерди колдонууга муктаж болгон учурларда өз эсебинен сатып алууга аргасыз экендиги маалым болду. Себеби, биринчиден, 2017-жылдан бери КР Бюджеттик кодекси күчүнө киргенден баштап, дары-дармектерди сатып алууга, операция жасатууга кеткен чыгымдардын ордун толтуруу токтотулган. Экинчиден, КР “Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө” Мыйзамдын 13-беренесин ишке ашыруу механизми, бүгүнкү күндө тийиштүү укуктук ченемдик актынын жоктугунан ишке ашпай келет.

**Мониторингдин жыйынтыгы менен аныкталган көйгөйлөр:**

1. Аскерге чакырылуучулар өз укуктарын толук билишпейт. Аскерге чакырылуучулардын Акыйкатчы Институтунун ишмердүүлүгү боюнча маалыматтары жок.

2. Кээ бир аскер комиссариаттарында медициналык комиссиянын курамы толук дегени менен, психиатр жоктугуна байланыштуу анын ордун невропатолог же улук врач, ал эми ЛОР адиси жоктугуна байланыштуу анын ордун хирург же улук врач аскерге чакырылуучулардын саламаттыгын текшергенин билдиришти.

3. КР Коргоо министрлигинин Топтоо пунктарында медициналык кароо (психиатр, невропатолог) жетиштүү деңгээлде жүрбөйт. Бир күндө бир адистин 40-50 аскерге чакырылуучулардын психикалык (неврологиялык) ооруларын аныктоого жана сапаттуу иш алып баруусу эрежелерге ылайык эмес.

4. Кээ бир аскер комиссариаттарында медициналык комиссиянын иш алып баруусуна жетиштүү шарт түзүлгөн эмес (Манас РАК).




## СУНУШТАР:

**КР Коргоо министрлигине:**

КР Коргоо министрлигинин Топтоо пунктарын “Мультипсихометр”, УЗИ аппараттары менен камсыз кылуу.

КР “Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө” Мыйзамынын 13-беренесин ишке ашыруу механизмин аныктоо максатында, “Аскер кызматкерлерине медициналык кызмат көрсөтүүгө жана дары-дармектерди сатып алууга кеткен чыгымдардын ордун толтуруу тартибин бекитүү жөнүндө” КР Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун иштеп чыгып кабыл алуу.

Аскерге чакырылуучулардын жана мөөнөттүү аскер кызматкерлеринин укуктарын коргоо үчүн республиканын аскер комиссариаттарында, Топтоо пунктарында, аскер бөлүктөрүндө Акыйкатчы Институтунун байланыш номерлерин милдеттүү түрдө жайгаштыруу.

Райондук (шаардык) аскер комиссариаттарынын офицерлерин 1 айда 1 билим берүү мекемесине (мектепке) армия жөнүндө райондогу (шаардагы) мектеп окуучуларына сабак өтүүгө милдеттендирүү.

Аскер комиссариаттарынын эскилиги жеткен имараттарды жаңылоого, тийиштүү шарттарды түзүүгө багытталган чараларды кабыл алуу.

**КР Билим берүү жана илим министрлигине:**

Билим берүү мекемелеринде 9-класстан баштап аскерге чейинки даярдык сабагын киргизүү.

Мектептерде аскерге чейинки даярдык сабагын өтүүдө, аскерге чакырылуучулардын укуктары боюнча маалыматтарды маал-маалы менен жеткирүү.

## 6.5. Тынч чогулуштар жана сөз эркиндигинин абалы

### Тынч чогулуштар

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту 2022-жылдын 26-декабрында Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май административдик округу боюнча муниципалдык администрациясынын токтомунун мыйзамдуулугун аныктап жана Бишкектин борбордук бөлүгүндө митингдерди өткөрүүгө тыюу салуу менен, тынч чогулуштарды өткөрүү үчүн бир гана жерди - Максим Горький аянтын аныктаган. Тыюу бир нече жолу, анын ичинде 2023-жылдын 31-мартына чейин узартылган. Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун чечиминин жүйөө бөлүгүнө ылайык, киргизилген чектөө коомдук тартипти коргоо, калктын адептүүлүгүн сактоо, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, коомдун жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу, мыйзамды жана тартипти сактоо максатында киргизилди.

Тынч чогулуштарды өткөрүү эркиндигине укук КР мыйзамдарынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана КР Конституциясынын 39-беренесинде, ошондой эле КР катышуучусу болуп саналган Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык Пактынын (ЖСУЭП) 21-беренесинде бекемделген. Ошону менен бирге, бул укукка байланыштуу чектөөлөр БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин №37 Жалпы комментарийинде кеңири баяндалганын белгилей кетүү зарыл деп эсептейбиз.

Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май району боюнча муниципалдык башкармалыгынын билдирүүсүнүн текстинен көрүнүп тургандай, көп сандаган элдин катышуусунда өткөн тынч чогулуштарды жана акцияларды уюштуруучулар көзөмөлдөй албайт. Натыйжада тыгындар пайда болуп, унаа агымына тоскоолдуктар жаралып, негизги магистралдардын жөө жүргүнчүлөр өтүүчү жерлери тосулуп калган учурлар болгон.

Мамлекет, тынч чогулуштарга укукту басмырлоосуз ишке ашыруу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүүгө көмөктөшүүшү керек жана бул укукту натыйжалуу ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү укуктук жана институционалдык негизди түзүшү керек.

Тынч чогулуштардын катышуучуларынын укуктарын камсыз кылуу максатында, июнь айынан баштап бүгүнкү күнгө чейин 14 жолу тынч чогулуштарга мониторинг жүргүзүлдү. Тынч чогулуштардын дээрлик баардыгы социалдык-экономикалык маселелерге байланыштуу болуп, мамлекеттик органдарга кайрылуулар болгон. Мониторингдин жүрүшүндө бийлик органдары тарабынан митингчилерди күч менен таркатуу жана башка куугунтуктоо болгон жок. Коопсуздукту жана коомдук тартипти сактоону КР ИИМ кызматкерлери камсыздашты. Тынч чогулуштардын катышуучуларынын укуктарынын жалпы бузулушу катталган жок.



## Сөз эркиндиги

2022-жылдын 28-сентябрында КР Президентинин Администрациясы тарабынан "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" Мыйзам долбоору демилгеленип, коомдук талкууга коюлган. Жарыяланган күндөн тартып бул Мыйзам долбоорунун мазмуну жалпыга маалымдоо коомчулугунун сунуштарын жана сын-пикирлерин эске алуу менен 5 жаңыланган редакцияда толукталган жана өзгөртүлгөн. Ушуга байланыштуу КР Акыйкатчы Институту Мыйзам долбоору боюнча эл аралык стандарттарга ылайыктуулугуна юридикалык корутундусун берүү үчүн ЕККУнун өкүлчүлүгүнүн кеңсесине, ошондой эле Венеция комиссиясына кайрылган. Алынган корутундуларды изилдөө жана сунушталган Мыйзам долбоорунун акыркы редакциясын талдоодон кийин 2023-жылдын 31-октябрында КР Акыйкатчы институту мамлекеттик органдардын, медиа коомчулуктун жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрүн тартуу менен диалог аянтчасын уюштурду. Диалогдук аянтчанын негизги максаты мыйзам чыгаруу, аткаруу бийлик органдарына жана жарандык коомго сөз эркиндигинин абалына сереп салуу, ошондой эле эл аралык эксперттик уюмдардын пикирлери менен тааныштыруу болду.

Акыйкатчы Институту Мыйзам долбоорунун беренелеринин айрым жоболоруна өз алдынча талдоо жүргүзүп, айрым жоболорун эл аралык стандарттарга ылайык келтирүү сунушу менен позициясын билдирди. Буга байланыштуу журналисттердин укуктук абалын жакшыртууга жана алардын ишмердүүлүгүнүнө укуктук кепилдиктерди күчөтүүгө багытталган сунуштар айтылды.

Ошол эле учурда, Акыйкатчы институтун «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Мыйзам долбоору тынчсыздандырганын, тактап айтканда, мыйзам долбоорунун нормаларынын талаптарын бузгандыгы үчүн санкция (КЖК 200-1-ст.) пропорционалдуу эмес, 10 жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы көрсөтүлүп, бул оор кылмыштар категориясына кирээри боюнча да позициясын билдирген.

Мыйзам долбоорунун бир катар жоболору ЖСУЭПге жана адам укуктары боюнча эл аралык стандарттарга карама-каршы келет. Ушуга байланыштуу Акыйкатчы Институту демилгечилерге мыйзам долбоорун чакыртып алууну жана эл аралык эксперттерди тартуу менен жаңы редакцияда иштеп чыгууну сунуштады.

Андан тышкары, КР КЖК 330-беренеси «Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты козутуу», тактап айтканда, камакка алуу жана кылмыш жоопкерчилигине тартуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын укук колдонуу практикасында учурда көп колдонулгандыгы Акыйкатчы Институтун тынчсыздандырууда.

# СУНУШТАР:

**КР Жогорку Кеңешине:**

Кылмыш-жаза мыйзамдарында гуманизм принцибин сактоо жана укукка каршы жасалган жосун менен андан келип чыгуучу юридикалык жоопкерчиликтин ортосундагы өз ара пропорцияга келтирүү максатында, алгач административдик жоопкерчиликке тартууну, кайра кылмыш жасаган учурда гана, кылмыш жоопкерчилигине тартуу нормасын киргизүү.

**КР Жогорку сотуна:**

Укук коргоочуларды жана журналистерди кылмыш-жаза жана жарандык сот өндүрүшү тартибинде негизсиз куугунтуктоодон коргоону процессуалдык мыйзамдардын талаптарына ылайык жүргүзүү.

**КР Башкы прокуратурасына:**

Укук коргоочулардын жана журналисттердин укуктарын камсыздоого өзгөчө дыкаттык менен көңүл буруу жагын күчөтүү.



# VII БӨЛҮМ. ПСИХИАТРИЯЛЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ БЕЙТАПТАРДЫН УКУКТАРЫНЫН САКТАЛЫШЫ

КР “Психиатриялык жардам жана аны көрсөтүүдө жарандардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө” Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, КР Акыйкатчысынын алдындагы Психиатриялык стационардагы пациенттердин укуктарын коргоо кызматы психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргойт.

КР Саламаттык сактоо министрлигинин тутумунда 5 (беш) дарылоочу психиатриялык мекемелер бар (ДПМ). Алар: Республикалык психиатриялык жана наркология борбору (РПНБ), Ош облустук психиатрия жана наркология борбору (ООПНБ), Жалал-Абад облустук психиатриялык саламаттык борбору (ЖОПСБ), Кызыл-Жар Республикалык психиатриялык оорукана жана Чым-Коргон Республикалык психиатриялык оорукана (РПО).

2023-жылы Республиканын психиатриялык ооруканаларында 8121 адам дарыланган.

КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин тутумунда 10 (6сы бойго жеткендер жана 4 балдар үчүн) психоневрологиялык социалдык-стационардык мекеме бар (ПССМ). Алардын ичинен 2023-жылдын аягына карата аталган мекемелерде психоневрологиялык дарт менен жалпы 1830 адам, анын ичинен 415 балдар, толугу менен мамлекеттик камсыздоого алынган.

Психиатриялык мекемелердеги жайгаштыруулар жана жашоо шарттары мүмкүн болушунча, курактары бирдей адамдардын нормалдуу жашоо үй шарттарына жакын болушу керек, атап айтканда, бош убактыларын өткөрүү жана

эс алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камтышы абзел.

Психоневрологиялык ССМ жана ДПМде талап боюнча бир дарылануучу орунга 6 $м^2$ каралса, иш жүзүндө бир бейтапка/социалдык кызмат алуучуга - 5,5 же 4,0 $м^2$ гана туш келет. Ал эми айрым ПССМдерде жүрүп жаткан оңдоо-түзөө иштерине байланыштуу 2,0 $м^2$ түзгөн учурлар кездешет. Мындай шарттарда бейтаптын толук кандуу дарылануусун камсыз кылуу мүмкүн эмес. Психикалык жактан жабыркаган бейтаптарды дарылоо - жумалап, айлап, айрым учурларда жылдап созулаарын эске алуу зарыл.

## 7.1. Психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын кармоо/дарылануу шарттары

КР Акыйкатчысынын Аппаратынын кызматкерлери тарабынан 2023-жылы Чым-Коргон жана Кызыл-Жар ПССМдеринде бейтаптардын укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүлдү.

Белгилеп кетүүчү жагдай, КР аймагындагы көпчүлүк психиатриялык мекемелеринин имараттарынын эскилиги жетип, капиталдык оңдоп-түзөөлөргө муктаж. Мисалы, РПНБ 1964-жылы, Ош облустук ПСБ – 1964 жылы, Кызыл-Жар айылындагы РПО – 1948-жылы, Чым-Коргон айылындагы РПО – 1949-1971-жылдары ишке берилишкен.

**Чым-Коргон жана Кызыл-Жар айылдарында жайгашкан РПОнун көйгөйлөрү**

Чым-Коргон жана Кызыл-Жар айылдарындагы РПОлор республикалык бюджеттин эсебинен каржыланат. Бирок, мажбурлап дарыланып жаткан бейтаптардын жашоо шарттарын толук жакшыртууга бюджеттен бөлүнгөн каражаттар жетишсиз. Мисалы, аталган РПОлорго 45 жылдан ашуун убакыттан бери капиталдык оңдоого тиешелүү акча каражаттары бөлүнбөй келген. Курулган баардык имараттардын чатырлары оңдоого муктаж, дарылануучулардын бөлмөлөрүнүн эскилиги жеткен, мажбурлоо бөлүмдөрүнүн инфраструктурасынын абалы белгиленген талаптарга жооп бербейт, сейилдөө аянттары бейтаптардын эс алуусу үчүн жараксыз абалда, кир жуучу имараты жана тамак-аш блогу капиталдык ремонтко муктаж. РПОлордун бардык бөлүмдөрүндө альтернативдүү электр жылытуу системасы жайгашкан, бирок электр тутуму жана электрощиттер капиталдык оңдоого муктаж, анткени кыш мезгилинде электр тутумунда чыңалуу жогорулайт. Кээ бир бөлүмдөрдөгү ажатканаларда бөлүп туруучу жеңил тосмолор орнотулган эмес, бул бейтаптардын жеке жашоо укуктарын бузууга алып келет.

Ошондой эле, бейтаптарды ташуу үчүн атайын автоунаанын жараксыздыгынан жана нөөмөттүк автоунаанын жоктугунан улам, бейтаптарды тармактык адистерге консультация алуу үчүн ташуу, ошондой эле бейтаптардын өмүрүнө коркунуч келгенде башка стационарга которуу РПОлорго кыйынчылыктарды жаратат жана бейтаптардын укуктарынын бузулушуна алып келет.

Мекемедеги жабдуулардын кыйла эскиришинен улам кызматкерлер тиешелүү деңгээлде дартты аныктоону жана дарылоону минималдуу стандарттарына ылайык жүргүзө алышпагандыгы аныкталган.



РПОлордо коомго каршы, өзгөчө коркунучтуу жосундарды жасаган жана мажбурлап дарылануудан өтүү үчүн соттун чечими менен жөнөтүлгөн адамдар кармалат. Бейтаптардын качууларын болтурбоо үчүн жана медперсоналга коркунуч келтирбөө максатында мажбурлап дарылоо бөлүмдөрүн изоляциялоо зарыл экендигин белгилейбиз.

Мындан сырткары, эң актуалдуу маселелердин катарында күзөтчүлөрдүн, ошондой эле видеокөзөмөлдүн жоктугу болуп саналат.

РПО кызматкерлеринин 30%ын эркектер, калган 70%ын аялдар түзүп, негизинен пенсия жана пенсия курагына жакын адамдар эмгектенет. Бейтаптардын психомотордук дүүлүгүшүндө медперсоналдын өмүрүнө коркунучтар жаралат. Бул көйгөйлөр, бейтаптардын коопсуздугуна, татыктуу жана сапаттуу медициналык жардам алууга  укуктарынын бузулушуна алып келүүдө.

## 7.2. Бейтаптардын өздүгүн тасыктоочу документин алууга укугунун сакталышы.

КР Акыйкатчы Институту психиатриялык мекемелерде мониторинг жүргүзүүдө, айрым бейтаптардын идентификациялык картасынын жоктугун (ID карт) тастыктаган.

Бүгүнкү күндө, КР аймактарында жайгашкан психиатриялык мекемелердеги 126 бейтаптын  жана психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелерде жашаган кызмат алуучулардын 142нин өздүгүн тастыктоочу документтеринин жок тугу аныкталган.

Документтерди жана маалымкаттарды чогултуу боюнча ар кандай көйгөйлөргө байланыштуу паспорт алуу процесси кечиктирилет же таптакыр токтотулат, анткени мындай пациенттердин туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жок, туулгандыгы тууралуу жазуу актылары жок, алар каттоо кызматынын базасында катталбай калышкан.

Өз кезегинде, мындай бейтаптар өздүгүн тастыктаган документтердин жоктугунан жарандык укуктарын ишке ашыра алышпайт.

Өзгөчө белгилей кетчү жагдай, психиатриялык мекемелерде жашаган адамдар - бул тагдыры оор адамдар, дайыма башкалардын көңүл буруусуна жана катышуусуна муктаж болгон бала кезинен майыптар, алар документтерди кайра калыбына келтирүү боюнча маселелерди өз алдынча чече алышпайт.

Бейтаптарды бир мекемеден башкасына которуу же үйүнө чыгаруу учурунда көйгөйлөр жаралат, айрымдардын жакын туугандары аларды кайра кабыл алууну каалабагандыктан, алар психиатриялык мекемелерде калып калышууда. Ошентип, бейтаптарды профилдик интернаттарга анын ичинде социалдык-стационардык мекемелерге (ССМ) которууда өздүк документтеринин жоктугу ишти дагы татаалдаштырат.

Тизмеде көрсөтүлгөн көптөгөн документтерди чогултуу зарылдыгы бюрократиялык чектөөлөргө такалып, социалдык камкордукка муктаж бейтаптарды ССМ жайгаштыруу өтө кыйын болууда.

## 7.3. Бейтаптарды күбөлөндүрүү көйгөйү

Акыйкатчы Институтунун кызматкерлери психиатриялык мекемелердеги бейтаптардын укуктарын коргоо максатында Чым-Коргон жана Кызыл-Жар айылдарында жайгашкан РПОлорго мониторинг жүргүзүп, бейтаптардын медициналык документтерин (бейтаптардын баяндарын) карап, алар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн.

Негизинен психиатриялык мекемелердеги адамдардын укуктарын камсыз кылууда мыйзамдардын аткарылышына, ооруканадагы абалга, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жөнүндө соттордун токтомдорунун аткарылышына өзгөчө көңүл бурулган.

Бейтаптардын баяндарына тиркелген соттук актылардын жана соттук-медициналык эксперттик комиссиялардын материалдарынын негизинде бейтаптарга психиатриялык мекемеде медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууда айрым мыйзам бузуулары аныкталган.

Алсак, Дарыгер-психиатрлар комиссиясы мажбурлап дарылоо режимин узартуу, өзгөртүү, токтотуу жөнүндө корутундуну КР ССМ №521 буйругу менен бектилген “Коомго карата кооптуу аракеттерди жасаган психикалык бузулуштары бар адамдарга медициналык мүнөздөгү мажбурлоо жана башка чараларды колдонуу тартиби жөнүндө” Жобонун талабына ылайык өтүнүч-сунуштарды сот органдарына жөнөтөт. Бирок, бул өтүнүч-сунуштар өз убагында каралбай, создуктурулуп бейтаптардын психиатриялык мекемеде соттун токтому жок мыйзамсыз кармалышына алып келген учурлар көп кездешет.

Мисалы, дарылануудагы А.А. кызы Чым-Коргон айылындагы РПОдо стационардык дарыланууда 6 айдан ашык убакыттан бери мажбурлап дарылоону колдонуу жөнүндө соттун чечими жок кармалып турат. Оорукана администрациясы тарабынан 2023-жылдын 21-майында пациент А.А. кызына карата мажбурлап дарылоонун түрүн өзгөртүү жөнүндө сунуштамасы Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна жөнөтүлгөн, бирок 6 ай аралыгында жооп (соттун токтому) берилбей келгендиктен психиатриялык оорукана дарылоону мыйзамдаштырууда чечкиндүү аракеттерди көрө албай жаткандыгы белгилүү болгон.

Сот органдары менен дарылоо мекеме ортосунда өз ара аракеттенүүнүн жоктугу, медициналык мүнөздөгү мажбурлап дарылоого кабыл алынган

оорулуулардын бир нече айлап “негизсиз” мекемеде кармалышына алып келген, анткени соттор кабыл алынган соттук чечимдерди өз учурунда жиберишпейт.

Алсак, 2023-жылдын 25-сентябрында РПО тарабынан Нарын райондук сотуна дарылануудагы К. И. (16.12.1987-ж.т.) мажбурлап дарылоо режимин өзгөртүү боюнча жиберген өтүнүч-сунушу боюнча ушул күнгө чейин жооп берилген эмес. Натыйжада, бейтап К.И. “мыйзамсыз”, соттун чечими жок эки айдан ашык убакыттан бери ооруканада мажбурлап дарылануда кармалып турат.

2019-жылдын 17-июнунда Чым-Коргон а. РПО дарылануудагы С. З. (07.02.1961-ж.т.) боюнча күчөтүлгөн байкоо режимин өзгөртүү жөнүндө өтүнүч-сунуштамасын Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту эки айдан кийин гана т.а. 22.08.2019-ж. караган. Андан кийин, 12.02.2020-ж. РПО тарабынан жиберилген өтүнүч-сунуштамасы соттук канцеляриясында “жоголду” дегендиктен 12.08.2020-ж. кайрадан өтүнүч-сунуш жөнөтүлгөндөн кийин 8 айга кечигип каралган. Мындан сырткары, 2022-жылдын 18-майында Бишкек шаарынын Свердлов райондук соту бейтап С.З. жактоочусу жок деген негиз менен РПО өтүнүч-сунушун кароосуз калтырган. Андан кийин РПО 2022-жылдын 10-ноябрында кайталап жөнөткөн өтүнүч-сунушун 2022-жылдын 1-декабрында карап баш тарткан б. а. процесс май айынан ноябрына чейин созулган. 2023-жылдын 10-майында РПО дарылоо режимин өзгөртүү жөнүндөгү сунушуна бүгүнкү күнгө чейин белгисиз себептерден улам, соттук актысы келип түшө элек. Ошол эле учурда, дарылануудагы С.З. кезектеги 6 айдан кийин дарылоо режимин өзгөртүү өтүнүч-сунуштамасын жиберүү мөөнөтү дагы келип калган.

2021-жылдын 25-февралында Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун токтомунун негизинде жаран С. У. Чым-Коргон а. РПО күчөтүлгөн режимде мажбурлап дарылоого кабыл алынган. РПО тарабынан Бишкек шаарынын Ленин райондук сотуна 16.09.2021-ж. 25.05.2022-ж. 10.11.2022-ж. 24.04.2023-ж. жана 01.11.2023-ж. дарылануудагы С.У. туруктуу психикалык абалы боюнча жиберген *(дарылоо* режимин өзгөртүү) өтүнүч-сунуштары канааттандыруусуз калтырылып келет.

Соттук актысы жок дарылануучулардын узак мөөнөттөгү психиатриялык ооруканада кармалып турушу укуктук бузуудан тышкары, экономикалык чыгашаны камтыйт. Анткени бир дарылануучуну кармоо үчүн күнүнө 500 сомдон кем эмес чыгым кетет.

Бир нече жыл мажбурлап дарылоодогу оорулуулардын дарылоо режимин өзгөртпөстөн кармалуусу, адамдын өмүрүнө же ден соолугуна кол салуу болуп, бул оор кылмыштарга теңелет. Бирок, ошол эле учурда, мажбур дарылануудагы анча оор эмес кылмыш жасаган *(уурулук, бейбаштык ж.б.)* бейтаптардын дагы дарылоо режими *(күчөтүлгөн, жөнөкөй, амбулатордук)* өзгөртүүсүз калтырылып келет.

**Мисалы:** Жалал-Абад облусунун Ноокен райондук сотунун токтомунун негизинде, 2013-жылдан бери 10 жылдан ашуун убакыттан бери мажбурлап дарылануудагы Н.М. (1965-ж.т.) карата Кызыл-Жар айылындагы РПО тарабынан жиберилген өтүнүч-сунуштамалары (дарылоо режимин өзгөртүү боюнча) сот *“жасаган кылмыштын курамы оор”*-деген жүйө менен канааттандыруусуз калтырылып келет. Өтүнүч-сунуш боюнча соттук отурумда Ноокен райондук соту (судья И.Б.Саргалдаков) РПО дарыгери Б.Эргешовдон *“дарылануудагы Н.М. режимин өзгөртүлсө кылмыш жаса*байт деп кепилдик бере аласызбы”- деп, сураган.

Айтылып жаткан абалдын келип чыгышынын себептери - бул сот органдары мажбурлап дарылоонун түрүн өзгөртүү жөнүндө берилген сунуштар боюнча

жетиштүү түшүнүк жоктугунан улам, бейтаптын пайдасына чечим кабыл алууда өз таасирин тийгизүүдө.

**Мисалы:** Чүй облусунун Ысык-Ата райондук соту (судья А.С. Абдыкадырова) бейтап Д.У. дарылоо режимин өзгөртүү боюнча РПО өтүнүчү боюнча кабыл алган соттук актысында мажбурлап дарылануудагы бейтапка карата мыйзамда каралбаган «соттолгон» деген термин колдонулган.

КР ССМ №521 буйругу менен бекитилген "Коомго карата кооптуу аракеттерди жасаган психикалык бузулуштары бар адамдарга медициналык мүнөздөгү мажбурлоо жана башка чараларды колдонуу тартиби жөнүндө" Жобо медициналык мүнөздөгү ар кандай чараларды колдонуунун критерийлери *(милдеттүү диспансерлөө, жөнөкөй, күчөтүлгөн жана катуу байкоо),* коомдук коркунучтуу жүрүм-турумдун клиникалык-психопатологиялык жана социалдык-психологиялык тобокелдиктер, сунушталган тигил же бул медициналык чаранын түрү кеңири көрсөтүлгөн. Бул Жобонун негизинде даарыгер-психиатрлар комиссиясы дарылоонун режимин өзгөртүү *(күчөтүлгөн, жөнөкөй, амбулаториялык)* жөнүндө өтүнүч-сунуштары сот органдары тарабынан негизсиз канааттандыруудан баш тартып келүүсү түшүнүксүз.

КР КЖК 91-бер. 2-п. көрсөтүлгөндөй "Эгер адам өкүм чыгарылгандан кийин жин оорусу менен ооруп калса, анда сот аны психиатр-дарыгерлердин медициналык комиссиясынын корутундусунун негизинде жаза өтөөдөн бошотот". Ушул эле 91-берененин 3-п. ылайык "Адамга медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар колдонулган мезгилдин бир күнү эркиндигинен ажыратуунун медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чараларды колдонуунун бир күнүнө барабар болгон жаза мөөнөтү катары эсепке алынат".

Мындан сырткары КР КЖПКнын 186-бер. 3-б. ылайык Адамды психиатриялык стационарда болуусу камакта кармоо менен теңдештирилет.

КР КЖК 118-беренесине ылайык "Медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу, өзгөртүү же узартуу врач-психиатрлардын комиссиясынын корутундусунун негизинде сот тарабынан жүзөгө ашырылат"- деп көрсөтүлгөн.

2021-жылдын 28-октябрында жаңы күчүнө кирген КР ЖПК 492-беренин 2-п. ылайык, медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын колдонууну токтотуу, өзгөртүү же узартуу жөнүндө маселелер медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чарасын колдонуу жөнүндө токтом чыгарган сот тарабынан каралаары көрсөтүлүп, ал эми, мурунку (2021-жылга чейинки) КР ЖПК бейтап дарыланып жаткан дарылоо мекеме жайгашкан аймактагы сот тарабынан каралышы алынып салынган. Бул соттун оорукананын сунушун кароодо бейтаптын соттук отурумга катышуу мүмкүнчүлүгүн ажыраткан. Ошондой эле, судьянын бейтаптын психикалык абалын өз көзү менен көрүп туруп, объективдүү чечим чыгаруу мүмкүнчүлүгү алынып калган.

Учурда колдонуудагы КР КЖПК күчүнө кириши менен төмөнкү татаалдыктар пайда болгон:

- соттордун дарылануучунун псхикалык абалын баалоого жана адамдын өзүн соттук кароого катышуусуна мүмкүн эместиги;
- оорукананын сунуштарды жөнөтүүдөгү почта чыгымы, өз убагында жеткирбөө, же документтердин жоголушу, сот токтомдору өз убагында келбөөсү;
- сот отурумга эксперттердин катышуусу үчүн аймактын алыстыгы (жол кире, иш убактысы ж.б.) көйгөйлөрү;
- сот органдарынын өтүнүч-сунуштарды кароосунун создуктурушу.

Эл аралык стандарттарга ылайык мамлекет адамдын эркиндигин чектөөдө

анын ден соолугуна кам көрүү милдетин өзүнө алат.

КР Конституциясынын 24-беренесине ылайык “Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этностук таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча басмырланышы мүмкүн эмес”.



## СУНУШТАР:

**КР Саламаттыкты сактоо министрлигине жана КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинине;**

- ДПМ жана психоневрологиялык ССМ оңдоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн каражаттарды бөлүү;

**КР Санариптик өнүктүрүү министрлигине:**

- өздүгүн тастыктаган документтердин жоктугунан жарандык паспорт алууну камсыз кылуу;

**КР  Жогорку сотуна:**

- Берилген өтүнүчтөрдү сот органдары тарабынан  өз убагында кароо боюнча чараларды көрүү.

**Тиркеме № 1**

## 2023-жылы жарандын жана адамдын укуктарын бузган, КР Акыйкатчысынын сунуштамаларын аткарбаган мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын тизмеги

| № | Мамлекеттик органдын, ишкананын, мекеменин, уюмдун аталышы | Кызмат адамдын аты жөнү | Ээлеген кызматы | Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин, ошондой эле адам укуктарына байланыштуу ченемдик укуктук актылардын бузулушу | Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) ишинин жыйынтыктары |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Калкты катоо департаментинин 06-05 райондор аралык бөлүмү *(Ош облусунун Ноокат райондук калкты тейлөө борбору)* | Кадыркулова Айчүрөк Сапармаматовна | Адис | Жарандардын мамлекеттик органга кайрылуу жана маалымат алуу укугу (КР Конституциясынын 33-беренесинин 2-пункту).<br>«Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-пункттары бузулган.<br>Суроо-талап коюлган уюмдардын көмөк көрсөтүү милдети (КР Акыйкатчы жөнүндө мыйзамынын 12-беренеси). | Аныкталган мыйзам бузууларды жоюу жана тиешелүү процесстерди мыйзам чегинде жүргүзүү максатында көңүл буруу актысы киргизилди. Анда, кызматтык милдеттерди так аткаруу жана эмгек чөйрөсүндө бекитилген тартипти сактоо максатында жооптуу адамдарга карата белгиленген нормаларга жана эрежелерге ылайык тартиптик жаза чараларын колдонууну кароо сунушталды. |
| 2 | Калкты катоо департаментинин 02-01 Ош шаардык бөлүмү *(Ош шаардык калкты тейлөө борбору* | Маллаев М.К. | Башкы адис | Жарандардын мамлекеттик органга кайрылуу жана маалымат алуу укугу (КР Конституциясынын 33-беренесинин 2-пункту).<br>«Жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндө» КР Мыйзамынын 8-беренесинин 2, 3-пункттары бузулган.<br>"КР жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндө" жобону бузуу. | Аныкталган мыйзам бузуулар боюнча көңүл буруу актысы киргизилип, кошумча Ош шаарынын прокуратурасына мыйзамдуу чараларды көрүү максатында сунуштама жолдонду. |
| 3 | Ош облусуна караштуу Кара-Суу районун Д.Султанов атындагы мектеп-интернаты | М.Капарова | Директор | КР Балдар кодексинин 16-беренесинин бузулушу (баланын ар-намысын, кадыр-баркын жана жеке кол тийбестигин коргоо укуктарынын негизги кепилдиктери). | Ош облусунун Кара-Суу районунун прокуратурасына сунуштама жолдонгон. Текшерүүнүн жыйынтыгында аталган жаранга |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | дисциплинардык жаза колдонулуп, сөгүш жарыяланды. |
| 4 | Ош облусуна караштуу Кара-Суу районун Д.Султанов атындагы мектеп-интернаты | С. Закирова | Кампа башчысы | КР Балдар кодексинин 16-беренесинин бузулушу (баланын ар-намысын, кадыр-баркын жана жеке кол тийбестигин коргоо укуктарынын негизги кепилдиктери). | Ош облусунун Кара-Суу районунун прокуратурасына сунуштама жолдонгон. Текшерүүнүн жыйынтыгында аталган жаран кызмат ордунан бошотулду. |
| 5 | Кара-Суу РИИБнүн тергөө кызматы | Р.Омурзаков М.Маматкарим уулу | Тергөөчү Тергөөчү | КР ЖПКнын 13-беренесин бузуу. Жазык сот өндүрүшүндө адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо принциби. | Аныкталган мыйзам бузуулар боюнча Ош облусунун прокуратурасына күнөөлүүлөрдү дисциплинардык жоопкерчиликке тартуу сунушу менен Көңүл буруу актысы жөнөтүлдү. |
| 6 | Ысык-Көл облусунун Тоң районунун социалдык фондунун райондук башкармалыгы | Дж.Ибраева | контролдоо бөлүмүнүн башчысы | КР "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамынын 26, 30-беренелерин бузуу, | Ысык-Көл облусунун Тоң районунун социалдык фондунун райондук башкармалыгына күнөөлүүлөрдү дисциплинардык жоопкерчиликке тартуу сунушу менен Көңүл буруу актысы жолдонду. Арыз ээсинин бузулган укуктары калыбына келтирилип, 394 540 сом өндүрүлгөн. |
| 7 | | С.Такабаева | Чектөөлөр жана жарандарды кабыл алуу бөлүмүнүн башчысы | КР “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 14-беренесинин 1,4,5-пункттарын бузуу,<br>КР “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Мыйзамдын 8-беренесин бузуу. | |
| 8 | | Ж.Кубанычбекова | Адис | | |
| 9 | “Ынтымак” бала-бакчасы | Э.Ирсаилова | Директору | КР Эмгек кодексинин 83-беренесинин 5 жана 6-пункттарын бузуулар аныкталган. | Аныкталган мыйзам бузуулар боюнча мыйзам бузууларды четтетүү максатында жана |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | тиешелүү чараларды талап кылуу менен Акыйкатчынын Көңүл буруу актысы Аксуу райондук билим берүү бөлүмүнө жиберилди. |
| 10 | Ысык-Көл облусуна караштуу Ак-Суу райондук ИИБнин тергөө кызматы | К.Жеңишбеков | Тергөөчү | КР ЖПКнын 13-беренесин бузуу. Жазык сот өндүрүшүндө адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо принциби. | Аныкталган мыйзам бузуулардын четтетүү максатында Ысык-Көл облусунун прокуратурасына сунуштама киргизилди. |
| 11 | КРнын билим берүү жана илим министрлиги | А.Абдыкадырова | №10 Т.Кошматов атындагы орто мектептин директору | Эмгек кодексинин 65-бер. жана КРнын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 24-июлундагы №462 токтому менен бекитилген “Эмгек китепчелерин жүргүзүү” тартибинин талаптарын бузган. | Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө кызматынын түштүк аймактык башкармалыгына табылган мыйзам бузууларды четтетүү боюнча сунуштама жөнөтүлдү. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча бузуулар четтетилди. |
| 12 | Сузак райондук билим берүү бөлүмү | А.Нажмиддинов | №16 С.Акбаров атындагы орто мектебинин директору | КРнын “Балдар жөнүндө” кодексинин 4, 16-бер., КРнын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамынын 7-бер. талаптары бузулган. | 22.05.2023-ж №141 буйрук менен А.Нажмиддиновго “Сөгүш” тартиптик чарасы колдонулган. |
| 13 | | Ш. Якубов | орто мектептин класстан тышкары иштери боюнча уюштуруучусу | | 22.05.2023-ж №48 буйрук менен Ш.Якубов өз каалоосу менен кызматынан бошогон. |
| 14 | | П. Джолборсова | орто мектептин социалдык педагогу | | 22.05.2023-ж №48 буйрук менен П.Джолборсова өз каалоосу менен кызматынан бошогон. |
| 15 | Сузак РИИБ | А. Андашев | Тергөөчү | «КРнын жарандыгы жөнүндө» мыйзамынын 14-бер. 2-бөл., КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 137, | 19.05.2023-жылы Көңүл буруу актысы Жалал-Абад облустук прокуратурасына жолдонгон. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 519, 526-бер. талаптары сакталган эмес | Арыз ээси О.Маматова кайрылман күбөлүгүн, жолдошу паспорт алган. |
| 16 | Сузак райондук ЖААККБнүн Багыш айылдык бөлүмчөсү | А. Карбеков | Кызматкери | «КРнын жарандыгы жөнүндө» мыйзамынын 14-бер. 2-бөл., КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 137, 519, 526-бер. талаптары сакталган эмес | 19.05.2023-жылы Көңүл буруу актысы Жалал-Абад облустук прокуратурасына жолдонгон. Өкүлчүлүктүн кийлигишүүсү менен арыз ээси О.Маматова кайрылман күбөлүгүн, жолдошу паспорт алган. |
| 17 | Жалал-Абад облусунун ЖААККБ кызматынын 04-04 аймактар аралык бөлүмү | Н. Жакыпов | Башчысы | “Жарандык маселелери кароонун тартиби”, “КРнын жарандыгы жөнүндө” мыйзамдын, ченемдик актылардын талаптары толук аткарылбаган | Маселе көзөмөлгө алынып, бузулган укуктарды калыбына келтирүү боюнча мындан аркы кадамдар аныкталды, текшерүү иштери уюштурулууда. |
| 18 | Жалал-Абад облусунун ЖААККБ кызматынын 04-02 аймактар аралык бөлүмү | А. Нупуев | Башчысы | “Жарандык маселелери кароонун тартиби”, “КРнын жарандыгы жөнүндө” мыйзамдын, ченемдик актылардын талаптары толук аткарылбаган | Маселе көзөмөлгө алынып, бузулган укуктарды калыбына келтирүү боюнча мындан аркы кадамдар аныкталды. |
| 19 | Ала-Бука, Чаткал райондук сот аткаруучулар кызматы | Э.Досалиев жана башкалар | Ала-Бука, Чаткал райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн кызматкерлери | КРнын «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» мыйзамынын 12-бер. 2-бөл. жана КРнын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамынын 8-бер. 2-бөл. талаптары сакталбаган | Акыйкатчынын Көңүл буруу актысы КР Жогорку сотуна караштуу Сот департаментине жолдонгон |
| 20 | Жалал-Абад облустук көркөм сүрөт жатак-мектеби | Ч. Чотуева | Директору | КРнын “Билим берүү жөнүндө”, КРнын “Өрт коопсуздугу жөнүндө” мыйзамдарынын талаптары сакталган эмес | Көңүл буруу актысы КР Президенинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө жиберилген. |
| 21 | Чүй облусунун административдик соту | Н. Сардарбеков | Катчы | Туура эмес маалыматтарды берүү менен КР Жарандык процесстик кодексинин 128-беренеси бузулган | Кызматкерге тартиптик чара колдонуу боюнча Чүй облустук сотунун төрагасына сунуштама жөнөтүлгөн. Бул факты боюнча кызматтык иликтөө жүргүзүлүп, жыйынтыгы менен |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | Н.Сардарбековго сөгүш жарыяланган. |
| 22 | Чүй облустук төрөт үйү | Д. Арзыкулова | Дарыгери | КРнын Конституциясынын 43-бер. 3-пункт. талаптары сакталбай, жарандардын мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынын тармагын бекер пайдалануу укуктары бузулган | Мыйзам бузууларды жоюу боюнча Акыйкатчынын Көңүл буруу актысы жиберилген |
| 23 | Кант шаарынын төрөт үйү | Роза Мукаева | Директору | Кесиптик милдеттерин талаптагыдай аткарбагандыгы менен «КР саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө», «КР жарандардын саламаттыгын коргоо жөнүндө» КР мыйзамдарынын талаптары бузулган | КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-ж. 13-февралындагы №43 буйругу менен кызмат ордунан бошотулган. |
| 24 | | Сабыров Н. Э. | Директорунун орун басары | | Ысык-Ата районунун ЖДПБ 2023-жылдын 31-мартындагы №57 буйругу менен мурдагы ээлеген кызмат ордунан бошутулуп башка кызмат ордуна которулган |
| 25 | Жазаларды аткаруу кызматына караштуу Кызыл-Кыя шаарындагы №43-жабык мекемеси | Маматкулов Б.А. | Башчысынын орун басары | «КР жарандардын ден соолугун коргоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 33-беренесинин талаптары - жабык мекемелерде жарандын ден соолугун коргоо укугу бузулган | Мыйзам бузууларды жоюу боюнча Акыйкатчынын Көңүл буруу актысы менен жооптуу адамдарды дисциплинардык жоопкерчиликке тартуу сунушу жиберилген. |
| 26 | | Исмаилов А.И. | Башчысы | | Дисциплинардык жоопкерчиликке тартылган |
| 27 | Сүлүктү кары-картаңдар жана ДМЧА үчүн жалпы типтеги ССМ | Джурабаев М.<br><br>Н.Дадабаева | Мекеменин директору | КР Өкмөтүнүн 25-ноябрь 2013-жылдагы №640 "белгилүү жашаган жери жок адамдарга түнөк үйлөрүндө көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары, ошондой эле "мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө"КР мыйзамынын ченемдери бузулган | Министрликтин 22-жылдын 2023-сентябрындагы №222 буйругуна ылайык, адам ээлеген кызматынан бошотулду. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 28 | | | Башкы эсепчи | "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР мыйзамынын ченемдери бузулган | Министрликтин 2023-жылдын 22-сентябрындагы №222 буйругуна ылайык, ээлеген кызматынан бошотулду. |
| 29 | Бишкек шаарынын Ленин районунун ИИБ | Абдыракман кызы Жанат | Улук лейтенант | КР Балдар жөнүндө Кодексинин 16 - беренеси бузулган (баланын ар-намысын, кадыр-баркын, инсандын кол тийбестигин коргоо укугунун негизги кепилдиктери) | Акыйкатчыдан аныкталган тартип бузууларды четтетүү жөнүндө жооптуу адамдарды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуштама киргизилди. |
| 30 | Сот Департаменти | А.Ш. Усупбекова | Адис | "Соттук аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу" КР Мыйзамынын 12-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптары жана "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын 8-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптары сакталган эмес | Аныкталган мыйзам бузууларды жоюу максатында прокуратурага арыз жөнөтүлүп, жооптуу адамдарды тартиптик жоопкерчиликке тартуу сунушталды. |
| 31 | Бишкек шаарынын Биринчи май райондук ИИБнын тергөө бөлүмү | К. Маматжанов | Тергөөчү | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын этикасын бузуу | Жооптуу адамдарды тартиптик жоопкерчиликке тартууну сунуштап, аныкталган мыйзам бузууларды жоюу максатында прокуратурага арыз жөнөтүлдү. |
| 32<br><br>33 | Бала бакча №127 Бишкек-ш | Г. Сопубекова<br><br>К. Сапаралиева | Директору<br><br>Кызматкер | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын этикасын бузуу | Жооптуу адамдарды тартиптик жоопкерчиликке тартууну сунуштап, аныкталган мыйзам бузууларды жоюу максатында прокуратурага арыз жөнөтүлдү. |
| 34 | Чүй облусунун Сокулук районунун ИИБ | И. Абдиманапов | Тергөөчү | Тергөө жүргүзүүдө КР ЖПКнын талаптарын сактабоо. КР ЖПКнын 1, 2-бөлүгүнүн, 27-беренесинин, 1-бөлүгүнүн 167-бөлүгүнүн, ошондой эле 19-беренесинин талаптары бузулган | Чүй облустук прокуратурасына арыз жөнөтүлүп, текшерүү жүргүзүлгөндөн кийин И.Абдиманапов тартиптик жоопкерчиликке тартылган. |
| 35 | Талас шаарынын "Кадастр" | А. Абдылдаев | Башкы каттоочу | Жашы жетпегендин мүлккө болгон укуктарын бузуу, документтерди кароо тартибин сактабоо жана кыймылсыз | Аныкталган мыйзам бузуулар жөнүндө кабарлоо максатында Талас шаардык |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Мамлекеттик мекемеси | | | мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелеринин укугун каттоо жөнүндө чечим кабыл алуу | прокуратурасына сунуш жөнөтүлдү. Ошондой эле мыйзамдуулуктун жана тартиптин сакталышын камсыз кылуу үчүн белгиленген ченемдерге жана эрежелерге ылайык тиешелүү адамдарды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени кароо сунушталат. |
| 36 | Бишкек шаарынын Биринчи май райондук ИИБнын №8 бөлүмү | Мойдинов Р. Т. | Нөмөөт бөлүктүн улук инспектору | Арыздарда көрсөтүлгөн жүйөлөр боюнча жазуу жүзүндөгү түшүндүрмөлөрдү алуу үчүн келген эмес. Бул аракет "КР Акыйкатчысы жөнүндө" Мыйзамынын 12-беренесин бузуу болуп саналат. | КР ИИМинин өздүк коопсуздук кызматына сунуштама жолдонгон. Текшерүүнүн жыйынтыгы менен тийиштүү материалдар укуктук баа берүү максатында Бишкек шаарынын Биринчи май райондук прокуратурасына жөнөтүлгөн. |
| 37<br><br>38 | Жер ресурстары кызматынын "Кадастр" Мамлекеттик мекемесинин Кочкор райондук филиалы (КР Айыл чарба министрлиги) | Ж.Азаркулов<br><br>А.Зарылбек | Директору<br><br>Кызматкер | Маалымат берүүдөн баш тартуу "КР Акыйкатчысы жөнүндө" Мыйзамынын 12-бер. бузуу болуп саналат. Мамлекеттик бийликтин бардык органдары КР Акыйкатчынын текшерүү жүргүзүүсүнө жана инспекцияларына тезинен жана артыкчылыктуу тартипте жардам көрсөтүүгө милдеттүү. | Жер ресурстары кызматына текшерүү иштерин жүргүзүү жана жоопкерчиликке тартуу маселесин кароо максатында сунуш жөнөтүлдү. |
| 39<br><br>40 | КР Айыл чарба министрлигине караштуу жер ресурстары кызматы | Т.Т.Кубанычбеков<br><br>С.К.Ормушева | Директордун орун басары<br><br>Кызматкер | Маалымат берүүдөн баш тартуу "КР Акыйкатчысы жөнүндө" Мыйзамынын 12-беренесин бузуу болуп саналат. Мамлекеттик бийликтин бардык органдары КР Акыйкатчынын текшерүү жүргүзүүсүнө жана инспекцияларына тезинен жана артыкчылыктуу тартипте жардам көрсөтүүгө милдеттүү. | Жер ресурстары кызматына текшерүү иштерин жүргүзүү жана жоопкерчиликке тартуу маселесин кароо максатында сунуш жөнөтүлдү. |
| 41 | КР Адвокатурасы | З. Барузова | Адвокат | 2023-жылдын 22-февралында тергөөчүнүн чечими боюнча З.Барузова жактоочунун макулдугусуз тергөө аракеттерине катышкан, ошол учурда | 2023-жылдын 13-мартында КР Адвокатурасына З.Барузовага карата тартиптик өндүрүштү козгоо жөнүндө сунуш |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 3. Барузова МКЮЖ системасынын адвокаттарынын реестринде катталган эмес жана Аламүдүн району боюнча дежурный адвокаттын кызматын ээлеген эмес. | жөнөтүлгөн. Тилекке каршы бүгүнкү күнгө чейин сунуштама аткарылган эмес. |
| 42 | КР ЮМ караштуу №3 ЖАКтын мекемеси | Мекеменин администрациясы, №3 | | Соттолгондордун 20-га жакыны өнөр жай зонасында ылайыкташтырылбаган жана жашоого арналбаган цехтерде жашоого аргасыз болушкан. Алар өздөрүнүн эсебинен бул жайларды ыңгайлаштырууга жана жашоо шартын түзүү үчүн зарыл чараларды көрүүгө аргасыз болушкан. Соттолгондорду кармоо шарттары санитардык талаптарга жооп берген эмес. | Аныкталган укук бузуулар боюнча прокуратурага сунуштама жолдонгон. Прокуратура тарабынан мыйзам бузууларды четтетүү зарылдыгы тууралуу сунуш түрүндө прокурордук чара көрүү актысы түзүлгөн. Көрүлгөн чаралардын, анын ичинде оңдоо иштеринин натыйжасында соттолгондордун аталган мекемеде жашоо шарттары жакшыртылды. |

# Тиркеме №2

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин
2018-жылдын 25-декабрындагы N 137 буйругуна тиркеме

Форма 2. Бюджеттик каражаттардын чыгаша сметасынын аткарылышы боюнча отчет

Мекеме: 4402011101000268 Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы (Омбудсмен) Аппараты

Отчеттук мөөнөт: 31.12.2023 01.01.2024 жылдык

Өлчөө бирдиги: сом

Ведомстволук классификация: '21110'

Функционалдык классификация: 70337

| Көрсөткүчтөр | Беренелердин жана элементтердин коддору | Жылдык смета боюнча бекитилгени | Жылдык смета боюнча такталганы | Кассалык чыгымдар | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **Чыгымдар** | | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **Айлык акы** | **2111** | **44 574 400** | **72 904 000** | **66 361 359** | **66 372 757** |
| Негизги айлык | 21111100 | 0 | 0 | 25 625 528 | 25 631 413 |
| Кошумча төлөөлөр (надбавки) | 21111200 | 0 | 0 | 18 067 881 | 18 071 223 |
| Кошумча төлөмдөр жана компенсациялар | 21111300 | 0 | 0 | 22 667 950 | 22 670 121 |
| **Социалдык муктаждыктар үчүн мүчөлүк акылар жана** | **2121** | **7 119 700** | **11 261 200** | **9 044 828** | **9 044 828** |
| Пенсиялык фондго, милдеттүү медициналык камсыздоо фондуна, эмгекчилердин ден соолугун чыңдоо боюнча камсыздоо мүчөлүк акылары | 21211100 | 0 | 0 | 9 044 828 | 9 044 828 |
| **Иш сапарларга чыгымдар** | **2211** | **1 300 000** | **1 300 000** | **1 024 814** | **1 025 660** |
| Транспорттук чыгымдар | 22111100 | 0 | 0 | 94 271 | 94 867 |
| Мейманкана чыгымдары | 22111200 | 0 | 0 | 249 550 | 249 300 |
| Суткалык чыгымдар | 22111300 | 0 | 0 | 242 600 | 243 100 |
| Транспорттук чыгымдар | 22112100 | 0 | 0 | 131 423 | 131 423 |
| Мейманкана чыгымдары | 22112200 | 0 | 0 | 189 000 | 189 000 |
| Суткалык чыгымдар | 22112300 | 0 | 0 | 117 970 | 117 970 |
| **Байланыш кызматы** | **2212** | **1 200 300** | **708 300** | **707 285** | **707 068** |
| Уюлдук байланыш жана факсимилдик байланыш кызматы | 22122100 | 0 | 0 | 277 548 | 280 537 |
| Уюлдук байланыш кызматы | 22122200 | 0 | 0 | 1 787 | 1 812 |
| Почта байланышынын кызматтары | 22122400 | 0 | 0 | 203 074 | 166 898 |
| Байланыш башка кызматтары | 22122900 | 0 | 0 | 224 876 | 257 821 |
| **Ижарага алуу** | **2213** | **0** | **59 000** | **23 200** | **23 200** |
| Имараттарды жана жайларды ижарага алуу | 22131100 | 0 | 0 | 23 200 | 23 200 |
| **Транспорттук кызматтар** | **2214** | **1 300 000** | **911 500** | **693 120** | **627 598** |
| Бензиль дизель жана башка майлар (запастар) | 22141100 | 0 | 0 | 553 994 | 506 819 |
| Запастык бөлүктөрдү сатып алуу | 22141200 | 0 | 0 | 42 000 | 42 071 |
| Транспорттук каражаттарды тейлөө (кызматтар) | 22141300 | 0 | 0 | 95 936 | 77 518 |
| Башка транспорттук кызматтар | 22141900 | 0 | 0 | 1 190 | 1 190 |
| **Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу** | **2215** | **995 700** | **1 114 900** | **751 441** | **736 221** |
| Маалыматтык технологиялар чөйрөсүндөгү кызматтар | 22151400 | 0 | 0 | 42 783 | 48 230 |
| Имараттарды жана жайларды күтүү үчүн санитардык кызматтарды сатып алуу | 22152100 | 0 | 0 | 51 944 | 75 247 |
| Мамлекеттик кызматчыларды окутууга сарптоо | 22153100 | 0 | 0 | 22 000 | 22 000 |
| Башка чыгымдар | 22154100 | 0 | 0 | 26 275 | 26 275 |
| Бланктарды, медалдарды, төш белгилерди даярдоо үчүн | 22154200 | 0 | 0 | 235 480 | 180 610 |
| Маалыматтык-коммуникациялык көрсөтүү үчүн төлөө | 22154300 | 0 | 0 | 180 967 | 180 967 |
| Башка кызматтарга төлөө менен байланышкан башка чыгымдар (запастар) | 22154900 | 0 | 0 | 191 992 | 202 892 |
| **Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоолор үчүн чыгымдар (кызматтар)** | **2221** | **2 300 000** | **1 492 000** | **1 492 000** | **151 143** |
| Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоолор үчүн | 22211100 | 0 | 0 | 1 492 000 | 151 143 |
| **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуулар (запастар)** | **2222** | **600 000** | **600 000** | **541 742** | **470 316** |
| Жабдууларды жана материалдарды сатып алуулар | 22221100 | 0 | 0 | 219 080 | 74 617 |
| Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана | 22221200 | 0 | 0 | 322 662 | 395 699 |
| **Коммуналдык кызматтар** | **2231** | **766 400** | **767 400** | **706 756** | **596 708** |
| Суу үчүн төлөө | 22311100 | 0 | 0 | 10 200 | 9 268 |
| Электр энергиясына төлөм | 22311200 | 0 | 0 | 325 302 | 269 123 |
| Жылуулук энергиясына төлөм | 22311300 | 0 | 0 | 371 254 | 318 317 |
| **Эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар** | **2621** | **200 000** | **140 000** | **32 936** | **32 936** |
| Эл аралык уюмдарга мүчөлүк акылар | 26211100 | 0 | 0 | 32 936 | 32 936 |
| **Сот чечимдерин аткаруу** | **2823** | **0** | **160 100** | **160 039** | **160 039** |
| Сот чечимдерин аткаруу | 28231100 | 0 | 0 | 160 039 | 160 039 |
| **Учурдагы чыгымдардын жыйынтыгы** | | **60 356 500** | **91 418 400** | **81 539 520** | **79 948 474** |
| **Активдер жана милденттемелер боюнча чыгымдардын** | | **0** | **0** | **0** | **0** |
| Машиналар жана жабдуулар | 3112 | 956 200 | 1 968 500 | 1 962 490 | 0 |
| **Сатып алуу** | **3112** | **956 200** | **1 968 500** | **1 962 490** | **0** |
| **Сатуу** | **3112** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| Эмерек сатып алуу | 31123210 | 0 | 0 | 1 153 700 | 0 |
| Компьютердик жабдууларды сатып алуу | 31123230 | 0 | 0 | 783 790 | 0 |
| Башка эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу | 31123290 | 0 | 0 | 25 000 | 0 |
| **Финансылык эмес активдердин бардыгы** | | **956 200** | **1 968 500** | **1 962 490** | **0** |
| **Сатып алуу** | | **956 200** | **1 968 500** | **1 962 490** | **0** |
| **Сатуу** | | | **0** | **0** | **0** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жалпы чыгымдар** | | | **61 312 700** | **93 386 900** | **83 502 010** | **79 948 474** |

Жетекчи:

Башкы эсепчи:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин
2018-жылдын 25-декабрындагы N 137 буйругуна тиркеме

Форма 4. Атайын каражаттардын чыгаша сметасынын аткарылышы боюнча отчет

Мекеме: 4402011103000286 Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппараты

Отчеттук мөөнөт: 31.12.2023 01.01.2024-жылдык

Өлчөө бирдиги: сом

Ведомстволук классификация: '21110'

Функционалдык классификация: 70337

| Көрсөткүчтөр | Беренелердин жана элементтердин коддору | Жылдык смета боюнча бекитилгени | Жылдык смета боюнча такталганы | Аткарылды | | | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Бардык кассалык чыгымдар | анын ичинен | | |
| | | | | | казыналык аркылуу | касса аркылуу | |
| | | | | | | | |
| **Каражаттардын жылдын башына калдыктар** | | **0** | **1 732 500** | **1 732 500** | **1 732 500** | **0** | **1 732 501** |
| Үзгүлтүксүз жардам | 14411100 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Бюджеттин кирешесине түштү** | | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **Башка чегерүүлөр** | | **0** | **0** | **506 130** | **506 130** | **0** | **506 130** |
| **Бардык кирешелер** | | | | **-506 130** | **-506 130** | | **-506 130** |
| **Чыгымдар** | | | | | | | |
| **Иш сапарларга чыгымдар** | **2211** | **0** | **387 800** | **144 800** | **144 800** | **0** | **144 800** |
| Транспортные расходы | 22111100 | 0 | 0 | 31 600 | 31 600 | 0 | 31 600 |
| Гостиничные расходы | 22111200 | 0 | 0 | 81 700 | 81 700 | 0 | 81 700 |
| Суточные расходы | 22111300 | 0 | 0 | 31 500 | 31 500 | 0 | 31 500 |
| **Уюлдук байланыш кызматы** | **2212** | **0** | **20 600** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| **Транспорттук кызматтар** | **2214** | **0** | **90 800** | **50 000** | **50 000** | **0** | **50 000** |
| **Бензин,дизель жана башка отун** | **22141100** | **0** | **0** | **50 000** | **50 000** | **0** | **50 000** |
| **Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу** | **2215** | **0** | **795 600** | **645 390** | **645 390** | **0** | **618 390** |
| Башка кызматтарды төлөөгө байланышкан башка чыгымдар | 22154900 | 0 | 0 | 645 390 | 645 390 | 0 | 618 390 |
| **Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоолор үчүн чыгымдар (кызматтар)** | **2221** | **0** | **181 500** | **181 500** | **181 500** | **0** | **181 500** |
| Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоолор үчүн чыгымдар (кызматтар) | 22211100 | 0 | 0 | 181 500 | 181 500 | 0 | 181 500 |
| **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуулар** | **2222** | **0** | **50 000** | **24 680** | **24 680** | **0** | **62 961** |
| **Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуулар** | **22221200** | **0** | **0** | **24 680** | **24 680** | **0** | **62 961** |
| **Жалпы чыгымдар** | | **0** | **1 526 300** | **1 046 370** | **1 046 370** | **0** | **1 057 651** |
| **Активдер жана милдеттемелер боюнча операциялар** | | | | | | | |
| **Машиналар жана жабдуулар** | **3112** | **0** | **206 200** | **180 000** | **180 000** | **0** | **168 719** |
| **Сатып алуу** | **3113** | **0** | **0** | **180 000** | **180 000** | **0** | **0** |
| **Сатуу** | **3112** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** | **0** |
| Компьютердик жабдууларды сатып алуу | 31123230 | 0 | 0 | 180 000 | 180 000 | 0 | 0 |
| **Жалпы каржылык эмес активдер** | | **0** | **206 200** | **180 000** | **180 000** | 0 | 0 |
| **Сатып алуу** | | **0** | **0** | **180 000** | **180 000** | 0 | 0 |
| **Сатуу** | | **0** | **0** | **0** | **0** | 0 | 0 |
| **Жалпы чыгымдар** | | **0** | **1 732 500** | **1 226 370** | **1 226 370** | 0 | **1 732 500** |
| **Каражаттардын жылдын аягына калдыктар** | | **0** | **0** | **1** | **1** | **0** | **0** |

Жетекчи:

Башкы эсепчи:

**Акыйкатчынын борбордук аппараты:**
Бишкек ш, Тыныстанов көч., 120
тел. +996-(312)-66-32-80 (канцелярия)
факс +996-(312)-66-33-32
сайт www.ombudsman.kg,
Электорндук дарек: ombudsman@inbox.ru

**115 «шыр байланыш» кызматы:**
КР Акыйкатчысына (Омбудсменине) УКЖ, ТИЗО,
балдар үйлөрү,
психиатриялык мекемелер жана тарбиялоо
колониялары, карылар үйү,
балдар үчүн атайын мектептер жана жалпы эле
аймактардан стационардык жана
уюлдук телефондордон акысыз чалуу үчүн
**Тел.115**

**Аймактык өкүлчүлүктөрү:**
**Баткен обл.:** Баткен ш., Т.Садыков көч., 1
тел. 0-(3622)-5-06-02

**Жалал-Абад обл.:** Жалал-Абад ш., Эркиндик көч., 11
тел.: 0-(3722)-2-38-94, 5-08-10

**Ысык-Көл обл.:** Каракол ш., Абдрахманов көч., 105/11
тел. 0-(3922)-5-05-64

**Нарын обл.:** Нарын ш., Ленин көч., 78
тел. 0-(3522)-5-09-94

**Ош ш. жана Ош обл.:** Ош.ш Курманжан Датка көч., 126
тел.: 0-(3233)-4-82-54, 4-82-55, 4-82-56, 4-80-01

**Талас обл.:** Талас ш., Бердике Баатыр көч., 287
тел. 0-(312)-62-15-95